$$\begin{aligned} Q_2 = {} & -2M_1^{-2}(2\left(h_0P_2D_0 + h_1D_1\right)\left(h_0\rho_0 + h_1\rho_1\right) + \\ & + \left(P_2 - 1\right)\left(h_0\rho_0\left(h_0 + h_1\right) - (h_0^2D_0\rho_0 + h_1^2D_1\rho_1)\right)); \end{aligned}$$

$$Q_3 = 4(P_2 - 1)(h_0^2P_2D_0 + h_1^2D_1 + h_1^2D_1 + 2h_0h_1P_2D_0);$$

$$
\begin{aligned}
Q_4 = & -\frac{1}{6} M_1^{-2} (h_0^{\,2} \rho_0 M_0^{-1} (3h_1^{\,2} \rho_1^2 + h_0 \rho_0 (h_0 \rho_0 + 4h_1 \rho_1))(2 - D_0) + \\
& + h_1^2 \rho_1 M_1^{-1} (3h_0^2 \rho_0^2 + h_1 \rho_1 (h_1 \rho_1 + 4h_0 \rho_0))(2 - D_1)); \\
Q_5 = & -\frac{1}{6} M_1^{-2} (h_0^{\,2} P_2 \rho_0^2 M_0^{-2} (2P_2 (4D_0 (1 - D_0) + (P_2 - 1)(4 + D_0^2)) - \\
& - h_1^4 \rho_1^2 M_1^{-2} (2(4D_1^2 - 4D_1 - 1) - (P_2 - 1) D_1 (2 - D_1)) + \\
& + 6h_0^2 h_1^2 (\rho_0 \rho_1 M_0^{-1} M_1^{-1} (4(P_2^2 D_0 + D_1) + (P_2 - 1)(2P_2 (1 - D_0) - P_2 D_1 (2 - D_0) \\
& + D_1 (1 + D_0))) + + M_1^{-1} (\rho_0^2 + \rho_1^2)) + \\
& + 2P_2 h_0 h_1 (2\rho_0 \rho_1 M_0^{-1} M_1^{-1})(h_0^{\,2} (2 + 4D_0 - D_0^2) + h_1^2 (2P_2 - P_2 D_1 + 5D_1 - D_1^2)) + \\
& + h_0^2 h_1^2 M_0^{-2} ((P_2 - 1)(4 - 3D_0) + 2D_1 (4 - D_0)) + 2h_1^2 \rho_1^2 M_1^{-2} D_0 (4 - D_1)); \\
Q_6 = & \frac{1}{3} M_1^{-2} (h_0^{\,2} P_2 \rho_0 M_0^{-1} (2P_2 ((P_2 - 1)(2 + 9D_0 - 3D_0^2)) - 2D_0 (1 - 3P_2 + 4D_0)) + \\
& + h_1^4 \rho_1 M_1^{-1} (4D_1 (1 - 2D_1) - 4D_1 + (P_2 - 1) D_1 (3 - D_1)) + \\
& + 3h_0^2 h_1^2 ((4P_2 D_0 (P_2 (1 - D_1) - D_1) - (P_2 - 1)(2(P_2 - 1) D_1 (1 - D_0) - \\
& + P_2 (2 - D_0 - 2D_0 D_1))) \rho_0 M_0^{-1} + (4D_1 (1 + D_0 + P_2 D_0) - (P_2 - 1)(6D_0 D_1 (P_2 - 1) - \\
& - 6P_2 D_0 + D_1)) \rho_1 M_1^{-1}) - 2h_0 h_1 P_2 (\rho_0 M_0^{-1} (2h_0^{\,2} ((P_2 - 1)(D_0^2 - 2D_0 - 1) - \\
& - 2D_1 (1 + D_0)) - h_1^2 (2(P_2 - 1) + D_1 (P_2 + 3)))) - \\
& - 4\rho_1 M_1^{-1} (h_0^{\,2} + h_1^{\,2})(2(P_2 - 1)(1 - D_1) + P_2 D_1 + (1 + D_1)))))); \\
Q_7 = & \frac{2}{3} (h_0^4 P_2 D_0 (4D_0 - 5(P_2 - 1) + h_1^4 D_1 (4D_1 - (P_2 - 1)) - \\
& + 3h_0^2 h_1^2 (8P_2 D_0 D_1 - (P_2 - 1)((2(P_2 + 1) D_0 D_1 - 3P_2 D_0 - D_1 (1 - D_1))) - \\
& - 4h_0 h_1 P_2 D_0 (h_0^{\,2} (P_2 - 1) + 2D_1) + h_1^2 (2(P_2 - 1) + (P_2 + 1) D_0))); 
\end{aligned} \tag{4}
$$

и

$$
\begin{aligned}
F_1(x,y,t) = & M_1^{-2} \frac{\partial^2}{\partial t^2} ((h_0 \rho_0 + h_1 \rho_1)(f_z^{(0)} - f_z^{(1)})) + \\
& + (h_0 + h_1)(h_1 \rho_1 (\frac{\partial^2 f_{xz}^{(0)}}{\partial x^2} + \frac{\partial^2 f_{yz}^{(0)}}{\partial y^2}) + h_0 \rho_0 (\frac{\partial^2 f_{xz}^{(1)}}{\partial x^2} + \frac{\partial^2 f_{yz}^{(1)}}{\partial y^2})) + \\
& + (h_0^2 D_0 \rho_0 + h_1^2 D_1 \rho_1)((\frac{\partial^2 f_{xz}^{(0)}}{\partial x^2} + \frac{\partial^2 f_{yz}^{(0)}}{\partial y^2}) - (\frac{\partial^2 f_{xz}^{(1)}}{\partial x^2} + \frac{\partial^2 f_{yz}^{(1)}}{\partial y^2})) - \\
& - 2\Delta (2M_1^{-2} ((h_0 P_2 D_0 + h_1 D_1)(M_0 f_z^{(0)} - M_1 f_z^{(1)})) + \\
& + 2P_2 h_0 h_1)(D_0 M_0^{-1} (\frac{\partial^2 f_{xz}^{(0)}}{\partial x^2} + \frac{\partial^2 f_{yz}^{(0)}}{\partial y^2}) + D_1 M_1^{-1} (\frac{\partial^2 f_{xz}^{(1)}}{\partial x^2} + \frac{\partial^2 f_{yz}^{(1)}}{\partial y^2})) + \\
& + M_1^{-1} (h_0^2 P_2 D_0 + h_1^2 D_1)(\frac{\partial^2 f_{xz}^{(0)}}{\partial x^2} + \frac{\partial^2 f_{yz}^{(0)}}{\partial y^2}) + (\frac{\partial^2 f_{xz}^{(1)}}{\partial x^2} + \frac{\partial^2 f_{yz}^{(1)}}{\partial y^2})).
\end{aligned} \tag{5}
$$

Если пластинка однородна, а $W$– поперечное смещение точек “серединной” поверхности – плоскости пластинки, то в этом случае выполняются зависимости

$$N_0 = N_1;\ M_0 = M_1;\ P_2 = 1;\ h_0 = h_1;\ C_0 = C_1;\ D_0 = D_1.$$

и уравнение (3) переходит в уравнение

$$\begin{aligned}&((1-C_0)^2\lambda_{10}^{(1)} + (1+C_0)^2\Delta)((\lambda_{20}^{(1)}+\Delta)+\\&+\frac{h_0^2}{6}((3D_0(\lambda_{20}^{(1)}+\Delta)^2) + 4D_0\lambda_{20}^{(1)}\Delta) + 4\lambda_{10}^{(1)}(\lambda_{20}^{(1)}+\Delta)))(W) =\\&=\frac{1}{h_0}(M_0^{-2}\frac{\partial^2}{\partial t^2}((f_z) + h_0(\frac{\partial^2 f_{xz}^{(0)}}{\partial x^2} + \frac{\partial^2 f_{yz}^{(0)}}{\partial y^2}))-\\&-4D_0M_0^{-1}\Delta((f_z) + h_0\frac{\partial^2 f_{xz}^{(1)}}{\partial x^2} + \frac{\partial^2 f_{yz}^{(1)}}{\partial y^2})))\end{aligned} \tag{6}$$

где слева находится произведение двух операторов: первый описывает процесс продольного колебания, а второй – поперечного колебания.

Аналогично вводится приближенное уравнение из общего уравнения (1) получим для $\left(\frac{\partial U_1}{\partial y} - \frac{\partial V_1}{\partial x}\right)$

$$\begin{aligned}&(G_1\frac{\partial}{\partial t^2} + G_2\Delta + G_3\frac{\partial^4}{\partial t^4} + G_4\Delta\frac{\partial^2}{\partial t^2} + G_5\Delta^2 + G_6\frac{\partial^6}{\partial t^6}+\\&+G_7\Delta + G_8\Delta^2 + G_9\Delta^3)(\frac{\partial U_1}{\partial y} - \frac{\partial V_1}{\partial x}) = F_2(x,y,t),\end{aligned} \tag{7}$$

где операторы $G_j$ и $F_2(x,y,t)$ равны:

$$\begin{aligned}&G_1 = M_1^{-1}(h_0\rho_0 + h_1\rho_1)\ ;\\&G_2 = -(h_0P_2 + h_1)\ ;\\&G_3 = \frac{1}{6}M_1^{-2}(h_0^2(h_0\rho_0 + 3h_1\rho_1)\rho_0M_0^{-1} + h_1^2(h_1\rho_1 + 3h_0\rho_0)\rho_1M_1^{-1});\\&G_4 = -\frac{1}{6}(h_0^2(2P_2h_0\rho_0M_0^{-1} + 3h_1(\rho_0M_0^{-1} + \rho_1M_1^{-1}))+\\&\quad + h_1^2(2h_1\rho_1M_1^{-1} + 3P_2h_0(\rho_0M_0^{-1} + \rho_1M_1^{-1})));\\&G_5 = \frac{1}{6}M_1^{-2}(h_0^2(P_2h_0 + 3h_1) + h_1^2(h_1 + 3P_2h_0));\\&G_6 = \frac{1}{120}(h_0^5P_2\rho_0^2M_0^{-2}(10\rho_1M_1^{-1} + \rho_0M_0^{-1}) + h_1^5\rho_1M_1^{-1}(10\rho_0M_0^{-1} + \rho_1M_1^{-1})+\\&\quad + 5h_0h_1\rho_0\rho_1M_0^{-1}M_1^{-1}(h_0^3\rho_0M_0^{-1}(3-3D_0-D_0^2) - h_1^3P_2\rho_1M_1^{-1}(3-3D_1-D_1^2)));\end{aligned} \tag{8}$$

$$G_7 = \frac{1}{120}(-13(h_0^5 P_2 \rho_0^2 M_0^{-2} + h_1^5 \rho_1^2 M_1^{-2}) + 20(h_0^5 P_2 + h_1^5)\rho_0 \rho_1 M_0^{-1} M_1^{-1} -$$
$$- 5h_0 h_1 (h_0^3 \rho_0 M_0^{-1}((3 - 3D_0 - D_0^2)\rho_0 M_0^{-1} - (D_0 - 4)\rho_1 M_1^{-1}) +$$
$$+ h_1^3 P_2 \rho_1 M_1^{-1}((3 - 3D_1 - D_1^2)\rho_1 M_1^{-1} - (D_0 - 4)\rho_1 M_1^{-1} \rho_0 M_0^{-1})));$$

$$G_8 = \frac{1}{120}(23(h_0^5 P_2 \rho_0^2 M_0^{-1} + h_1^5 \rho_1^2 M_1^{-2}) + 10(h_0^5 P_2 \rho_1 M_1^{-1} + h_1^5 \rho_0 M_0^{-1}) +$$
$$+ 5h_0 h_1 (h_0^3 (\rho_1 M_1^{-1} - (D_0 - 4)\rho_0 M_0^{-1}) + h_1^4 (\rho_0 M_0^{-1} - (D_1 - 4)\rho_1 M_1^{-1})));$$

$$G_9 = \frac{1}{120}(-24(h_0^5 P_2 \rho_0^2 M_0^{-2} + h_1^5 \rho_1^2 M_1^{-2}) + 6(h_0^5 P_2 + h_1^5)\rho_0 \rho_1 M_0^{-1} M_1^{-1} -$$
$$- 6h_0 h_1 (h_0^3 \rho_0 M_0^{-1}((1 - 3D_0 - D_0^2)\rho_0 M_0^{-1} - (D_0 - 2)\rho_1 M_1^{-1}) +$$
$$+ h_1^3 P_2 \rho_1 M_1^{-1}((3 - D_1 - D_1^2)\rho_1 M_1^{-1} - (D_0 - 2)\rho_1 M_1^{-1} \rho_0 M_0^{-1})));$$

и

$$F_2(x,y,t) = P_2(N_0^{-1}(\frac{\partial^2 f_{xz}^{(0)}}{\partial x^2} - \frac{\partial^2 f_{yz}^{(0)}}{\partial y^2}) + N_1^{-1}(\frac{\partial^2 f_{xz}^{(1)}}{\partial x^2} - \frac{\partial^2 f_{yz}^{(1)}}{\partial y^2})) +$$
$$+ \frac{1}{2}(P_2 h_1^2 \rho_1 M_1^{-1}(N_0^{-1} \frac{\partial^2 f_{xz}^{(0)}}{\partial x^2} - \frac{\partial^2 f_{yz}^{(0)}}{\partial y^2}) -$$
$$- h_0^2 \rho_0 M_0^{-1}(N_1^{-1} \frac{\partial^2 f_{xz}^{(1)}}{\partial x^2} - \frac{\partial^2 f_{yz}^{(1)}}{\partial y^2}))\frac{\partial^2}{\partial t^2} -$$
$$- \frac{1}{2}(P_2 h_1^2 (N_0^{-1} \frac{\partial^2 f_{xz}^{(0)}}{\partial x^2} - \frac{\partial^2 f_{yz}^{(0)}}{\partial y^2}) -$$
$$- h_0^2 (N_1^{-1} \frac{\partial^2 f_{xz}^{(1)}}{\partial x^2} - \frac{\partial^2 f_{yz}^{(1)}}{\partial y^2}))\frac{\partial^2}{\partial x^2}.$$

Приближенное уравнение (3) упрощается в частных случаях при решении конкретных задач колебаний. Например, операторы (4) значительно упрощается, когда коэффициенты Пуассона обеих составляющих постоянны или когда толщины обеих составляющих равны, и так далее.

Например, если $h_0 = h_1$ и $\nu_0 = \nu_1$, то операторы $Q_j$ в (8) имеют вид:

$$Q_1 = M_1^{-2} h_0^2 (\rho_0 + \rho_1)^2;$$
$$Q_2 = -2M_1^{-2} h_0^2 (2D_0 (P_2 + 1)(\rho_0 + \rho_1) + (P_2 + 1)(2\rho_0 - D_0(\rho_0 - \rho_1)));$$
$$Q_3 = 4(P_2 - 1) h_0^2 D_0 (3P_2 + 1);$$
$$Q_4 = -\frac{1}{6} M_1^{-2} h_0^4 (2 - D_0)(\rho_0 M_0^{-1}(3\rho_1^2 + \rho_0(\rho_0 + 4\rho_1)) + \qquad (9)$$
$$+ \rho_1 M_1^{-1}(3\rho_0^2 + \rho_1(\rho_1 + 4\rho_0)));$$

$$Q_5 = -\frac{1}{6}h_0^4(P_2\rho_0^2M_0^{-2}(4D_0(4-D_0)+P_2(8D_0(1-D_0)+5)+$$
$$+(P_2-1)(12-6D_0+D_0^2))+2\rho_0\rho_1M_0^{-1}M_1^{-1}(2(6D_0+P_2^2(2+5D_0)+$$
$$+P_2(2+9D_0-D_0^2))+(P_2-1)P_2(2-3D_0+D_0^2)+D_0(1+D_0))+$$
$$+\rho_1^2M_1^{-2}(8(1+D_0-D_0^2)+4P_2D_0(4-D_0)+(P_2-1)D_0(2-D_0)));$$

$$Q_6 = \frac{1}{3}h_0^2(\rho_0M_0^{-1}(4P_2D_0(2+5P_2-3D_0(P_2-1))+(P_2-1)(P_2(20-8D_0-13D_0^2)+$$
$$+6D_0(1-D_0)))+\rho_1M_1^{-1}D_0(4(4+D_0)+4P_2(4+2P_2+5D_0)+$$
$$+17(P_2-1)(D_0+2P_2(1-D_0))));$$

$$Q_7 = \frac{4}{3}h_0^4D_0(D_0(4-15P_2-5P_0^2)+(P_2-1)(1-13P_2));$$

Оператор шестого порядка в уравнении (3) также можно представить в виде произведения операторов второго и четвертого порядка, если пластинка упруга и коэффициенты $Q_j$ связаны зависимостью

$$Q_2 \cdot Q_4 \cdot Q_7 = Q_1 \cdot Q_5 \cdot Q_7 + Q_3 \cdot Q_4 \cdot Q_6 .$$

Для двухслойной упругой пластинки при заданных параметрах ее составляющих соотношение (9) дает алгебраическое уравнение 10-го порядка относительно отношения $h_2/h_1$, при этом оператор шестого порядка в (3) можно представить в виде произведения двух операторов более низкого порядка

$$\left(A_1\frac{\partial^2}{\partial t^2}+A_2\frac{\partial^2}{\partial x^2}\right)\cdot\left(A_3\frac{\partial^2}{\partial t^2}+A_4\frac{\partial^2}{\partial x^2}+A_5\frac{\partial^4}{\partial t^4}+A_1\frac{\partial^4}{\partial x^4}\right)(W)=0,$$

если коэффициенты $Q_j$ и $A_3$ связаны зависимостями

$$Q_1 = A_1A_2; \quad Q_2 = A_1A_4 + A_2A_3; \quad Q_3 = A_2A_4;$$
$$Q_4 = A_1A_5; \quad Q_5 = A_2A_5; \quad Q_6 = A_1A_6; \quad Q_7 = A_2A_6;$$

Несмотря на то, что уравнение (3) является приближенным, оно достаточно сложно. В операторах (4) содержатся все параметры и операторы, характеризующие как механические и реологические свойства материала кусочно-однородной пластинки, так и ее геометрические размеры.

## Выводы

1. Исследование колебаний кусочно-однородных пластин в точной трехмерной постановке позволяет без привлечения каких-либо гипотез выводить общее и основанные на них приближенные уравнения колебания таких пластин.
2. Показано, что простейшим приближенным уравнением колебания двухслойной пластинки является уравнение шестого порядка по производным, описывающим ее продольно-поперечное колебание.

3. Для упругой двухслойной пластинки оператор шестого порядка распадается на произведение операторов второго – продольное и четвертого – поперечное колебание, если толщины составляющих пластинки удовлетворяют выведенному уравнению, содержащему параметры этих составляющих.
4. Получены формулы для определения перемещений и напряжений через искомых функций в любой точке двухслойной пластинки.

## Литература

1. *Ляв А.* Математическая теория упругости. М.-Л.: ОНТИ, 1935. 630 с.
2. *Филиппов И.Г., Егорычев О.А.* Волновые процессы в линейных вязкоупругих средах. М.: Машиностроение, 1983. 272 с.
3. *Sh. Khudainazarov, B. Donayev, T. Sabirjanov, J. Qosimov.*

Dynamics of high-rise structures taking into account the viscoelastic properties of the material. E3S Web Conf. Volume 304, 2021. 2nd International Conference on Energetics, Civil and Agricultural Engineering (ICECAE 2021). https://www.e3sconferences.org/articles/e3sconf/abs/2021/80/e3sconf_icecae21_02004/e3sconf_icecae21_02004.html

4. *Sh. Khudainazarov, A. Ishmatov, T. Sabirjanov.* Assessment of Dynamic Characteristics of High-Rise Structures Taking into Account Dissipative Properties of the Material. Journal of Physics Modelling and Methods of Structural Analysis IOP Conf. Series: Journal of Physics: Conf. Series 1425 (2020) 012009 doi:10.1088/1742-6596/1425/1/012009

5. *M. Mirsaidov, R. Abdikarimov, Sh. Khudainazarov, T. Sabirjanov.* Damping of high-rise structure vibrations with viscoelastic dynamic dampers. Topical Problems of Agriculture, Civil and Environmental Engineering (TPACEE 2020). VOLUME 224, E3S WEB CONF., 224(2020) 02020, https://doi.org/10.1051/e3sconf/202022402020

**ТАРЫХ ИСТОРИЯ STORY**

УДК 94 (575.2) (04)

**Турдумамбетов Акылбек Шайымкадырович,**
*Эл аралык Кувейт университетинин*
*Эл аралык мамилелер жана юриспуденция*
*кафедрасынын доценти*
**Турдумамбетов Акылбек Шайымкадырович,**
*Доцент кафедры международных*
*отношений и юриспруденции*
*Международного Кувейтского университета*
**Turdumambetov Akylbek Shayimkadyrovich,**
*associate professor,*
*Departament of the international relation,*
*International Kuwait University*

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕРИ

**Аннотация.** Илимий макала «Манас» эпосу боюнча кыргыз элинин коңшу элдер менен болгон эл аралык мамилелеринин чагылдырылышынын изилдөө проблемаларына арналат. Кыргыздардын коңшу элдер менен алака мамилелеринин «Манас» эпосунда кеңири баяндалышы, азыркы учурда бир гана окумуштуулардын эмес, саясатчы жана коомдук ишмерлердин да терең кызыгуусун жаратууда. Манас эпосунда кыргыздардын маданий жана саясий абалы кеңири чагылдырылып, азыркы мезгилге окумуштуулардын арасында кызыгууну жаратып келет.

**Негизги сөздөр:** «Манас» эпосу, коңшу элдер, эл аралык мамилелер.

# ИСТОРИЯ МЕЖДУНАРОДНЫХ ОТНОШЕНИЙ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА ПО ЭПОСУ «МАНАС»

**Аннотация.** Научная статья посвящена проблемам изучения в эпосе «Манас» отражения международных отношений кыргызского народа с соседними народами. Автором отмечается, что такие отношения кыргызов с живущими по соседству народами подробно описаны в эпосе «Манас», которые в настоящее время вызывают несомненный интерес не только среди ученых, но и политиков и общественных деятелей.

**Ключевые слова:** Эпос «Манас», соседние народы, международные отношения.

# FROM THE HISTORY OF INTERNATIONAL RELATIONS OF THE KYRGYZ PEOPLE ACCORDING TO THE EPOS «MANAS»

**Abstract.** The scientific paper is devoted to the problems of studying in the epic «Manas» reflection of the international relations of the Kyrgyz people with neighboring peoples. The author notes that such relations of the Kyrgyz people with neighboring peoples are described in detail in the epic «Manas», which currently arouse undoubted interest not only among scientists, but also politicians and public figures.

**Keywords:** Epic of «Manas», neighboring peoples, international relations.

Борбордук Азиядагы эң байыркы элдерден болгон кыргыздар көп кылымдык доорун камтыган тарыхында өзүнө тиешелүү өзгөчө маданиятын алып өтүп, жогорку цивилизациялар менен узак мезгил бою аралашуусунун натыйжасында бай маданий мурастарды камтыган, байыркы маданияты бар элдердин катарын толуктай алды. Маданият жөнүндө сөз кылганда сөзсүз түрдө өзүбүздүн түгөнбөс кенч болгон рухий дөөлөттөрүбүздү айтабыз. Борбордук Азия цивилизацияларынын жетишкендиктерин камтыган жана дүйнөлүк маанидеги элдик, баатырдык «Манас» эпосу кыргыздардын бөтөн элдер менен болгон эл аралык мамилелеринин чагылдырылышы тууралуу маалыматтар гуманитардык илимдердин мейкининде зор кызыгууну пайда кылып келе жатат.

Алсак, эл аралык мамилелер жана дипломатиялык байланыштар кыргыз элинде байыркы мезгилден бери болуп келгени маалым. Өткөн тарыхыбызга талдоо жүргүзсөк, элчилик иштер ченелүү болгону менен анын түпкү тамыры «Манас» эпосунда да кездешет. Аталган ойду «Манас» изилдөөчүлөрдүн сап башында турган казак илимпозу Ч. Валиханов терең баамдап, бул чексиз чоң эпопеяда кыргыздардын турмушу, салты, географиясы, диний жана медициналык түшүнүгү менен катар эле эл аралык мамилеси, дипломатиялык иши да орун алганын жазган. Мындай байланыштар «Манас» эпосунун баардык окуяларында кыргыздардын коңшу элдерге карата урматтоо мамилеси, өз ара карым-катнашын күчөтүү аракети чагылдырылган. [3]

Кандай гана мамлекет болбосун өлкөнү дипломатиялык иштери жок элестетүүгө болбой турганын жана өнүгүү аракеттерин эл аралык мамилелеринин жолго коюлбаганы анын келечекке карай умтулуусу өз алдынча, көз карандысыз жашоо шартында да өлкө катары жашашы туңгуюкка кептейт эмеспи.

Дипломатия көз карандысыз мамлекеттин негизги атрибуту болуп саналат. Эл аралык мамилелердин көп кылымдарды камтыган тарыхында элчилик иштердин ереже-салттары иштелип чыгып, колдонулуп келген.

Эл аралык мамилелер ошол ережелерди кармануу менен атайын элчилердин жардамы менен ишке ашырылып турган. Ережелерден четтөө же баш тартуу дипломатиялык чыр-чатактарды жаратуу менен олуттуу саясий кесепеттерге алып келиши менен коштолгону маалым.

Элдик «Манас» эпосу аркылуу да өзгөчө мааниге ээ болгон кыргыз элинин эл аралык мамилелеринин тарыхын окуп үйрөнүүдө кеңири бай маалымат алууга болот. Тагыраак айтканда, кыргыз элине сырттан кол салган жоолордон сактануу, элдин башын кошууга, элдин боштондугу менен жыргалчылыгы, адилеттүүлүгү, достук менен эл аралык шериктештик идеяларын карап чыгууда «Манас» эпосу баа жеткис маданий эстеликтердин катарын толуктай алат.

«Манас» дастанында кыргыз элинин байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин коңшу жашаган түрк тилдүү элдердин жана эзелки учурда жоолашып келген кытай менен калмак, моңгол урууларынын жашоосун чагылдырып, кыргыздардын ички иштери сыяктуу эле эл аралык мамилелеринин абалы да болуп көрбөгөндөй даңазаланат.

Кыргыз элинин дипломатиялык иштерининин тарыхын изилдөө окумуштуулар тарабынан дээрлик «Манас» эпосунун негизинде иликтөөгө алынган эмес десек жаңылышпайбыз. Бирок, XIX кылымдын биринчи жарымында этнографиялык жактан кыргыздарды изилдөөдө орус аскердик-дипломатиялык миссиясынын катышуучусу дарыгер Зибберштейндин жазмалары, ошондой эле Тянь-Шанда биринчи болушкан окумуштуу-саякатчылар П.П. Семенов-Тянь-Шанский жана Чокон Валиханов тарабынан чогултулган кыргыздар жөнүндөгү баалуу маалыматтар кызыгууну жаратуу менен кыргыз элинин коңшу элдер менен болгон байланыштары иликтөөбүзгө негиз боло алат.

Кыргызстан Россиянын курамына киргенден кийин, кыргыздар этнографиялык жактан абдан көңүл коюп изилдөөнүн объектиси боло баштайт. Алар көпчүлүк учурда ал материалдар так эмес мүнөздө келип, аларда бири-бири менен байланышпаган фактылар келтирилген. Ошондой болсо да орус окумуштууларынын жана объективдүү байкоочулардын анчалык көп эмес сандагы эмгектеринин аркасында андан ары бир кыйла тереңирээк изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн негиз салынган. Алардын ичинде «Манас» эпосунун изилденишине зор салымы бар В.В. Радловдун, В.В.Бартольддун, С.М. Абрамзондун, А.Н.Бернштамдын, Ч.Валихановдун эмгектерин атоого болот. [1]

Советтик мезгилде жана азыркы учурда «Манас» эпосундагы кыргыз элинин дипломатиялык байланыштарына азыноолак кайрылышкан

чет элдик жана коңшулаш боордош өлкөлөрдүн тарыхчы-археолог, этнограф, филолог-фольклор изилдөөчү окумуштууларынын бир катар илимий эмгектеринде «Манас» эпосунун чыгыш доору, эпикалык адам аттары, аскердик жоо-жарагы, медицинасы, тулпарлары, жер-суу аттары, салты, элдик оюндары, генеалогиясы, тил маселелери, жоокердик өнөрү жөнүндөгү ойлору бүгүнкү күнгө чейин талаш-тартыштар менен кызыгууларды жаратып келет.[2]

Мисалы, Е.Д. Поливановдун, С.Е.Маловдун, В.М.Жирмунскийдин, П.Н.Берковдун, М.И.Богданованын, М.Ауэзовдун, А.Маргулandын, А.Т.Тагирджановдун, Б.Юнусалиевдин, К.Карасаевдин, Ө.Караевдин, Ф.Урмачеевдин, А.Сапарбаевдин, М.Мамыровдун, М.У.Борбуguловдун, К.Рахматуллиндин, Р.З.Кыдырбаеванын, З.Э.Эралиевдин, И.Б.Молдобаевдин, С.Байгазиевдин, С.Аттокуровдун, Ж.Малабаевдин, К.Айдаркуловдун, Т.Өмүрбековдун, Э.Абдылдаевдин, А.Бакировдун, Б.С.Чыныбаевдин, С.Закировдун, З.Мамытбековдун, С.Мусаевдин, Р.Сарыпбековдун, О.Соороновдун, О.Козубаевдин, А.Жайнакованын, Ж.К.Орозобекованын, Д.Айдарованын, Ө.Макелектин, К.Артыкбаевдин, К.Матикеевдердин ж.б. эмгектерин атоого болот.

Жогорудагы окумуштуулар өз иликтөөлөрүндө «Манас» эпосунун Сагымбай Орозбак уулунун, Саякбай Карала уулунун гана варианттары кеңири иликтөөгө алынып келгени менен Шапак Рысменде уулунун, Тоголок Молдонун (Байымбет Абдыракман уулу), Багыш Сазан уулунун, Молдобасан Мусулманкул уулунун, Ыбрайым Абдыракман уулунун, Мамбет Чокмор уулунун, ал эми «Семетей», «Сейтек» бөлүмдөрү боюнча Жаңыбай Кожек уулу, Багыш Сазан уулу, Жакшылык Сары уулу, Мамбет Чокмор уулу, Акмат Рысменде уулу, Актан Тыныбек уулу сыяктуу манасчылардын варианттары жана калтырылган кол жазмалары анча иликтенбей келет.

Бүгүнкү күнү «Манас» эпосу боюнча кыргыз элинин эл аралык мамилелеринин чагылдырылышы тууралуу изилдөөлөрдүн көйгөйүнө токтолсок,

• *биринчиден,* кыргыздардын коңшу элдер менен болгон эл аралык жана дипломатиялык мамилелелерин чагылдырылышы тууралуу маалыматтарды тарыхый мезгилдер менен салыштырып иликтөө;

• *экинчиден,* кыргыздардын дипломатиялык салттык этикетин жана чет өлкөлүк коноктордү тосуу жөрөлгөлөрү тууралуу маселелерди иликтеп чыгуу;

• *үчүнчүдөн,* коңшу элдер менен болгон соода алакаларынын өнүгүү этаптарын иликтеп чыгуу;

• *төртүнчүдөн,* элчилердин жеке сапаттарын иликтеп чыгуу сыяктуу маселелери турат.

Тагыраак айтканда, кыргыз элинин байыркы мезгилден бери эл аралык мамилелеринин тарыхы тууралуу маалыматтар бар экендигине карабастан, элибиздин эл аралык мамилелери «Манас» эпосунун негизинде тереңдетип изилдөөгө муктаждык бар. [4]

Кыргыз элинин коңшу элдер менен болгон саясий байланыштары, соода алакаларынын өнүгүү этаптары, ар бир доорго жараша өзгөрүп келиши тышкы саясаттын туура жолго коюлушу менен байланыштуу болуп келгени «Манас» эпосунда дагы кеңири сүрөттөлүп келет.

Элибиздин көп кылымдарды камтыган элдик тажрыйбасынын натыйжасы болгон эпикалык эстелигибиз «Манас» эпосу аркылуу кыргыз элинин байыркы мезгилден ойрот-калмак дооруна чейинки коңшулаш жана чет элдер менен болгон эл аралык байланыштары, дипломатиялык жактан салттык жөрөлгөлөрү көз карандысыздыктын ыйык белгиси катары таанылып келген.

Ал эми элчиге көчмөн элдердин тарыхында өтө сый мамиле жасалып, өзгөчө урмат көрсөтүлгөн. Элчини сыйлоо менен анын элин сыйлагандыкты, урматтагандыкты, өз ара жылуу мамилелерди сактоого болгон аракетти көрсөтүшкөн. Кокусунан элчини ойдогудай тоспой же өлтүрүп коюшса, мамилелер бузулуп, ал нерсе эки элдин, мамлекеттердин кагылышуусуна алып келген. Элчи уруу менен уруунун ортосундагы мамилелерди жөнгө салуу, адамдарды өз ара байланыштыруу, жараштыруу сыяктуу ички иштерден тартып, мамлекеттердин саясий-экономикалык байланыштарын түзүүгө чейинки мамлекеттик иштерге өз орду менен аралашып келген.

Элчилердин акылдуу, бөтөн элдердин тилин мыкты билген билимдүү, кыраакы, сынчыл, сабырдуу, чечен, сөз билги, ар кандай кырдаалдардан жол таба билген амалкөй сыяктуу көптөгөн сапаттарга ээ болушун эл талап кылган.

Демек, кыргыз элинин турмуштук энциклопедиясы болуп калган «Манас» эпосу аркылуу, эл аралык мамилелердеги мындай эбегейсиз зор касиеттерди иликтеп коомчулукка алып чыгуу менен келечек муунду тарбиялоодо коңшу элдерге үлгү боло алабыз.

**Адабияттар**

1. *Абдылдаев Э.* «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары. [Текст] / Э. Абдылдаев. – Фрунзе, 1981. – 265 б.

2. *Мамыров М.Ч.* «Манас» эпосунун калыптаныш тарыхы. [Текст]/ М.Ч.Мамыров. – Б., 2005. – 272 б.

3. *Валиханов Ч.* Собр. Соч. в пяти томах. [Текст] / Ч.Валиханов. – Алма-Ата, Каз.СЭ.1985. Т. 3. – С. 349–350.

4. *Молдобаев И. Б.* Эпос «Манас» как источник по истории государственности кыргызов. [Текст]/ И.Б.Молдобаев. – Б., 2004. – 174 с.

УДК: 641.568(4/9)(575.2) (04)

**Жеенкулова Лира,**
*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук илимдер академиясынын*
*Б.Джамгерчинов атындагы Тарых, археология*
*жана этнология институтунун окумуштуу катчысы*

**Жеенкулова Лира,**
*ученый секретарь Института истории,*
*археологии и этнологии им. Б.Джамгерчинова*
*Национальной академии наук Кыргызской Республики*

**Zheenkulova Lyra,**
*Scientific Secretary of the Institute of History,*
*archeology and Ethnology. B. Dzhamgerchinova*
*National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic*

## КӨЧМӨНДӨРДҮН ТАМАК-АШ МАДАНИЯТЫ

**Аннотация.** Макалада кыргыз элинин салттуу маданиятынын ажырагыс бөлүгү болгон тамак-ашы илимий негизде талдоого алынат. Адамдын жашоосунда тамак-аштын орду эң маанилүү экени белгилүү. Салттуу тамак-аш ар бир элдин жашоо турмушу, басып өткөн тарыхый жолу менен байланыштуу. Макаланын өзөгүн көчмөн элдердин салттуу тамак-ашынын маданияты түзөт. Кыргыз элинин тамак-аш маданиятын жана анын тарыхын талдоого алуу этнология жана этномаданият таануу илимдеринде чоң мааниге ээ. Тамак-аштын негизин түзгөн азык заттарды өндүрүү, камдоо жана колдонуу боюнча кыргыздардын тажрыйбасы өзүнчө социалдык, этнографиялык өзгөчөлүктөргө бай. Азыркы шартта да бул багыттагы кыргыз элинин тажрыйбасы өзүнүн турмуштук маанисин жоготпогон, тескерисинче, ал кайрадан жанданып, кыргыз улуттук гана эмес, дүйнөлүк тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө да өз салымын кошууда. Кыргыз эли байыркы мезгилдерден баштап азыркы күнгө чейин өзүнүн тамак-ашка карата салттык баалуулугун сактап, колдоп, өркүндөтүп келе жатат.

**Негизги сөздөр:** кыргыздар, салттык тамак-аш, тамак-аш маданияты, этнографиялык өзгөчөлүктөр.

## КУЛЬТУРА ПИТАНИЯ КОЧЕВНИКОВ

**Аннотация**. В статье на научной основе анализируется еда, являющаяся неотъемлемой частью традиционной культуры кыргызов. Известно, что пища играет важнейшую роль в жизни человека. Традиционная еда связана с образом жизни и историческим развитием каждого народа. Стержнем статьи является традиционная культура питания кочевых народов. Анализ пищевой культуры кыргызов и ее истории имеет большое значение в этнологии и этнокультурологии. Опыт кыргызов в производстве, хранении и использовании продуктов, составляющих основу питания, богат своими социальными и этнографическими особенностями. Даже в нынешних условиях опыт кыргызов в этом направлении не утратил своего жизненно важного значения, наоборот, возродился и способствует развитию не только кыргызской национальной, но и мировой культуры питания. Кыргызы сохраняют, поддерживают и совершенствуют свои традиционные ценности, в том числе, в отношении к еде с древнейших времен и до наших дней.

**Ключевые слова:** кыргызы, традиционная еда, культура питания, этнографические особенности.

**FOOD CULTURE OF NOMADS**

**Abstract.** The article analyzes food, which is an integral part of the traditional culture of the Kyrgyz, on a scientific basis. It is known that food plays an important role in human life. Traditional food is associated with the way of life and the historical development of each nation. The core of the article is the traditional food culture of nomadic peoples. Analysis of the food culture of the Kyrgyz and its history is of great importance in ethnology and ethnoculturology. The experience of the Kyrgyz in the production, storage and use of products that form the basis of nutrition is rich in its social and ethnographic features. Even in the current conditions, the experience of the Kyrgyz in this direction has not lost its vital importance, on the contrary, it has been revived and contributes to the development of not only the Kyrgyz national, but also the world food culture. The Kyrgyz preserve, maintain and improve their traditional values, including in relation to food, from ancient times to the present day.

**Keywords:** Kyrgyz, traditional food, food culture, ethnographic features.

Кыргыз элинин тамак-аштарынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө биринчи фрагменттик маалыматтары XIX кылымдын экинчи жарымында ошол мезгилдерде жана Россия империясына кошулгандан кийин кыргыз жерине келген саякатчы жана окумуштуулардын эмгектеринде, маалыматтарында, кабарларында жазылган. Алардын арасында биринчи кезекте В.В. Радлов, Ч.Ч.Валиханов, Г.С.Загряжский жана башкалар болгон. Тарыхый-этнографиялык изилдөөлөрдө тамак-аш боюнча ар кандай түрлөрү жөнүндө жаңылыктарды киргизгендерди атап кетсек С.М.Абрамзон, М.А.Айтбаев, Е.И.Махова, Ф.А.Фиельструп, Ч.К.Өмүрбеков, А.С.Көчкүнов, С.Т.Кайыпов жана башкалар. Алардын эмгектеринде тамактануунун системасынын этникалык өзгөчөлүктөрүн, азык-түлүктөрдүн жана тамактардын бир нече түрлөрүн ачып көрсөтүшкөн, тамактардын ырым-жырымдарын, дин үрп-адаттарын, календардык мүнөздөрүн белгилешкен, мындан тышкары советтик жана постсоветтик учурдагы салттуу тамактануу системасынын түрлөрүн изилдешкен.

Кыргыз элинин тамак-аш маданиятын жана тарыхын этнографиялык жактан талдоого алуу этнография жана этнокультурология илимдеринде изилдениши бүгүнкү күндүн, келечектин талабы. Тамак-аштын негизин түзгөн азык заттарды топтоо, аларды өндүрүү жана колдонуу боюнча кыргыздардын тажрыйбасы кыйла, өзүнчө социалдык, этнографиялык өзгөчөлүктөргө бай. Азыркы күндө да маданий тажрыйбаларга таянуу менен бирге, турмуштук жарамдуулугун жоготпогон, керек болсо кайрадан иштеп чыгып, кыргыз улуттук гана эмес, дүйнөлүк тамак-аш маданиятына салым катары киргизсе болот. Бир топ кылымдарды карыткан, байыркы тарыхын башынан өткөргөн кыргыз эли бүгүн да өзүнүн тамак-ашка карата болгон салттуулугун, баалуулугун сактап, колдоп, өркүндөтүп келе жатат.

Ал эми калкыбыздын азыркы кездеги жашоо-турмушуна учурдагы азык-түлүк өндүрүү чарбачылыгына, тамак-ашка карата болгон салт-санаасына, тамактануу маданиятына тиешелүү болгон мамилесине сереп салсак, албетте, көптөгөн айырмачылыктар жана өзгөчөлүктөр көзгө урунат. Анткени, бүгүнкү кыргыздардын азык-түлүк, алардын сапаты, курамы, адамдын ден соолугуна тийгизүүчү таасири ж. б. боюнча маалыматтар ааламдашуу заманынын алкагында жетишээрлик деңгээлде жаңыланып өзгөрүлдү. Бүгүнкү күнгө жараша кыргыз ашканасы өзүнүн кеңдиги, ар түрдүүлүгү, башка улуттагы элдердин тамак-аш даярдоодогу ыкмаларын пайдалануусу, ошол эле учурда ал элдерге кыргызча тамак бышыруунун жолдору боюнча таасир этип жатканы адистерге эле эмес, жалпы элге да маалым. [Ибрагимова С., 1989, 224-с.; Ивенская, 2013, 224-с.].

Кыргыздардын салттуу тамак-ашы, ошондой эле материалдык маданияттын башка элементтеринин да өз тарыхы бар. XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыздардын чарбалык өнүгүшүндө бир катар маанилүү өзгөрүүлөр болду, алар өз кезегинде элдик турмуштун көптөгөн жактарына, анын ичинде тамак-аш өзгөчөлүктөрүнө түздөн-түз таасир этет. Байыркы мезгилден бери кыргыздардын негизги алектенген кесиби мал чарбачылык, ага кошумча жана жардамчы дыйканчылык, кол өнөрчүлүк көмөкчү орунда турган. XX кылымдын башында кыргыздардын көбү уруу-

уруу, айыл-айыл болуп көчмөн жана жарым көчмөн жашап, чоң айылдарда түтүндүн орточо саны эки жүзгө жакындап барган. XIX кылымдарда Кыргызстандын Түндүгүндө XX кылымдын башында отурукташуунун негизинде кыргыз кыштактары пайда болгон.

Кыргыздардын негизги турак жайы боз үй болгон, жайында жайлоого чыгып, кышында жакага түшүп, кыштоодо кыштаган. Тамак-ашы дээрлик көпчүлүгү сүт жана эттен турган жана кошумча дан эгиндеринен жасалган.

Азыркы менин темама байланыштуу кыргыздардын салттуу тамак-ашы байыркы кылымдан бери эле өнүгүп келет. XIX кылымдын ортосунан баштап Борбордук Азиянын көчмөн калкынын маданияты бир калыпта жалпы өнүгүүсүндө калыптанып, азык-түлүктөрүнүн өзгөчөлүгү мал-чарбачылык мүнөздө пайда болгон такмак-аштарды жасоо ыкмаларына көңүл бурушкан. [Көчкүнов А., 2016. – 215-б.].

Кыргыздар дыйканчылыкты, үй-бүлөгө керектүү деңгээлде гана жүргүзүшкөн. Кыргыздардын салттуу тамактарынын түрлөрү көп болгондугуна байланыштуу, тамак-ашты жасоо жана даярдоо ыкмалары көп түрдүү келген. Ошондой эле кыргыздардын тамак-ашты даярдоо жана жасоо ыкмалары ар кайсы аймактарда ар кандай болгон.

Кыргызстандын түндүк жана түштүк аймактарындагы тамак жасоо географиялык абалга жана калктын жашоо-шартына жараша болгон. Кээ бир тамакты даярдоо жана колдонуу салттарында түндүк кыргыздардын ыкмалары түштүк кыргыздардыкынан айырмаланып турат.

Кыргыз тамак-аштарынын эң башкылары – эт, суусундуктары – сүт, кымыз, бозо. Булар мезгил тандайт, мисалы, кымыз жасоо – жаз-жайкы мезгилдеги жайлоо ичимдиги. Кыргыздар үчүн жайлоодо козуну союп, этти ак сорпо кылып бышырып, ага чейин кымызды кыдырып ичип, эт бышканда майдалап туурап, чыктуу кылып, улуулата табакка карап, маданияттуу жеп, эттин сорпосуна кымыз кошуп ак серке жасап ичип, суусагандарга кымыздан куюп отуруу бул мүнөздүү көрүнүш болгон. Ал эми кыш учурунда согум союп, бозо салуу – бул көрүнүш кыргыздардан калган тамак-аш салты болуп эсептелген [Кыргыздар, 2011. – 293-б].

XX к. башына чейин көчмөн кыргыздардын эң негизги тармагы мал-чарбачылык болгондуктан, алардын тамак-аш, кийим-кече жана жөнөкөй муктаждыктарын мал азыктары канааттандырган. Жаз, жай, күз айларында ар бир оокаттуу көчмөндүн боз үйүндө сүттөн жасалган ар кандай сүт азыктары (айран, каймак, эжигей, сүзмө, кымыз ж.б.) үзүлчү эмес. Айранды алгач сүттү бышырып, сууй элек жылуу кезинде бир аз уютку салып, уюсун деп, жылуулап жаап коюшчу. Эгерде сүт ысык болуп, ага уютку салса, айран кычкыл болуп, жакшы уюбай, сары суу бөлүнүп калат. Сүттү кайнатып, чоң идиштерге куюп муздатып, үстүндөгү каймагын калкып алышып, андан кийин сүттү кайра жылытып уютушкан. Мисалы, айранды даярдоонун көп жолдору болгон: биринчи уютаарда уютку жок болсо, кайнатылган сүткө күмүштөн же жезден жасалган шакектерин же билериктерин салышкан, натыйжасында сүт бат эле кычкылданып, уюган. Кеч күздө айран уютуп жүргөн идиштин же капкактын чекесиндеги катып калган калдыктарын бычак менен кырып алышып, жазга чейин сакташкан. Ушул ыкмалар менен да тез эле сүттү айран кылып уютушкан.

Сүт азыктарынан көптөгөн суусундуктар жасалган жана биз башында белгилегендей каймак жасай турган атайын курал жок болгондуктан сүттү бышырып алып ар кандай идиштерге куюп, кечинде үстүнөн каймагын чогултуп алышкан. Койдун, эчкинин, уйдун жана жылкынын сүттөрүнөн ар кандай азыктар жасалган.

Кыргыздар сүттөн тышкары малдын этин тамак-ашка көп пайдаланышкан. Этти сууга кайнатып же казанга кууруп бышырып колдонушкан. Жылкынын эти жаңы кезинде даамдуу болуп, бирок көпкө сакталбаган үчүн, койдун этин сүрсүтүп сакташкан. Кыргыздарда эчкинин эти көп бааланбайт, себеби бышкандан кийин эт бат эле тоңуп калат, бирок анын дарычылыгы бар деп эсептелинчү. Эл арасында уйдун эти даамдуу деп эсептелинет.

Кыргыздын эң сый тамагы нарын (кийин бешбармак аталып калды) майда тууралган эттен жасалган. Ал бышкан эттер тууралып, эттин сорпосуна бышырылган кесме жана майлуу чык аралаштырып жасалат. Бул малдын эти бышкандан кийин майда тууралып, сорпого салынып, чыкталып берилген. Кийин дыйканчылык менен кесип кылган этностор менен аралашып, алардан арпа, буудайдан жасалган ундан камыр даярдап, аны жайып, майда кесип эт, сорпо менен аралаштырып даярдашкан жана тамак катары кабыл алышкан.

Т. Бөрүбаевдин эмгегинде “Бешбармак” деген аттын тамактын аты катары отузунчу жылдардын башында гана колдонула баштагандыгы, адегенде кол менен желгендиктен тамаша иретинде “бешбармак” десе, кыркынчы жылдары ушул тамашалуу ат мүлдө кыргызга тарап кеткен [Бөрүбаев Т., 1984. – 53-б.] деп айтылат. Бешбармак өзбек, казак элдерине да тараган. Көчмөн өзбек элинде бешбармак - эт, куйрук май жана камыр кошулуп жасалат [Икрамова Н.М., 1983. – 99-б.] . Казак элинде бесбармак аталып, улуттук тамак-аш катары колдонулат [Айдаров Т., 1974.-121-б.]. Кыргыз элинде жасалган бешбармактын түрлөрү көп. Алар: жылкынын жана бодонун этинен, казы карта бешбармак, жаш малдын этинен бешбармак (Ысык -Көлдө).

Ошентип, салттуу коомдо (Х1Х к. аягы ХХк. башы) кыргыздарда дээрлик тамак-аштын көпчүлүгү сүт жана эт продукциясынан түзүлгөн, ошону менен бирге кошумча дан өсүмдүктөрүнөн жана алынган ундан дагы тамак-аштын кошумча алынган.

**Адабияттар:**


1. *Айдаров Т.* Наименования пищи в казахском говоре Узбекистана // Ученые записки Ташкентского пединститута. 1974. Т.120, Вопросы казахской филологии. Вып.1. 121-б.
2. *Айтбаев М.Т.* “Пища кыргызов Х1Х и начала ХХ веков” // Изв.АН КиргССР. Сер.обществ. наук. – Фрунзе, 1963. – Т.5. – Вып.1. – 13-23-б.
3. *Бөрүбаев Т.* Кыргыз даамы. – Фрунзе: “Кыргызстан”, 1984. – 53-б.
4. *Икрамова Н.М.* Узбекская кулинарная лексика. -Ташкент, 1983. – 99-б.
5. *Жумакунова Г.* Бытовая лексика эпоса “Манас” в сравнительно-историческом освещении.– Б.: “Илим”, 2006. – 87-б.
6. Кыргыздар. – Бишкек: Бийиктик, 2011. – Т.12. – 293-б.
7. *Көчкүнов А.С.* Культура питания// Кыргызы. – Москва: Наука, 2016. – 215-б.
8. *Көчкүнов А.С.* Этнические традиции кыргызского народа (социокультурные аспекты и некоторые вопросы генезиса). – Бишкек, 2013. – 227-б.
9. *Солтоноев Б.* Кыргыз тарыхы. – Бишкек, 2003.

**ФИЛОЛОГИЯ PHILOLOGY**

УДК:82-6 (575.2) (04)

**Ажыбаев Артур Шарапидинович,**
*КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы*
*Тил жана адабият институтунун*
*ага илимий кызматкери*
**Ажыбаев Артур Шарапидинович,**
*старший научный сотрудник*
*института языка и литературы*
*им. Ч.Айтматова при НАН КР*
**Azhybaev Artur Sharapidinovich,**
*Senior Researcher Institute*
*of Language and Literature them. Ch. Aitmatova*
*at the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic*
*ajybaev77@mail.ru*

## Б.САРНОГОЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ ЭПИСТОЛЯРДЫК ФОРМАНЫН ОРДУ

**Аннотация.** Бул макалада кыргыз адабиятынын таанымал өкүлдөрүнүн бири Б.Сарногоевдин «Мидинге кат», «Жоокерге кат», «Ачык кат» чыгармаларындагы эпистолярдык форманын колдонулуш өзгөчөлүктөрү анализге алынат. Андагы колдонулган эпистолярдык форманын максаты, милдеттери, колдонулуш өзгөчөлүктөрү тууралуу сөз болот.

**Негизги сөздөр:** эпистолярдык форма, эпистолярдык жанр, поэмадагы кат, каттын колдонулушу, салыштыруу.

## МЕСТО ЭПИСТОЛЯРНОЙ ФОРМЫ В ТВОРЧЕСТВЕ Б. САРНОГОЕВА

**Аннотация.** В данной статье анализируются особенности эпистолярной формы в произведениях одного из самых известных представителей кыргызской литературы Б. Сарногоева «Письмо к Мидину», «Письмо к воину», «Открытое письмо». Рассказывается о цели, задачах и особенностях используемой эпистолярной формы.

**Ключевые слова:** эпистолярная форма, эпистолярный жанр, письмо в поэме, употребление письма, сравнение.

## THE PLACE OF THE EPISTOLARY FORM IN THE WORK OF B. SARNOGOEVA

**Abstract.** In this article, the features of the epistolary form in the works of one of the most famous representatives of Kyrgyz literature B. are analyzed. Sarnogoeva «Letter to Midinu», «Letter to a warrior», «Open letter». The purpose, tasks and features of the epistolary form used are discussed.

**Keywords:** Epistolary form, epistolary genre, writing in a poem, use of writing, comparison.

Кыргыз адабиятында эпистолярдык форманын ыр түрүндөгү тибин өз чыгармачылыктарында кеңири пайдаланган акындар бар. Алар адабияттын поэзия жанрында эпистолярдык форманын сатиралык кайрылуу формасын кеңири пайдаланып, өнүктүргөндүгүн көрүүгө болот. Айталы, Б.Сарногоев өз чыгармачылыгында эпистолярдык форманы ыктуу пайдала-

на билген авторлордун бири. Анын «Жоокерге кат»деген ыры кат формасындагы ырлардын «кайрылуу кат» түрүнө кирет. Бул ыр 1982-жылы жарык көргөн «Ашуудан берген отчётум» ыр жыйнагына кирген.

Структуралык жактан «Жоокерге кат» үч бөлүктөн турат. Эпистолярдык жанрдын талаптарына ылайык ыр учурашуу менен башталат:

*Кандай уулум, армиялык абалың,*
*Эр жеткен соң эл коргоого жарадың.*
*Андай болсо алып койгун жаш жоокер,*
*Айылдагы карт жоокердин саламын.*

Ырдын негизги бөлүгүндө лирикалык каарман уулуна болгон сагынычын, кубанычын, сыймыктануусун айтып келип, мекен алдында милдетин өтөп жүргөн уулуна өз жагдай шарты, апасы тууралуу мындайча маалымат берет:

*Атаң жатат буурул теке баштанып,*
*Азбы, көппү ыр планын аткарып.*
*Апаң жүрөт, баарыбызга кожоюн*
*Адатынча үйдүн ичин башкарып.*

Коомдогу ата-эненин орду, ролу ушул чакан саптар аркылуу дапдаана көз алдыга тартылат. Ал эми ырдын фонунда бул саптар структуралык жактан экинчи бөлүгүн түзүү менен, эпистолярдык форманын талаптарына ылайык «ал-абалды билдирүү» шартынын милдетин аткарат.

*Кош, жаш жоокер салам сага энеңен,*
*Энең сени, эр болсун деп төрөгөн.*
*Келсең үйгө, келиндүү да болоорбуз*
*Түшкө кирет ээрчип жүрчү неберем*[1]

Структуралык жактан ырдын үчүнчү бөлүгү – эпистолярдык форманын «коштошуу бөлүгү» катарында каралат да, Б.Сарногоевдин жеңил юмору менен коштолуп, маанилик жактан каттын жыйынтыктоочу бөлүгүн түзөт.

**Ырдын темасы:** Аскердеги уулуна болгон атанын тилеги

**Ырдын жанры:** *ыр түрүндөгү кайрылуу каты*

**Ырдын түзүлүшү:** *11 муундан турган метрикалык ыр*

**Метафоралар:** *буурул теке баштанып,*

**Эпитеттер:** *жаш жоокер, карт жоокер, эр болсун деп төрөгөн.*

Ал эми Б.Сарногоевдин «Мидинге кат» поэмасы эпистолярдык формадагы кайрылуу каттарынын сатиралык түрүнө кирет. Нукура талант өзүнүн кайталангыс ырлары менен окурманга жакын болуп, атактуу акын Мидин Алыбаев менен чыгармачылык да, курдаштык да жакындыгы болгон.

Акындык чыгармачылыгына кайрылган адабиятчылар анын поэзиясынын тубасалыгын, элдүүлүгүн, көңүлгө жакын жумшак юморун бир ооздон белгилешет. Айталы, академик О. Ибраимов: *«XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхында Байдылда Сарногоевдин өзүнө гана таандык орду бар. Ал эми тереңирээк анализдей келсек, ал – Райкан-Мидин мектеби деп аталган абдан бир маанилүү адабий агымдын бараандуу өкүлү. Бул мектеп – элдик поэзиянын салт-санаалары менен каны-жаны бирге мектеп, кандайдыр бир элитардык эмес, нака массалык адабий агым»,*[2] – деп жазат.

Б.Сарногоев айрым акындардай болуп чыгармачылык эргүү күтпөй, кайда жүрсө шар төгүп, жогоруда атап өткөн нагыз элдик поэзиянын тилинде ыр жаратып келгени көпчүлүккө дайын. Анын үстүнө, адабиятчы К.Даутовдун сөзү менен айтканда *«...мурда эч качан жана эч бир акындын чыгармачылыгында бул даражага жетип көрүнбөгөн күчтүү юморду жаратуу»*[3] ар бир эле акындын колунан келе берчү иш эмес болчу.

Биз бутага алган «Мидинге кат» сатиралык поэмасы жогоруда айтылгандай, эпистолярдык форманын ыр түрүндөгү кайрылуу жанрына, анын ичинен сатиралык формадагы кайрылуу багытына кирет.

Акындын чыгармачылыгын терең талдоого алган адабиячы-сынчы К.Даутов: *«Б. Сарногоевдин поэзиясындагы бул жаңы салаа асыресе анын кийинки «Мидинге кат» аттуу поэмасындагы айрым акын-жазуучуларга берген чыгармачыл портреттик мүнөздөмөлөрүндө дагы*

---

[1] *Сарногоев Б. Жоокерге кат. Китепте: Ашуудан берген отчетум. Ырлар жана поэмалар. 9–10-бб.*

[2] *Ибраимов О. Байдылда акын агымга каршы сүзгөн. azattyk.org›a/kyurgyzstan_culture_baidylda... 22-Сентябрь, 2022 бейшемби, Бишкек убактысы 17:10*

[3] *Даутов Кадыркул: Акындын акындыгы // Кыргызстан маданияты. – 1982. – 4 ноябрь. 4-бет.*

*бир баскычка көтөрүлдү десек болот»,* – деп жазып келип, анын мындай аракети Мидиндин бул багыттагы чыгармачылык салтын улаган, жөн эле улап тим болбой, *«...аны өнүктүрүп, жаңы форма, жаңы ыкма, жаңы боёктор, табылгалар менен байыткан»*[1], – деп белгилейт.

Эпистолярдык формадагы сатиралык кайрылуу ырларынын талаптарына ылайык, «Мидинге кат» поэмасынын башталышы (зачини) төмөнкүдөй:

*Билинбей кетти кабарың,*
*Мидике кандай абалың?*
*Бир топ жыл бирге татканбыз*
*Бул жактын тамак-шарабын,*
*Бир жүргөн кезди эстесем*
*Бүркөлөт ачык кабагым*[2].

Көрүнүп тургандай, эпистолярдык формага таандык болгон **адресат** менен **учурашуу** талабы мында так сакталган. Адресанттын кайрылуусу ишенимдүү тону, өкүт аралашкан ички сезимдери ачык байкалат. Стилдик жактан каарманга болгон жеке сезимдери, терең урматы, «бир жүргөн кездери» менен «бүркөлгөн ачык кабагынан» эле элестүү көз алдыга тартылат.

Поэма ыр түрүндөгү кайрылуу каттарынын төмөнкүдөй спецификасына ылайык жазылган:

**Чыгарманын мазмуну** адабиятчы-сынчы К.Даутовдун сөзү менен айтканда, *«...сыртынан тамашалуу туюлуп, бир окуганга жеңил кабыл алынганы менен ичинен олуттуу, көп маселелер жөнүндө чекеңди бекем таянтып олтургузуп, терең ойлонто турган поэма. Анда шаттык менен кайгыга, жеңиш менен утулушка, трагедия менен оптимизмге толо түркүн-түркүн кайчылаш тагдырлар бар. Болгондо да алар чыгармачыл адамдардын тагдырлары»*[3].

Ооба, акындын чыгармачылык жаатында калемдеш, тагдырлаш болгон замандаштары «Мидинге кат» поэмасындагы кайрылуунун өзөгүн түзөт.

**Поэманын тексти:** *диалогго чакырык таштаган монологго негизделген;*

**Поэманын темасы:** *адам тагдырларын баяндоо*

**Поэманын композициялык курулушу:** *өткөндөгү жана учурдагы ал-абалды чагылдыруу;*

**Поэманын жанры:** *ыр түрүндөгү сатиралык кайрылуу*

**Ыр түзүлүшү:** *8 муундан турган метрикалык ыр түзүлүшү;*

**Метафоралар:** *Опол тоо эле баары тең,*

**Эпитеттер:** *«Мөлтүр талант», «Куюн, жел жетпес, курч туяк», «Кара мурч кошкон кебиңдин», «Мончок жаш агат көзүмдөн»* ж.б.

**Риторикалык суроолор:** *«Бар бекен деги ал дүйнө?», «Кайсы акындан кем элең?!».*

Б.Сарногоевдин поэзиясында ушул күнгө чейин биз жакшылап ачып бере элек, өзү көрүнүп туруп, жашынып алып, көпчүлүк окурмандарды адаштырып келаткан бир өзгөчө «сыйкыр» – анын ырларынын «архитектуралык» түзүлүшү өтө жөнөкөй жасалып, бирок абдан бек жана ажайып кооз болушу. Окшоштуруп жазайын десең, жазылбайт, жамактатайын десең жамакталбайт.

Акындын жаратылышынан сергек туйгусу, аналитикалык ойлоо жөндөмү, ачуу чындыкты, олуттуу түрдө айтылчу кеп-кабарды жылмаюу менен туюнткан жайдары юмору, акын-жазуучулардын чыгармаларындагы эң башкы өзөктүк белгилерди, өзгөчөлүктөрдү, бирден-бир «өлө турган» талуу жерлерди жаземдебей кармай билүү артыкчылыгы, ашкере чынчылдык жөрөлгөсү, айрыкча достук азилдер менен эпиграммаларды жазууга келгенде бир ажайып көрк, күчү менен жадырап ачылып берет.

Жалпылап айтканда, ыр түрүндөгү эпистолярдык поэтикалык чыгармалар төмөнкүдөй өзгөчөлүктөргө ээ болуп турушат:

**1. Автор ишенимдүү формада өзүнүн жан дүйнөсүн чагылдырып берет;**

Буга мисал катары Б.Сарногоевдин «Мидинге кат» сатиралык поэмасындагы төмөнкүдөй жагдайларды келтирүү жетиштүү:

*Толгонуп кай бир түндөрдө,*
*Торуна түшүп капанын,*
*Токсон миң ойду элестеп,*
*Томсоруп ойгоо жатамын.*
*Ой менен узак жол жүрүп,*
*Ой менен ашуу ашамын.*
*Тумандай самсып ал ойлор,*
*Тутанган сайын тутанып,*

[1] *Даутов Кадыркул: Акындын акындыгы // Кыргызстан маданияты. – 1982. – 4 ноябрь. 4-бет.*
[2] *Мидинге кат. Китепте: Сарногоев Б. Ашуудан берген отчетум. Ырлар жана поэмалар. – 146-б.*
[3] *Даутов Кадыркул: Акындын акындыгы // Кыргызстан маданияты. – 1982. – 4 ноябрь. 4-бет.*

*Бардыгы орун талашат,*
*Башыма батпай шыкалып.*
*Кыйнала берем уктабай,*
*Кышкы түн жылдай узарып*[1].

Поэмадагы мындай өзгөчөлүктү адабиятчы-сынчы К.Даутов мындай деп түшүндүрөт: *«Акын өзүн өзү аңдап-билүүгө алат, өмүр жолун, жасаган ишин чыныгы эрдикчил реалисттерче калыс жана катаал таразага салат, адеп-актык талабынан баалайт»*, – деп келип, *«Мындай батылдык ишке бардык эле калам кармагандар бара бербейт, бул өтө кыйын маселе»*[2], – деп кошумчалайт.

**2. Каттын тексти монологго жана диалогго негизделет;**

Эпистолярдык форманын бул талабы «Мидинге кат» поэмасында так сакталган. Поэмадагы монологду анын өзүнө таандык төрт негизги белгилер аркылуу да анализдеп көрсөтсөк болот:

А) Монолог – бул чыгармадагы сүйлөп жаткан адамдын тактоолорду жана кошумчаларды билдирбеген сөзү. «Мидинге кат» поэмасынан төмөнкүдөй мисалды келтирүүгө болот:

*Өйдө-ылдый жүрүп баа бербей,*
*Өткөргөн күндү элестейм.*
*Ошондо дагы көбүрөөк,*
*Ойлонгон кишиң келет бейм...*
*Өзү мас, тили мас эмес,*
*Өзүңдү дайым көп эстейм*[3].

Б) Монологдун экинчи белгиси – анын ар дайым көздөгөн маектешине багытталгандыгы. Каарман өз оюнда бир адамга, же бир топко, же бүткүл адамзатка кайрылат. Мисал катары «Мидинге кат» поэмасында автор жеке Мидиндин өзүнө көп жолу кайрылат:

*Мидике, мында сен барда,*
*Муруту чыккан жаңыдан,*
*Анча-мынча билишкен,*
*Адабий сындын жайынан,*
*Таланттуу жаштар жетилди,*
*Такшалып бардык жагынан*[4].

**3. Каттын адресатынын жана адресантынын сөзсүз болушун талап кылат;**

Поэма Байдылданын Мидинге кат жазуусуна негизделгени менен адабиятчы К.Даутов: *«...автор Мидиндин акындык тагдырын айтуу менен ошол эле учурда өзүнүн да өмүр акыбетине кайрылат. Мидин жөнүндө канчалык кубанычтуу жана асирет-армандуу кеп-сөз курса, ошондой эле даражада өзү жөнүндө баян этет.*

*«Мидинге кат» – Байдылданын Байдылдага да жазган каты. Ал кайсы бир даражада Мидиндин тагдырынан өз тагдырын көрүп турат»*[5], – деп туура жыйынтык чыгарат.

**4. Кат – бул баарлашуунун формасы деп эсептелет;**

«Мидинге кат» поэмасында баарлашууга чакырык таштаган учурлар арбын:

*Көргөнүң айт ошол жактагы,*
*Бар бекен гүлзар, бак-шагы?*
*Көөнүңө чындап жактыбы,*
*Коңур күз, кышы, жаз, жайы?*
*Күнүнүн кандай чыкканы,*
*Айынын кандай батканы?*[6].

**5. Каттын тили оозеки сүйлөшүү жана адабий-көркөм стилдердин айкалышынан турат.**

Б. Сарногоевдин поэзиясынын тили анын жеке өзүнө гана таандык белгилерге, сапаттарга жана касиеттерге ээ. Бул тууралуу адабиятчы-сынчы К.Даутов: *«...ушунчалык жөнөкөй сөздөр менен колуңа алып кармалап, аяк-быякка аңтарып карап көргүдөй таңкаларлыктай жандуу, жүз түрлөнүп, жүз кубулган керемет кооз сүрөттөрдү катар-катар тартып, музыкада гана бере алчу түркүн дабыш, үндөр менен адамдын ар кыл абалга өтүп турган көңүл жагдайларын тарам-тарамы, жик-жиги боюнча кагаз бетине сал түшүрүп таштап кете берет. Сен суктанып гана артынан ээрчип жүрүп отурасың»*[7], – деп таамай белгилейт.

Эң башкысы, акындын акындыгы анын жөнөкөйлүгүндө экендигин окурмандар сезип турушат. Бул жөнөкөйлүк, К.Даутовдун баамында «классикалык жөнөкөйлүк». Жөнөкөйлүктүн татаалдыгы ушунда турат – ага ар бир эле калемгер жете бербейт.

---

[1] *Мидинге кат. Китепте: Сарногоев Б. Ашуудан берген отчетум. Ырлар жана поэмалар. – 146-б.*
[2] *Даутов Кадыркул: Акындын акындыгы // Кыргызстан маданияты. – 1982. – 4 ноябрь. 4-бет.*
[3] *Мидинге кат. Китепте: Сарногоев Б. Ашуудан берген отчетум. Ырлар жана поэмалар. – 131-б.*
[4] *Аталган чыгарма, 131-бет.*
[5] *Даутов Кадыркул: Акындын акындыгы // Кыргызстан маданияты. – 1982. – 4 ноябрь. 4-бет.*
[6] *Мидинге кат. Китепте: Сарногоев Б. Ашуудан берген отчетум. Ырлар жана поэмалар. –145-б.*
[7] *Давутов К. Аталган макала, 4-б.*

Жыйынтыктап айтканда, кат түрүндөгү ырлар – бул адресатка багытталган автордун ой жоруулары, өткөн-кеткенди эске түшүрүүлөрү, кандайдыр бир жыйынтыкка келүүлөрү, тамашалуу, суроолуу көз караштары, каалоо-тилектери десек болот. Кайрылуунун адресаты анын чыныгы «прототиби» болсо да, жалпыланган лирикалык каарман болушу мүмкүн. Адресат ой жүгүртүүнүн темаларын козгоп, өзү диалогдун элестүү катышуучусуна айланат, анткени акын өзүнүн мүмкүн болгон реакциясын: жактыруу же макул эместикти, каршы пикирлерди эске алат.

**Адабияттар**

1. Даутов Кадыркул: Акындын акындыгы // Кыргызстан маданияты. – 1982. – 4 ноябрь.4-бет.

2. *Ибраимов О.* Байдылда акын агымга каршы сүзгөн . azattyk.org›a/kyurgyzstan_culture_baidylda… 22-Сентябрь, 2022 бейшемби, Бишкек убактысы 17:10.

3. Мидинге кат. Китепте: Сарногоев Б. Ашуудан берген отчетум. Ырлар жана поэмалар. – 145-б.

4. *Сарногоев Б.* Жоокерге кат. Китепте: Ашуудан берген отчетум. Ырлар жана поэмалар. 9–10-бб.

УДК: 82-31 (575.2) (04)

**Козубекова Гульназ Райымбековна,**
*КР УИАсынын Ч.Айтматов атындагы*
*тил жана адабият институтунун*
*илимий кызматкери*
**Козубекова Гульназ Райымбековна,**
*Научный сотрудник*
*института языка и литературы*
*им.Ч.Айтматова при НАН КР*
**Kozubekova Gulnaz Rayymbekovna,**
*Researcher Institute of Language and Literature*
*named after Ch. Aitmatov at the National Academy*
*of Sciences of the Kyrgyz Republic*
*gul230582@mail.ru*

# Т.СЫДЫКБЕКОВДУН СЫН-ПИКИРЛЕРИ ПУБЛИЦИСТИКАНЫН БИР ЖАНРЫ КАТАРЫНДА

**Аннотация.** Макалада публицистиканын рецензия жанры кара сөздүн чебери Т.Сыдыкбековдун мисалында каралды. Анын кыргыз адабияттаануусунда изилдене электиги белгиленип, жазуучунун бир нече рецензиясы тууралуу сөз болду. Алардын ичинен төкмө акын Осмонкул Бөлөбалаевдин «Ашымжан» поэмасына жазылган рецензиясына өзүнчө токтолдук.

**Негизги сөздөр:** публицистика, рецензия, фольклор, акындар поэзиясы, жанр.

# РЕЦЕНЗИИ Т. СЫДЫКБЕКОВА КАК ЖАНР ПУБЛИЦИСТИКИ

**Аннотация.** В обзорной статье рассмотрен жанр публицистики на примере мастера прозы Т. Сыдыкбекова. Отмечено, что в кыргызском литературоведении она не изучалась, обсуждались несколько отзывов о писателе. Среди них мы отдельно остановились на рецензии, написанной на поэму «Ашимжан» великого поэта Осмонкула Болебалаева.

**Ключевые слова:** публицистика, рецензии, фольклор, поэзия поэтов, жанр.

# REVIEWS BY T. SYDYKBEKOV AS A GENRE OF JOURNALISM

**Abstract.** The review genre of journalism is considered in the article on the example of the black language master T. Sydykbekov. It is noted that in the Kyrgyz literary criticism it was not studied, several reviews about the writer were discussed. Among them, we separately stopped at a review written on the poem «Ashimzhan» by the great poet Osmonkul Bolebalaev.

**Keywords:** journalism, reviews, folklore, poetry of poets, genre.

Азыркы учурда коомдогу ишмердүүлүктүн өтө маанилүү багыттары болуп экономика жана саясат эсептелээри маалым. Бизди (көрүүчү, окурман, интернет колдонуучулар) аларды массалык маалымат каражаттары тартып, кайра-кайра ошол жакка үндөөдө. Чынында маанилүү нерселер эң алдында сөз болот эмеспи. Аны айтканыбыз жаңылыктар берүүсү да ушул темалар менен башталып, көп окулгандардын катарындагы кылмыш-кырсык темаларынын катарында турат.

Андыктан маданият, адабият, искусство тармактарын биз сөз кылып турушубуз зарыл. Анткени, анын бардык өнүгүүнүн башаты экендиги көп эле илимий эмгектерде далилденип келе жаткандыгы маалым. Искусство менен маданияттын адам аң-сезимин жана коомду калыптандыруудагы орду алмаштырылгыс. Маданий маалыматтарсыз, тактап айтканда, публицистикалык чыгармаларсыз коомубузду элестетүүгө болобу? Чынында аларсыз коом адамдыктан алыстап, роботтук ой жүгүртүүгө жетелеп кетери бар. Маданиятка болгон кызыгуубуз коомубузга, өлкөбүзгө зарыл болгон социалдык өзгөрүүлөрдүн зарылчылыгынын бир көрүнүшү. Жалпыга маалымдоо каражаттары биздин коомдук эс тутумубуз, азыркы учурдун «күзгүсү» жана кандайдыр бир деңгээлде келечектин жарчысы.

Рецензия жанрынын адабиятыбызда жана публицистикабызда, кийинчерээк советтик басманын тажрыйбасында журналистиканын көркөм публицистикалык жанры катары бай салттуу тажрыйбасы бар. Анан, албетте, анын башаттарынын белгилери оозеки адабиятыбызда жаткандыгы шексиз.

Дүйнөнүн өзгөрүшүнө таасирин тийгизип турган зор мамлекеттердин бири Советтер Союзунун 1990-жылдарда кулашы менен 15 социалисттик мамлекет өз алдынча эгемендик алып, мурунку түзүлүш бузулуп, өнүгүү баскычы бардык жагынан артка карай кеткен. Анткени, экономикалык өнүгүү ыргагы бири-бирине өрүлгөн болчу. Ошентип мурда СССРдин курамына кирген республикалардын бардыгында эле бирдей көптөгөн тармактар менен багыттарга болгон кызыгуу кескин төмөндөгөн. Мына ошол учурдагы артка карай өнүгүүнүн катарында публицистика жана анын биз сөз кылып жаткан бир түрү рецензия да бар эле. Мурдагы калыптанган сын түшүнүгү кайсы бир деңгээлде жоюлуп, эми коомчулук анын ордуна базар экономикасы менен бирге келген маани-маңызын ачык эле жарнамалоо, курулай мактоо, өз жакындарын көкөлөтүү орун алган рецензияларды окуй баштаган. Албетте, базар экономикасынын табиятына ылайык китептер, кинофильмдер, оюн-зооктор, спектакль жана башкалар жарнамалоого муктаж болсо, искусствого, адабиятка баа берүү, түшүнүү кандайдыр бир тандамал, пайда көрүү, акча табуу мүнөзгө өткөн. Андай рецензиялар тез эле окулбай колдонуудан чыгып калгандыгы менен эле чектелбестен катардагы окурмандардын «табитин» бузуп, интеллигенция өкүлдөрүнүн көңүлүн кайт кылган. «Өнөр алды – кызыл тил» деп көркөм сөз өнөрүн аздектеп келген элдин кеп маданияты бузулуп, тили жакырланган. Андай рецензиялар жүздөп саналат жана өзүнчө кеңири сөз болуусу керек. Маданияттын кыйын абалда экендиги үзгүлтүксүз сындын жоктугунан билинет деп бекеринен айтылбайт. Коомубуздагы мындай мүнөздөгү агымды дүйнө элдеринин көбү басып өткөн, же басып өтөт деп айтсак да болот.

Чындыгында дүйнөлүк басма сөз беттериндеги суроо талап эң жогору болгон жана кеңири белгилүү публицистикалык жанрлардын бири – рецензия. Бизде сын, пикир делинип жазылып келе жатат. Анын публицистиканын бир жанры катары изилдениш абалын, фундаменталдуу эмгектин жана изилдөөлөрдүн жоктугун өткөн кылымдын 70-жылдары эле советтик адабияттаануучу, журналист М.С.Черепахов төмөндөгүдөй белгилеп кеткен экен: «Огромное количество работ, посвященных жанрам, в своей основной массе представляют собой учебные пособия, журнальные статьи, небольшие сообщения об опыте использования жанров. Между тем необходимы фундаментальные работы, посвященные каждому из жанров. Таких работ нет ни о журналисткой статье, ни о рецензии, ни о памфлете» [8, стр. 267]. Мындан 50 жыл мурун орус адабияттаанусунда рецензиянын изилдениш абалы ушундай болсо, кыргыз адабияттаануусунда азыр деле ушундай көрүнүштө экендигин ачык эле айтуубуз абзел. Андыктан биз кара сөз чебери Т.Сыдыкбековдун рецензияларынын мисалында бул «боштукка» өзүбүздүн чакан салымыбызды кошууга далалат кылмакчыбыз. Анда алгач рецензияга берилген аныктамаларга токтололу.

Биз таанышкан маалыматтардан орус тилиндеги ага байланышкан «рецензия», «рецензировать», «рецензент» деген аталыштар алгач 1806-жылдардагы сөздүктөрдө кезигип баштарын билдик [3, стр. 114]. *(Мындан мурдагы булактарда да кезигип калышы толук мүмкүн).* Бул аталыштын негизги булагы адабияттардын басымдуу бөлүгүндө белгиленгендей латын тилиндеги *«recensio» – «баалоо», «кароо», «текшерүү»* деген сөздөн болгон деп ырастоо талашсыз: Анткени лексикограф окумуштуу М.Фасмер анын *(rezension)* [7, стр. 477] немец

тилинен өздөштүрүлгөнүн, профессор П.Я.Черных француз тилинен *(recension – «сличение», «считка»)* [3, стр. 114] келгендигин айтышканы менен ал эки тилдин түп тамыры латын тилине барып такаларын айтып коюшубуз керек.

«Рецензия (*лат. – караштыруу*) – идеялык-көркөмдүк салмагын талдоого алган адабий сын мүнөзүндөгү макалалар. Адатта рецензия адабий сындын оперативдүү формасы болуп, көркөм чыгарма жарыялангандан көп узабай жарык көрөт. Өзүнүн объектиси кылып көбүнчө бир чыгарманы алат» [5].

1929-1939-жылдар аралыгында иштелип жарык көргөн Адабий энциклопедияда анын публицистикалык мүнөздө экендиги жазылган. «Рецензия – один из распространенных критических жанров. Р. составляют в толстых журналах так наз. «библиографический» отдел. Р. – критический разбор произведения – литературно-художественного, научного, публицистического характера и.т.п., – дающий информацию об этом произведении и оценку его в таких пределах, что краткий отзыв не перерастает в критический этюд» [4]. Мындан сырткары интернет булактарында жайгаштырылган жыйырмага чукул сөздүктөрдө рецензияга аныктама берилип, анын көркөм чыгармаларга, спектаклдерге, кинофильмдерге, илимий эмгектерге, кароо-сынактарга, фестивалдарга берилген жазуу түрүндөгү сын, алардын идеялык-көркөмдүк сапатынын оң жана терс жагын баалап, сунуштарды берүү экендиги негизинен бирдей жазылат.

Кара сөздүн чебери Т.Сыдыкбековдун көркөм чыгармаларга берген бир нече рецензиясы бар. Биз аларды шарттуу түрдө кыргыз эл оозеки чыгармачылыгы, төкмө акындар, жазгыч акындар, байыркы адабият, советтик адабият боюнча деп темаларга бөлсөк болот. Алардын бири эл акыны Осмонул Бөлөбалаевдин «Ашымжан» поэмасына берген пикири. Жазуучу рецензиясына «Осокемдин «Ашымжаны» тууралуу» деген тема берип, алгач поэманын толук сюжетине кыскача токтолот. Анан анын кемчиликтерин белгилейт. Поэмада керектүү материалдар бар болгону менен алардын адабий түрдө толук иштелбегенине ынанымдуу далилдерди келтирет: «Кыскартып айтканда, поэманын сюжети иштелип жетпестен жакшы жыгаччы чала сомдогон күрөктөй колдогой, өөндүү турат. Поэмада окуялуу элестер аз. Кыймыл-аракет аркылуу берүүнүн ордуна, башкы каарман Ашымжандын сөзү аркылуу түзүлгөн, сонун сүрөттөрдү талап кылган учурлар да, адамдын ички кайгы-муңун терең ачып бере турган учурлар да Ашымжандын көп сөздүү супсагыраак баяндамасы аркылуу үстүртөн айтылып кетет» [6, 143-б.]. Мында көрүнүп тургандай жазуучу карыя төкмө акынга катуу тийбей, кемчилигин айланып өтүп да кетип калбай публицистиканын рецензия жанрынын ийкемдүү табиятын колдонуп, «жакшы жыгаччы чала сомдогон күрөктөй, колдогой» деп адабий салыштырууну колдонуу менен сынга алат.

Рецензия – публицистиканын таасирдүү жанрларынын бири. Сын-пикирлер басылманын жанрдык алкагын кеңейтип, окурманга кошумча маданий маалымат берип, түйүндүү маселелерди чечмелөөгө көмөктөшөт. Сын-пикирлер маданий кырдаалга бара-бара өзгөртүү киргизе аларын турмуш далилдеп келе жатат. Эгерде адабиятчы-сынчылар, публицист-жазуучулар менен катар эле окурмандар дагы бирге рецензияга олуттуу мамиле жасашса, искусствого болгон табит өзгөрөрү дагы маалым.

Муну айтканыбыз, төкмө акынга бул рецензия 1945-жылы берилип, «Ашымжан» поэмасы 1949-жылы жарык көргөн. Анда рецензент-жазуучу берген сын-пикирлер дээрлик эске алынган. Алардын айрымдарын мисал келтирсек болот. Осмонкул Бөлөбалаевдин төкмө акын катары тили бай, кыргыз айылын, жер-суусун, каада-салтын мыкты билгендигин, бирок аны өз чыгармасында колдоно албагынын: «Маселен, Ашымжанды туугандары энесинен тартып жеке эле, аны малайлыкка бериш максатынан чыккан жок го. Кыргыз элинин салтында аял жесир калып, колунда эркек баласы болсо, туугандары «тукумубузду тентитип жибербейбиз» деп намыстанышат, кээ учурда баланы энесинен ажыратып да алып калышат» [6, 144-б.]. Бул пикир кийин О.Бөлөбалаев эске алгандыгын мына бул ыр саптары айгинелейт:

«Андагы элдин салты ошол,
Агасы өлсө ини алат.
Жаш калса аял байынан,
Жакынын бири алат.
Аттап басып кете албайт,
Аргасыздан тил алат» [1, 4-б]

Ушундай эле төкмө акын эсине алып оңдоп өзгөртүү киргизген рецзензиядагы пикирлер муну менен бүтпөйт. Т.Сыдыкбековдун ошон-

дой пикирлеринен мисал келтирели: «Ал эми жогорку эле экинчи куплеттин акыркы эки жолу:

Көзүмөн учуп олтурам,
Күлжамалды көрсөм деп...

Бул чындык эмес, калп. Оор запкыны көргөн азамат көптөн бери көрүшпөгөн энесин көргөндө, энеси жашын төгүп, ал үчүн каймак издеп жатканда, энесинин карып кебетесине Ашымдын зээни кейиши керек. Бул учурда Күлжамалды эрксизден унутат. Бул чындык. Ошентип мааниси тайкы эки жолду акын уйкалыш үчүн жабыштыра салган, ошону менен башкы каармандын салмагын төмөн түшүрүп алган» [6, 145-б.]. Рецензия жазылгандан кийин төрт жылдан кийин жарык көргөн «Ашымжан» поэмасында бул ыр саптары кезикпейт. Демек, сын-пикир туура кабыл алынып кыскартылгандыгын билүүгө болот. Ошондой акындын жаратылышты «Бачайы чапан жамынып, Бак-дарак бүтүн гүлдөгөн. Камданып уя салышып, Канаттуу куштар дүрбөгөн», – деп ырга салып келе жатып «Берметтей данын белендеп, Буудайлар тегиз баш алган» деген ыр саптары жаратылыштын чындыгы менен дал келбей калгандыгын байкай алган: «Жогор жакта буудайлар тегиз баш алган кез – июль айынын орто чени. Төмөн жакта бак-терек жаңы гүлдөп, канаттуулар жаңы дүрбөп уя салып жүрүшөт – так айтканда, март, апрель айлары. Аксакал акын мындай калпты бурк эттирип коюшу кандай болор экен?!». Жазуучунун бул пикири да эске алынган. Жарык көргөн текстте бул ыр саптары кездешпейт. Сын-пикир андан ары табыгый жашоого туура келбеген көрүнүштөрдү белгилөө менен мындай улантылат: «...Ашымжан энесинен ажырап жатканда узакка боздоп ырдайт. Бул дагы мүнөзсүз эмеспи. Бала энесинин кайгысын бөлүшүп, көзүнөн жашын мөлтүлдөтүп төгүп жиберсе чындык болор эле. Жана баланын ошол абалын, акын же 4, же 6 гана сабакка батырса күчтүү чыгар эле. Поэмада тогуз жашар баланын зардаганы жүз жолго чаап кеткен, бирок таасири анча эмес. Ушул өңдүү, көп, зар-муңдар айтылат таасирлери анча эмес.» [6, 145-б.]

Мында айтылган тогуз жашар Ашымжандын узакка созулган ыр менен айтылган муң-зары толугу менен кыскартылган. Бирок, бул жерде Т.Сыдыкбеков чыгармага фольклордук салттын өңүтүнөн эмес, жазма адабияттын талаптары менен баа берип койгондой. Анткени, элдик оозеки чыгармачылыкта тогуз жаш эмес төрөлгөндө эле сүйлөп кеткен «мыйзамдуу» мотивдери бар.

Ошол эле учурда рецензензияда чыгарманын жакшы жактары адилеттүү айтылып, ал пикир төкмө акынга кошумча шык жаратып Т.Сыдыкбеков айткандан дагы тереңдетип бергендей. Көлгө кирген каздардын күмүштөй канаттарын жаркылдатып, көлдү чаап ойноп жүргөн эпизоддун мыкты берилгендигин айтып келип, ушул куплеттерде өзү күткөн элестердин бардыгын, мына ушул чын сүрөт экендигин айтып, бул ыр саптарын келтирет:

«Байбичелер сооротту
Аман келди уулуң деп.
Чолпонуң тирүү көрүндү,
Бошотпо бекер муунуң деп.
Эр жеткенде Ашымды,
Эми кайра туудуң деп.

Апакем байкуш чуркады,
Каймак сурап темтеңдеп,
Адашып кеткен алыска,
Айланып келди эркем деп.

Мына бул куплеттерде дагы чындык бар. Мында салт да, турмуш да бар. Ашымдын энеси канча «жаман» болсо да байбичелер анын кайгысын бөлүшүп сооротушту.

Бул -биздин элдин боорукердик салты. Апакесинин каймак издеши чоң кубанычын билгизсе, экинчиден өз колунда жок болсо да, каймактай таттуу тамакты айылдаштарынан сурап алууга болот экен. Бул да чындык».[6, 144–145-б.]

Рецензент баа берген кол жазмадагы ушул эле ыр саптарынын. Жарык көргөн вариантын кандай өзгөргөнүн көрүү үчүн андан мисал келтирели:

«Бурмаке кемпир соороток,
Келди уулуң койгун деп.
Бойго жетип калыптыр,
Өлбөгөн уул эр жетет.
Эр жеткенде уулуңду,
Эми кайта туудуң деп.
Энеси өбөт бетинен,
Эрмекке тууган эркем деп.
Аяк алып чуркады.
Каймак сурап темтеңдеп,
Талаадан келген жалгызга,
Даамдуулап тамак берсем деп» [1, 49-б.]

Мисалга алынган ыр саптарынан көрүнгөндөй кол жазмада байбичелер сооротуп жатышса, жарык көргөн вариантта Бурмаке кемпир сооротуп жатат. Биринчисинде жалпыланып берилсе, кийинкисинде жекеленип такталган. Бул болсо Т.Сыдыкбековдун негизги сын-пикирлеринен болчу. Демек, төкмө акын рецензенттин пикирлерин эсине алган жана бул чыгарманын сапаттык жактан бир топ чыйралышына көмөк болгон десек болот. Жазуучу публицист авторго чыгармасын өзү сындаган жерлерине оңдоолорду киргизүү менен төрт миң ыр сабынан эки миң ыр сабына чейин кыскартууну сунуштаган. Натыйжада жарык көргөн вариант 2500 ыр сабына чейин түшүрүлүп, дээрлик бир жарым миң ыр сабы кыскартылып оңдолгон. Демек, рецензия өз максатына жеткен, бирок, бул айтылган сын пикир, сунуштардын бардыгы толук аткарылышы керек жана аткарылган дегендикке жатпайт. Мисалы, рецензенттин «Мүмкүн болсо бөлүмчөлөргө бөлүп жазса, маселен: «Ашымжан жетим», «Тоодой кайгы», «Ашымжан менен Күлжамал» дагы ушул өңдүү. Бир маанини берген бир катар окуялар кыскартылып, иштелип бирине бири түбүнөн байланышкан орчундуу темалардан болууга тийиш» [6, 146-б.], – деген жүйөлүү сунуштары автор тарабынан эске алынган эмес. Ошентип Т.Сыдыкбеков оозеки салттын жетегинде чыгармачылыгы калыптанып, өнүккөн төкмө акын Осмонкул Бөлөбалаевдин жазуу түрүндө чоң поэма жаратууга умтулушун кийинки баскычтык бийиктик катары баалап, ал умтулуунун ийгиликтүү чыккандыгын, чыгарманын негизги идеясы туура чечилгендигин жазуу менен рецензияны жыйынтыктаган.

Кийин 1949-жылы поэма жарык көрөрдө анын баш сөзүн да жазган экен. Кыска баш сөздө акындын оозеки адабияттын өкүлү экендиги баса белгилеп, ага ошо тарам менен баа берүү керектигин: «Карыянын өзү дасыккан ырдап айтуучу жолунан, жазуу жолуна биринчи өтүшү. Бул акындын жакшы умтулушу. Акындын жаңылыгы!» [6, 146–147-б.б] экендигин жогору баалап, бул анын жазуу түрүндөгү тунгуч чыгармасынын биринчи бөлүмү, анын экинчи бөлүмү «Ашымжандын баласы – Эмдигинин Манасы» деген аталышта жазылып жаткандыгын, ага ийгилик каалоо менен баш сөзүн аяктаган.

Тилекке каршы, бул баш сөз эмнегедир чыгарма менен бирге жарык көргөн эмес. Баш сөздө поэманын алдын-ала айтылган экинчи бөлүмү да жарык көргөн эмес. Айта кетүүчү нерсе баш сөз дагы публицистиканын бир жанры болуп эсептелет. Ал тууралуу өзүнчө бөлүмдө сөз болот.

**Адабияттар**

1. *Бөлөбалаев О.* Ашимжан. Ф.: Кырмамбас, 1949.

2. Жеңижок менен Арстанбектин учурашканы. Китепте: Жеңижок. Бишкек, Улуу Тоолор, 2017, Түзгөн А.Жусупбеков.

3. Историко-этимологический словарь современного русского языка / под ред. П.Я. Черных. 3-е изд., М., 1999. Т. 2.

4. Источник: http://niv.ru/doc/dictionary/literary-encyclopedia/fc/slovar-208-4.htm#zag-3982.

5. Источник: https://ky.wikipedia.org › wiki ›

6. *Сыдыкбеков Т.* Осокемдин Ашымжаны тууралуу. Китепте: Сыдыкбеков Т. Мезгил сабактары. Ф.: Кыргызстан, 1982.

7. *Фасмер М.* Этимологический словарь русского языка. 2-е изд., М., 1987. Т. 3.

8. *Черепахов М.С.* Проблемы теории публицистики. 2-е изд., перераб. и доп. М., 1973.

УДК: 82-1 (575.2) (04)

**Туратбеков Кайырбек Туратбекович,**
*КР УИАнын Тил жана адабият институтунун кенже илимий кызматкери*
**Туратбеков Кайырбек Туратбекович,**
*Младший научный сотрудник института языка и литературы им. Ч.Айтматова при НАН КР*
**Turatbekov Kaiyrbek Turatbekovich,**
*Junior Research Fellow Institute of Language and Literature them. Ch. Aitmatova at the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic*
*turatbekov2020@list.ru*

## ЛЮБОМИР ЛЕВЧЕВ – АМАН ТОКТОГУЛОВДУН КОТОРМОСУНДА

**Аннотация.** Бул макалада болгар акыны, прозаик Л.Левчевдин айрым ырларын А.Токтогуловдун көркөм котормосундагы өзгөчөлүктөрү анализге алынат.

**Негизги сөздөр:** акын, поэзия, ыр саптары, көркөм котормо, котормочулук өнөр, тема, идея, образдуулук, ритм, рифма.

## ЛЮБОМИР ЛЕВЧЕВ – В ПЕРЕВОДЕ АМАНА ТОКТОГУЛОВА

**Аннотация.** В данной статье анализируются некоторые стихотворения болгарского поэта и прозаика Л. Левчева в художественном переводе Амана Токтогулова.

**Ключевые слова:** поэт, поэзия, стих, художественный перевод, искусство перевода, тема, идея, образность, ритм, рифма.

## LYUBOMIR LEVCHEV – TRANSLATED BY AMAN TOKTOGULOV

**Abstract.** This article analyzes some of the poems of the Bulgarian poet and prose writer L. Levchev in the literary translation of Aman Toktogulov.

**Keywords.** poet, poetry, verse, literary translation, art of translation, theme, idea, figurativeness, rhythm, rhyme.

Көп кырдуу чыгармачыл өмүрүндө А. Токтогулов котормочулук таланты менен окурмандардын көңүлүн өзүнө бура алган. Поэзияны мыкты түшүнүп, өзү да ыр жазып жүргөн акын катары башка калемгерлердин чыгармачылыгына терең баам салып, орчундуу сын-пикир айтып, адабияттын ар түрдүү жанрларында калемин сынап көргөн. Ошондой аракеттеринин бири А.Токтогуловдун болгар акыны Любомир Левчевдин «Тянь-Шань романстары» аттуу ыр жыйнагын кыргыз окурмандарына көркөм которуп, тартуулагандыгы болду.

Л. Левчев болгар элинин көрүнүктүү акыны, прозаик, көптөгөн мамлекеттик жана эл аралык сыйлыктардын ээси. Ал француз академиясынын «Поэзиянын рыцары» ардактуу наамынын жана алтын медалына татыктуу болгон.

Акын 1935-жылы Троян шаарында жарык дүйнөгө келген. Алгачкы саамалыгы 1957-жылы «Жылдыздар мага таандык» деген ата-

лыш менен жарык көрөт. Кийин София университетинин тарых жана философия факультетин аяктаган.

Акындын эмгек жолу 1961-1971-жылдары «Адабий фронт» журналында башкы редактор болуп иштөөдөн башталган. Кийин Болгария мамлекетинин маданият министринин орун басары, Болгар жазуучулар союзунун төрагасы кызматтарын аркалаган.

А.Токтогуловдун котормочу катары Л. Левчевдин чыгармачылыгына кызыгуусу – анын ырларынын бийик көркөмдүк өзгөчөлүгү, тереңдиги, мазмундуулугу, ыр саптарынын жеке өзүнө гана таандык болгон түзүлүшү, философиясы өзүнө тарткан сыяктанат. *«Нет другого болгарского поэта, который был бы так созвучен времени и болезненно чувствителен к нему. Вся человеческая жизнь и история всей земли закодированы во времени. И поэзия, нащупывая его тайну, призвана говорить не только о камерной личной судьбе, но и о судьбе всего человечества с его взлётами и падениями, восторгами и разочарованиями»*[1] ,– деп жазат, изилдөөчү П.Кириллов.

Албетте, ар бир акындын баскан жолу, жашаган доору мейкиндик-мезгилдик алкакта өтөт. Акын төрөлгөндө анын мезгили кошо төрөлгөн сыяктуу, Л. Левчевдин жашаган доору, чыгармачыл ишмердүүлүгү коммунисттик идеологиянын таасири астында жүргөндүгүн танууга болбойт. Ал мезгилдин жакшы да, жаман да жактары акындын чыгармаларында орун алары мыйзам ченемдүү көрүнүш эле. Ошондуктан, акын төрөлгөн 1935-жылдардын элеси «Өзүм тууралуу ыр» деген чыгармасында мындай «кара тактарды» көз алдыга тартат:

Эркелөөгө ачып көзүмдү
мен жашоого келген ошол күн
болгон дешет:
каралууда караңгы,
эркелетпей адамды.

Анткени, 1930-жылдардагы Бүткүл Союздук республикаларда Сталиндик репрессиянын арааны жүрүп, ырда айтылгандай, «каралуу тонду жамынган» каардуу мезгил болгон. Жазыксыз жарандардын баштары кетип, бейкүнөө өлгөндөрдүн элеси аталган ырдын кийинки сабында мындайча уланат:

Ошол күнү
куштун үнүн укпадым,
Ошол таңда күн чыккан жок-таппадым
Жалгыз гана
термеп турду кара аркан
дарга асылып
жаткандардын баштарын!..[2]

Акындык чыгармачылыктын күчү, чама-чаркысы, дарамети анын ырларынан жүрөктү сыгылтып, жүлүндү муздаткан элестерди көз алдыга тарткан кезде бир көрүнөт, төрөлгөн ымыркайдын сүтү оозуна тийген кездеги жалп этип өчкөн үч өмүрдүн образдуу элесин таамай берген кезде бир сезилет:

Эми, эми менин соргок ериним
туйган кезде
көкүрөктү энелик,
үч жүрөктө
эң акыркы от күйдү,
бара жатып үчөө бирдей тең өлүп...

Ырдын күчү окурмандын көз алдына образды даана тарткандыгында турат. Анын үстүнө жогоруда келтирген саптарда «жашоо-күрөш», «өмүр-өлүм» философиялык ой туюмдары катылып тургандыгын сабаттуу окурман айттырбай түшүнөт.

*«Чыныгы поэзия» столго отуруп алып, татаал ассоциацияларды метафораларды атайлап иштеп чыгуу, өзүнчө болуп көрүнүүгө далбас кылуу, өз стихиясынан өзү адашып, ой-тоого бир урунуу эмес»,* – деп жазат, А.Токтогулов. Демек, акындык өнөрдөгү асыл сапаттардын бири – изденүү. Албетте, багытынан адашып эмес, окурманды ойго салып, образдуу терең ырларды жаратуу багытындагы изденүү.

Л.Левчевдин ырларынын дагы бир бөтөнчөлүгү – андагы ыр түзүлүшүнүн оригиналдуулугу, салттуу саптардан айырмалуу үч саптан, эки саптан, бир саптан турган, муун түзүлүшү жагынан да башкалардан айырмаланган ырларын башка тилге которуу иши бир кыйла түйшүктөрдү жарата тургандыгын эске алып, А.Токтогулов мындай дейт: *«Албетте, форманы бир тилден бир тилге таамай, так өзүн-*

---

[1] *Кириллов П. Предупреждение Любомира Левчева.* lgz.ru›article/N32--6287---2010-08-11...Lyubomira...

[2] *Өзүм жөнүндө ыр. Китепте: Аман Токтогулов. Тандалма чыгармалар, котормолор. Турар, Бишкек-2017, 48-бет.*

*дөй өткөрүш оңой-олтоң иш эмес. Бир жери көңүлдөгүдөй жаркырап келгени менен бир жеринен кемибей койбойт. Ошентсе да, которуп жаткан акын, же жазуучу өзү атайын тандап алган форманы котормодо да сактоого аракет кылуу, окуучу оригиналдын формасын элестете алгыдай жасоо парз»*[1], – дейт.

Бир караганда, башка акындардын чыгармаларын таржымалдоодо, котормонун эркин формасын туу туткан айрым котормочулар үчүн А.Токтогуловдун жогорудагы пикири көңүлдөрүнө дээрлик жакпашы мүмкүн. Анткени, котормонун максаты – бир гана чыгарманын мазмунун окурманга жеткирүү керек деп түшүнгөндөр үчүн эске сала турган төмөнкүдөй маселелер келип чыгат:

– Эгерде, тигил же бул акындын чыгармаларын башка тилге которууда мазмунду гана эске алууда ал чыгарманын оригиналдуулугу «жерде» калат;

– Экинчиден, чыгарманын оригиналдуулугун анын тили, көркөм сөз каражаттары, поэтикасы аныктагандыктан, бир тилден экинчи тилге которуу учурунда оригинал туундунун тили жабыркайт, сөз байлыгы солгундайт. Бул тууралуу изилдөөчү О. В. Науменконун: *«Особенности поэтического перевода, в частности, продиктованы особенностями поэтических текстов»,*[2] – деп түшүндүрмө бергени жетиштүү;

– Үчүнчүдөн, поэтикалык тексттерди которуучулар эркин котормону пайдаланган учурда оригинал чыгармага көрк берген улуттук баалуулуктар, нарк-насилдер, образдуу туюнтмалар, улуттук колорит ырдын авторунун эмес, котормочунун улуттук табитинин туткунунда калат. Ошентип, котормочунун алдында ыр түрүндөгү тексттерди которууда эбегейсиз зор тоскоолдуктар чыга келет.

Л. Левчевдин структуралык түзүлүшү жагынан татаал мүнөздөгү «Поэма» деген ырын А.Токтогулов жогоруда белгилеген оригиналдуулуктун талаптарын так сактап, которуу аракетин көргөн. Мисал катары, дал ошол чыгарманын эки тилдеги үлгүсүн кош катар коюу менен талдап көрөлү:

ПОЭМА
1
Чтобы дойти до вас,
мои дорогие приятели,
я прохожу огромные пространства.

ПОЭМА
1
Силерге жетиш үчүн,
Урматтуу дос-курбулар,
Мен даркан мейкиндиктен өтүүм керек

Кайсы бир деңгээлде ырдын оригинал муун түзүлүшү, саптары, мазмуну жана автордук стиль так сакталгандай. Болгону оригиналдагы досторго кайрылуунун сылык формасы кыргыз тилинде да сакталса мыкты чыкмак. Экинчи жагынан, оригиналдагы үчүнчү саптын мааниси «Досторго жетүү үчүн  кең мейкиндиктерден өтөмүн» деген ой кыргызча үлгүсүндө «Даркан мейкиндиктерден өтүүм керек» деген милдет сымал мааниде которулган. Албетте, мындай көрүнүш көркөм котормодо кеңири учурай берет. Ал котормочунун дүйнө көрүүсүнөн, которуучулук жөндөмүнөн көз каранды.

Ырдын кийинки саптарындагы өзгөчөлүктөрдү талдай келгенде төмөнкүдөй жагдайлар байкалат:

2
Тот,
кто давал имена рекам и пропастям,
горам и предметам,
не мог придумать
имена моим дорогам.

2
Аң-дөңгө, дайраларга,
Тоо-ташка, буюмдарга
ким ат койсо, ошол эч бир
ат таппаган ыйгарууга
менин басар жолдорума

Мында котормонун маанилик түрү негизги орунга чыгып, ыр түзүлүшү так сакталбаганы менен анын мааниси таамай берилген. Айта кетүүчү жагдай, бул ыр улам кийинки сапка өткөн сайын бир саптан кыскарып жүрүп отурат.

---

*[1] Улуу тамсилчи. Китепте: Аман Токтогулов  тандалма чыгармалар, котормолор. Турар-2017, 331-бет.*
*[2] Науменко О.В. Особенности поэтического перевода alba-translating.ru›ru/ru/articles/2013/...*

3
Потому рассказать вам все не могу я.
(Слова – слишком
грубый материал
для упаковки
того, что я хотел бы
вам поверить.)

3
Андыктан айтчумду бүт айталбаймын
(Мен силерге кастар менен
Ишенип берсем деген
Нерселерим жеткирүүгө
Сөздөрдүн күчү жетпейт
Ийкеми эч келишпейт).

Көрүнүп тургандай, автордун айтайын деген ою менен котормодогу айтылган ойдун ортосунда анча-мынча маанилик дал келбестик орун алгансыйт. Ал оригиналдагы «сөздүн айта турган ойду жеткирүүдөгү сенек материал катары бардыгын айтууга мүмкүндүк бербегени» менен котормодогу «айта турган нерселерди айтууга сөздүн күчү жетпейт» деген тариздеги которулган маанисинен ачык байкалат. Бирок, мындай которууну кемчилик деп айтуу жаңылыштык. Анткени, көркөм котормонун теориясында поэтикалык чыгармаларды которуунун талаптарына ылайык салыштырмалуу эркин которуу жагдайы каралган. Же болбосо, бул мааниде изилдөөчү О.В.Науменконун төмөнкү пикири орундуу болуп чыга келет: *«Основной чертой поэтического перевода по сравнению с прозаическим является его относительно свободный характер. Строгая композиция и условность поэтической речи практически не дают возможности найти прямые соответствия. Речь идёт не только о языковых соответствиях, но и о метрических. Много трудностей в переводе также вызывает рифма. Но эта составляющая касается исключительно классических (либо же традиционных) стихотворений. У современной поэзии нет чётких правил. Она отличается полной свободой формы, акцент делается на смысле»*[1].

Албетте, ар бир изилдөөчүнүн которуу ишмердүүлүгүнө байланыштуу жеке позициясы бар. Ошентсе да, А. Токтогуловдун аракеттери колдоого татыйт. Анткени, ал бул ырдын структурасын сактоого умтулуу менен маанилик жагын эркин котормого салган. Буга мисал катары аталган ырдын кийинки сабынын котормосу далил. Оригиналда ал бир гана сап менен берилсе, А.Токтогуловдо эки сапка сыйдырылган:

4.
Потому иногда я молчу.

4.
Мен кээде ошондуктан унчукпаймын,
Анан да бир турганга күн алдында.

Структуралык жактан бул ырда бир сөз бир сапты түзгөн учурлары да бар. Мисалы, ырдын 7-куплетинен ушул өзгөчөлүк байкалат:

7.
Я спешу порадоваться
бесшумно
разделяемой
улыбке.

7.
Мен даяр кубанууга
үн-сөзсүз
түшүнүшкөн
жылмаюуга.

Мындай ырларды окууда ар бир сапка тыным жасап, азга аярлап окууга туура келет. Мына ошондо гана анын мааниси, автордун толкундоолору, көздөгөн максаты, ырдын поэтикасы таамай сезилет.

Л.Левчевдин чыгармачылыгын талдоого алган изилдөөчүлөр анын ишмердүүлүгүн эки топко бөлүп карашат. Биринчиси – анын чыгармачылыгынын башаты, алгачкы ырлары, андагы курчтугу, кайраты, дүйнөнү багындырып алууга болгон лирикалык каармандын далалаты сезилип турат дешсе, чыгармачылыгынын экинчи этабында мезгилдин өтүшү менен адам баласы ар нерсенин маңызын түшүнүп, өткөн-кеткенге баа берип, салыштырып, өмүрдү максаты эмнеге алып келгендигин аңдоого жетелейт дешет[2]. Же болбосо, анын кийинки мезгилдеги ырларынан жаңыланган лирикалык каармандын максат-милдети – өзүн-өзү өнүктүрүү жана жаңы

[1] *Науменко О.В. Особенности поэтического перевода alba-translating.ru›ru/ru/articles/2013/…*
[2] *Кириллов П. Предупреждение Любомира Левчева. lgz.ru›article/N32--6287---2010-08-11…yubomira…*

турмушту куруу аракети менен тыгыз байланыштырылат.

Поэзия туундуларын которуу ишинде улуттук колоритти сактоо, учурдун жана мезгилдин духун кармоо, которуунун тактыгын жана сулуулугун эптөө сындуу маселелерди А.Токтогулов жакшы түшүнгөн. Ошондуктан, Л.Левчевдин айрым ырларындагы мезгилдин «духун», анын өзгөрүлмөлүү табиятын таамай бере билген. Бул мааниде, татаалдык жарата турган жагдай изилдөөчү О.В. Науменконун пикиринде эки жактуу көрүнүшкө байланат: *«Здесь переводчик должен помнить, что его перевод обязан отвечать запросам современного читателя, но это не значит, что он может «осовременивать» подлинник. С другой стороны, в его задачи входит создать в переводе атмосферу прошлого, которую читатель смог бы увидеть и прочувствовать, но чтобы при этом в нём не было чрезмерной архаизации. Таким образом, переводчик сталкивается с парадоксом, т.к., сохранив в переводе печать времени, ему нужно максимально приблизить его к читателю»*[1].

Чынында эле, котормо ишиндеги татаалдык автордун кайсыл мезгилде жашап, кандай жагдайлардан улам тигил же бул ырды жаратkandыгын туура түшүнүү үчүн мезгилдин «духун» сезүү талабы коюлат. Ыр жазылган учурдагы атмосфера автордун ички толгонууларына, образдарды иштеп чыгуусуна, дегеле, ырдын көркөм-поэтикалык табиятына түздөн-түз таасир тийгизет.

Канчалык которууга бута болгон калемгердин чыгармачылыгын терең үйрөнүп, ырларынын идеялык-тематикалык багытын, ыр түзүлүшүн так сактап которууга далалат кылган менен баары бир кемчиликтер болбой койбойт. Адабият изилдөөчүсү А.Н.Леонтьев которуудагы кемчиликтер төмөндөгү учурларда кетиши мүмкүн деп эсептейт: *«Любой перевод предусматривает определённые потери, часто приходится выбирать, на что делать акцент: на форме или на содержании. Немаловажную роль играет и индивидуальный стиль переводчика (его возраст, национальность, профессия, личный опыт, время создания перевода и т.д.). При переводе поэзии нужно помнить о главной задаче переводчика – воздействовать на чувства читателя так же, как это сумел сделать автор. И главное в этом деле – не перейти эту тонкую грань.»*[2]

Демек, А.Токтогулов болгар акыны Л.Левчевди которууда жогоруда белгиленген «чекти» туура баамдап, андан ашып кетпей, жеке индивидуалдуу стилин которуу ишмердүүлүгүндө пайдалана билген. Ошол эле учурда, акындын ырларынын стилдик, метрикалык курулуштарын сактоого аракет жасаган.

Жыйынтыктап айтканда, адабий чыгармачылыктагы көркөм котормо маселеси баштагыдай эле актуалдуу бойдон калып келет. Себеби, котормонун заманбап ыкмалары да поэтикалык туундулардын түбөлүк баалуулуктарын дале болсо толук кандуу чече албай келет.

**Адабияттар**

1. *Кириллов П.* Предупреждение Любомира Левчева. lgz.ru›article/N32--6287---2010-08-11…Lyubomira…
2. *Леонтьев, А.Н.* Особенности поэтического перевода / Науковий вісник Міжнародного гуманітарного університету. – №1. – 2010. С. 50 – 57.
3. *Науменко О.В.* Особенности поэтического перевода. alba-translating.ru›ru/ru/articles/2013/…
4. Өзүм жөнүндө ыр. Китепте: Аман Токтогулов. Тандалма чыгармалар, котормолор. Турар, Бишкек-2017, 48-бет.
5. Поэма. Китепте: Аман Токтогулов. Тандалма чыгармалар, котормолор. Турар, Бишкек-2017, 23-бет.
6. Улуу тамсилчи. Китепте: Аман Токтогулов тандалма чыгармалар, котормолор. Турар -2017, 331-бет.

[1] *Науменко О.В. Особенности поэтического перевода. alba-translating.ru›ru/ru/articles/2013/...*

[2] *Леонтьев, А.Н. Особенности поэтического перевода / Науковий вісник Міжнародного гуманітарного університету. – №1. – 2010. С. 50 – 57.*

УДК: 378.09:811.581 (575.2) (04)

**Лю Ижу,**
*к. э. н., старший преподаватель*
*Института Иностранных языков*
*Бэйханского университета*
**Liu Izhu,**
*k. e. PhD, Senior Lecturer*
*Institute of Foreign Languages*
*Beihang University*

# ТЕСТЫ ПО ЧТЕНИЮ ПРИ ОБУЧЕНИИ РУССКОМУ ЯЗЫКУ КАК ИНОСТРАННОМУ В КИТАЕ: ПРОБЛЕМЫ СТАНДАРТИЗАЦИИ, СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ (УРОВЕНЬ B2)

**Аннотация.** В статье отмечается, что тесты, направленные на определение уровня сформированности навыков обучения русскому языку в китайских вузах, содержат много текстовых материалов высокой художественной ценности и достоверности, а также в этих тестах должны учитываться особенности России, ее культуры, истории и искусства. Также было отмечено, что следует уделять больше внимания количеству текстов в тесте. Автор отметил, что необходимо рассмотреть вопрос об обновлении тестовых материалов, используемых в процессе тестирования в китайских вузах, и разработке тестовых заданий, выявляющих умение учиться чтению, умение работать с художественной литературой. Было указано, что на данный момент необходимо изучить характеристики образовательных тестов, используемых в Китае, и их совместимость с целями достижения уровня B2.

**Ключевые слова:** сформированность, тактики чтения, количество баллов, процесс тестирования, эмпатия, толерантность.

# КЫТАЙДА ОРУС ТИЛИН ЧЕТ ТИЛ КАТАРЫ ОКУТУУ ҮЧҮН ОКУУ ТЕСТТЕРИ: СТАНДАРТТАШТЫРУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮ, ӨНҮГҮҮ ДЕҢГЭЭЛИ (B2 ДЕҢГЭЭЛИ)

**Аннотация.** Макалада Кытай ЖОЖдорунда окуу көндүмдөрүн калыптандыруу деңгээлин аныктоого багытталган тесттер жогорку көркөмдүк баалуулукка, аныктыкка ээ көптөгөн тексттик материалдарды камтыгандыгы тууралуу жана ошондой эле Россиянын өзгөчөлүктөрү, анын маданияты, тарыхы, искусствосу да бул тесттерде каралышы керектиги айтылган. Тесттеги тексттердин көлөмүнө көбүрөөк көңүл бурулуусу керектиги да айтылган. Автор Кытайдын университеттеринде тестирлөө процессинде колдонулуучу тест материалдарын жаңылоо жана окууну үйрөнүү жөндөмүн, көркөм адабият менен иштөө жөндөмүн ачып бере турган тесттик тапшырмаларды иштеп чыгуу каралышы керектигин белгилеген. Кытайда колдонулуп жаткан окуу тесттеринин өзгөчөлүктөрүн, алардын B2 деңгээлине жетүү максаттарынын шайкештигин изилдөө учурдун талабы экендигине токтолгон.

**Негизги сөздөр:** калыптандыруу, окуу тактикасы, упайлардын саны, тестирлөө процесси, эмпатия, толеранттуулук.

# READING TESTS FOR TEACHING RFL IN CHINA: PROBLEMS OF STANDARDIZATION, CURRENT STATUS (LEVEL B2)

**Abstract.** The article notes that tests aimed at determining the level of formation of learning skills in Chinese universities contain a lot of text materials of high artistic value and reliability, and these tests should also take into account the peculiarities of Russia, its culture, history and art. It was also noted that more attention should be paid to the number of texts in the test. The author noted that it is necessary to

consider updating the test materials used in the testing process in Chinese universities, and developing test items that reveal the ability to learn to read, the ability to work with fiction. It was pointed out that, for the time being, the characteristics of the educational tests used in China and their compatibility with the B2 level targets need to be examined.

**Keywords:** maturity, reading tactics, scores, testing process, empathy, tolerance.

**Введение.** В связи с интеграцией отечественной образовательной системы в глобальное образовательное пространство, необходимостью унификации требований к содержанию и результатам обучения, возникает необходимость унификации и тестовых средств, средств осуществления контроля уровня сформированности академических, социальных, профессиональных компетенций. На протяжении последних десятилетий одной из наиболее эффективных форм контроля при обучении русскому языку как иностранному (РКИ) являются тесты. Вопросы разработки тестов, выявления особенностей их применения в процессе обучения РКИ, преимущества тестового контроля рассматривались в работах Т. М. Балыхиной[1], О. Л. Андреевой[2], Г. Ш Азитовой[3], Л. М. Петрика, А. А. Белоглазова, Л. Б. Белоглазовой, Л. Н. Третьяковой[4], Х. Э. Исмаиловой, О. В. Бондаревой, Е. А. Кувшиновой[5] и др. Однако, несмотря на внушительное количество работ, посвященных выявлению особенностей тестового контроля, изучение особенностей тестов, которые применяются в процессе диагностики уровня сформированности отдельных речевых навыков с позиций их соответствия поставленным целям и задачам обучения РКИ, в отечественной научной литературе представлено фрагментарно. Остается не до конца изученной проблема соответствия предлагаемых сегодня тестовых материалов выявлению объективного уровня сформированности навыков чтения. Более того, практически отсутствуют работы, посвященные выявлению особенностей текстов, которые используются в процессе тестового контроля при обучении РКИ в Китае. Возникает противоречие, обусловленное рядом факторов: (1) прежде всего, усилением взаимодействия между РФ и КНР, в результате чего численность жителей Китая, изучающих русский язык возрастает; (2) повышением требований к уровню сформированности читательской компетенции, овладению навыками чтения как рецептивным видом речевой деятельности, обеспечивающим обучающихся умениями работы с текстами различных функциональных стилей, извлекать из них личностно, социально или профессионально значимую информацию; (3) выдвижением более высоких требований к тестам, которые применяются в процессе диагностики различных видов речевой деятельности и отсутствием понимания соответствия используемых сегодня в КНР тестов целям формирования навыков чтения на уровне В2. Разрешение указанного противоречия обусловливает *актуальность исследования.*

---

*[1] Балыхина Т. М. Адаптационные тесты (I уровень общего владения РКИ): Учеб. пособие. – 2-е изд., доп. – М. : МГУП, 2005 (ИПК МГУП). – 128 с.*

*[2] Лазарева О. А. Школа тестора: лингводидактическое тестирование ТРКИ-TORFL: методическое пособие для преподавателей РКИ : [методы, приемы, результаты]. – Москва: Русский язык. Курсы, 2013. – 144 с.*

*[3] Азитова Г. Ш. Учебное пособие. Лексика. Грамматика (Тесты для текущего контроля обучающихся по РКИ. Элементарный уровень): [учебное пособие: тесты для текущего контроля обучающихся по РКИ. Элементарный уровень]. Подготовительный факультет для иностранных учащихся Казанского (Приволжского) федерального университета, Евразийский институт Хэнаньского университета, Кафедра иностранных языков. – Москва: Перо, 2018. – 96 с.:*

*[4] Научно-учебные тексты и тесты при изучении имени числительного на занятиях РКИ: учебно-методическое пособие / [Л. М. Петрик, А. А. Белоглазов, Л. Б. Белоглазова, Л. Н. Третьякова]; Федеральное государственное автономное образовательное учреждение высшего образования «Российский университет дружбы народов». – Москва: Российский ун-т дружбы народов, 2018. – 49 с. :*

*[5] Тестирование по РКИ [Текст]: методические материалы для проведения практических занятий / Х. Э. Исмаилова, О. В. Бондарева, Е. А. Кувшинова. – Москва: Российский ун-т дружбы народов, 2019. – 77 с. : ил., табл.*

*Целью исследования* является изучение особенностей тестов по чтению, которые применяются сегодня в Китае, с позиций их соответствия целям достижения уровня В2.

**Обзор литературных источников.** Логика проведения данного исследования требует, прежде всего, выявления требований, которые выдвигаются к развитию навыков чтения на сертификационном уровне В2.

В соответствии с требованиями Приказа Министерства образования и науки РФ № 255 «Об утверждении уровней владения русским языком как иностранным языком и требований к ним», применительно к навыкам чтения на сертификационном уровне В2 обучающийся должен «уметь читать публицистические и художественные тексты описательного и повествовательного характера с элементами рассуждения, а также смешанные типы текстов, включающие авторскую оценку»[1]. Соответственно, на данном этапе осуществляется развитие навыков обучения чтению публицистических и художественных текстов, а также смешанных текстов, выявления рассуждений и авторской оценки.

Принимая во внимание поставленную цель обучения, главной задачей тестирования выступает «проверка уровня сформированности коммуникативной компетенции в области чтения, которая определяется на этом уровне, во-первых, способностью читающего понимать и адекватно интерпретировать тексты, относящиеся к социально-культурной и официально-деловой сфере общения, а также читать художественную литературу; во-вторых, умениями читающего применять и комбинировать тактики чтения (просмотрово-поисковое, с общим охватом содержания, изучающее) адекватно поставленной задаче»[2]. Соответственно, главными задачами тестирования по чтению выступает выявление уровня сформированности извлечения из текста социально-культурной и официально-деловой информации, а также навыков применения различных тактик чтения.

Типичный тест по чтению, который используется сегодня в Центре тестирования иностранных граждан, рассчитан на 60 минут, максимально возможное количество баллов составляет 150 (100%). Объем представленных текстов составляет 400–600 слов. Используются адаптированные аутентичные материалы[3].

Тест состоит из двух частей, которые включают 25 заданий[4]:

1. Часть 1 включает 15 заданий, направленных на выявление уровня сформированности навыков поискового, просмотрового чтения и чтения с общим охватом содержания:

a) задания 1–8 направлены на выявление уровня сформированности умения и навыков извлечения из текстов фактической информации, вычленения главной и второстепенной информации, понимания эксплицитно выраженного отношения автора. Задания выполняются на основании Текста 1, представляющего собой законченное сообщение повествовательного или описательного характера, тематика которого ограничена социально-культурной или официально-деловой сферами. Объём текста – 150–200 слов.

b) задания 9–15 направлены на выявление способностей обучающихся извлекать информацию о содержании текста в целом, определять его тему, идею, разграничивать главную и второстепенную информацию, представлять логическую схему развертывания концепции текста. Выполняются на базе Текста 2, который носит социально-повествовательный характер с элементами рассуждения. Объём – 200–250 слов.

2. Часть 2 (задания 16–25) направлены на выявление уровня сформированности умений и навыков работы с текстами художественной

---

*[1] Приказ Министерства образования и науки РФ от 1 апреля 2014 г. N 255 «Об утверждении уровней владения русским языком как иностранным языком и требований к ним»// Российская газета. Электронный ресурс. Адрес доступа: https://rg.ru/2014/06/20/urovni-dok.html*

*Центр тестирования иностранных граждан Московского государственного лингвистического университета. Электронный ресурс. Адрес доступа: https://trki.linguanet.ru/o-tsentre/*

*[2] Типовые тесты по русскому языку как иностранному. Второй сертификационный уровень. Общее владение / Аверьянова Г.Н. и др. – М. – СПб: «Златоуст», 1999. – 112 с.- С. 4*

*[3] Центр тестирования иностранных граждан Московского государственного лингвистического университета. Электронный ресурс. Адрес доступа: https://trki.linguanet.ru/o-tsentre/*

*[4] Типовые тесты по русскому языку как иностранному. Второй сертификационный уровень. Общее владение / Аверьянова Г.Н. и др. – М. – СПб: «Златоуст», 1999. – 112 с.- С. 59*

литературы: способность следить за ходом рассуждений, определять сопричастность автора к описываемым событиям, выражать собственное отношение к прочитанному. Задания выполняются на базе Текста 3, который представляет собой небольшой рассказ или целостный фрагмент художественного текста.

**Результаты и обсуждение исследования.** Принимая во внимание выявленные требования к тестовым заданиям, которые предъявляются сегодня при выявлении уровня сформированности навыков чтения, представляется целесообразным обратиться к выявлению соответствия текстов и заданий, используемых в процессе тестирования в китайских вузах.

Прежде всего, хотелось бы остановиться на структуре теста. Как правило, типичный тест, который используется в китайских вузах, не подразделяется на два подтеста. Содержит не три, а четыре текста:

1. Объем первого текста составляет от 400 до 500 слов;
2. Объем второго текста составляет от 200 до 300 слов;
3. Объем третьего текста – от 400 до 500 слов;
4. Объем четвертого текста – от 400 до 500 слов.

Как видим, объемы текстов существенно увеличены, что обусловливает необходимость увеличения времени на осуществление процедуры тестирования.

Первый текст, как правило, представляет собой законченное сообщение повествовательного или описательного характера, может носить воспитательный характер, отражает особенности национальной ментальности, истории и культуры России, например:

*Я с мамой был в плену в Германии. Там мы работали на заводе и меня не учили читать* – как видим, указанный фрагмент текста отражает особенности исторического развития России, описанные события относятся к трагическим событиям Второй мировой войны. С одной стороны, подобные тексты, безусловно, способствуют лучшему пониманию студентами особенностей развития РФ. Однако с тех времен прошло 75 лет, несмотря на то, что победа в войне стала одной из важнейших страниц в истории России, на сегодняшний день описанная ситуация кажется устаревшей. В данном аспекте тестовые материалы не отражают особенности России на современном этапе. Необходимо отметить, что из-за недостатка текстов, отражающих особенности социального, культурного, политического устройства современной России, до сих пор широко распространёнными являются «квазистереотипные представления о России как о стране мехов, шуб и водки, – всех атрибутов русской зимы и холода»[1]. Даже значительные социальные, экономические и политические изменения, которые произошли в России в конце XX-начале XXI вв. почти не изменили ее образ в зарубежных СМИ, которые по-прежнему рисуют Россию как страну «икры, троек, самоваров и золотых куполов»[2].

Второй текст, как правило, направлен на ознакомление обучающихся с произведениями русской литературы, содержат фрагменты произведений, например:

*II вот однажды утром жители деревни увидели вдали прекрасный белый корабль с алыми парусами. Все побежали к морю, чтобы посмотреть на это чудо. Корабль медленно приближался к берегу. Ассоль вбежала по пояс в тёплое море, крича:*

*– Я здесь, я здесь! Это я!*

Содержание подобных текстов позволяет ознакомить студентов с богатством и многообразием русской литературы и культуры, красотой русского литературного слова, характеризуется высокой степенью аутентичности. В свою очередь, аутентичные материалы на иностранном языке позволяют:

---

[1] *Панова Л.В., Харитонова О.В. Учебник для преподавания русского языка как иностранного как элемент лингводидактического дискурса преподавателя-русиста // Интернет-журнал «Мир науки». 2016. Т.4. № 6. [Электронный ресурс]. – URL: http://mir-nauki.com/PDF/82PDMN616.pdf (дата обращения: 07.04.2018).*

[2] *Панова Л.В., Харитонова О.В. Учебник для преподавания русского языка как иностранного как элемент лингводидактического дискурса преподавателя-русиста // Интернет-журнал «Мир науки». 2016. Т.4. № 6. [Электронный ресурс]. – URL: http://mir-nauki.com/PDF/82PDMN616.pdf (дата обращения: 07.04.2018).*

1) расширять объем этнокультурных знаний;

2) развивать мышление, воображение, память;

3) формировать умения анализировать и выявлять общие и отличительные свойства соизучаемых культур;

4) формировать исследовательские умения: умения самостоятельно познавать культуру страны изучаемого языка, используя лингвострановедческие словари, энциклопедическую и справочную литературу, СМИ, средства интернет-коммуникации;

5) воспитывать эмпатию, толерантность, уважение к ценностям другого народа, культурному достоянию как своей, так и другой страны.

Иначе говоря, подобные тексты отличаются высоким образовательно-воспитательным потенциалом.

Третий текст, как правило, направлен на ознакомление студентов с ведущими деятелями культуры, науки РФ, выдающимися историческими личностями и т. д., например:

*Алексей Владимирович Баталов – известный российский артист театра и кино.*

При работе с подобными текстами у обучающихся формируется система представлений об особенностях культурной жизни России, особенностях развития её искусства и культуры. В то же время, чаще всего подобные тексты содержат реалии, номинации объектов социокультурной действительности РФ, отсутствующие в культуре Китая, например:

*Он мечтал о своей собственной машине и купил старую недорогую **машину «Москвич»**, которую любил ремонтировать сам.*

**Аннотация.** Макала илимий-публицистикалык стилде жазылып, анын алкагында «акыл», «акылмандык», «абийир» түшүнүктөрүнүн концептуалдык маңызы анализденип, логикалык талдоонун негизинде алардын онтологиялык табияты, гносеологиялык мааниси тастыкталат.

**Негизги сөздөр:** «акыл», «акылмандык», «абийир», сөз, ой, тарыхый инсан, харизма, учур чак, келер чак, «Ал», «Мен», «Жогорку – Мен» түшүнүктөрү.

## ОНТОЛОГИЧЕСКОЕ РАЗМЫШЛЕНИЕ О РАЗУМЕ, МУДРОСТИ И СОВЕСТИ

**Аннотация.** В содержании данной, написанной в научно-публицистическом стиле, статьи анализируется концептуальная сущность понятий «разум», «мудрость», «совесть», и в ней на основе логического анализа раскрывается их онтологическое содержание и гносеологическое значение.

**Ключевые слова:** разум, мудрость, совесть, слово, мысль, истрическая личность, харизма, прошлое, будущее, настоящее, понятия – «Он», «Я», «Сверх-Я».

# ONTOLOGICAL REFLECTION ON REASON, WISDOM AND CONSCIENCE

**Abstract.** The content of this article, written in a scientific and journalistic style, analyzes the conceptual essence of the concepts «reason», «wisdom», «conscience» and reveals their ontological content and epistemological meaning on the basis of logical analysis.

**Keywords:** reason, wisdom, conscience, word, thought, historical personality, charisma, past, future, present, concepts – «He», «I», « Super ego».

Тагдыр субьективдүү феномен катары ар бир пенде баласынын өз колунда. Демек, бул ойбүтүмдүн логикалык семантикасы жакшы-жаман мүнөздүн тамырын өзүнөн эмес өзгөлөрдөн издөө – өз ишин башка бирөөгө жүктөө дегендик. Булуң-буйткалуу татаал турмушта аты жакшы, заты жаман, аты жаман заты жакшы, аты, заты да жаман, аты, заты да жакшылар болот. Бирок, жакшы болуш аста-аста, жаман болуш бир паста деп, жакшылыкты күтө билиш керек шекил адилет айтылган ойкорутунду накыл кеп бар. Ырас эле жакшы болуш бардыгынын колунан ар дайым эле келе бербес. Ал эми жакшынын жакшысы болуш чанда бир кишинин, жакшы болуш жараткандын амири менен бешенесине бүткөн касиеттүү инсандардын энчиси. Өзгөчө инсандык касиет өзгөчө сөз же сөз айкашы менен туюндурулат. Сөз – жалпыланган түшүнүк. Ыйык сөздө ыйык ой камтылат.

Курулай-көңдөй эмес, маңыздуу айтылган сөздү да идиреги бар, сөз баркын билген инсан айтат, сүйлөйт. Аз, бирок саз сүйлөгөн чечендер бар. Бир укум сөзгө бакандай ойду батыргандар бар. Сөз – улуу кубулуш, улуу бурулуш. Анткени, ал адамга адамдыкты тартуулады. Сөздүн кудурети бир адамдын эс-акылына ээ бербейт. Мүмкүн бүтүндөй адамзаттын акыл-эси менен чenelээр. Жакшылык, жамандыгы тизгиндеш жүргөн катаал жашоо мыйзамына баш ийип өмүр өтүп кеткенден кийин адам баласынын анын инсандык кудуретине жараша иши, сөзү калат экен. Сөз, аны менен бирге менталитет (элдик «эс-акыл») элдин «улуттун» элдүүлүгүн аныктап турат.

Ар бир элдин тек өзүнө гана тиешелүү, кылымдарды карытып, турмуштун тар жол, тайгак кечүүсүндө калыптанып келген, өзгөчөлүктөрү бар. Турмуш-жайы, тиричилиги, татаал тарыхы менен шартталып, жалпы калктын жан дүйнөсүнө сиңген ал өзгөчөлүктөр элдин элдүүлүгүн аныктаган, мазмуну терең, мааниси кенен татаал туюнтмалардын, түшүнүктөрдүн жаралышына шарт түзөт. Турмуштук зарылдыктан улам, орду менен кыргыз кыртышынан жаралып, омоктуу ойду камтыган мындай туюнтмалардын бири – Аке түшүнүгү. Аке түшүнүгү – элдик акылмандыктын символу. Акенин акелиги анын мааниси терең, масштабдуу сөзүндө. (Мындан ары макалада акелик же тагыраак айтканда тарыхый инсан Кыдыр-Акеге тиешелүү логико-психологиялык штрихтер элдик акылмандыктын көрүнүшү катары пайдаланылат). Учкул, курч айтылган сөз менен турмуштук бай тажрыйбадан, өзгөчө жөндөм-дээрден улам калыптанган мазмуну терең ойдун жуурулушу акелик үчүн мүнөздүү көрүнүш. Акелер – сөз баккан ойчулдар.

Бир караганда жөнөкөй баамдалган бул үч тамгадан турган кадимий сөз даанышман, кеменгер инсан-ойчулдардан (айталы «акелердин») уңгулуу өмүр-таржымалы, уюткулуу акыл-эс парасаты, үлгүлүү нарк-насил тажрыйбасынан улам турмуштук феноменге, коомдук кубулушка, тарыхый-философиялык туюнтмага, концептуалдык өңүттөгү түшүнүккө айланды. Кыргыз элинин кылым камтыган улуттук тагдыр-тарыхынын олуттуу бурулуш мезгили менен байланыштуу болгон Аке түшүнүгү жогоруда учкай кеп болгон нака элдик өзгөчөлүктөрдүн бири. «Акелик» акылмандыктын конкреттүү-тарыхый формасы.

Тарыхый бурулуш катары мүнөздөлгөн мезгил бүктөмүндө же коомдук өткөөл кырдаалда учурдун учугун аңдай албай, заман нугун тактай албай ички-сырткы себептерден улам нечендеген белгилүү-белгисиз эл (этностор) турмуш тузагына илинип, көздөн кайым болду. Мына ушундай кырды-бычак абал кыргыз элинин энчисине бир эмес бир нече курдай туш болду. Элдин ыркы кетип, тышкы күчтөр азуусун жанып турган XIX–XX кылымдарда түндүк кыргыздарынын улут тагдыры кыйкым болсо

үзүлүп кетчүдөй кыл учунда илинип турганда оопасыз апааттан элден чыккан акылмандар сактап калган. (Үркүн деп аталган коогаландуу тарыхый окуя, улуттук козголоң, социалдык катаклизмде учкул акылы менен учур күрдөөлүн кылдат туя билген Кыдыр-Аке өз элин кызыл кыргындан сактап калган).

Акыл, эс-акыл, акылмандык түшүнүктөрүн аздектеген же пир тутуу илимдердин илими болуп келген философияны нечен кылымдар бою түйшөлтүп келген маселе. Жер каймактап, Турпаты, Тиричилиги, Сөзү, Ою, Максаты менен макулуктар дүйнөсүнөн суурулуп чыккан адамзат жашоо башатынан эле Акылмандыкты өнөр туткан, түбөлүк чындыкты издеген өзгөлөрдөн ой жүгүртүүсүнүн тереңдиги, дааналыгы, кенендиги менен айырмаланып турган инсандарды «философ» деп атап, алардан таалим алып, аларды ызааттап-урматтап келишкен. Бул жагдайды эске алсак Кыдыр-Аке элдик философ же элдик акылман болгон десек аша кеткендик болбойт. Албетте, баса белгилей кетүү керек, элдик философ менен профессионал философтун кескин айрымасы бар, бул өзүнчө аңгемелеше турган маселе.

Акылмандык – табигый талант-жөндөмү аркылуу, мезгил менен мейкиндик шарттаган пенделик чектелгендиктин чырмалган торун силкип таштап, өз доорун болочок менен жалгаштыра билген, оңой менен түшүнүүгө мүмкүн болбогон турмуш нугун кылдат сезе-туя билген, ойчабыты менен жашоонун эң жогорку баалуулуктарын инсандык турпатына сиңирген адамдык касиет. Акылмандык – бул конкреттүү билимге негизделбеген, илимий фактыларга таянбаган, бирок көптөгөн жүйөөлүү сыяктуу пикирлердин эң мыкты-туурасын так аныктай билүү болуп эсептелет. Мисалы, белгилүү тарыхый инсан, ойчул Кыдыр-Аке тубаса кыраакылыгы менен кыргыз кыртышын, кыргыз мейкиндигин же өз доорунун өзгөчөлүктөрүн (ички жана тышкы карама-каршылыктарын) туура баамдап, элдин келечеги кандай шартта камсыз болоорун аныктай алды. Турмуш нугунун күрөө тамырын кылдат аныктап, турмуштук тажрыйбаны так жалпылоонун негизинде келечектүү учурдун зарыл, келечектүү жагдайларын, багытын баамдай алды.

Акылман өз ой-түшүнүгүн эч качан зордук менен таңуулабайт, ал улуттук кыртышты эске алып, кырдаалды так аныктаган жөндүү пикирин өңгөлөрдү кемсинтпей аларга жеткилең түшүндүрүүгө, аларды ынандырууга аракеттенет. Ал өзүнүн тубаса жөндөмдүүлүгү менен башкалардын мүдөөсүнүн ортосундагы айырмачылыкты жалпы кызыкчылыкка айланта алат, эл мүдөөсүн өзүнө максат кылып коюп, өңгөлөр аткара албаган ишти аркалайт. Акылман өзүнө каалабаганды өзгөлөргө да каалабайт, абийирдин алдында таза болуу – анын негизги турмуштук кредосу. Ошондон улам жогоруда учкай белгиленген элдик акылмандардын бири Кыдыр Аке «Туура бийде тууган жок, тууганчыл бийде ыйман жок» деген накыл кебин кайра-кайра кайталап келген. Ал тар жол, тайгак кечүү менен шөкөттөлгөн турмуш сапарын, нечен ирет туңгуюкка барып кептелген эл тагдырын табиятынан бешенесине бүткөн таланты менен терең ойго ширелген күүгө салып катаал күндөрү комузун колдон түшүргөн эмес. Кырды-бычак курч кырдаалда да комузун кылыч-найзага алмаштырган жок. Омоктуу ой сиңирилген орундуу кеп-сөзү менен далайлардын ачуу сезимин жооткотуп, кыябын таап кайчылаш кырдаалды жумшартып келди. Арийне, акылмандар акылэс энчисине бүткөн адамзаттын универсалдуу, жалпы, түпкү тилеги менен пенделиктин чен өлчөмүн так ажыратат, бирок алар зили барып намыска бек, керек учурда эл-жери үчүн жоо бетинен жалтанбайт...

Адатта акылмандар учурдун укуругу менен ооздукталган кырдаалдын кыябынан улам жаралган убактылуу жеке кызыкчылыктарынан көпчүлүктүн мүдөөсү үчүн баш тартат, алар бир күндүк (түбөлүк) кубанычты бир минуталык (убактылуу) ырахаттан артык көрүшөт. Бир күндүк өмүрүң болсо түштүгүнө жорго минүү эмес, өз көмөчүнө күл тартуу эмес, таш боор кырсык жалама аскага такап турса да, бир күн эмес бир минуталык өмүрү болсо да аны көп менен көргөн бейиш деп жашоо, өз мүдөөсүн көпчүлүктүн каалоо-тилеги менен матап-чектей алган азганекей адамдар эл акылмандыгына татыйт. Эгерде турмуш шартына жараша өзүн-өзү чектөө (пассивдүү сапат, толеранттуу эрк) чыдамкайлык болсо, кыйын кезең-кырдаалдагы чечкиндүүлүк (активдүү эрк) баатырдык болсо, акылмандык мына ушул эки сапатты ыгына жараша туура колдоно билүү болуп эсептелет. Акылман пенделик мүдөө-тилек, каалоо турмуш койгон талаптар менен чектелерин алдыртан сезе билет, алдыга койгон максаттардын кайсынысы атка-

рылбасын, кайсынысы аткарылаарын кылдат туя билип, ошого жараша аракеттенет.

Австриялык ойчул-жазуучу Стефан Цвейгдин мындай сөзү бар: «Саясий акылмандыктын биринчи белгиси – ишке ашпай турган иштен алдын-ала баш тарта билүү». Кыдыр-Аке да жалпы элдик кырсыкты алдын ала боолгоп, орус эли менен тил табышып жашоо зарыл экендигин эл-журтуна ачык айтып келген. Бирок, тилекке каршы, акылмандардын айтканын ар дайым эле уга бербейт экен.

Жогоруда биз сөз кылып келген «акылман» түшүнүгү «акыл» түшүнүгү менен синоним, мааниси боюнча окшош, бирок алардын айырмасы бар. Акылман – акылдуу, ал эми акылдуу ар дайым эле акылман боло бербейт. Акылмандык акылга караганда кеңири түшүнүк. Акылмандын акылы жүрөктөн түнөк алып, масштабдуу, түпкү инсандык касиет менен байланыштуу, анын айткан кеп-кеңеши сиңимдүү, жугумдуу келип, угармандын жан-дүйнөсүн өзүнө арбап алат. Акылдууга акылсыз сымал көрүнгөн же байкалган кандайдыр бир нерсе, кубулуш акылманга алда канча маанилүүдөй көрүнүп-билиниши толук мүмкүн. Акыл кимдир бирөөлөрдүн анын табиятынан шыбагасына бүткөн жөндөмдүүлүгү, ал эми акылмандык акылдуу өмүр сүргөн бийик инсандын ыйык жашоо образы. Акылмандык – акылдын акылы, акылдуулукту акыл менен колдоно билүүнүн тажрыйбасы. Акылман ар бир конкреттүү нерсенин чыныгы илимий себеп-натыйжасын так-даана билбеши мүмкүн, бирок ал жеке нерселерди камтып, жөндөп турган жалпылыкты өтө жакшы билет. Акылмандык кандайдыр даяр билимдердин жыйындысы эмес, ал билим менен белгисиздик жалгашкан мейкиндиктеги орундуу терең ой жүгүртө билүү болуп эсептелет. Касиеттүү Кыдыр-Акенин айылында, айланасында да акылдуу адамдар көп болгон, бирок накта акылмандыктын деңгээлине өз мезгилинен озуп Кыдыр-Аке, жалпы эле «акеликтин» ысымы белгилүү өкүлдөрү көтөрүлө алды.

Акылмандык түшүнүгү барып-келип турмуш чындыгы менен байланыштуу экендигине, же белгилүү акын-ойчул Гете айткандай, «акылмандык – чындыкта». Арийне, акылман адам кыраакы, көрөгөч болот. Анткени, айрымдар жалгыз дарактын артындагы калың токойду айрып тааный албаса, акылман калың токойдун далдаасындагы жалгыз даракты айрып тааный алат, көкүрөгү менен туя алат, зирек акылы менен көрө алат. Кыраакы көрөгөч инсандар байкалбаган, оңой менен аңдалбаган нерселерди тубаса купуя алтынчы сезими менен байкап-аңдай алат. Ал өзүнүн дарамет тажрыйбасына таянып, табиятынан энчисине бүткөн тубаса сезимталдыгына (интуициясына) терең ишенет. Ал боло турган коопсуз окуяларды алдын ала туя билет, андыктан кыраакы көрөгөчтүк көзү ачык деп мүнөздөлөт. Кыраакы, көрөгөч инсан эмнени качан, кандай кылышты (же кылбашты) билет.

Жашоо тынымсыз процесс, жалпысынан токтоп калбайт, биринен бирине өтүп аалам ордунан оодарылбаса чексиз улана берет. Өмүр, тарых, деген менен, кандай гана окуя, кубулуш болбосун ал мерчемдүү убакыт-мезгилдин ырааттуулугу менен түшүндүрүлөт эмеспи. Өткөн чак, учур чак, келер чак – мезгил ченем-мерчемдери, өткөн чак – тарых, учур чак – бүгүнкү болмуш, келер чак – максаттуу келечек. Кыраакы-көрөгөч инсан бири-бири менен тыгыз байланышкан өтмө катар тарыхты, болмушту жана максаттуу келечекти кылдат айкалыштырып, алардын түпкүрүндөгү күрөө тамырынын кагышын, башкача айтканда аларды байланыштырып, алардын жалпылыгын аныктап турган мыйзам ченемдүүлүктөрдү так ажыратып сезип-туя билет. Кеп ыңгайына ылайык учкай белгилей кетүүчү нерсе өткөн чак, учур чак, келер чактын өз ара өтмө катар (мыйзамченемдүү) байланышы турмуш нугун терең аңдай алган көрөгөч инсандардын болочокту жаңылбай аныктоосуна шарт түзөт. Демек, кандайдыр бир жол менен (анын ичинде кыраакы көрөгөчтүк менен) алдын ала аныкталган же айтылган, же баамдалган пикирлердин тереңинде өткөнчакты (тарыхты), болмушту, азыркы учурду жакшы билгендик камтылган, ал белгилүү нерселердин негизинде белгисиз нерселерди аныктай билүү болуп эсептелет. Акылман атайын билим албаса да жашоо-турмуштун уңгулуу нугун идирек сезимталдыгы менен даана туя билген, тигил же бул окуя-көрүнүштөрдүн далдаасында, тереңинде аларды тутумдаштырып, жөндөп турган жалпылык (азыркыча – жалпы мыйзам) бар экендигин баамдаган. Өткөн чакка таянып, учурдун күрөө тамырын кылдат кармай билип, болочогун аныктай билген. Акылмандын

мындай касиеттери өз заманынан озууга, мезгил-мейкиндиктин өктөм чектөөлөрүнөн суурулуп чыгууга, ысымын тарых бетине өчпөс тамгалар менен жазууга шарт түздү.

Акылман эл, журт, калк татаал уюмдашкан кубулуш экендигин, ошол эле учурда өткөн чак менен, аны танып өз статусуна ээ болууга умтулган келер чактын кайчылаш багыттары ургаалдуу учур чактын бүйүр дымагын кызытып, турмуш «ритми» өз калыбынан чыгаарын, саясий кырдаал курчурун аңдай алган. Көңүл тереңинде өткөн мезгил менен жаңы доордун аларга мүнөздүү касиет-белгилери, кошоктошуп ар кандай турмуштук сыноолор болоорун, ошондуктан өткөөл мезгилдин өзгөчөлүгүн акыл-эс менен аңдай билүү жаңы доордун жеңишине өбөлгө түзөөрүн билген. Эгерде кандайдыр себептердин негизинде турмуштук жаңылыктардын калыптанышына шарт түзүлбөсө, анын кесепети тиерин да туя билген. Жаңы менен эскинин айкалышы же эскинин акырындык менен жаңыга ылайыкташып башка сапатка өтүшү кыйла мезгилди талап кылаары да астейдил сезе билген. «Ачуу-душман, акыл-дос» деп айкөлдүккө, сабырдуулукка үндөгөн. Жөнсүз доомат, жалган ураан же өтүп кете турган бүгүнкү убактылуу кыйынчылыктардын туткунунда калуу, ачууга алдырып, эмоцияга жендирсек, келечегибиз эмне болот деп кабатырланган. Зар мезгилдин ансыз да түтөп турган очогуна күйүп кетүүдөн, акыл-эске коошпогон кескин аракеттерден оолак болууга чакырган. Кысталыш учурдун туткунунда калбай, «жети өлчөп бир кесип» дегендей болмушка астейдил саресеп сала билүү келечектин өбөлгөсү экендигине көзү жеткен. Ушундай акылмандык сапатты мүнөздөгөн байыркы грек философу Демокриттин мындай деп айтканы бар: «акылман үч касиетке ээ – биринчиден, туура чечим кабыл ала билет; экинчиден, жаңылбай калыс сүйлөйт; үчүнчүдөн, ою менен иши дал келет».

Кыраакы, көрөгөч адамдын мүнөзү да өзгөлөргө окшошпойт. Өзгөчө экендигин билдирбейт, оор басырыктуу. Өзүн-өзү көтөрө чалбайт, өзү жөнүндө сүйлөбөйт, бирөөлөрдү кемсинтпейт. Алардын накта адамгерчиликтин көрөңгө-угутун түзгөн «ички мени», ички маданияты, жан-дүйнөсү бийик болот. Алардын жашоо таржымалы – көрпенделикти адамкерчиликке баш ийдирүүнүн үлгүсү. Алардын кыраакы-көрөгөчтүгүнүн тамыры өткөн чак – учур чак менен келер чактын экендигин, учур чак – өткөн чак менен келер чактын чындыгы, алардын ширөөсүнөн бүткөн айгинеси экендигин, келер чак – өткөн чак менен учур чактын туундусу экендигин сезип-туя, түшүнө билгендигинде. Ушул аталган мезгил мерчемдери бири-бири менен өтмө-катар тыгыз байланышта экендигин кылдат баамдай алгандар гана тигил же бул окуяларды алдын-ала болжоп биле алат.

Бүгүнкүбүз – кечээкибиздин көлөкөсү, эртеңкибиздин элеси. Бирок, анык кыраакы-көрөгөч акылман инсандар менен алакан ачымыш болуп калпты-чынды койгулаштырган кокусунан эле «көзү ачыла калгандарды» айырмалай билүү зарыл. Мындайлар айрыкча өткөөл мезгилде өзгөчө күчөп кетет. Ушуга байланыштуу белгилей кетүүчү нерсе, мезгил ченемдери өткөн чак, учур чак, келер чакты жалгаштыра албаганданбы, айтор кай бир эл турмуш алааматына кабылып, андан аман чыга алган жок. Тарых бетинен нечендеген кубаттуу этностор ар кандай себептерден улам жок болуп кеткендиги маалым. Шүгүр, мындай каргашалуу энчи кыргыз калкынын энчисине тийген жок. Алакандай кыргыз эли да жакшы-жаман, жемиштүү же мүшкүл окуяларды баштан кечирди, бирок тарых бетинен сүрүлгөн жок. Анчалык көп сандаган калк болбосо да кылымдаган кылымдарды карытып келген кыргыз элин сактап келген купуя сырдын төркүнү – тагдыр чечкен тыңчыкма мыкты уул-кыздарында. Алардын катарында ак сакалын жайкалтып, алакан жайып берген ак батасы, нускалуу өмүр-таржымалы, каадалуу турган-турпаты менен айырмаланган Кыдыр Аке да бар. Белгилүү, орто кылымдагы ислам ойчулу Басринин мындай ой бүтүмү бар: «Мен адамдарды үч түргө бөлөм. Биринчи түрү – тамак-аш сымал күнүгө, ар дайым, ар бирибизге керек боло тургандар; экинчиси – дары сымал сыркоолоп калганда керек болгондор; үчүнчүсү – кесел сымал эч кимге кереги жоктор». Акылман, кыраакы-көрөгөч Кыдыр-Аке ар дайым эстен чыгарбай эскерип, осуятын үйрөнө, уланта турган өзгөчө инсандардын катарында.

Байыркы ойчулдардын бири таасын белгилегендей акылмандык – адам баласынын табигый турпатында, ал ички кооздук, сулуулуктун белгиси, жөнөкөйлүктүн жөлөгү. Бул айтылган жөндүү пикир акыл-кыраакылыгы менен

айырмаланган Кыдыр-Акенин мүнөз-парасатына куп келет.

Адатта жылдыздуу, сүйкүмдүү адамдардын өзгөчө сапаттарын мүнөздөгөн «харизма» же «харизматик» деген түшүнүк бар. Теги латын тилинен алынып, кооздукту, сулуулукту, сымбаттуулукту туюндурган үч кудайдын символу болгон бул сөздүн кыскача мааниси – өзүнө тартып (имерип, арбап) алып, өзгөлөргө нур чачып турган касиет деген түшүнүм. Харизмасы бар инсандар тегерегине ыңгайлуу кырдаал-абалды жаратып, турган турпаты, олуттуу кеп-пикири менен бардыгын өзгөчө маанайга шыктандырып, аларды тез эле өзүнө имерип алат. Ушундай касиети менен нарк-насили бийик харизмалуу (жылдызы жанган) адамдар башкалардан кескин айырмаланып турат.

И.Кант таасын белгилегендей үстүбүздөгү жылдыздуу асман жана нарк-насил (мораль) мыйзамы тууралуу канчалык узак, тез ой чабыттаткан сайын, ошончолук таң калуу, ырахаттануу менен жан дүйнөбүз дүрбөлөңгө түшөт. Жылдыздуу асман көк мелжиген, чаалыкпаган мезгил менен канатташ чексиз мейкиндик. Аны адам акылы менен аңдап-өздөштүрүп келсе, жан дүйнөнү сугарып келген «экинчи нерсе» – нарк-насил, абийир, ар намыстын элегинен жаралат. Абийир деген эмне? Адам менен кошо алмустакта жаралып, адилет коюлган бул суроо, айрыкча азыр өзгөчө мааниге ээ. Көнүмүш нугунан ашып-ташып ээ-жаа бербей сел жүргөн сымал, турмуш бейбаш азоолугун карматып, белгисиз-чексиз мейкиндикке оюн салган сайын адамдан Абийир качып, нарк-насили жукарып баратқансыйт. Табиятынан келишпес Жакшылык менен Жамандык эзелки, кайчылаш таарынычын унутушуп калышкандай. Аларды таразалап, оң-тетирисин ылгап турган Абийир дабасы табылбаган дартка кабылгандай. Абийирден ал кеткен сайын, жакшылыктын шайы бошоп, жамандыктын үстөмдүгү ырбап бараткансыйт.

Айтор жакшы менен жаман, дурус менен буруш тогошуп аңтарылган түшүнүктөрдүн маанилери алмашып калгансыйт. Кайдыгерликтин жөргөмүштүн желесиндей жайылган торунан бошой албаган абийир күндүзү шамчырак менен караңгы туңгуюктан жол издегендей. Тогуз жолдун тоомунда турган бүгүнкү турмуш ансыз да дүрбөлөңгө түшкөн жан-дүйнөнү ого бетер алдастатат. Акыл, ар-намыс, абийир жапайы сокур сезимдин туткунунда калгандай. Кер оокат деп чимирилген тулку-бойдун ээ бербеген эрки менен аң-сезим максатынан адашкандай, ак менен кара, жарык менен караңгы мезгил-мейкиндиктин адатта, катаал мыйзамына баш бербей калгандай. Бир караганда ушундай. Абийир ооматынан ажырагандай. Бирок, Абийир эмес. Анын жан-дүйнөнү жүгөндөгөн көндүм аңызы жаңырып жатпасын. Кирдеп-сардап кеткен эски тонун силкип таштаган турмуш жаңы түшүнүктөрдүн үрөнүн сээп жаткандыр. Жакшы ниет жарым ырыс, барга манчыркап, жокко мүңкүрөбөй жакшылыктан күдөр үзбөйлү. Абийир соту али алдыда. Андыктан сөз учугу абийир, анын маңызы тууралуу улансын.

Абийир оңой менен акыл-эстин бутасына илинбеген татаал түшүнүк. Ал жан дүйнөнүн өзүнүн өзүнө багытталган монологу же акыл менен болгон диалогу. Чөйрөнүн, коомчулуктун колдоосунда калган ички дүйнөдөгү карама-каршылыкты айкалыштырып ылайыктуу калып-нукка салып, табигый-жапайы сезимди акылдын алкагынан чыгарбай турган улуу күч. Адамды адам кылып турган да абийир. Албетте, адамдын пенделиги бар. Акылдын алкагынан чыгып, сезимге алдырган учурлар болбой койбойт. Бирок мындай курч учурлардын «ысыгы суугандан» соң сезимге бийлеткен жан-дүйнө абийирдин жалындуу отуна капталат. Абийир адамдын рух жаатындагы акылы менен сезимдин түбөлүк күрөшүнүн күзгүсү. Анан калса алмустактан адамдын табиятына мүнөздүү акыл менен сезимдин мазмуну өзгөрсө да күрөшү чексиз. Кечээ эле айныгыс чындык сымал өкүм сүргөн ой бүтүмдөр бүгүн минтип түбүнөн омкорулду. Алардын ордун бирибизге жагып, бирибизге жакпаган жоболор басып келет. Муну абийирдин мазмундук диапазонунун турмуш шартына жараша объективдеши катары түшүнөлү.

Абийирдин бийиктиги – инсандын улуулугу. Анын моралдык автономияга ээ болушу. Абийирге шек келтирүү өзүн-өзүнө каршы коюуга, өзүнө-өзү кыянатчылык, чыккынчылык кылууга тете. Ошондой эле өзүнө-өзү куштарланган, суктангандын оңой менен абийири ойгонбойт. Абийир – чексиз, анын кудурети адамдын жеке керт башы, үй-бүлөсү менен эле чектелбейт. Абийирдин **мокошу** нарк-насилдин жакырданышына алып келет. Арийне сезимтал адамдын абийири илбериңки келет: ал айрыкча колдоого, түшүнүүгө муктаж. Мындай адамга

абайлаган аяр мамиле зарыл. Ушундан улам өзүнүн абийирин кордобоо, тескерисинче аны күтө билүү – демократиянын түп талабы. Өз абийиринин алдында жооп берүү, өзгөлөрдүн күнөөсүн аңдоодон алда-канча татаал. Абийир – жан-дүйнөнүн өзү аркылуу тазарышы, арууланышы. Кептин ыңгайына жараша З.Фрейдге кайрыла кетсек. Адам психикасы үч аймактан турат: «Ал», «Мен», «Жогорку – Мен». Биринчи аймак туңгуюктагы бейаң (бессознательное) кубулушу; экинчиси – сырт дүйнө менен бейаңдын ортосундагы аң-сезим дүйнөсү; үчүнчүсү, «Жогорку -Мен» абийир кай бир деңгээлде моралдык цензуранын милдетин аткарат. Ошентип пенденин каалоо-мүдөөсүн канааттандырууга, ырахаттанууга болгон умтулуусу менен чындыктын, аң-сезимдин ыраattуу айкалышуусун Абийир камсыз кылат. Бири-бирине карама-каршы сүйүү менен жек көрүүнүн, оройлук менен боорукерликтин алкагы да абийирдин мүмкүнчүлүгүнө жараша. Ошону менен бирге бейаңга негизделген жапайы сезимдин (инстинкттин) Абийирге таасирин танууга болбойт. Бирок жапайы сезимдин убактылуу жеңиши түбөлүктүү абийир сотунан кутула албайт. Өз энесин өлтүргөндөн кийин, Нерон жан-дүйнөсүн кемирген сары убайымга туш болот: аны ар дайым энесинин көлөкөсү, Фуриблер (змея жен¬щина) от менен кубалап жүрүшөт. Кыңыр иш кырк жылда билинет. Эртедир-кечтир абийир соту болбой койбойт.

Дартка чалдыккан оорулуу абийир жоопко тартылгандан кийин же жоопко тарткандан азап. Өз күнөөсүн өзгөлөрдөн көрүп, өзүнөн башканын баарын абийирсиз эсептегендер бар. Актануунун жеңил – жөнсүз жолу учурга, заманга шылтай салуу, абийирсиз бийлик өзүнө өзү доо кетирет. Бирок, зили кара өзгөйлүктүн абийирди жеңүүгө кудурети жетпейт. Албетте, ар кимдин абийири ар кандай: жалган абийир, псевдоабийир же абийирсиздик бийик моралдык кодекске коошпойт. Кошундусу жок таза, абсолюттуу идеал абийир да болбойт. Ошентсе да жалпы нарк-насилдин алкагында таза абийир күткөн инсандар жок эмес.

Көңүл тереңинде кыт куйгандай орногон көйгөйлүү, санаага салып түйшөлткөн ойлордун соңунан астейдил айтаарыбыз азгырыкка алдырбайын деген Адам баласы абийирине шек келтирбес. Азгырык менен абийирдин арбашы адамдыктын беделине жараша чечилер.

**Адабияттар**

1. *Барулин В.С.* Социально-философская антропология. М.: Онега, 2006.

2. *Боэций Д.* Утешение философией. ООО Группа Компаний «РИПОЛ классик», 2017.

3. *Гегель Г.В.Ф.* Феноменология духа. / Г.В.Ф. Гегель. // Соч.: В 14 т. Т. IV. М.: Издательство социально-экономической литературы, 1959. 440 с.

4. *Лев Толстой.* Мысли мудрых людей на каждый день. Изд-во: Мартин, 2020 г.

5. *Труфанов С.Н.* Грамматика разума. / С.Н. Труфанов. / Самара. Гегель-фонд. 2003. 624 с.

УДК 101:330.101(575.2) (04)

**Козубаев Өскөн,**
*профессор,*
*Институт философии и социально-политических исследований им. А. А. Алтмышбаева*
*Национальной академии наук Кыргызской Республики, зав. отделом*
**Козубаев Өскөн,**
*Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А.Алтмышбаев атындагы*
*Философия жана коомдук-саясий изилдөөлөр институтунун профессору, бөлүм башчы*
**Kozubaev Oskon,**
*professor,*
*Institute of Philosophy and Socio-Political Research*
*named after A. A. Altmyshbaeva of the National Academy of Sciences*
*of the Kyrgyz Republic,*
*head. department*

## ФИЛОСОФСКАЯ РЕФЛЕКСИЯ НА ЭТИЧЕСКИЙ АСПЕКТ РАЗВИТИЯ НАУКИ

**Аннотаци.** В статье затрагиваются отдельные тревожные аспекты и проблемы, в том числе и этические, развития науки и техники в контексте философской рефлексии. Причины возникновения тревожных ситуаций кроются в неоднозначности результатов науки и техники, которые открывают возможность как для разумного их использования во благо, так и применения их во вред человеку.

**Ключевые слова:** наука, техника, технология, философия, нравственность, промышленность, этика, прогресс, безопасность, рефлексия.

## ИЛИМДИН ӨНҮГҮШҮНҮН ЭТИКАЛЫК ӨҢҮТҮНӨ ФИЛОСОФИЯЛЫК РЕФЛЕКЦИЯ

**Аннотация.** Макалада философиялык ой жүгүртүүнүн контекстинде илим менен техниканын өнүгүшүнүн кээ бир тынчсыздандырган аспектилери жана көйгөйлөрү, анын ичинде этикалык аспектилер каралат.

Илимий-техникалык прогресстин натыйжаларынын дайым эле бир жактуу эместиги, аларды колдонуунун адамзаттын түпкү максаттарын көздөгөн оң жактары менен катар опурталдуу терс жактары да бар экендиги белгиленет.

**Негизги сөздөр:** илим, техника, технология, философия, мораль, өнөр жай, этика, прогресс, рефлекция, этика.

## PHILOSOPHICAL REFLECTION ON THE ETHICAL ASPECT OF THE DEVELOPMENT OF SCIENCE

**Abstract.** The article touches upon certain disturbing aspects and problems, including ethical ones, of the development of science and technology in the context of philosophical reflection. The reasons for the occurrence of alarming situations lie in the ambiguity of the results of science and technology, which open up the possibility of both their rational use for the good and their use to the detriment of a person.

**Keywords:** science, technology, philosophy, morality, industry, ethics, progress, safety, reflection.

Одной из существенных свойств науки вообще, а современной в особенности, является то, что в ней изначально все более ключевое место занимает этическая составляющая. Характерная для современной эпохи ситуация с экономическими, экологическими, нравственными кризисами, последствия которых отзываются на судьбах населения, представляют собой опасности поистине глобального характера, полагают соответствующую ответственность на науку как силу, участвующую в возникновении подобных кризисных ситуаций. Наука стала не просто одним из локомотивов интенсивного развития производительных сил, она, более того, стала едва ли не самой мощной силой. Поэтому вполне закономерно, что результаты научно-технического прогресса все острее становятся объектом скрупулезного регулирования не только юридического, но и этического.

Результаты научных изысканий с проявлением антигуманности и бесчеловечности никак не могут найти какие-либо оправдания с этической позиции. Подтверждением тому служат чудовищные биомедицинские эксперименты фашизма над узниками концлагерей или же взрывы атомных бомб в японских городах в годы второй мировой войны. Исходя из подобных примеров существует проблема ответственности науки не только за результат исследований и открытий, но и за последствия их применения.

В конце XVIII века в Европе появились первые ткацкие станки. Точнее говоря, в конце 80-х годов XVIII века Ричард Картрайт в Англии изобрел ткацкий станок, где все операции были механизированы. Как раз к тому времени Джеймс Уатт в той же Англии изобрел свой паровой двигатель, первое широкое применение которого началось в ткацком производстве [1]. Этим самым, в истории человечества начинается первая промышленная революция. Что означает понятие первая промышленная революция? Самое краткое и простое объяснение – это переход от аграрного производства к индустриальному, от ручного труда к машинному, от мануфактуры к фабрике. Основным следствием промышленного развития являлась индустриализация – переход от преимущественно аграрной экономики к промышленному производству, в результате которого произошла трансформация аграрного общества в индустриальное [2]. Промышленное развитие не просто начало массового применения машин, но и изменения во всей структуре общества. Оно сопровождалось повышением производительности труда, урбанизацией, быстрым экономическим ростом и изменениями образа жизни населения. С начала появления первых ткацких станков и паровых двигателей прошло чуть более 300 лет. Таким образом, промышленность колоссально повысила производительность труда, расширила масштабы производства, добилась ранее немыслимых результатов в развитии экономики. Надо сказать, что весь XIX век и первая половина XX века развивались под знаком первой промышленной революции, начавшейся, как выше сказано, в конце XVIII века.

Вторая промышленная революция еще радикальнее преобразовала производительные силы. Начало ее приходится к середине XIX в., когда внедрен новый способ выплавки стали. В отличие от первой промышленной революции, основанной на развитии текстильной промышленности и паровых двигателей, вторая промышленная революция ознаменовалась инновационным технологическим рывком в металлургии, электроэнергетике, нефтяной, нефтехимической промышленности, в автомобилестроении, распространении электрифицированных железных дорог. В производстве изобретен конвейер, обеспечивший невиданный рост производительности труда [3]. Одним словом, в годы второй промышленной революции появились керосин, двигатель внутреннего сгорания, электричество, лампа накаливания, телеграф, радио, телефон, телевизор, автоматическое и атомное оружие и множество других новшеств.

Все большую роль на рубеже XIX и XX веков в техническом прогрессе стала играть наука. Возникло высшее техническое образование. В Германии, США, Японии открылись первые ВТУЗы. Прогресс техники приобрел значение научно-технического прогресса. Как ни парадоксально, его результаты, наряду с другими сферами деятельности социума, стали широко применяться в военно-промышленном комплексе. Таким образом, вторая промышленная революция, которая часто называется индустриальной революцией, охватывает период с

60-х годов XIX века по 60-е годы XX века. Кстати, надо сказать, что она делится на два этапа. Первый – продолжается до 30-х годов XX века и называется этапом индуструализации, второй – это этап научно-технической революции [4].

С 70-х годов XX века начался новый, третий промышленный, научно-технический переворот, основанный на новых открытиях в науке. В результате происходят небывалые до сего времени структурные изменения в производстве. Это означает, что социум двигается в сторону новой научно-технологической цивилизации. Этот новый технологический переворот, как известно, начался с создания компьютеров, затем микрокомпьютеров и микрокалькуляторов, которые часто называются чипами. Несомненно, что компьютерное развитие только часть технологических совершенствований, происходящих в экономике, науке, технике, культуре и технологиях. В числе других нововведений, которые, безусловно обладают наибольшими возможностями воздействия на экономику можно назвать автоматизацию и цифровизацию технологических процессов, инновационных материалов, новых возобновляемых источников энергии, применение лазерной технологии и многих других. Однако создание суперкомпьютеров и роботов с искусственным интеллектом стоит на особом месте среди технологических сдвигов XXI века. Таковы некоторые, обозначенные пунктирно, самые поверхностные черты новых технологических достижений человека. Но эти чудесные технологические совершенствования, исходя из реалий жизни, заставляют испытывать двойственное чувство. С одной стороны, не так давно представляемые невозможными достижения человеческого гения в науке, технологиях и информации, вызывают не только удивление, но и восхищение. С другой стороны, невозможно отделаться от ощущения тревоги, видя, как становится инструментом зла результаты научно-технического прогресса, особенно в военной области. «Кто рискнет утверждать, что технический прогресс не может привести к ожогам, если им неразумно пользоваться» [5].

Вопрос безопасности в применении результатов науки еще более обостряется в последние годы в связи с возникновением нанотехнологий, когда научно изобретательские способности человека распространяются на атомарно-молекулярный уровень. Объект наноисследований – это материалы в масштабе атомов и молекул в переводе с греческого «нано» в прямом смысле означает «очень маленький». Одним словом, «нанотехнология – это технология оперирующая величинами, сопоставимыми с размерами атомов, переход от широко освоенных ныне микротехнологий к нанотехнологиям. Это качественный скачок от манипуляции веществом к манипуляции отдельными молекулами и атомами» [6].

Начало эры учения о наноструктурах следует отнести к 1959 году, когда физик, лауреат Нобелевской премии Ричард Фейнман вознес идею о возможных путях развития физики классической и квантовой, миникомпьютерах, субмикроскопических исследованиях на уровне атомов. Тогда он заявлял о возможности получения любой вещи манипулируя атомами. Сам термин нанотехнологии введен 1974 г. японским ученым физиком Норио Танигучи для обозначения искусственно изобретенных изделий из атомов и молекул. Таким образом, нанотехнология – область фундаментальной и прикладной науки и техники на основе анализа и синтеза для производства и применения продуктов путем манипулирования отдельными атомами и молекулами [7].

Резюмируя, можно сказать, что нанотехнология – одна из высокотехнологичных отраслей современной науки, которая занимается исследованием атомов и молекул и созданием из них различного рода искусственных изделий. Достижения в этой области ведут к революции в медицине, электронике, искусственном интеллекте, промышленности и в других сферах человеческой деятельности. Другими словами, нанотехнология – это путь к созданию новой цивилизации с присущими ей набором ценностей и идеалов [8]. А на самом деле, насколько безграничны интеллектуально-технические возможности современных компьютеров и роботов? Как свидетельствует Российский ученый физик А. Боровой в одном из своих интервью корреспонденту радио «Спутник», в начальный период ликвидации последствий аварии Чернобыльской АЭС в 1986 г. из-за сверхвысокого уровня радиоактивности даже самые передовые роботы того времени, по образному выражению ученого «в буквальном смысле, сходили с ума», т.е. попросту говоря они потеряли свою адекватную работоспособ-

ность. В связи с этим вполне уместно, что в современной действительности все более значимым становится философская рефлексия на социокультурные последствия развития науки, выявление изменений в социальных ценностях и смысле человеческой жизни. Поэтому важен анализ социокультурных последствий развития нанотехнологий, так как их познавательная мощь не только обладает положительным потенциалом, но и угрожает существованию человечества в условиях достаточно военизированной, во многом противоречивой современной цивилизации. В целом, нанотехнологии дают возможность пересмотру социально-этических парадигм индустриальной эпохи и общей виртуализации социума, выделяющейся в изменении ценностных приоритетов.

Согласно известным строкам А. Пушкина, человеческий гений есть «парадоксов друг». А одной из причин возникновения, не всегда желательных, парадоксов как раз и является столкновение человека с социально-этическими и гуманистическими проблемами бытия. Почему и в силу каких причин эта проблема приобрела в прошлом и приобретает сейчас такое значение. Сегодня, как подчеркивает И.Т.Фролов, чтобы дать ответ этому вопросу необходимо обратиться к тем социальным условиям, в которых происходит процесс функционирования и развития науки, от которых она существенно зависит. И тогда станет ясно, что человечество никогда не переживало столь ответственного и во многом определяющего дальнейшую будущность мировой цивилизации этапа, как сейчас. Историческое развитие подвело человека к такому качественному рубежу, когда научно-технический прогресс, рост влияния человека на природные процессы, реальная перспектива исчерпания не возобновляемых источников энергии, естественных ресурсов и ряд других факторов лишает человечество права на фатальную ошибку.

В наши дни масштабность и острота неблагоприятных последствий любых ошибочных решений, где-бы оно не принято, обретают глобальный характер. И любые расчеты, игнорирующие это – аморальны, антигуманны и бесчеловечны [9].

Следовательно, вопрос нанотехнологий не просто вопрос технического прогресса, он имеет и этическое измерение. «Будучи новой отраслью научно-технического и одновременно фундаментального исследования с широкой сферой технического применения, нанотехнология как явление привлекает к себе не только инженеров, биологов, специалистов сугубо технического профиля, но и философов, порождая новые области философского исследования, одной из которых является нанотехнологическая этика» [10].

Непрерывный рост научно-технического прогресса всегда свидетельствует о том, что чуть ли не все полезные изобретения и научные разработки не только способствуют развитию и прогрессу, прежде всего в экономике, но и ставят человечество перед новыми, подчас трудно прогнозируемыми вызовами и рисками. В условиях, когда человек все больше втягивается в процесс масштабного применения достижений науки и техники, как ни парадоксально, в науке складывается специфическая ситуация. В последнее время не только обществоведы или естествоиспытатели биомедицинского профиля тянутся к изучению человека. Теперь и специалисты по новым технологиям, в особенности по технологиям искусственного интеллекта или робототехнике как никогда заинтересованы в человекознании. В этом нет ничего удивительного, так как сегодня в технику вводятся все более тонкие и сложные средства управления. А это, в свою очередь, требует качественно нового уровня подготовки специалиста, работающего с этой сложной техникой. Все это невозможно без соответствующего повышения уровня образования и знаний специалиста. Сегодня складывается сложная система взаимоотношений человека и новейших технологий. Здесь как раз следует всегда помнить о том, что человечество не только все глубже входит в мир компьютеров, роботов, но и в мир постоянного развития человеческого в человеке, т.е. его разума и гуманности. Именно здесь и возникает неизбежный вопрос об этическом измерении результатов достижений науки. Иногда может показаться, что наука сама по себе и она вне этики. Однако история доказывает обратное. Этическая сторона применения результатов науки всегда была и остается актуальной. Возьмем к примеру сферу генной инженерии, задачей которой является изучение сложнейшей системы генетической программы живого организма. Всегда ли желательны непредсказуемые

последствия в этой сфере на всех уровнях популяции? Из этого следует, что человек достиг такого уровня могущества, которым надо бы пользоваться с продуманной осторожностью, выверяя каждый шаг научного дерзания через призму гуманизма и безопасности.

Таким образом, несмотря на то, что нанотехнологии находятся на этапе становления, уже сейчас их можно отнести к остроактуальным вопросам будущего наряду с вопросами о демографических или климатических изменениях. Помимо бесспорных положительных возможностей, сопутствующих прогрессу в промышленности, сельском хозяйстве, медицине, энергетике, охраны окружающей среды и других сферах человеческой деятельности, настораживает и множество опасностей. Поэтому этическая оценка достижений науки всегда остается актуальной и необходимой. Человек как разумное существо при творении любого нового механизма, в том числе и нанотехнологий выступает как творец, как хозяин и смотрит в будущее с техническим оптимизмом, формулируя на будущее новые претензии в уверенности на господство. Однако проблема заключается в том, что всякие новые научные разработки, в том числе и нанотехнологические в основном носят прагматический характер, где морально-этические императивы иногда отодвигаются на второй план. Например, молекулярная нанотехнология (МНТ) содержит в себе определенные угрозы для человеческой безопасности. О. Летов интересно трактует как прямые, так и косвенные угрозы МНТ. По его мнению, прямая угроза связана, прежде всего, с процессом гонки вооружений. Использование МНТ в неблаговидных целях способно нарушить мирное сосуществование. МНТ в принципе позволяет создавать «интеллектуальное» оружие массового уничтожения, такое как, например смертельный вирус. Производителями подобного оружия могут быть не только государства, но и группы людей [11]. Следовательно, не уделяя достаточного внимания этике нанотехнологий, невозможно гарантировать эффективное и гармоничное развитие социума, достичь оптимистичных результатов, предотвратить возможный вред, наносимый человеку, уменьшить риск нежелательных экономических и социальных последствий. Нанотехнологию следует развивать с учетом безопасности и с чувством ответственности. Это значит неукоснительно соблюдать такой этический принцип как «не навреди» с учетом рисков для здоровья, окружающей среды и безопасности.

В рамках общей безопасности особое место занимают и проблемы нравственной безопасности [12] при создании и использовании нанотехнологий. На сегодня она явно очевидна в военной, медицинской, экологической, интеллектуальной областях. К сожалению, из мировой практики известно, что исследования по безопасности нанотехнологий существенно отстают от их разработки и практической реализации. Бесспорно, что технологии, когда бы они не создавались, на каждом конкретном историческом отрезке времени имеют прежде всего прогрессивную направленность. Однако, как отметил Ф. Энгельс каждая вещь и каждый процесс сами по себе внутренне противоречивы [13]. В научно-техническом прогрессе также каждый новый этап первоначально заявляет только одни преимущества. Но затем вторые и третьи производные, т.е. отдельные конкретные последствия, могут оказаться негативными. Не надо забывать, что «в любом проявляющемся как добро явлении зло заключается уже в том, что при всей положительности, оно таит в себе момент превращения в зло» [14]. Это можно иллюстрировать на примере освоения ядерной энергетики или применения геномодифицированных элементов в пищевом производстве. Значит, в процессе внедрения нанотехнологий и наноматериалов принцип предосторожности должен занимать не последнее место.

Из всего вышесказанного следует, что этические вопросы научно-технического прогресса релятивно сопровождаются новыми вызовами и проблемами развития общества. В связи с невиданной до сего времени междисциплинарностью и межтехнологичностью современной науки на уровне нанонауки и нанотехнологий, этика науки охватывает достаточно широкий круг проблем и многие ее вопросы неотрывно связаны с контекстами этической рефлексии. Потому что этический аспект науки тесно связан «как с развитием самой науки, так и с ее взаимодействием с обществом. Та или иная трактовка науки в значительной степени и определяет характер постановки ее этических вопросов» [15]. Этим самым, все вопросы научной этики крайне важны. Это связано с тем, что

пик достижений науки и техники год от года возрастает. В связи с этим актуализируется важность своевременной адекватной реакции на возможные неординарно парадоксальные последствия применения человечеством результатов прогресса науки и техники.

**Литература**


1. *Аршинов В.И., Лебедев М.В.* Философские проблемы развития и применения нанотехнологий // Вопросы философии. –М.: 2008. №1. С.59.
2. *Бурлацкий Ф.М.* Новое мышление. С. 46.
3. Вторая промышленная революция/ https:// www.wikipedia.ru /wiki (дата обращения: 05.05.2021).
4. *Грунвальд А.* Этика для нанотехнологии/https:// www.iphras.ru/ (дата обращения: 12.05.2021).
5. Диалектика и этика. – Алма-Ата, 1983. С. 81.
6. *Летов О.В.* И благо и угроза: Социальные и этические проблемы нанотехнологий //Россия и современный мир. –М., 2008. №3. С. 175-193.
7. Нанотехнология/https://www.https://ru.wikipedia.org/ (дата обращения: 08.05.2021).
8. Промышленная революция/ https://www.wikipedia.ru/wiki (дата обращения: 01.05.2021).
9. См.: Бокошев Ж. Мысль и время. – Бишкек, 2014. С. 158.
10. См.: Маркс К., Энегельс Ф. Соч. Т.20. С. 41, 579-580.
11. *Фролов И.Т., Юдин Б.Г.* Этика науки: Проблемы и дискуссии. – М., 1986. С. 4-6.
12. *Фролов И.Т., Юдин Б.Г.* Этика науки: Проблемы и дискуссии. С.39.
13. *Шамов И. А.* Какие этические проблемы несут в себе нанотехнологиии/https://www. mgnot.ru/ (дата обращения: 08.05.2021).
14. Istoriya/vtoraya_promyshlennaya_revolyutsiya_etapy_posledstviya_itogi/https://www. studbooks.net-/568887/ (дата обращения: 05.05.2021).
15. Promyslennaya revolyutsi / https://www.fb.ru (дата обращения: 01.05.2021).

УДК: 133.529 (575.2) (04)

**Кочкорбаева Жыпаргул Ибраимовна,**
*Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.Алтмышбаев ат. Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун аспиранты*
**Кочкорбаева Жыпаргул Ибраимовна,**
*аспирантка Института философии, права и социально-политических исследований им. А Алтмышбаева Национальной академии наук Кыргызской Республики*
**Kochkorbaeva Zhypargul Ibraimovna,**
*graduate student, Institute of philosophy, law and socio-political research named after A Altmyshbaev of the NAS KR*

**Жумагулов Токтоке,**
*б.и.к. , философия илимдеринин кандидаты, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.Алтмышбаев ат. Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту*
**Жумагулов Токтоке,**
*главный научный сотрудник, кандидат философских наук, Институт философии, права и социально-политических исследований им. академик А.А. Алтмышбаева НАН*
**Zhumagulov Toktoke,**
*senior researcher, candidate of philosophical sciences, Institute of philosophy, law and socio-political research named after A Altmyshbaev of the NAS KR*

# НУМЕРОЛОГИЯ: МЕТОДДУН ТАРЫХЫ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Аннотация.** Бул макалада нумерология илими жана анын келип чыгуу тарыхы айтылат. Ошону менен бирге нумерологиялык системалар, тактап айтканда, Пифагордук нумерология, Ведалык нумерология, Кытай нумерологиясы, Таронумерология, Каббалистика тууралуу түшүнүк берилет.

**Негизги сөздөр:** эзотерика, Ведалар, Ригведа, Яджурведа, Самаведа, Атхарваведа, аң-сезим, космос, табият, самхиталар, брахманалар, аранякалар, упанишаддар, таронумерология, Каббалла, эволюция.

# НУМЕРОЛОГИЯ: ИСТОРИЯ И ОСОБЕННОСТИ МЕТОДА

**Аннотация.** В данной статье рассматриваются о науке нумерологии и история ее возникновения. При этом дается понимание нумерологических систем, а именно пифагорейской нумерологии, ведической нумерологии, китайской нумерологии, нумерологии Таро, каббалистики.

**Ключевые слова:** эзотерика, Веды, Ригведа, Яджурведа, Самаведа, Атхарваведа, сознание, космос, природа, самхиты, брахманы, араньяки, упанишады, таронумерология, каббала, эволюция.

# NUMEROLOGY:
# HISTORY AND FEATURES OF THE METHOD

**Abstract.** This article discusses the science of numerology and the history of its occurrence. At the same time, an understanding of numerological systems is given, namely Pythagorean numerology, Vedic numerology, Chinese numerology, Tarot numerology, Kabbalistics.

**Keywords:** esotericism, Vedas, Rigveda, Yajurveda, Samaveda, Atharvaveda, consciousness, cosmos, nature, Samhitas, Brahmins, Aranyakas, Upanishads, taronumerology, Kabbalah, evolution.

Нумерология – бул таанып-билүү методу.

Мындан тышкары, колдонмолордун кеңири спектри катары: нумерология илиминин жардамы менен адамдын мүнөзү изилденет, курчап турган мейкиндик жөнүндө билүүгө болот жана башка адамдар менен баарлашуу жолдорун табуу оңойго турат. Санды белги жана сүрөт катары колдонуу менен, байыркылар айткандай, бүт ааламды түшүнүүгө болот.

Нумерология – бул эзотерикалык метод. Эзотерика – бул дүйнө бүтүндөй жана адамдын бул дүйнөнүн бир бөлүгү катары кандайча уюшулгандыгы жөнүндө ооздон оозго берилүүчү билим. Кошумчалай кетсек, бул билим сезүү тажрыйбасы менен, б.а. жашоодо алынган аян жана түшүнүктөрдүн негизинде тастыкталат. Ал эми илим объективдүүлүктү көздөсө, эзотеризм субъективдүү болуп, жеке кабыл алуунун реалдуулугун билдирет.

Прогрессивдүү көз караштагы нумерологдор жана эзотериктер көптөн бери адамдын туулган күнү, ДНКнын түзүлүшү жана ааламдын мыйзамдары менен шифрленген тагдырында жалпылык көп экенин аныкташкан жана далилдешкен. Ошондуктан, таңууланган илимий стереотиптердин тосмосун жеңген адистер бул билимди иш жүзүндө мыкты колдонушат.

Бүгүнкү күндө эзотериканы көп адамдар жалган илим катары кабыл алышат. Ошентсе да, эзотерика – илимге караганда алда канча мурда пайда болгон билимге багытталган адамдын иш-аракетинин бир түрү. Сан илимде да, эзотерикада да билимдин куралы болуп саналат. Эзотерика универсалдуу, анткени ал илимге жакыныраак символдук система түрүндө да, жамааттык аң-сезимге мүнөздүү архетиптик мүнөзгө ээ болгону менен индивидуалдуу образ түрүндө да берилет.

Бүгүнкү күндө нумерологиянын мүмкүнчүлүктөрү адамдын инсандыгын талдоо жана анын жашоосун өзгөртүү үчүн чыныгы кенч болуп саналат. Изилдөөнүн тереңдиги жана билимдин баалуулугу жагынан нумерология психологиядан кем калышпайт. Бул эки багыт бири-бири менен тыгыз байланышта жана бири-бирин толуктап турат, ошондуктан нумерология менен алектенген изилдөөчү психология тармагында билимге ээ болушу керек. Бирок, эгерде психологго кардарды кызыктырган бардык суроолорго жооп табуу үчүн бир нече терапевтикалык сессия керек болсо, анда нумеролог муну менен бир нече мүнөттүн ичинде туруштук бере алат жана ал тургай көпчүлүк психологдордон жашырылган аң-сезим программаларын ачып берет.

Бул жагынан алып караганда, таанып-билүү методу катары нумерология абдан кызыктуу, анткени ал логикага да, сезимдик тажрыйбага да таянат. Нумерология илими менен алектенгендер системалаштырууга жакын адамдар болуп саналышат жана ошол эле учурда интуицияга ишенип, кырдаалга ийкемдүү жооп беришет. Ал эми нумерология менен алектенүү ошол эле учурда логиканын, критикалык ой жүгүртүүнүн жана сезимталдыктын, интуициянын өнүгүшүнө түрткү берет.

Объективдүүлүккө умтулуу – көп учурда зарыл болгон биздин доордо пайдалуу жана ошону менен бирге өз пикирин, чындыкка делген көз карашын, мамилени калыптандыруудагы адамдын эркиндиги. Ошол эле учурда өз тажрыйбасынын жана башка адамдын тажрыйбасынын маанисин таануу.

Нумерология илими деген эмне экенин аныктап көрсөк, бул илим – сандар тигил же бул маанини алып жүрүшү мүмкүн экендигин билүү; алар аркылуу адамдын инсандык потенциалын чечмелөө жана бул илимдин аркасында жашоону кантип жакшыртууга болоорун билүү. Нумерология менен алектенгендерди арасында бир гана нумерология, символдордун бир гана чечмелөөсү жана бир гана туура эсептөөсү бар жалпы стандарт бар деген туура эмес түшүнүк бар.

Ушул себептен улам, биринчи этапта нумерологияга жаңыдан кызыккандар, атүгүл буга чейин эле бардык методдорун колдонгондор да, нумерологияга тиешелүү нерселердин такыр башкача экенине таң калышат жана баш аламан ойлорго кабылышат. Алар белгилүү нумерологиялык системаларды салыштыра баштаганда түшүнбөстүктөргө туш болушат.

Албетте, нумерологияны изилдөөчүлөр үчүн өздөрүнө ылайык бир гана метод бар. Анткени, изилдөөчүлөр бул маселеде эксперт болууга умтулбайт, алардын максаты – өзүн жана башка адамдарды түшүнүү үчүн курал табуу.

Бул үчүн кандайдыр бир билим системасын алып, аны текшерип көрүп, байкап, изилдеп, эң негизгиси жыйынтыктарды алуу керек. Бирок, ошол эле учурда сандардын табияты жөнүндө адамзаттын көп сандаган билиминин кандайдыр бир квинтэссенциясын түзүүгө аракет кылып, ар кандай методдорду алып, аларды аралаштырбоо зарыл. Бул процесске чыгармачылык менен мамиле кылгандар үчүн эч кандай кыйынчылыктар болбойт, бирок даяр жооп издегендер үчүн ар кандай нумерологиялык системалардын болушу ыңгайсыздыкты жаратат.

Нумерологияны изилдеген изилдөөчү өзүнө ылайыктуу методун тандап алганы жакшы. Изилдөөчү төмөнкү критерийлерди кароосу зарыл деп эсептейм:

1) *өзүн таанып-билген жана өзү жактырган системаны тандоо;*

2) *устат катары ылайыктуу адамды тандоо жана анын илимий эмгектерин окуп, түшүнүп, анын техникалык методун пайдалануу.*

Адамдын инсандык касиеттерин сандар аркылуу билүүдө көптөгөн ыкмалары бар. Албетте, алар бири-бири менен байланышы жок, тарыхый жактан ар кандай мезгилде жана ар түрдүү маданияттарда жаралган, окшош максаттарга кызмат кылат, бирок ошол эле учурда ар бири өзгөчөлүктөргө ээ.

**Нумерология илимин изилдеген системалар:**

- ***Пифагорго жана анын мектебине таандык методология;***
- ***Ведалык;***
- ***Кытайча;***
- ***Таронумерология;***
- ***Каббалисттик.***

Албетте, булар -негизги системалар.

Бул жердеги айта турган нерсе, изилдөөнү баштоо үчүн маанилүү болгон кээ бир жалпы негиздер; ички навигаторго ээ болуу принцибин түшүнүү, изилдөөчү өзү үчүн эң жакшы методду тезирээк табуу.

Ошентсе да, мүмкүнчүлүктөрдү жана колдонуу методдорун баалоо үчүн жогоруда саналып өткөн системалардын ар бири жөнүндө бир аз айтып берүү сунуш кылынат.

Пифагор өткөн замандын атактуу математиги гана эмес сандар тууралуу атайын таблицаны түзгөн окумуштуу. Аны окумуштуу катары сандар-нумерология менен иштеген. Египеттиктер окумуштуу Пифагорго сандардын адамдын тагдырына табышмактуу таасири жөнүндө айтышкан. Окумуштуу алган билимдерин бириктирип, таблица түзгөн, кийинчерээк ал «Пифагордун квадраты» деп аталып калган.

Пифагор болсо бир нерседе, анын өзгөрүп туруучу абалынан биринчи кезекте өзгөрбөс жан бар деп эсептеген. Бул өзгөрбөс жандыкка дагы даанараак термин берүүнү каалап, аны Сан деп атаган.

Пифагорчулар биринчилерден болуп бүткүл дүйнөнүн, анын ичинде бул жерде бир гана жаратылыш менен адамдын эмес, бүткүл космостун гармониялуу түзүлүшүнүн идеясын көтөрүшкөн. Пифагорчулардын пикири боюнча, *«Гармония – бул нерселердин ички байланышы, ансыз космос болушу мүмкүн эмес».*

Пифагорчулардын арасында Архит жана Филолей, кийинчерээк Гиппарх жана Птолемей сыяктуу эң улуу математиктер жана астрономдор болгон (ал тургай Пифагордун ынталуу шакирти болгон Эсхил Пифагорду « Бул улуу адам адамдар үчүн бардык илимдердин эң улуусун – сандар илимин ачкан» деп айткан).

"Сандар бардык нерсенин (бардык объектилердин) материалдык жашоосунун себеби" деген сөзү менен Пифагор сандар бардык нерсенин негизи деп айтканы ачык көрүнүп турат.

Пифагордун ою боюнча гармониянын сандык туюнтмасы бар, башкача айтканда, ал сан түшүнүгү менен ажырагыс байланышта. Пифагорчулар сандын жаратуучу маңызы жөнүндөгү окууну түзүшкөн. Аристотель «Метафизикада» пифагордук окуунун дал ушул өзгөчөлүгүн төмөнкүчө белгилейт: *«Пифагордуктар деп аталгандар математика илимдерине*

*киришип, биринчи жолу ал илимди алдыга жылдырышкан жана алар боюнча тарбияланып, аларды бардык нерсенин башталышы деп эсептешкен. Демек, башка бардык нерселер бүтүндөй болмушунда ачык түрдө сандарга окшоштурулуп, бүт табиятта сандар биринчи орунду ээлегендиктен, алар сан элементтерин бардык нерселердин элементтери катары кабыл алышып, бүт ааламды гармония жана сан деп таанышкан...»*

Пифагордун таблицасы аркылуу адамдын туулган күнүн билип, андан кийин жөнөкөй математикалык эсептөөлөрдү жүргүзүү керек.

Мисалы, 1991-жылдын 17-октябрын алалы, сандар нөлсүз жазылат. Бул: 1711991. Андан кийин бардык сандар кошулат: 1+7+1+1+9+9+1= **29** чыгат – бул биринчи сан. Экинчи санды эсептөө үчүн биринчи сандын сандарын кошуу керек. Бул 2 + 9= **11**саны чыгат. Бул экинчи сан.

Кийинки үчүнчү санды эсептөө. Туулган күндүн датасынын 1-цифрасын алып, аны 2ге көбөйтүү керек ( 1х2). Демек 2 саны келип чыгат. Бул үчүнчү сан.

Андан кийин, биринчи сандан (29) үчүнчү келип чыккан санды кемитүү керек. 29-2=27.

Төртүнчү санды алуу үчүн 27 санынын цифраларын кошуу зарыл. 2+7= 9. Бул **9** саны төртүнчү сан болуп эсептелет.

Демек баардык керектүү сандар алынды. 1711991, 29, 11, 27, 9. Андан кийин Пифагордук таблица менен эсептелет.

| | | |
|---|---|---|
| 111111 | - | 77 |
| 22 | - | - |
| - | - | 9999 |

- 111111- Бир топ катаал, татаал мүнөзгө ээ. Бирок, адамдарга жакшы маамиле кыла алат.
- 22 Өзүнүн энергиясын башкалар менен бөлүшө алат. Энергиялуу.
- 3 санын жоктугу- Тазалыкты жакшы көрөт.
- 4 санынын жоктугу – Алсыз, ооруга жакын, ден соолугуна дайыма кам көрүү керек.
- 5 санынын жоктугу. Мээси дайыма бош турбай, оюнда көптөгөн нерселерди ойлоп табат. Сыноо жана каталар болсо да, аларды жеңип, максатына жетет.
- 6 санынын жоктугу. Адам физикалык эмгекти сүйөт. Көбүнчө мындай адамдар жөнүндө «алтын кол» дешет. Жакшы кол өнөрчүлөр, жыгач усталар, сүрөтчүлөр чыгат. Бир гана нерсе, физикалык эмгек аларга дайыма ырахат алып келе бербейт.
- 77. Таланттуу. Белгилүү сүрөтчү же музыкант болууга мүмкүнчүлүк бар.
- 8 санынын жоктугу. Кайрымдуулук күтпөө керек. Сырттан келген жардамды, колдоону кубануу менен кабыл алат. Бирок башкалардын кызыкчылыгын өз кызыкчылыгынан жогору коё албайт.
- 9999. Таш боор, баарлашууда жагымсыз, текеберлик касиетке ээ жана көп учурда жаңжанчыл болушат.

**Мына ушул Пифагордук таблицаны пайдалануу менен адамды психологиялык, эмоциялык жана физикалык жактан изилдөөгө болот.** Муну улуу окумуштуу далилдеп кеткен.

**Ведалык нумерология** веда астрологиясынан ажырагыс жана планеталардын маанилери менен байланышкан, анткени ал адамга тийгизген таасирин чечмелөөгө мүмкүндүк берет. Бул система ведалык салтты терең билүүнү талап кылат жана көбүнчө ыйык Индус Жазмаларын – Ведаларды изилдегендер үчүн жетиктүү система болуп саналат.

Ведалар (санскр. वेद, IAST: véda – «знание», «учение») – санскрит тилиндеги эң байыркы индус жазууларынын жыйнагы. Ведалар шрути («услышанное»), категориясына бөлүнөт жана алардагы мантралар тиленүү катары кайталанып, ар кандай диний ырым-жырымдарда колдонулат. Ведалардын негизги бөлүгүн *самхиталар – брахманалар, аранякалар* жана *упанишаддар* менен туташтырылган мантралардын жыйнактары түзөт. Көптөгөн кылымдар бою Ведалар оозеки түрдө поэтикалык түрдө берилип, кийинчерээк гана жазылып калган. Индустардын диний салты Ведаларды апаурушея деп эсептейт. бул жазуулар – адам тарабынан жаратылбаган, ыйык акылмандар аркылуу адамзатка берилген түбөлүк Кудай тарабынан ачылган ыйык жазуулар. Төрт Веда бар:

1. *Ригведа – "Гимндердин Ведасы"*
2. *Яджурведа – "Курмандык формулалардын Ведасы"*
3. *Самаведа – "Ырлар Ведасы"*
4. *Атхарваведа – "Дубалар Ведасы"*

Бул индуизмдин адеп-ахлактык принциптерине жана Индиянын даанышмандарынын

билимине негизделген муундан-муунга калуучу момундукту, кабыл алууну, кээ бир каада-салттарды жана эрежелерди сактоону үгүттөгөн адамдын инсандыгына жакын адамдар үчүн ылайыктуу. Анын салттуу мамилеси билимдин байыркы системасына ээ болгон адамдарга жакын.

**Ал эми Кытай нумерологиясы** негизинен бүтүндөй кытай салтына негизделген: жалпысынан ал астрология, фэн-шуй мыйзамдары, элементтердин өз ара аракеттенүүсү жөнүндө билим, космос, жылдыздар, табият адамдын кулк-мүнөзүн жана адамдын маңызын кантип аныктаарын түшүнүү менен байланышкан. Кытай нумерологиясын ийгиликтүү изилдөө үчүн, элдин каада-салттарына жана тарыхына терең үңүлүү керек.

Бул система адам табиятына түшүнүктүү жана жакын мамиле кылгандарга ылайыктуу, анда интуитивдүүлүктү жана стихиялуулукту жарандык парзга, салттарга, мамлекетке кызмат кылууга жана социалдык нормаларга кармануу зарылчылыгы менен дайыма тең салмактоо зарыл, ошондой эле ар кимди башкалардын алдында өз намысын таштабастан өзүн сактап калууга мажбур кылган система болуп саналат. Ошол эле учурда кытай нумерологиясы адамдын тулку боюн жана андагы ар кандай өзгөрүүлөрдү изилдегендерге же ошол тармак менен алектенгендерге керектүү система.

Чындыгында кытай салтынан келип чыккан билимдин көбү адам рухунун мүмкүнчүлүктөрүн гана ачып бербестен, психикалык жана физикалык абалдардын бири-бири менен кандай байланышы бар экенин түздөн-түз көрсөтөт. Ар кандай нумерологиялык система маданий салттарга негизделген болсо анда ал система консервативдик система болуп эсептелет.

**Таронумерология** – бул архетиптик, оригиналдуу, жамааттык аң-сезимсиздикке мүнөздүү, образдуу сандык маанилерден куралган *аркандарга* негизделген система. Алар ар кандай сандык комбинацияларды, анын ичинде адамдын туулган күнүн чечмелеп, анын инсандыгынын көрүнүштөрүнө таасир эте турган жамааттык аң-сезимсиздикте басылган сүрөттөрдү талдап чыгууга мүмкүндүк берет.

Нумерологиянын бул системасына чыгармачылыкка жакын, тынымсыз эксперименттерге даяр турган, өзүнүн интуициясына ишенген, конкреттүү адамдын аң-сезимин толтурган образдардын түзүлүшүн жана маңызын байкоого, изилдөөгө, терең түшүнүүгө даяр нумерологдор кирет.

Бул система –негизги чындыктарды камтыган жана адамзаттын акылмандыгынын ачкычы болгон символдордун эң байыркы системасы. Бул белгилер ааламдын түзүлүшү, дүйнөдө болуп жаткан энергетикалык процесстер жана алардын адамдардын жашоосуна тийгизген таасири жөнүндө билимди шифрлейт.

Нумерологиянын бул системасындагы карталар белгилүү бир сан жана анын мааниси менен байланышкан жана сандардын адам жашоосуна тийгизген таасири Нумерология тарабынан изилденет, бул Ааламдагы бардык нерсе, анын ичинде адам өмүрү да сандар менен аныкталат деген негизги идеяга негизделген байыркы эзотерикалык илим.

Ал сакралдык билимдер чөйрөсүнө кирген, нумерология илимине сүңгүп баш-оту менен киргендер үчүн гана жеткиликтүү. Анын постулаттары боюнча ар кандай фигура өзгөчө касиеттерге, образдардын жана түшүнүктөрдүн жыйындысына ээ болгон энергия болуп саналат. Нумрология илиминде адамдын Жеке "жашоо коду" – тагыраак айтканда, туулган күнү чечмеленип, "Инсандык жол" («Путь личности») деп аталган нерсени таба алат.

Таронумерология менен нумерологиянын байланышы адам жөнүндө маалыматты эң так чечмелеп, болуп жаткан окуялардын жашыруун маанилерин ачып, келечекти өнүктүрүүнүн варианттарын талдап чыгууга мүмкүндүк берет. Таронумерология адамдын жан дүйнөсүнүн жашыруун процесстеринин маалыматын ачыкка чыгарат, адамдын психологиялык портретин, потенциалын жана жөндөмүн тереңирээк ачып берет.

Таронумерологиянын жардамы менен адамдын инсандык түзүлүшү ачылып, ага таасир этүүчү аң-сезимсиздиктин пардасы; белгилүү бир иш-аракеттердин мотивдерин, стресстик кырдаалдарда жүрүм-турум үлгүлөрүн, мүнөздүн күчтүү жана алсыз жактарын, жашыруун жөндөмдүүлүктөрүн жана потенциалын, коркуу жана комплекстер, башка адамдар менен өз ара аракеттенүү стратегиялары ачылат. Таронумерология ошондой эле баланы тарбиялоодо жана өнүктүрүүдө эмнелерге көңүл буруу керектигин түшүнүү-

гө мүмкүндүк берет. Бул албетте, башталгыч класстын окутуучуларына жана бала бакчаларда иштешкен педагог-психологдор үчүн абдан керек. Алар баланын жалпы мүнөзүн аныктоодо нумерология илимин колдонуп, ошол эле учурда ата-энелер менен тыгыз байланышта иштеши жакшы натыйжаны берет. Мындай методдор айрыкча чет өлкөлөрдө өнүккөн.

Мындан тышкары, Таронумерология келечекке көз салуу жана боло турган окуяларды болжолдоо, өткөндү талдоо жана азыр болуп жаткан нерсенин маанисин түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Соода-сатыкта, бизнесте жана башка жумуштарда адамдардын өз ара мамилелерин өнүктүрүүнүн варианттарын карап чыгуу жана биримдикти сактоо жана чындоо үчүн жүрүм-турумдун туура моделин иштеп чыгууга жардам берет. Ал тургай, адамдын жалпы системасы менен таанышып, тээ ата-бабасынан келе жаткан тукумдарынын берген күчүн аныктап жана жеке талантын ачып берет.

Таронумерологиялык консультация адамдын жашоосундагы себеп-натыйжа байланыштарын, натыйжасыз стратегияларды, терс сценарийлерге алып келген эскирген программаларды көрүүгө жана аң-сезимдүү деңгээлге жеткирүүгө мүмкүндүк берет. Бул көйгөйдү оңдоо жолундагы эң маанилүү, чечүүчү кадам болуп саналат.

Таронумерология адамдын инсандыгын өнүктүрүүнүн этаптарын чагылдырат, алардын ар бири жаңы мүмкүнчүлүктөрдү жана сыноолорду берет. Адам өнүгүүдөн качса, турмуштук сабак алгысы келбесе, ал бир деңгээлде тыгылып калат – эволюция, өсүү, психологиялык жактан жетилүү болбойт.

Турмуш сабактары – булар адамды жаңы чечимдерди кабыл алууга, эскирген программалардан жана стереотиптерден баш тартууга мажбурлай турган жагдайлар. Этаптан өтүп, сабак алмайынча адам ошол эле кырдаалдардын, тактап айтканда, анын өсүшү үчүн кедерги болгон окуялардын айланасында жүрө берет.

Эгерде адам өзүнүн аң-сезиминин тереңине сүңгүүнү кааласа, ал жашоосуна кандай таасир этээрин түшүнгүсү келсе жана төрөлгөндөн баштап берилген потенциалды ишке ашыргысы келсе, ошондой эле өзүнүн ички кармалык бөлүмүнүн жардамы менен маселенин маңызын түшүнөт. Бул албетте, адам өзүнө тиешелүү өзүн-өзү таануу куралы үчүн керек боло турган нерсе болуп эсептелет. Чынында адам өзүнүн ички аң-сезиминин коддорун иш жүзүндө колдоно баштаганда гана жашоосун түп-тамырынан бери өзгөртөт. Албетте, бул жерде көзгө көрүнөрлүк натыйжалар үчүн, эмне болуп жатканын түшүнүү жетиштүү эмес, адам өзүнүн тагдырындагы жакшы жакка өзгөрүүлөрдүн Жаратуучусу болушу керек.Кээ бир учурларда адамдар Таронумерология тууралуу соз болгондо, карталар жөнүндө ойлонушат. Таронумерологияда чындыгында формулалар, калькулятор, программалар, таблицалар жана графиктер колдонулат. Таронумерология менен иштөө үчүн адамдын туулган күнү жана толук аты гана керек. Конкреттүү суроо - талаптын да кереги жок – консультациянын жүрүшүндө бардык көйгөйлөр комплекстүү каралып, анын жүрүшүндө алардын өз ара мамилелерин түшүнүү жана мүмкүн болгон чечимдерди издөө келип чыгат. Өздөрүнүн туулган күнүнүн жана толук аты-жөнүнүн жардамы менен адамдар көптөгөн суроолоруна жеке жооп ала алышат.

**Каббалисттик нумерология-** XII кылымда пайда болгон жана XII кылымда кеңири жайылган иудаизмдин оккульттук агымы Каб балада жаралган. Каббала Аян жөнүндөгү жашыруун билимди ырастайт жана адамдын табиятын, дүйнөнүн жана адамдын бар экендигинин маанисин, ошондой эле Жаратуучунун жана Анын жаратууларынын ролун түшүнүү менен байланышкан.

Каббала гематриясынын салты боюнча, бул байыркы окуунун бөлүмдөрүнүн бири болуп саналат. Бул системада сандардын маанилери сөздөрдүн маанилери менен байланыштуу жана окутуу ыйык тексттерди изилдөөгө арналган жана сандын маңызы башкача түшүндүрүлөт. Бул жерде ал шифрди алуу жана сөзгө мүнөздүү маанилерди салыштыруу методу ачкыч болуп калат.

Каббаланын философтору жана мистиктери ар кандай сөздөрдүн жана түшүнүктөрдүн жашыруун символикалык байланышын ачып, тамгалардын сандык маанилеринин негизинде сөздөрдү талдап чыгышкан.

Каббала бир символикалык тилди экинчисинин жардамы менен түшүнүү аракетине шилтеме жасаган деп айтууга болот. Бул жолду түшүнүү кыйыныраак, бирок ал сан адамдын

жана дүйнөнү таанып-билүү үчүн сөзгө караганда балким универсалдуу экенин көрсөтүп турат.

Каббалисттик нумерология мистикалык билимге кызыккандар үчүн кызыктуу, алар үчүн өз жашоосу менен дүйнө жөнүндөгү диний, мистикалык идеялардын ортосундагы параллелдерди көрүү маанилүү, ошондой эле тамгалар менен сандардын маанисин байланыштыруу да кызыктуу экендиги тастыкталган.

Нумерология – бул уникалдуу жөнөкөй жана жеткиликтүү диагностикалык методдорго ээ илим болуп саналат. Бул илим аркылуу сандардын жардамы менен адамдын мүнөзү, инсандык сапаттары жөнүндө көп нерсени оңой көрсөтүлөт жана адам өзүнүн ичи дүйнөсүн толук ача алат.

**Адабияттар**

1. «Кыргызстан» улуттук энциклопедиясы: 3-том. Башкы редактору Асанов Ү. А. К 97. Б.: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору, 2011.

2. *Данилова А.,* Современная нумерология. Ключ к пониманию человека – Москва, «Эксмо», 2019

3. *Гилева Е.* Нумерология Таро. – «ЛитРес: Самиздат», 2021.

4. *Стурите Б.* Ведическая нумерология. Кармический код судьбы / – Москва, «Издательство АСТ», 2020.

УДК: 1 (091) (575.2) (04)

**Ибраев Мирлан Эрмекович,**
*илимий кызматкер,*
*А. А. Алтмышбаев атындагы*
*Философия, укук жана социалдык-саясий*
*изилдөөлөр институту*
**Ибраев Мирлан Эрмекович,**
*научный сотрудник,*
*Институт философии, права и*
*социально-политических исследований*
*им. А.А. Алтмышбаева*
**Ibraev Mirlan Ermekovich,**
*researcher at the Institute of philosophy,*
*law and socio-political studies named*
*after A. A. Altmyshbaev in NAS*
*of the Kyrgyz Republic*

## СТАМБУЛ УНИВЕРСИТЕТИНДЕГИ НЕМЕЦ ЖАНА САЛТТУУ ФИЛОСОФИЯЛАРДЫН ДИАЛЕКТИКАСЫ (ТАРЫХЫЙ-ФИЛОСОФИЯЛЫК АНАЛИЗ)

**Аннотация.** Бул макалада немец философиясынын Стамбул университетине, тактап айтканда, Түркиянын алгачкы философия бөлүмүнө кириши жана тарыхый өнүгүшүн көрсөтүү болуп эсептелет. Бул маселе, жалпысынан 1933-жылдан баштап улутчул Германияда куугунтукка дуушар болгон профессорлордун Стамбул университетине кошкон салымынын негизинде изилдөөгө алынды.

**Негизги сөздөр:** Түркия, Германия, Стамбул университети, дарүлфүнун, немец философиясы, салттуу философия, парадигма, онтология, логикалык эмпиризм, экзистенциализм, улутчулдук.

## ДИАЛЕКТИКА НЕМЕЦКОЙ И ТРАДИЦИОННОЙ ФИЛОСОФИИ В СТАМБУЛЬСКОМ УНИВЕРСИТЕТЕ (ИСТОРИКО-ФИЛОСОФСКИЙ АНАЛИЗ)

**Аннотация.** В данной статье рассматриваются вопросы изучение и историческое развитие немецкой философии в Стамбульском университете, а именно первом факультете философии в Турции. Этот вопрос изучался на основе вклада в Стамбульский университет профессоров, преследуемых в националистической Германии с 1933 года.

**Ключевые слова:** Турция, Германия, Стамбульский университет, дарулфунун, немецкая философия, традиционная философия, парадигма, онтология, логический эмпиризм, экзистенциализм, национализм.

## DIALECTICS OF GERMAN AND TRADITIONAL PHILOSOPHY AT ISTANBUL UNIVERSITY (HISTORICAL AND PHILOSOPHICAL ANALYSIS)

**Abstract.** This article deals with the study and historical development of German philosophy at Istanbul University, namely the first faculty of philosophy in Turkey. This question was studied on the basis of the contribution to Istanbul University of professors persecuted in nationalist Germany since 1933.

**Keywords:** Turkey, Germany, Istanbul University, darulfunun, German philosophy, traditional philosophy, paradigm, ontology, logical empiricism, existentialism, nationalism.

Макаланын негизги максаты – немец философиясынын Стамбул университетине, тактап айтканда, Түркиянын алгачкы философия бөлүмүнө кириши жана тарыхый өнүгүшүн көрсөтүү болуп эсептелет. Бул маселе, жалпысынан 1933-жылдан баштап улутчул Германияда куугунтукка дуушар болгон профессорлордун Стамбул университетине кошкон салымынын негизинде изилдөөгө алынды. Биз үчүн көңүл бура турган маселе, балким, буга чейин анчалык байкалбаган Стамбул университетинин философия бөлүмүнүн, терең илимий нукта өнүккөн немец философиясынын түрдүү парадигмаларына күбө болушунда жатат.

Немец философиясы жөнүндө айталы дегенибиз – илимий жактан жалгыз үстөмдүк кылуучу философия эмес. Биринчи дүйнөлүк согушка чейинки илимдеги эң абройлуу философия «неоканттык кыймыл» болсо дагы, согуштан кийин немец философиясында жаңы илимий парадигмалар пайда боло баштаган. Жерар Рауленин эмгектерине таянуу менен Веймар Республикасы учурунда (1919-1933) төрт негизги парадигма пайда болгон деп айта алабыз: 1) философиялык антропология 2) жашоо философиясы (экзистенциализм) 3) коомдун критикалык теориясы 4) логикалык эмпиризм (Вена чөйрөсү жана Рейхенбах негиздеген Берлин тобу) [1, 17-б.]. Бул ар түрдүү парадигмалардын белгилүү бир деңгээлде илим чөйрөсүндө үстөмдүк кылууга болгон күрөшкө кызмат өтөө үчүн жаралгандыгын белгилей кетүү керек.

1930-жылдары Түркияда немец философиясынын тарыхына арналып жазылган басылмаларда, башкача айтканда, Эрнст фон Астердин философиясынан таасирленген Хилми Зия Үлкендин эмгектеринде, логикалык эмпиризм жана «жашоо философиясына кайтуу» же бул маселени кеңири мааниде изилдөөдө феноменология жаатында карама каршылыктар пайда болгон. Оюбузду тагыраак ачып берүү үчүн, неоканттык багытты сын көз караш менен кабыл алган логикалык эмпиризм жөнүндө сөз кылуу туура болот. Себеби, 1933-жылдан кийин, өз өлкөсүнөн сүргүнгө айдалган Ганс Рейхенбах, Стамбул университетинде иштеп жүргөн мезгилинде бул илимий-философиялык парадигма жогорку деңгээлде өнүккөн. Экинчи жагынан, феноменология жөнүндө сөз кылуудан оболу жаңы онтология, философиялык антропология, жашоо философиясы жана философиялык герменевтика сыяктуу ар кандай агымдарды тизмектеп айтып кетүү абзел. Анткени, Германияда улутчулдук (нацисттик) доор үстөмдүк кылган учурда бардык университеттерде бул агымдардын үзгүлтүксүз өнүгүүсүнө негиз түзүлгөн.

1933-жылдагы университет реформасы жана ага чейинки Түркия Республикасынын Билим берүү министрлигинин чет элдик стипендия программасы менен Стамбул университетине немец философиясынын кириши институтташтырылган. Ушул себептен, Стамбул университети согуш мезгилиндеги немец философиясынын, «атаандашуу» абалындагы парадигмаларынын карама-каршы келүүсүнүн уникалдуу мисалы болуп саналат. Ушундан улам, бул процесс, *Түркиядагы илимий философия жана философиялык терминологияны кайрадан калыбына келтирүүдө кандай ролду ойногон? Түркиядагы тарыхнааманын алкагында, философиянын тарыхы кандай таасир алган?* – деген мыйзам ченемдүү суроолор пайда болот.

Түрк-Немец саясий жана илимий карым-катнаштары чыңдалып, немец философиясынын Стамбул университетине кириши оңой болгон. Бул илимий байланыштар, Осмон империясынын соңку мезгилдеринде башталган. Айрыкча, Биринчи дүйнөлүк согуш мезгилинде, Германия өзүн Европалык заманбаптыктын үлгүсү катары көрсөткөнгө аракет кылган. Ушундай саясий жана дипломатиялык алкакта немец профессорлору Стамбул университетине жиберилген. Бул немецтердин өкүлдөрү, ошол учурдагы француз университети системасынын ордуна, немец үлгүсүндөгү университет түзүүнү көздөгөн [2, 95-б.]. Германиядан философия профессору болуп келген Гюнтер Якоби (1881-1969) Стамбул университетинде философиянын тарыхын окуткан. Стамбулга келгенге чейин ал көптөгөн өлкөлөрдө лекция окуган, прагматизм боюнча иштегени үчүн Уильям Джеймсден чакыруу алып, Гарвард университетинде изилдөөчү болуп кызмат өтөгөн.

Якоби Стамбулга келгенде Кантгеселлшафттан (Канттын философиясын изилдөө жана жайылтуу коому) материалдык жардам сураган. Якоби бул талабы жөнүндө жазган катында Франциянын Түркиядагы таасирин сынга алат. Стамбул университетиндеги өзүнө

чейинки философиялык изилдөөлөр жөнүндө мындай деп жазган: «Бүгүнкү күнгө чейин, бул университетте француз моделдерине негизделген популярдуу изилдөөлөрдөн башка эч нерсе болгон эмес. Студенттердин илимий изилдөө иштеринин негиздери толук эмес». Анын текебер сүйлөгөнүнөн тышкары, анын айткандары, Франциянын билим берүү саясаты жана чөйрөсү менен болгон атаандаштыкты ачык көрсөтөт. Ушул эле катта, ал немец стилиндеги философиялык семинардын үч максаты бар экендигин белгилейт:

1) Германиянын аскердик гана эмес, илимий жактан да артыкчылыкка ээ экендигин көрсөтүү үчүн китепкана фондун түзүү;

2) Германиянын университеттери менен тыгыз илимий кызматташтыкты орнотуу;

3) Студенттерди немец тилин жана анын "рухун"(гейзеслебен) үйрөнүүгө чакыруу.

Түрк философиясынын тарыхына байланышкан көптөгөн булактарга караганда, бул аракет алгылыктуу натыйжа берген эмес жана Якобинин эмгектери, айрыкча отузунчу жылдары сүргүнгө айдалган немец профессорлоруна салыштырмалуу эч кандай из калтырган эмес. Биринчи дүйнөлүк согуш мезгилинде Стамбулда профессор болуп иштеген Г. Якобинин илимий чөйрөдө таасири болбогонуна карабастан, 1933-жылдагы немец профессорлорунун абройлорунун конкреттүү жогорулашы, түрк мугалимдеринин санынын азайышы жана университеттик системанын өзгөрүшү менен түшүндүрүлөт. Ыктымалдуулук логикасы жана илимдин философиясы сыяктуу агымдар философия жаатындагы айрым жаңы окумуштуулардын көз карашын өзгөртө алды [3, 692-б.]. Биздин оюбузча, бул көрүнүш ар кандай себептерден улам кайрадан илимий анализге алынышы керек.

Эң оболу Якобинин ойлорунун, жыйырманчы жылдардагы түрк илимий философиясындагы издерин иликтөө пайдалуу болушу мүмкүн. Якоби Стамбулда жүргөн кезинде прагматизмге байланышкан изилдөөлөрү менен таанымал болгон жана анын «Бергсон, прагматизм жана Шопенгауэр» аттуу эмгеги «Дарүл-Фүнун Гуманитардык Факультети» журналында жарыяланган. Якоби менен бирге иштеген философиянын тарыхы мугалими Мехмет Эмин Эриширгилдин (1891-1965) Бергсон жана прагматизм тууралуу эмгектери бар. Мындан тышкары, Якобинин кийинки эмгектери немец философиясынын Стамбул университетине кириши боюнча эки маанилүү тенденцияны алдын-ала түзгөн; Биринчиси, Гердердин метакритикалык салтына байланышкан тарых жана маданият философиясы, экинчиси – Якобинин кийинчерээк Николай Гартман менен биргеликте изилдеген алдыңкы орунду ээлеген онтология болгон. Ошондуктан, онтология 1940-50-жылдары Стамбул университетинде философиялык изилдөөлөрдүн өзөгүн түзгөн. Мисалы, 1959-жылы философия бөлүмүнө чакырылган Якобинин окуучусу, логик Бруно Барон фон Фрейтаг-Лерингхофф (1912–1996) ачык эле Рейхенбахтын логистикасына каршы чыккан.

Экинчи жагынан, согуш учурундагы бул алгачкы илимий байланыштар Веймар республикасынын мезгилинде белгилүү бир нукка түшүп, ал тургай мамлекеттин колдоосу менен Германияга жиберилген студенттердин аркасы менен өнүккөн. Мунун эң сонун мисалы катары, Түркиянын биринчи философия илиминин доктору болгон Орхан Садеддинди (1899–1964) көрсөтсөк болот.

Орхан Садеддин, 1927–1933-жылдар аралыгында Дарүлфүнунда философия тарыхынан сабак берген учурда, немец философиясы боюнча маанилүү изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Айрыкча, билим теориясы жана Гештальт теориясы боюнча макалаларды жазган. Ушул мезгилдеги басылмалар немец философиясына, айрыкча билим теориясына болгон кызыгуунун артып баратканын көрсөтөт. Садеддин, «Философия тарыхынын методикасы. Изилдөө» аттуу эмгегин, историзм методикасы боюнча жазып, устаты Эрнст фон Астерге арнаган. Ушундан улам, Эрнст фон Астердин Түркияга келгенге чейин эле Стамбул Дарүлфүнун менен байланышы болгонун көрөбүз. Ошондой эле, анын эмгектеринин бири Осмон түркчөсүнө которулган. Эрнст фон Астердин жана балким анын окуучусу Ганс Рейхенбахтын Стамбулга келиши жөн гана сүргүндүн натыйжасы болгон жок деп ойлойбуз. Билим теориясы жана айрыкча Марбург мектебине болгон кызыгуу да өкмөттүн Кассирерди чакыруусу менен түшүндүрүлөт. Эрнст Кассирер ошол кезде Гамбург университетиндеги ишинен бошогон, бирок Стамбулдан сунуш алганга чейин Гетеборг университетинин сунушун кабыл алган.

Республика мезгилинде ар түрдүү модернизациялык реформалардын бири болгон 1933-жылдагы университет реформасы, университеттин өз алдынчалыгын жоюп, аны мамлекеттин экономикалык жана административдик көзөмөлүнө алган. Жаңы мыйзамга ылайык, профессордук-окутуучулар курамы Билим берүү министрлиги тарабынан дайындалган жана кафедралар кайрадан уюштурулган. Ушул мыйзамга ылайык, мурунку Дарүлфүнун окутуучуларынын айрымдары университеттен четтетилген; алардын кээ бирлери пенсияга чыгып, кээ бирлери болсо башка кызматтарга өтүп кетишкен.

Ахмет Наим Бабанзаденин (1872–1934) метафизика кафедрасы жоюлган, философия тарыхы боюнча профессор Измирли Исмаил Хаккы (1869–1946) Ислам Изилдөө Институтуна которулган. Ошол учурда, метафизикага жана ислам философиясына болгон каршы мамиле кээ бир кафедралардын аталыштарын өзгөртүүгө алып келген. Мисалы, Мустафа Шекип Тунчтун (1886–1958) «Рухият» кафедрасы – Психология деп өзгөртүлгөн. Натыйжада, ошол мезгилде философия бөлүмүн кайрадан түзүү, философиялык парадигма агымдарына, университеттин маданиятына жана саясатына кандай таасирин тийгизген? – деген маанилүү суроо пайда болот.

Философия бөлүмүнүн мурунку кафедралары – метафизика кафедрасынын жоюлганынан башка, негизинен өзгөрбөсө дагы, реформадан кийин кадрлар боюнча жасалган эки өзгөрүү көңүл бурарлык: Биринчиси, Дарүлфүнундун ислам философиясы, метафизика, логика жана тарбия боюнча профессордук-окутуучу курамынын штаттан тышкары калышы. Экинчиси, реформага чейин болбогон Түрк цивилизациясы тарыхы кафедрасынын штаттык курамынын түзүлүшү.

Чындыгында, немец философиясынын кириши менен философия бөлүмүнө профессордук-окутуучулук курамды дайындоо саясатындагы өзгөрүүлөр, билим теориясына жана айрым илимдерге кызыгуу токтоп калды дегенди билдирбейт. Университет реформасы болгон жылы, башкача айтканда, 1933-жылы, Берлин техникалык университетинен Ганс Рейхенбах (1891–1953) чакыртылган, ал 1938-жылга чейин жаңы түптөлгөн систематикалык философия кафедрасында жалпы философия жана логика профессору болуп иштеген. Башында Орхан Садеддиндин ордуна философия тарыхынан лекция окуган. Рейхенбах логистика жана логикалык эмпиризм деп аталган өзүнүн илимий теориясы жана ыктымалдыктын логикасы боюнча лекция окуган. Рейхенбах Стамбулга келгенден үч жылдан кийин, башкача айтканда, 1936-жылы Эрнст фон Астер (1880–1948) философия тарыхынын профессору катары чакырылып, көзү өткөнчө философиянын тарыхын окуткан. Рейхенбах кеткенден кийин ал систематикалык философияны да окуткан. Мажит Гөкберк айткандай, Рейхенбах Астердин келишин өзгөчө каалаган, анткени «Астер Рейхенбахтын илим жана философия түшүнүгүнө эң жакын философтордун бири болгон». Эрнст фон Астерди, философиянын тарыхчысы катары да жана илимдин философиясындагы сынчыл позитивизм агымынын өкүлү катары да карасак болот.

Алгачкы жылдары сүргүнгө айдалган профессорлор көбүнчө француз тилдүү түрктөр менен иштешкен. Немец тилин билген Нусрет Хызырдан (1899–1980) тышкары, Рейхенбахтын башка жардамчылары Мехмет Карасан (1910–1974) жана Халил Вехби Эралп (192–1932) болгон. Экөө тең Францияда университетте билим алышкан. Рейхенбахтын ассистенти болгон Мажит Гөкберк Берлинге кеткенден кийин, Эралп, Рейхенбахтын философия тарыхы боюнча лекцияларын жана Логистика аттуу эмгегин француз тилинен которгон. Мындан тышкары, айрыкча Хилми Зия Үлкен менен болгон кызматташтыгын баса белгилеп кетиш керек. Галатасарай лицейинде философия жана коомдук илимдер мугалими болгон Хилми Зия Үлкен (1901–1974), университет реформасынан кийин Түрк цивилизациясы тарыхы деп аталган жаңы кафедрага доцент болуп дайындалган жана Берлинге барып илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Андан кийин философия кафедрасында доцент болуп иштеген. 1941-жылы бөлүм башчысы Эрнст фон Астердин колдоосу менен профессор болуп дайындалган жана Астердин сунушу менен ислам философиясы лекциялары Үлкен тарабынан кайрадан окутулган. Мындан тышкары, Эрнст фон Астер өзүнүн философия тарыхы боюнча окуган лекцияларында мусулман философтору боюнча кеңири изилдөөлөрдү жүргүзгөн.

Үлкендин эмгеги өзүнүн тармагы боюнча уникалдуу болгон. Мындан тышкары, Үлкен-

дин дагы бир өзгөчөлүгү, ал түрк ойлом тарыхына салым кошкон эч бир агымды жокко чыгарган эмес. Рейхенбахтын Стамбулда жүргөн мезгилинде, Үлкен, илимий философия жана логикалык эмпиризмди түрк окурмандарына жеткизүүдө салым кошкон. Муну «XX кылымдын философтору» (1936) деп аталган философия тарыхы боюнча жазган эмгегинде, математика жана физиканын философиясына арналган бөлүмдөрүнөн жана өзгөчө «Логистиканын эмпиризми» аттуу кыска бөлүктөрдөн көрө алабыз. Биз, бул жерде эки маселеге көңүл бургубуз келет: 1) Бул кабыл алуу логикалык позитивизм менен гана чектелбеген, себеби аны баары бир Ганс Рейхенбах тааныган эмес. Бул пикирлердин жалгыз гана Венада эмес, Европанын көптөгөн өлкөлөрүндө жайылышына карата бааласак, илимий философия жана логикалык эмпиризмдин башка өкүлдөрүн да эске алуу керек. 2) Ошол жылдарда бул идеялардын Түркияда таралышы, айрыкча Париждеги Герман басмаканасы жана ошол мезгилдеги философиялык журналдардын айланасындагы бул тенденциялардын Франция тарабынан кабыл алынышына байланыштуу болгон.

Рейхенбах кеткенден кийин чоң өзгөрүү жөнүндө сөз кыла алабыз, анткени философия бөлүмүнө башка немец парадигмалары кире баштаган. Адегенде Макс Шелер жана Мартин Хайдеггер сыяктуу философторго, кийинчерээк Николай Гартманга болгон кызыгуу арта баштаган. Бул кызыгууну түрк студенттердин Германиядан окуп келгендиги менен түшүндүрсө болот. Веймар мезгилинде, Германия, айрыкча философия факультетинин студенттери үчүн өзгөчө жер катары каралып келгендигин белгилей кетишибиз керек. Ошондой эле, Германияга барган студенттерден айырмаланып, Вехби Эралп сыяктуу Францияга барган студенттер, докторлук даражасы жок, университетти бүтүрүп гана кайтып келишкен. Бул маанилүү жагдай болчу, анткени Германиянын илимий системасына негизделген жаңы системада доцент болуш үчүн докторантура талап кылынган. Андан тышкары, немец тилин билүү, реформадан кийин университетте карьера жасоо үчүн маанилүү болгон, себеби немецтер Стамбул университетиндеги чет элдик профессорлордун басымдуу бөлүгүн түзгөн.

Германияда жогорку билим алган философия бөлүмүнүн алгачкы докторлук даражасына ээ болгон доценттердин катарына Мазхар Шевкет Ипшироглу, Такиеттин Менгүшоглу жана Мажит Гөкберкти айта алабыз.

Ипшироглу, 1946-жылы Искусство тарыхы бөлүмүнө өтүүдөн мурун феноменология жана философиялык антропологиянын философия бөлүмүнө киришине салым кошкон.

Такиеттин Менгүшоглу (1905–1984) болсо Гартмандын 1940–1950-жылдардагы жаңы онтологиясынын маанилүү өкүлү болуп калган. Ал лицейде француз тилинде билим алса дагы, Германияга жогорку билим алуу үчүн жиберилген. Гартман Марбург мектебинде билим алган, бирок неокантчы конструктивизмге каршы болгон, ал метафизика жана билим теориясынын ажырагыс экендигин коргогон. Ошондуктан Гартмандын эмгектери неокантианизм менен да, феноменология менен да карама-каршы болгон. Гюнтер Якоби баштаган онтологияны калыбына келтирүү, Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин, айрыкча онтологиялык рефлексиянын таасири астында болгон феноменологияда маанилүү ролду ойногон. Менгүшоглу, 1947-жылы Макс Шелердин Die Stellung des Menschen im Kosmos(1928) (Адамдын ааламдагы орду) деген эмгегин которуп, кириш сөзүндө мындай дейт:

«Биринчи жолу, бул эмгек менен философиялык антропология (адамдын табиятын жана анын ааламдагы ордун изилдөөнү предметине айланткан билим) көз карандысыз дисциплина болуп, адам көз карандысыз изилдөө тармагына айлана баштады жана биздин учурда ушул тармакта ар кандай аталыштагы макалалар ар түрдүү философиялык мектептердин ойчулдары тарабынан жазылган» [4, 5-б.].

Менгүшоглу, 1949-жылы «Кант жана Шелердеги Адам проблемасы» деген эмгегин "биздин философиялык антропологиябыз үчүн өтө маанилүү даярдык болгон" деп айтат. 1953-жылы профессор болгондон кийин, систематикалык философия кафедрасынын башчысы болуп шайланган.

Германияда докторантурада билим алган үчүнчү адам – Мажит Гөкберк (1908-1993) эң сонун мисал боло алат. Себеби, реформанын биринчи жылында Стамбул университетинде Рейхенбахтын жардамчысы болгонуна карабастан, бир жылдан кийин өз чечими менен Берлинге барган. Гөкберк, Стамбул университетине кайтып келгенден кийин, 1941-жылы

доцент, 1949-жылы «Кант жана Гердерде тарых түшүнүгү» аттуу илимий эмгеги менен профессор болгон.

Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде сүргүнгө айдалган профессорлор менен Германияда билим алган ушул муундагы окумуштуулардын ортосунда кандай кызматташтык жана пикир алмашуу болгон? Бул суроого жооп бериш үчүн, дагы бир топ изилдөө жүргүзүшүбүз керек, бирок, биз Мажит Гөкберктин Эрнст фон Астердин китептерин которгонун билебиз. Ошондой эле, Такийеттин Менгүшоглунун 1943-жылы Вальтер Кранцтын философия бөлүмүнө келишине жардам бергендиги тууралуу маалыматыбыз да бар [5, 97-б.]. Кранц 1950-жылга чейин философия тарыхынан лекция окуган. Ушул жерде, философия журналынын согуш учурунда басылып чыкпагандыгын эске сала кетүү керек.

Согуш мезгили, философия бөлүмүнүн басмакана ишмердүүлүгүн төмөндөтүп жибергендей сезилгени менен («Философия Семинары» журналынын бир гана саны чыккан), 1945-жылы «Философия Архиви» журналынын негизделиши, сүргүндө жүргөн немецтер менен түрктөрдүн ортосундагы кызматташуунун жакшы үлгүсүн көрсөтөт. Философия Архиви журналынын биринчи редакциялык комитетине (1945–1949) Эрнст фон Астер, Вальтер Кранц, Мазхар Шевкет Ипшироглу, Такиеттин Менгүшоглу жана Мажит Гөкберк кирген. Журнал негизделген жылы, философиянын плюралисттик жана дисциплиналар аралык мамилесин эске алуу менен, Түркиянын эл аралык илимий изилдөөлөргө кошо турган салымы эң негизги максат болгон. Журнал кош тилде – немец жана түрк тилдеринде жарыяланган.

1950-жылдары онтология менен философиялык антропологиянын таасири абдан күч алган. Тактап айтканда, Эрнст фон Астер көз жумгандан кийин дароо эле Германиядан келген жаңы философиянын профессорлору Гартмандын мектебинен же болбосо анын жакын чөйрөсүнөн болушкан. Хайнц Гаймзёт, Иоахим Риттер жана Бруно Барон фон Фрейтаг Лерингтоф профессор катары, ал эми Эрих Ротхаккер, Арнольд Гелен жана Герман Вайн конференция берүү үчүн келишкен. Ушул экинчи толкун менен келгендер, Стамбул университетинде илимий жактан экинчи философтордун муунунун калыптанышына салым кошушкан, ошондой эле башында Гейдельберг жана Тюбинген университеттери турган Германиянын башка университеттери менен жаңы байланыштарды башташкан. Бирок, онтология, философиялык антропология жана бара-бара герменевтика андан ары Хайдеггердин окуусу, философия бөлүмүндөгү эмгектерге үстөмдүк кылган. Изилдөөнүн башка багыттары жана чөйрөлөрү философиянын тарыхын окутуудан тышкары, же болбосо экинчи планда калган. Мисалы, Мажит Гөкберктин философия тарыхы боюнча окуган лекцияларында ислам философиясы жеткиликтүү деңгээлде изилденген эмес, бирок ошол эле учурда патристикалык философия жана орто кылымдагы христиан философиясы кеңири түрдө изилдөөгө алынган.

Бул мезгилде, философия тарыхы боюнча адис болгон Хайнц Гаймзёт (1886–1975) Стамбулга келип, эки жылга (1950–1952) профессор болуп дайындалган. Гаймзёт, Николай Гартман сыяктуу эле неокантианизмге каршы болгон жана жаңы метафизиканын негиздерин түзүү үчүн изилдөөлөр жүргүзгөн. Гаймзёттун жардамчысы болуп иштеген Нерми Уйгур (1925–2005) болсо, анын жетекчилигинде, Вильгельм Дильтейдин рух илими түшүнүгү боюнча жарыяланбаган докторлук диссертациясын (1952) бүтүрүп, доцент болгон. Камран Биранд (1917–1964), Гаймзёттун жетекчилиги астында, «Дильтей жана Риккертте рух илиминин негизинде рух илимдеринин методу» деп аталган эмгектин үстүндө иштеген. Ал Вильгельм Дильтей, Вильгельм Виндельбанд, Макс Шелер, Эрих Ротхаккер, Отто Фридрих Больнов жана Эдуард Шпрангер сыяктуу философторду изилдеп, немец философиялык герменевтика салтын биринчи жолу Түркияда киргизилишине салым кошкон. Мындан тышкары, ал Түркиядагы аялдардын арасынан чыккан биринчи философия илиминин доктору болгон.

Ошондой эле, Стамбул университетинин философия бөлүмүнө конок профессор катары келген Иоахим Риттер (1903–1974) жөнүндө сөз кылууга болот. Мажит Гөкберктин айтымында, «Риттердин бул жакка келишин Мазхар Шевкет Ипшироглу демилгелеген». Университетти Ницшеге байланыштуу эмгеги менен аяктаган Бедия Акарсу (1921–2016), Риттердин ассистенти болгон. Ал 1960-жылы Макс Шелер жөнүндөгү доценттик иши менен философия бөлүмүндөгү биринчи доцент аял болуп калган.

Антропологиялык жана онтологиялык көйгөйлөрдүн көңүл бурарлыктай кайталанышы жана айрыкча Ницше, Шелер сыяктуу ойчулдардын, илимий изилдөө иштеринде көбүрөөк тандалышы өзгөчө көңүлдү бурат.

Түркиядагы немец философиясы жөнүндө сөз болгондо, философия тарыхында айрыкча отузунчу жылдарда Германиядан сүргүнгө айдалган профессорлордун таасири баса белгиленет. Албетте, сүргүнгө айдалган профессорлор Рейхенбах, Кранц жана Эрнст фон Астердин эмгектери жана таасири абдан маанилүү болгон. Өз тармактарында, илимий жактан сапаттуу журналдардын чыгышы жана докторантура системасынын киргизилиши менен алар университетти модернизациялоого өз салымын кошушкан. Алар жаңы ой жүгүртүү агымдарын алып келишкен, бирок муну менен бирге эле, ал агымдарга каршы же ага атаандашкан агымдарды четке кагышкан эмес. Буга карабастан, башка дагы узак мөөнөттүү билим берүү перспективасынан алып караганда, алар Стамбул университетинде эң күчтүү деп эсептелген агымдардын өкүлдөрү болгон эмес. Бул абалды айрыкча Түркия үчүн өзгөчө кырдаал катары кароого болбойт. Жалпысынан алганда, 1945-жылдан кийин марксизм, психоанализ жана логикалык эмпиризм сыяктуу немец философиясынын көптөгөн агымдары, негизинен Хайдеггердин окуусу тарабынан четке кагылган [6, 9-10-бб.]. Стамбул университетинде, сүргүнгө айдалган профессорлордун өкүлү болгон тенденцияларга параллель эле кыркынчы-элүүнчү жылдары башка агымдар пайда болгон. Бир жагынан, феноменология жана жашоо философиясы менен талкууга түшкөн философиялык антропология жана «жаңы онтология» көңүл борборуна айланса (Такийеттин Менгүшоглу, Исмаил Туналы), экинчи жагынан, метакритикалык жана маданий антропологияга негизделген тил жана маданият жөнүндөгү бир рефлексия иштелип чыккан (Мажит Гөкберк, Бедия Акарсу, Нерми Уйгур).

Жыйынтыктап айтканда, бул макалада каралган Түркияда анын ичинде Стамбул университетиндеги немецтик жана кылымдар бою калыптанып келе жаткан, өзгөчө ислам дининин негизине сугарылган салттуу философиянын кандай деңгээлде өнүккөнүн байкоого болот. Тактап айтканда, философия илими эмпирикалык догматтык баскычтан теориялык деңгээлге көтөрүлгөн. Албетте, мындай ийгиликке жетүү оңой эмес. Жогоруда биз белгилегендей, немецтик теориялык философия менен Түркияда салттуу философиянын диалектикалык өнүгүүсү, жалпысынан философиянын (Түркиядагы) жогорку баскычка көтөрүлүүсүнө ыңгайлуу шарт түзгөн.

**Адабияттар**

1. Gerard Raulet, 1945’ten sonra Alman felsefesi, Paris: 2006, s. 17.

2. Emre Dölen, İstanbul Darülfünunu’nda Alman Müderrisler 1915-1938, İstanbul:Bilgi Üniversitesi yay. 2013, s. 95.

3. Hilmi Ziya Ülken, Türkiye’de Çağdaş Düşünce Tarihi: , İstanbul İş Bankası Kültür yay. 2015, s. 692.

4. Max Scheler, İnsan Kainattaki Yeri, çev. Takiyettin Mengüşoğlu, İstanbul: İÜ Edeb. Fak. yay. 1947, s. 5.

5. Arslan Kaynardağ, Felsefecilerle Söyleşiler, «Takıyettin Mengüşoğlu: Felsefe, Kültür, Dil, Eğitim ve Felsefi Antropoloji Konusunda Söyleşi», İstanbul: 1986, s. 97.

6. Gerard Raulet, 1945’ten sonra Alman felsefesi, Paris: 2006, s. 9-10.

УДК: 133.3 (575.2.) (04)

**Кочкорбаева Жыпаргул Ибраимовна,**
*Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын*
*А.Алтмышбаев ат. Философия, укук жана*
*социалдык-саясий изилдөө институтунун*
*аспиранты*
**Кочкорбаева Жыпаргул Ибраимовна,**
*аспирантка*
*Института философии, права и социально-политических исследований*
*им. А Алтмышбаева Национальной академии наук Кыргызской Республики*
**Kochkorbaeva Zhypargul Ibraimovna,**
*graduate student,*
*Institute of philosophy, law and socio-political research*
*named after A Altmyshbaev of the NAS KR*

## ТАМГАЛАР САНДАРДЫН СИМВОЛУ КАТАРЫ

**Аннотация.** Макалада философ Пифагор жана анын окуусу, нумерология илиминин тарыхы, алгачкы алфавит, тамгалардын сандык символ катары колдонулушу жана нумерологиянын заманбап мектептери тууралуу айтылат.

**Негизги сөздөр:** гиперборейчилер, эзотерика, искусство, зороастр,финикиялыктар, милеттик система, фен-шуй, Халдейлик нумерология,гематрия, тетрабиблос, клинопись, мнемотехника, изопсефия, гематрия, арифмология.

## БУКВЫ КАК СИМВОЛЫ ДЛЯ ЧИСЕЛ

**Аннотация.** В статье рассматриваются вопросы о Пифагорской учении, об истории науки нумерологии, появление алфавита и его использовании букв в качестве числовых обозначений, также современные школы нумерологии.

**Ключевые слова:** гипербореи, эзотерика, искусство, зороастрийцы, финикийцы, милетическая система, фэн-шуй, халдейская нумерология, гематрия, тетрабиблос, клинопись, мнемоника, изопсефия, гематрия, арифмология.

## LETTERS AS SYMBOLS FOR NUMBERS

**Abstract.** The article discusses the philosopher Pythagoras and his teachings, the history of the science of numerology, the early alphabet and the use of letters as numerical designations, as well as modern schools of numerology.

**Keywords:** hyperboreans, esotericism, art, zoroastrians, phoenicians, miletic system, feng shui, chaldean numerology, gematria, tetrabiblos, cuneiform, mnemonics, isopsephia, gematria, arithmology.

Нумерология – бул сандардын адамдарга тийгизген таасирин изилдөөчү илим. Сандарды биз күнүмдүк турмушта колдонобуз жана алар биз үчүн маанилүү.

Нумерология чындыгында байыркы илимдерге таандык. Кандайдыр бир деңгээлде сандардын өзү да сан тилиндеги өз ара байланышын сактап, көптөгөн алгачкы уруулар түшүнгөн жана колдонгон сандардын тилин түзөт.

Бул илимге маалыматтарды Чыгыш Аравиядагы, Кытайдагы жана Индиядагы даанышмандар узак убакыт бою топтошкон. Алар нумерология аркылуу адамдын жан дүйнөсүн таанууга умтулушкан жана бир топ изилдөөлөрдү жүр-

гүзүшкөн. Байыркы алфавиттерде тамгаларга да сандык маанилер берилген.

Пифагор жана анын шакирттери бардык сандарды 1ден 9га чейинки сандарга чейин кыскартышкан, анткени бул сандар – башкалардын баары алынышы мүмкүн болгон баштапкы сандар. Философ 2500 жылдан ашык убакыт мурда Жер Ортолук деңиздеги кичинекей Самос аралында төрөлгөн. Эң биринчиси – ал философия сыяктуу түшүнүктү колдонууга киргизген.

Пифагор байыркы акылмандыктын бардык булактарын табуу үчүн дүйнөлүк цивилизациянын борбору болгон Жер Ортолук деңизге саякатка чыккан. Ал Египетке келип, ал жерде 22 жыл жашап, байыркы цивилизациянын билимдерин үйрөнгөн. Вавилондун даанышмандарынан билим алып, Персияга чейин жетип, Зороастрдын окуусун үйрөнүп, жада калса сырдуу гиперборейчилер (*Аполлон сыяктуу сүрөттөлгөн – кубанычтуу, бейкапар жана түбөлүк жаш бойдон калган адамдар, алар укмуштуудай узак жашашкан жана бардык мүмкүн болгон ырахаттарга тоюп, аскадан деңизге ыргытылгандан кийин гана өлүшкөн*) менен жолуккан...

Пифагордун кызыкчылыктарынын чөйрөсүнө илим, өзгөчө математика гана эмес, диний окуулар да кирген. Натыйжада, ал бир нече элдердин ички дүйнөсүнө кирип, алардын сырларын ача алган.

Пифагор 40 жашка чыкканда гана Италиянын түштүгүнө отурукташып, мектеп уюштуруп, өзүнүн окуусун дүйнөгө тааныткан. Бул окуунун масштабы жана анын адамзат цивилизациясына тийгизген таасири ушунчалык зор болуп чыккан. Ал тургай эки жарым миң жылдан кийин Пифагордун ысымы ар бир мектеп окуучусуна белгилүү болду.

Албетте, бардык мектеп окуу китептеринде камтылган теореманын далили, анын маанилүү жетишкендиктеринин бири болуп саналат жана анын философиялык концепциясы ушунчалык таасирдүү болгон.

Бирок, Пифагордун кызыкчылыктары теориялык болгон эмес. Ал музыканы изилдөөгө да көп убактысын арнаган. Жана музыканы жөн гана интеллектуалдык умтулуу катары карабастан, музыканы адам ооруп калганда аны дарылоодо дененин термелүү түзүмүн калыбына келтирүү каражаты катары да изилдеген. Пифагор «Музыка – бул искусство, ал аркылуу сандар жүрөккө түз таасир этет, ал эми математикада алар мээни гана ээлейт» деп эсептеген.

Дегинкиси, философия Пифагор түшүнгөн мааниде маркстик-лениндик философиядан аябай эле алыс. Ошол эле учурда Пифагор философиясы индиялык йогага абдан жакын.

Адамдын маңызы жайгашкан ырааттуу реинкарнациялар чөйрөсү идеясын толугу менен кабыл алган Пифагор бул чөйрөдөн чыгуунун жолу диний ырым-жырымдар аркылуу эмес, философия аркылуу, б.а. ой жүгүртүү жана ааламдын негизги принциптерин түшүнүү аркылуу деп болот эсептеген. Демек, анын түшүнүгүндө философия жанды өркүндөтүү жана өлбөстүккө карай жол болгон.

Пифагордун окууларынын борборунда сандар турат, бирок анын сандар жөнүндөгү түшүнүгү азыркыдан такыр башкача. Пифагор үчүн сандар, өзгөчө биринчи ондук – биздин дүйнөбүздү жараткан жаратмандык принциптин эң жогорку көрүнүшү болуп саналат. Аларды Ааламдын Жаратуучунун ар кандай формалары деп атоого болот. Идеялар дүйнөсүнөн өз ара аракеттенип, акырындык менен материя дүйнөсүнө сүңгүп кирип, сандар өз мыйзамдары боюнча бизди курчап тургандын баарын жаратат.

Сандар бизди баардык жактан курчап турат. Сандар кандайдыр бир өзгөчө мистикалык касиетке ээ жана биз аларды ыңгайлуулук үчүн колдонобуз. Тигил же бул сандар ырааттуулугун биздин башаламан жана маанисиз дүйнөбүздөгү кезектеги кокустук катары кабыл алабыз.

Бирок, көп адамдар эртеби-кечпи, окуу китептер да, академиялык трактаттар да жооп бере албаган суроолорго туш болушат.

Биз бул дүйнөдө эмне кылып жатабыз, эмне үчүн бул дүйнөдө жүрөбүз?.. Бул дүйнө чын эле ушунчалык башаламанбы жана эч кандай мааниси жокпу?.. Биз бул башаламандыкта жөн эле жашоонун аягына жетүү үчүн жан талаша жашап жатабызбы?.. Же бир максат үчүнбү?.. Ал эми максатка жетүү үчүн жана адашып калбоо үчүн кайсы жол менен баруу керек?..

Мындай суроолор аябай көп. Алар кээ бир адамдарга жаш кезинде, башкаларына – жетилген куракта келет. Үчүнчүлөргө эч качан келбейт...

Ааламдын ар кандай суроолоруна жооп берүүгө алып баруучу жолдордун бири – бизди курчап турган сандардын баш тамга менен жазылган сандары жана Ааламдын иштөө принциптери менен байланышын эстеп калуу.

Ал эми сандардын терең мааниси жөнүндө ойлонсок жана бизди ар тараптан курчап турган санариптик кодду түшүнүүгө аракет кылсак, анда балким, биз ким экенибизди жана кайда бара жатканыбызды, ар бирибизде Ааламдын кандай планы камтылганын акырындап түшүнө баштайбыз. Дал ушул мүмкүнчүлүктү байыркы нумерология илиминин ыкмалары бизге берет.

Нумерология – бул сандардын жашыруун, философиялык, эзотерикалык мааниси менен бизди курчап турган реалдуу жашоодогу көрүнүшүнүн ортосундагы байланышты изилдеген илим тармагы. Практикалык нумерологиянын жалпы максаты – адамдын (кеңири мааниде алганда, коомдун, мамлекеттин же жеке ишкананын) тагдырын, эң жакшы ишке ашыруу үчүн анын дараметин ачуу жолдорун аныктоо.

Ошондуктан нумерологиянын байыркы мезгилден азыркыга чейинки өнүгүү тарыхына көз чаптыруубуз зарыл.

**Нумерологиянын өнүгүү тарыхы**

Нумерологиянын концепциясы астрологияга жана башка байыркы илимдерге жакын.

Нумерология бир нече миң жыл мурун Байыркы Египетте пайда болгон. Бул белгилүү бир сан менен адамдын өзгөчө сапаттарын салыштырууга мүмкүндүк берет деген уникалдуу сандык системаны жараткан египеттик дин кызматчылар болгон.

Египеттин байыркы тургундары сандардын сыйкырдуулугун жана пропорциялардын гармониясын өз өнөрлөрүндө жана архитектураларында таанып билишкен. Египетте бул билимге ээ болгондугунун кыйыр далили пирамидалардын сандык пропорциялары болуп саналат, алар биздин фантазиябызды дагы эле таң калтырат.

Бардык Египеттин храм архитектурасы Египеттин сандык символикасына негизделген. Мисалы, Египеттеги Орто Падышалыктын тушунда (б. з. ч. 2040-1783) курула баштаган жана эки миң жылдан кийин бүткөрүлгөн эң чоң храмдын аты – Карнак – Апет – Эут – Жерлердин санагычы деп которулат. Храмдын дизайны жана пропорциялары ааламдын физикалык түзүлүшүнүн символикасын чагылдырат. Анын борбордук залында жети катар колонналар (ар бир катарда тогуздан) тургузулган. Карнак ибадаткананын борбордук залы Жаратылыш папирус токоюнун персонификациясы, ал эми жети кыймылдын жана өсүштүн тогузга көбөйтүлгөн саны.

Пифагор санды адамдын физикалык, психикалык жана рухий сапаттарынын көрүнүшү деп санаган жана нумерология жашоонун бардык тармактарына таасирин тийгизет деп эсептеген. Бул – катылган таланттардын, өткөн менен келечектин ачкычы, адамды инсан катары өстүрүүчү практикалык тартиби.

Улуу философ Пифагор: «Бардык нерсени сандар катары көрсөтсө болот», – деп ырастаган жана сандар сыяктуу тамгалардын да өзүнүн жашыруун коду бар экендигин айткан. Пифагор жана анын жолдоочулары бардык сандарды бир цифрага – 1ден 9га чейин кыскартышкан, анткени алар – башка сандардын баары алынган баштапкы сандар. Адамдын табиятын чечмелөө чөйрөсүндө азыркы нумерологиянын идеялары Пифагордун идеялары менен айкалышат.

Чындыгында, Пифагор жашаган доордон көп убакыт мурда эле адамзат цивилизациясынын бардык булактарында терең мистикалык мааниге толгон сандар орун алып келген. Ал эми сандардын жашыруун табиятын билүү узак убакыт бою саналуу адамдарга гана жеткиликтүү болгон. Эреже катары, байыркы убакта пайда болгон жазуу жана номерлөөнүн эң татаал системаларын толугу менен өздөштүрүүгө дин кызматчылар гана мүмкүнчүлүк алышкан.

Египеттин иероглифтери, вавилондук клинопись (*эң алгачкы белгилүү жазуу системасы, мында жазуунун формасы негизинен жазуу материалы менен аныкталган – чопо тактайча, анын үстүндө чопо жумшак болгон учурда жазуу үчүн жыгач таяк же учтуу камыш менен белгилер сызылган; демек, "клин түрүндөгү" штрихтер*) жана башка ушул сыяктуу жазуу системалары пиктографиялык жазуулар болгон. Башкача айтканда, ар бир белги сүрөт аркылуу бүтүндөй түшүнүктү чагылдырган.

Адамдар айланадагы дүйнөнү аздыр-көптүр майда-чүйдөсүнө чейин чагылдырып берүү үчүн мындай сүрөттөрдү көп колдонушкан. Чындыгында мындай жазууну өздөштүрүү оңой иш эмес эле.

**Тамгалар сандардын символу катары**

Алфавиттин келиши менен баары өзгөргөн. Алфавиттин түпкү идеясы болуп тилдин ар бир тыбышына өзүнүн тамгасы дал келгендиги болгон.

Алфавит пайда болгондон кийин сөздөр кулакка кандай угулса ошол тыбыштар аркылуу сөздү кагазга түшүрүүгө мүмкүн болуп, символикалык сүрөт-иероглифтердин кереги жок боло баштаган. Алфавиттин пайда болушу нумерологиянын өнүгүшүн жана жайылышын кескин түрдө тездеткен. Ошондой эле үндөр, тилдин термелүүсү – булар Ааламдын сандык кодуна кыска жолдор болуп саналат. Мындан тышкары алфавиттин тамгалары сандарды жазууда эң ыңгайлуу каражат болуп эсептеле баштаган.

Биринчи чыныгы алфавитти байыркы убакта Жер Ортолук деңизинин чыгыш жээгинде, болжол менен азыркы Ливан өлкөсү жайгашкан жерде жашаган финикиялыктар ойлоп тапкан. Алфавитти колдонуунун эң алгачкы үлгүлөрү б.з.ч. 1400-жылга туура келет. Финикияны курчап турган бардык цивилизациялар, анын ичинде гректер, ошол кезде пиктографиялык системаларды башкача айтканда, иероглифтерди гана колдонушкан. Дүйнөдөгү биринчи финикиялык алфавит 32 тамгадан турган. Финикиялыктар жана аларга жакын жайгашкан коңшу элдер оңдон солго карай жазышкан.

Финикиялыктар башкаларга окшобогон теңдешсиз деңизчилер жана соодагерлер болгондуктан, алар алыскы сапарларга чыгуу менен өздөрүнүн алфавитин бүткүл дүйнөгө тарата башташкан. Албетте, ар башка өлкөлөргө тараган финикиялыктардын алфавити башка тилдерге ыңгайлашып, өзгөрүүлөргө дуушар болду. Мисалы, анын эң жакын түрлөрүнүн бири болгон түндүк семит алфавитинде 22 гана тамга болгон.

Бирок, тигил же бул жол менен, бир эле финикиялыктардан келип чыккан көптөгөн заманбап жана байыркы алфавиттер бар: орус, латын, араб, еврей, грек, рун, готика, англис, монгол, тибет, корей жана санскрит алфавиттери.

Европа мамлекеттери алфавитти (жана алфавитти гана эмес) гректер аркылуу кабыл алышкан. Айрым изилдөөчүлөр гректердин финикия алфавитин кабыл алышына жана анын грек тилинин үн системасына ыңгайлашуусуна алып келген эки цивилизациянын ортосундагы байланыш Кипр аралындагы көп улуттуу шаарчада болгон деп ырасташат.

Гректердин финикиялыктар сыяктуу алгач оңдон солго жазышкан. Анан бир сапты оңдон солго, экинчисин солдон оңго, кийинкисин кайра оңдон солго карай жазышкан мезгил болгон. Кийинчерээк алар солдон оңго жазууну чечишкен. Албетте, мындай типте жазуу жазылганды окуу оңой болгон жана калемдеги сыя булганган эмес.

Финикиялыктар алфавитинин ар бир тамгасына ат коюшкан. Жаттап алууну жеңилдетүү үчүн кээ бир аталыштар пиктографиялык жазуулардан келип чыкса, ал эми башкалары мнемотехника (*эс-тутумдун көлөмүн көбөйтүүчү жана маалыматтын жаттап калышын жеңилдеткен ыкмалардын жыйындысы*) катары кызмат кылган. Ошентип, биринчи тамганын аты "алеф" финикия тилинде "бука" дегенди билдирет. Экинчи тамга "бет"- "үй" деп которулат, үчүнчү тамга "гимел" – "төө" дегенди билдирген.

Гректер үчүн бул ысымдар эч кандай мааниге ээ болгон эмес. Убакыттын өтүшү менен алар бир аз бурмаланып, *альфа, бета, гамма* деген грек тамгаларынын аталыштарына айланган. Алгачкы эки тамганын аталышынан чындыгында "алфавит " деген сөз келип чыгат. Финикиялыктар биринчи алфавитти ойлоп табуучулар болсо да, гректер азыркы батыштын маанисинде биринчи чыныгы алфавитти жаратышкан.

Финикиялык алфавитте үнсүз тыбыштар гана болгон. Үндүү тыбыштар окуу учурунда, мындайча айтканда, контекстке жараша, ар кандай көмөкчү белгилердин негизинде кошулган. Булар – азыркы араб алфавити, ошондой эле еврей алфавити. Гректер алфавитти кескин түрдө жакшыртышкан. Алар грек тилинде жок тыбыштарга туура келген финикиялык алфавиттин тамгаларын алып, өз тилинин үндүү тыбыштарына ылайыкташтырышкан.

Акыр-аягы, алфавит идеясын андан ары өнүктүрүп, гректер тамгалар сандардын символу катары колдонулган системаны түзүшкөн. Албетте, бул система адамзат цивилизациясынын өнүгүшүндө жана нумерологиянын өнүгүшүндө абдан маанилүү кадам болгон.

Буга чейин бардык эле байыркы маданияттарда, албетте, сандарды жазуу ыкмалары болгон. Көп учурларда сандар сөз менен жазылган (м: *"десять раз по десять десятков", "сто дюжин"*), башка учурларда атайын белгилер колдонулган, алар керектүү санда кайталанган.

Мисалы, "бир" санын О белгиси менен белгилесек, анда "үч" ООО, ал эми "жети" – ООО-ОООО деп жазылат. Белгилүү бир санга жеткенде, көбүнчө он санына жеткенде, башка белги

киргизилген. Мисалы, он Д деп белгиленсе, анда 97 саны ДДДДДДДДДООООООО деп жазылган.

Албетте, 97 деп жазуу ДДДДДДДДДООООООО деп жазуудан алда канча оңой. Демек, тамгалар манжалар менен эсептелген символдор эмес, сандардын символдору болгон грек системасын дал ушундан улам революциялык жетишкендик болгон деп айтууга болот.

Сандардын алфавиттик жазуусу б.з.ч. VIII кылымда чыгыш Грециянын Милет шаарында ойлоп табылган деп болжолдонууда. Байыркы дүйнөдө, өзгөчө Александр Македонскийдин басып алуулары учурунда кеңири жайылган система – бул Милеттик система болгон. Египеттиктер, перстер, финикиялыктар, арабдар, еврейлер – баары бул системаны кабыл алышкан. Бул система натыйжалуулугу жагынан азыркы араб деп аталган сан жазуу системасына жакын.

## Заманбап нумерологиянын келип чыгышы

Ошентип, сандарды белгилөө үчүн грек алфавиттик тутумун колдонуу байыркы алфавиттерде грек, араб, еврей тилдеринде жазылган ар бир сөз кандайдыр бир сандык мазмунга ээ болгон. Дал ушул жерден илим тармагы катары нумерологиянын эң маанилүү булактары ачылган.

Албетте, сөздүн бардык тамгаларынын сандык баалуулуктарын чогуу кошуу аркылуу кандайдыр бир белгилүү бир сан алынат. Гректер бул кошуу процессин **изопсефия** (*грекче «исо», башкача айтканда, барабар жана «псефос – шагыл таш» деген сөздөн алынган; мурда арифметиканы изилдөө үчүн шагыл таштар колдонулган*) – жалпы санын табуу үчүн сөздүн тамгаларынын сандык маанилерин кошуунун нумерологиялык практикасы деп аташкан. Кийинчерээк бул ыкма Тооратты чечмелөө үчүн колдонулганда, ал **гематрия** (*тамгаларды сандарга таандык кылуу мүмкүнчүлүгү менен сөздүн «жашыруун маанисин ачуунун» ыкмасы*) деп аталып калган.

Изопсефия эллиндик доордо сыйкырдуу чыгармаларда, түш жорууда кеңири колдонулган. Байыркыдан келген маалыматка ылайык Пифагор изопсефияны төлгө ачуу үчүн колдонгон деп ырасташат. Эгерде эки сөз же эки сөз айкашы бирдей сандык мааниге ээ болсо, анда бул сөздөргө туура келген түшүнүктөрдүн ортосунда кандайдыр бир көзгө көрүнбөгөн байланыш бар деп эсептелген. Мындан тышкары, бир сөздүн же сөз айкашынын сандык суммасы өзү кандайдыр бир мааниге ээ болушу мүмкүн.

Заманбап европалык нумерологияда окшош ыкма аттардын жана жалпысынан ар кандай сөздөрдүн нумерологиялык мүнөздөмөлөрүн аныктоо үчүн тамгалардын сандык маанилерин кошуу колдонулат. Бирок тамгаларды кошуунун жана алардын маанисинин алгоритми байыркы грек изопсефиясында колдонулган алгоритмдерден бир топ айырмаланат.

Байыркы Грецияда популярдуу болгон алфавиттин тамгалары менен сандардын ортосундагы байланышты изилдөөнүн дагы бир ыкмасы **арифмология** деп аталат. Арифмологияда ар бир сан-тамга ар кандай сапаттардын, эпитеттердин, магиялык атрибуттардын кеңири чөйрөсү менен байланышкан. Бул багыт заманбап практикалык нумерологиянын чөйрөсүнөн кыйла алыс.

Ошондой эле азыркы «араб цифралары» жөнүндө айта турган болсок, ал цифралар биздин эранын XII-XIII кылымдарында Ислам дининин активдүү жайылышы учурунда Испанияга чейин тараган. Ал эми Испаниядан араб сандарын колдонуу бүткүл Европага тараган.

Сандардан мисалга ала турган болсок, мисалы 5 саны чындыгында орустун "П" тыбышына туура келген индо-бактрия тамгасы. Бул санскриттин "панчан" сөзүнүн биринчи тамгасы жана "беш" дегенди билдирет. 4 саны орустун «Ч» тамгасына окшош экени бекеринен эмес. Бул санскриттин "чатур" сөзүнүн биринчи тамгасынан келип чыккан жана "төрт" дегенди билдирет.

## Нумерологиянын заманбап мектептери

Байыркы убакта ар бир аздыр-көптүр өнүккөн маданияттын өзүнүн нумерологиялык салты болгон. Индиянын, Аравиянын, Персиянын, Палестинанын, Финикиянын, Халдейдин, Вавилондун, Египеттин, Кытайдын нумерологиялык системалары болгон жана азыр деле бар. Кытайдын нумерологиялык салты Фен- Шуй окуусунун алкагында дагы эле бар, ошондой эле Фэн Шуйдун жаңыланган жапон бөлүмү англисче

Nine Star Ki деп аталат. Ал эми Батышта үч нумерологиялык, б.а. Пифагордук, Халдей жана Каббалисттик салт ушул күнгө чейин сакталып калган. Пифагор системасы, аты айтып тургандай, Пифагордун идеяларына негизделген.

Клавдий Птолемей заманбап астрологиянын негиздөөчүсү сыяктуу эле Пифагорду, албетте, заманбап практикалык нумерологиянын түпкү атасы катары кароого болот. Ал эми астрологиялык китептерде жазылгандардын азыр Тетрабиблостун (*төрт китептен турган математикалык трактат – Клавдий Птолемейдин астрология боюнча трактаты, II кылымда жазылган*) мазмуну менен көп окшоштуктары болбогондуктан, нумерология практикасы өткөн миң жылдыкта абдан олуттуу өзгөрдү деп айтууга негиз бар.

Ошого карабастан, Нумерологиянын Пифагор системасы сыяктуу нерсе бар жана биз дал ушул нумерологияны карайбыз. Анын айырмалоочу өзгөчөлүгү алфавиттин тамгалары тиешелүү тилдин алфавитинде пайда болуу ирети боюнча ырааттуу түрдө номерленет. Натыйжада, каалаган тилге колдонулуучу универсалдуу система келип чыгат.

Пифагордук нумерология деп аталган заманбап нумерологиялык методдун башатын улуу ойчулдун жолун жолдоочулардын калтырган эмгектеринен табууга болот. Ал эмгектер негизинен арифмологияга жана изопсефияга арналган.

Тарыхый башаттарды табуу көйгөйү көптөгөн себептерден улам кыйынга турган. Анын ичинде христиан чиркөөсү, өзгөчө өзүнүн жашоосунун биринчи кылымдарында, дүйнөгө альтернативалуу көз карашты сунуш кылган ар кандай мектептерди жаңыга умтулуу үчүн күрөштө өзүнүн атаандаштары катары эсептеген. Ошондуктан, билимдин көптөгөн баалуу булактары аёосуз атаандаштык жүрүшүндө жок кылынган. Чиркөөнүн башкаруучуларынын бири Римдеги Ыйык Ипполит гностиктерди сындап, питмендерди (*«тактылар» же «тамырлар»*), гностиктердин нумерологиясынын сүрөттөмөсүн берет. Ошентип, гностиктердин нумерологиясы азыркы Батыштын "Пифагор" нумерологиялык салтында колдонулган сөздөрдүн сандык эквивалентин эсептөөгө ушундай мамиле кылат.

Халдей нумерологиясы, кээде Мистикалык нумерология деп аталат. Ал байыркы алфавиттер менен байланышты сактап калгандай сезилет. Халдей нумерологиясынын жактоочуларынын айтымында, бул жерде ар бир тамга уникалдуу сандык мааниге туура келет, ал тамганын алфавиттеги орду менен эмес, термелүү менен аныкталат.

Мындан тышкары, Халдей нумерологиясында тамгалар 1ден 8ге чейин номерленген. Ал эми 9 саны ыйык саналып, өзүнчө каралат. Эгерде Пифагордук системада расмий түрдө берилген негизги ысым туулгандыгы тууралуу күбөлүккө жазылган деп эсептелсе, халдейлерде бул эң көп колдонулган ысым. Халдей нумерологиясынын жактоочулары аны колдонуу кыйыныраак болсо да, аны менен алынган натыйжалар алда канча так экенин айтышат.

Биз үчүн бул системаны колдонуудагы негизги тоскоолдук болуп алфавиттин тамгаларын Халдей нумерологиясынын принциптерине ылайык сандар боюнча бөлүштүрүү латын алфавити үчүн гана бар экендиги саналат.

Албетте, бул тема нумерологияны изилдөөчүлөр тарабынан көңүл сыртында калбашы керек жана байыркы грек алфавити менен азыркы орус тилинин ортосундагы байланышты издөө үчүн айрым изилдөөлөрдү жүргүзүү зарыл. Ошол эле учурда Халдей системасынын заманбап версиясы чындап эле ушундай байланышты сактап калышын текшерүү зарылдыгы келип чыгат.

Азыркы учурда нумерологиянын системалары бүткүл дүйнө жүзүндө кызыгууларды жаратууда жана илимий жактан бир топ изилдөөлөр жүрүп жатат.

**Литература**

1. *А. Г. Колесников,* Нумерология. Самоучитель / – ИГ «Весь», 2018.
2. *А. М. Гопаченко,* Нумерология. «OMIKO», Издательство: «ФОЛИО» 2006.
3. *Н. Ольшевская,* Большая книга нумерологии / «Издательство АСТ», 2009.
4. *В. В. Калюжный,* Нумерология – «Издательство АСТ», 2015.

УДК:101.1:316.37:316.612 (043.3)

**Тургунбаева Джамиля Мамазакировна,**
*изденүүчү,*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ,*
**Тургунбаева Джамиля Мамазакировна,**
*соискатель,*
*Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова*
**Turgunbaeva Zhamilya Mamazakirovna,**
*the applicant,*
*Jalal-Abad State University after B.Osmonov*
*e-mail: djamilya0770@mail.ru*

## КЫРГЫЗДАРДЫН САЛТТЫК КООМУНДАГЫ СОЦИАЛДЫК АДИЛЕТТҮҮЛҮК ЖАНА АНЫН МОДЕРНИЗАЦИЯСЫ

**Аннотация.** Адамдын инсандыгы жана анын эркиндиги дайыма жана тарыхый өнүгүүнүн ар бир этабында жогорку баалуулук катары каралып келген. Инсандын укугу жана анын социалдык жоопкерчилиги коомдук илимдердин изилдөөсүнүн предмети катары узак убакытка созулган тарыхы бар. Биздин бул изилдөөбүздө кыргыз элинин маданий салтындагы жана коомдук өнүгүүсүндөгү социалдык жоопкерчилик маселеси универсалдуу феномен катары талдоого алынды. Бул маселени тереңирээк талдоо ирээтинде кыргыз элинин тарыхый эволюциясындагы социалдык жоопкерчиликтин маани-маңызы, анын калыптануусунун коомдук-тарыхый жана коомдук-маданий факторлору, бул кубулуштун өнүгүүсүнүн мыйзам-ченемдүүлүктөрү жана тенденциялары каралды.

Талдоолор көрсөткөндөй ушул убакка чейин кыргыз элинин маданий салты менен байланыштырып, социалдык жоопкерчилик маселесин феномен катары изилдеген комплекстүү эмгек жокко эсе. Изилдөөдө социалдык жоопкерчилик институтунун калыптануусу жана ааламдашкан коомдогу модернизациясы менен учурдагы өнүгүүсү талдоого алынды

**Негизги сөздөр:** жоопкерчилик, социалдык жоопкерчилик, инсан, укук, коом, салттуу коом, модернизация, аламдашуу, ааламдашкан коом.

## СОЦИАЛЬНАЯ ОТВЕТСТВЕННОСТЬ В ТРАДИЦИОННОМ ОБЩЕСТВЕ КЫРГЫЗОВ И ЕЕ МОДЕРНИЗАЦИЯ

**Аннотация.** Личность человека и его свобода всегда и во все времена в историческом развитии является высшей ценностью. Права человека и его социальная ответственность были предметами социальных наук. В нашем исследовании социальная ответственность выступает как универсальный феномен социальной действительности в культурной традиции кыргызов, рассматриваемая в тесной взаимосвязи с социальной ответственностью. А также для глубокого исследования данную проблему предметом анализа являются сущностные черты социальной ответственности, социоисторические и социокультурные факторы, формирующие социальную ответственность кыргызского этноса, закономерности и тенденции, характерные для эволюции социальной ответственности кыргызского народа.

Как показывает анализ до настоящего времени не проводилось ни одного комплексного философского исследования, посвященного проблемам социальной ответственности, тем более находя щихся в связи с кыргызской культурной традицией. В исследовании проанализированы формирование института социальной ответственности, ее модернизация и развитие в условиях глобализации.

**Ключевые слова:** ответственность, социальная ответственность, личность, право, общество, традиционное общество, модернизация, глобализация, глобализационное общество.

## SOCIAL RESPONSIBILITY IN TRADITIONAL KYRGYZ SOCIETY AND ITS MODERNIZATION

**Abstract.** The human person and his freedom have always and at all times in historical development been of the highest value. Human rights and social responsibility have been the subjects of the social sciences. In our study, social responsibility acts as a universal phenomenon of social reality and cultural tradition of the Kyrgyz, considered in close relationship with social responsibility. And for an in-depth study of this problem, the subject of analysis is the essential features of social responsibility, socio-historical and socio-cultural factors that form the social responsibility of the Kyrgyz ethnic group, regularities and trends characteristic of the evolution of social responsibility of the Kyrgyz people.

As the analysis shows, no comprehensive philosophical research dedicated to the problems of social responsibility, much less those related to the Kyrgyz cultural tradition, has been conducted to date. The study analyzes the formation of the institution of social responsibility, its modernization and development in the context of globalization.

**Keywords:** responsibility, social responsibility, personality, law, society, traditional society, modernization, globalization

### Киришүү

Коомдук болмушта тигил же бул социалдык институт аракеттенип, өзүнүн мазмуну жана формасы аркылуу таасирин тийгизип, коомдун жашап жана өнүгүп туруусуна таасирин тийгизет. Өзү да коомдун өнүгүү мыйзамченемдүүлүлүгүнө жараша модернизацияланат. Андай институттардын бири – социалдык жоопкерчилик. Жоопкерчилик бир нече илимдердин изилдөөсүнүн предмети катары каралып, философиялык, социалдык-гуманитардык багытта талдоого алынып келген. Байыркы дүйнөдө эле аны философиялык түшүнүк катары талдоого алса, жаңы доордо философиялык жана укук жаатында ой корутундулар сунушталган. Социалдык жоопкерчилик коомдун трансформацияланышына жараша өзгөрүп, модернизацияланып, маани-мазмуну кеңейип отурган. Заманбап коомдо социалдык жоопкерчилик ааламдашуу процессинин алкагында интерпретацияланып, коомдук болмуштун талаптарына ылайык өзгөрүп, укук менен милдеттин диалектикалык байланышын чагылдырып, философиялык изилдөөнүн алкагында калууда.

### Материалдар жана изилдөө методдору

Изилдөөнүн методологиялык жана теориялык негизи болуп социалдык жоопкерчилик маселесине карата ата мекендик, чет өлкөлүк философиялык, маданият таануучулук, социологиялык изилдөөлөр түздү. Бул маселеге карата кыргыз элинин маданий салтындагы, маданиятындагы жана коомдук психологиясындагы көз караштар, идеялар негиз катары алынды. Заманбап изилдөөлөргө талдоо жасоо аркылуу постсоветтик кыргыз философиясындагы жоопкерчилик маселесинин изилдөөдөгү теориялык жоболор методологиялык негиз катары колдонулду.

Изилдөөдө илимий таанымдын формалдуу-логикалык, тарыхыйлуулук жана системдүүлүк ыкмалары колдонулду. Кыргыз элинин маданий салтындагы социалдык жоопкерчилигинин эволюциялык процессине талдоо жүргүзүүдө цивилизациялык мамиле жасалып, бул феномендин өнүгүүсүнүн маани-маңызы, өзгөчөлүктөрү, модернизациялануусу анализге алынды. Изилдөөнүн материалдары катары эл аралык укуктук-нормативдик документтер, тарыхый документтер, кыргыз элинин салттуу маданиятында маанилүү роль ойногон элдик оозеки чыгармалык, каада-салттар, үрп-адаттар эсептелди.

### Тыянактар жана талкуулар

Кыргыз элинин узакка созулган тарыхында мамлекеттүүлүктүн бир нече этабы болгондугун окумуштуулар белгилеп келишүүдө.

Айрыкча акыркы мезгилдеги изилдөөлөрдө кыргыз мамлекеттүүлүгүн беш мезгилге бөлүштүрүүнү туура көрүшөт. Алгачкы мезгили катары ба- йыркы кыргыз жана байыркы усун мамлекетин белгилешет. Ал эми кийинки этабы катары түрк мамлекеттеринин пайда болуп, өнүгүшү менен байланыштуу каралат. Бул учурда улуу кыргыз дөөлөтүнүн үстөмдүгүн баса белгилеп кетүү керек. Эне-Сайдагы кыргыз кагандыгы кеңири аймакка үстөмдүгүн жайылтып, чындыгында эле кыргыздардын бийлигинин үстөмдүгүнүн, мамлекеттүүлүгүнүн өзгөчө мезгили деп айтууга болот. Кийинки этабы XIII-XIX кк. созулуп, кыргыздардын мамлекеттүүлүгүн жоготкон жана кайра калыбына келтирүү аракети менен коштолгон доор катары белгилүү. Төртүнчү этабы кыргыз элинин СССРдин курамында мамлекеттүүлүгүнө ээ болгон мезгили – мында алгач автономдуу область, кийинчерээк союздук республикалардын катарына кошулушу менен аныкталат. Ал эми бешинчи мезгили Ээмен Кыргыз Республикасынын калыптанышы менен башталат. Демек, кыргыз эли эң байыркы элдерден болгондугу талашсыз, бул тууралуу В.В.Бартольд мындайча белгилейт: «Киргизы (кыргыз) принадлежат к числу древнейших народов Средней Азии. Из народов, живущих в Средней Азии в настоящее время, нет, по-видимому, ни одного, название которого так рано встречалось бы в истории. Почти все наши сведения о судьбах восточной части Средней Азии в домонгольский период извлечены из произведений китайской официальной историографии, где названия народов и другие собственные имена, личные и географические, передаются, конечно, в транскрипции китайскими иероглифами» [1, 6]. Мына ушундай тарыхый доорду жана мамлекеттүүлүгүнүн этаптарын басып өткөн кыргыздардын укук жана милдет маселеси кандай чечилген, анын өнүгүүсүнүн өзгөчөлүгү кандай деген суроо пайда болот. Биздин бул изилдөөбүздө ушул жагдайда кеп козголмокчу. Социалдык жоопкерчилик кантип өнүктү, анын маани-маңызы кантип өзгөрүп отурду деген суроону талдоо менен социалдык жоопкерчилик маселесинин модернизацияланышын изилдөө биздин негизги максатыбыз. Кыргыз элинин салттуу маданиятында жоопкерчилик үрп-адат, каада менен байланыштуу болсо, падышалык Орусиянын курамына киргенден кийин анын маани-мазмуну өзгөрө баштайт. Ушул мезгилден баштап социалдык жоопкерчиликтин эволюцияланышында кандай өзгөрүүлөргө дуушар болгонуна токтололу. Башкача айтканда социалдык жоопкерчилик институнун модернизацияланышы жөнүндө сөздү уласак.

Модернизация – кандайдыр бир феномендердин заманбап, алдыңкы, жаңырган абалы; салттуулуктан жаңычылдыкка өткөн макропроцесс; коомго карата калганда агрардык мамлекеттен индустриалдык, ал эми азыркы учурда постиндустриалдык же маалыматтык коомго өтүү. С.Н Гавровдун пикиринде, модернизация тарыхый контексте каралып, анын көрүнүшүнүн формалары жана жактары аркылуу талданат. Биринчиден, жаңы доордогу Европадагы бир нече мамлекеттердин индустриалдык жактан өнүгүшү; экинчиден, Европадагы мамлекеттерден башка, эми жаңыдан өнүгүп келе жаткан мамлекеттерде ишке ашып жаткан кууп жетүү модернизациясы. Мында экономикалык жактан артта калууну басып өтүү аракеттери жүрөт. Үчүнчүдөн, заманбап өнүккөн мамлекеттердеги терең модернизациялоо процессинин жүрүшү. Акыркысы тастыктап тургандай модернизация үзгүлтүксүз жүргөн процесс катары жана маданияттын инновациялык курамы экендигин айгинелеп турат. Учурда модернизация процесси коомдук-экономикалык өнүгүүдөгү индустриалдыктан постиндустриалдык коомго өтүүнү билдирет [2, с. 821–830].

Ушундан улам модернизация –тигил же бул коомдогу алдыга карай маанилүү өзгөрүүлөргө алып келүүчү ыраатуу өнүгүү. Кыргыз элинин маданий салтындагы коом үч этаптан турган модернизацияга учураган деп айтууга болот. Биринчиси, ислам традициясы менен байланыштуу өнүккөн Чыгыш элдеринин маданиятынын таасири астындагы модернизация. Мында исламга чейинки жана ислам маданиятынын таасири астында болгон өзгөрүүлөр жүрөт. Чыгыш модернизациясынын мезгили кыргыздардын ислам динин кабыл алышы жана ага жараша жоопкерчиликтин пайда болуп, бекемделиши менен мүнөздөлөт. Бул мезгилдин акыркы чеги катары XIX кылымдын аягы XX кылымдын башы белгиленет. Адамдардын аң сезиминде сезилээрлик өзгөрүүлөр жүрөт да, күнөөлүү болуу жана жоопкерчилик негизги категориялар катары белгиленет.

Жаңылануунун же модернизациянын негизи катары маданий, диндик жана менталдык белгилери пайда болот. Чыгыш модернизациясынын таасири астында болгон кыргыз элинин салттуу коомунда дагы бир алдыңкы деп айта турган өзгөрүүлөр жүрөт. Алар: шарияттын таасири астында болгон укук-милдеттердин өзгөрүшү; Кокон хандыгы мезгилиндеги адат-нормалардын киргизилиши. Хандыктын тушунда Фергана өрөөнүндөгү калктын көпчүлүгү дыйканчылык жана жарым көчмөнчүлүк менен алектенген. Буга ылайык адилеттүүлүктү орнотуу жаан социалдык жоопкерчилик иштерин жүргүзүү казыйлардын жана хандыктын сот иштерин жүргүзүү институтуна жүктөлгөн.

Чыгыш модернизациясын үзгүлтүккө учураткан окуя катары Орусиянын Борбор Азияны басып алышы менен байланыштуу болгон. Бул учурда кыргыздардын салттык маданиятынын мейкинине Чыгыш Европалык маданият кире баштаган. Ушул мезгилден баштап кыргыз коомунда модернизациянын жаңы мезгили башталат да, кыргыздар ааламдашуу процессине тартылат. Натыйжада башка маданияттын кыргыз жерине кириши менен социалдык жоопкерчиликтин маани-мазмуну да өзгөрүүгө дуушар болот.

Борбор Азия Орусия империясынын курамына каратылгандан кийин, орус дыйкандарынын көчүп келүүсү башталат, бул айрыкча Столыпиндик агрардык саясат учурунда жогорулайт. Орусиянын европалык бөлүгүнөн көчүрүлгөн орус дыйкандары Борбор Азиянын бардык аймактарында жайгаша баштайт, айрыкча дыйканчылыкка ыңгайлуу, климаты мээлүн, сугатка ыңгайлуу жерлерге отурукташа баштаашат. Жөн эле отурукташпастан ал жерлерди ээлик кылып чарба жүргүзүүнүн негизги объектиси катары пайдалана баштаашат. Падышалык Орусия бүткүл Борбор Азияга императордук аймактык-административдик волостук бөлүнүүнү киргизгенден кийин кыргыз элинин бардык салттуу институттарына биринчи жана эң олуттуу соккуну урат. Ал формалдуу түрдө бекитилбесе да, иш жүзүндө далилденди. Кыргыздардын уруу-уруктук принцибине таянып, тигил же бул аймак иш жүзүндө орус бийлигинин административдик башкаруусуна кирет. Муну менен биринчи кезекте социалдык адилеттүүлүк институту соккуга дуушар болот.

Аймакта киргизилген башкаруу системасын бириктирген бүтүндөй административдик-аймактык бөлүнүш империялык Орусиянын стратегиялык геосаясий кызыкчылыктарына жооп бергенине карабастан, бул жергиликтүү кызыкчылыктар менен дайыма эле дал келбеген. Ошондой эле, патриархалдык-феодалдык мамилелер үстөмдүк кылган жергиликтүү калктын каада-салттары жана адаттары үчүн бул дегеле жат эле [3, 36-51].

Ошентип, жаңы бийлик тарабынан киргизилген жана саясий максаттарды көздөгөн административдик түзүлүш, чындыгында кылымдар бою колдонулуп келген патирархалдык-феодалдык башкаруу системасына сезилээрлик сокку урду. Бирок, Орусия империясынын курамына киргенден кийинки жаңы шарттарда салттык кызыкчылыктарды ишке ашырууга тоскоолдук болгон, анын үстүнө багытталган ар кандай реформаларды жүргүзүү үчүн ал тоскоолоук кылган жана колониялык саясат буга мүмкүндүк бербеген.

Борбор Азиянын Орусияга кошулушу менен салыштырмалуу кыска убакыттын ичинде Туркстан крайын башкаруу жөнүндө убактылуу жобо [4, 550] иштелип чыгып, ал күчүнө кирген. Анда башка маселелер менен катар сот системасындагы бир катар жаңы кабыл алынган тартиптер колдонууга кирет. Кыргыздардын сот иштери да өзгөрүүгө дуушар болот. Убактылуу жобонун 4-жана 5-пункттарында бүтүндөй Түркстан чөлкөмүндө сот органдарынын жаңы системасы каралган, анын курамына биринчиден, аскердик соттор, экинчиден, өз ишмердүүлүгүн бардык жалпы орус мыйзамдардын негизинде жүргүзгөн дүйнөлүк соттор да кирген.

Үчүнчүдөн элдик соттор деп аталган кыргыз элинин салтында калыптанган соттор – казыйлар да кошулган. Убактылуу жобого ылайык үч баскычтуу сот системасы калыптанып, анын биринчи баскычы бийлердин жеке сотторунан, экинчиси, бийлердин волосттук курултайынан, акыркысы бир нече волосттордун кезексиз сотторунун курултайынан турган. Убактылуу жобого ылайык сот иштериндеги иш жүргүзүү адат жана турмуштук укуктардын негизинде ишке ашкан.

Бүткүл Орусиялык мыйзамдардын жана укук системасында, айрыкча биз изилдеп жаткан социалдык жоопкерчилик багытында, жер гиликтүү укук тутумуна тийгизген негизги

таасирлеринин бири жарандык жана кылмыш жаза укуктарынын ортосундагы так жана ачык айырмачылыктардын киргизилиши болгон. Ошол мезгилден тартып жарандык жана кылмыш-жаза мыйзамдарынын эки түрүнүн өзүнчө, толук өз алдынча иштешин камсыз кылган бардык зарыл элементтер пайда болгон. Кыргыз эли өзүнүн салттуу чөйрөсүндө пайда болуп, алгач салыштырмалуу жай болсо да, өнүгө баштаган, жарандык жана кылмыш-жаза укугу жоопкерчилик көз карашынан алганда, өзгөрүүгө, тагыраак айтканда, сапаттык жаңы абалга өтүүнү баштаган. Натыйжада, жоопкерчилик салт менен эмес, биринчи кезекте так дифференцияланган жана эң негизгиси формалдуу эрежелер менен аныктала баштаган. Аны менен тыгыз байланышкан салттуу нормалардын комплекси, мисалы, укуктук аң сезим, адат-салттар, мурдатан калыптанган стеоретиптер жүрүм-турум нормалары, баалуулуктар системасы да өзгөрүүгө дуушар болгон.

Кыргыздардын салттуу коомунун модернизациясынын орусиялык мезгилин эки этапка бөлүп кароого болот. Биринчиси, Орусия падышачылыгынын кыргыз жергесине бийлигин орноткон мезгилинен баштап, 1917-жылга чейин жана Совет бийлигин орногондон, 1991-жылга чейинки учур. Модернизациянын советтик мезгили кыргыздардын социалдык жоопкерчилик институтунун өнүгүүсүнүн жаңы этабы катары кароого болот. Учурдагы укук системасы жана социалдык жоопкерчилик институту совет доорунда калыптана баштаган. Ошол эле учурда суверендүү Кыргыз Республикасынын бул институту терең модернизацияга учурады. Укуктук негизде караганда совет коомундагы адамдар үчүн бирдей укук жана жоопкерчилик негизделген. Улутуна, расасына, этникалык таандыктыгына жана жынысына карабай мыйзам алдында баары бирдей жооптуу болушкан. Азыр мындай жагдайлар табигый көрүнүш жана реалдуу теңдик катары кабылданат. Демек, кыргыз элинин салттуу маданиятында социалдык жоопкерчилик мыйзам алдында баары бирдей экендигин тастыктады. Эгерде совет бийлиги орногонго чейин адилетсиз иш аракети үчүн баары тегиз жоопкерчиликке тартылбаган жагдайлар кездешсе, советтик мыйзам социалдык теңдикти, мыйзам алдында баары жооптуу экендигин кепилдеген.

Советтер Союзунун кулашы, Кыргыз Республикасынын көз каранды эместикти алышы менен ааламдашууга кирүүнүн жаңы чектери жаралды. Бул процесс Кыргызстандын маданий өнүгүүсүнүн жана социалдык жоопкерчиликтин башка жогорку чегинин уланышы болуп калууда; ал постиндустриалдык же маалыматтык коомдогу жоопкерчилик катары белгилүү болууда. Г.С.Токоева коом менен билим берүү институтунун диалектикалык байланышын талдап келип минтип жазат: "Билим берүү философиялык маселе катары адамзаттын өнүгүүсү менен бирге жаралып, белгилүү баскычтар аркылуу өнүгүп, социалдык феномен катары таанылып келген. Коомдун болмушунда социомаданий институт катары болуп курамына бир неме элементтерди, мазмун менен форманы, бүтүн менен бөлүктү алат. Диалектиканын мыйзамдарын ылайык билим да кыймылда, кайсы бир багытты көздөп өнүгүүдө турат. Коомдун талаптарына ылайык ыңгайлашат, багытын өзгөртөт, темпин аныктайт"[https://www.elibrary.ru/download/elibrary_49389305_63748910.pdf]. Айтылган ойдон улам мындай жыйынтык чыгарууга болот: коомдун өнүгүүсүнө социалдык жоопкерчилик институту да таасирин тийгизет жана тескерисинче; натыйжада коом менен социалдык жоопкерчилик диалектикалык байланыштагы бүтүндүк деп айтууга болот.

**Корутунду**

Демек, социалдык жоопкерчилик коомдогу тигил же бул социумдун маданиятынын деңгээлине көз каранды болгон феномен. Заманбап коомдо бул социалдык жоопкерчилик постиндустиралдык коомдогу ааламдашууга кеңири тартылып, эл аралык укук менен милдеттин, адилеттик менен адилетсиздиктин, жакшылык жана жамандыктын чегинде каралып, инсандын болмушунун жана коомдун өнүгүүсүндөгү социалдык институттун аракети катары кызматын аткарууда. Заманбап изилдөөлөрдө, айрык ча социалдык теорияларда укук менен жоопкерчиликтин диалектикалык мүнөзүн аныктап, кээде корпоративдик жоопкерчилик менен байланыштырган жагдайлар бар. Бул маселе келечектеги изилдөөлөрдүн предмети болот деген ойдобуз.

**Адабияттар**

1. *Бартольд, В.В.* Киргизы (исторический очерк) [Текст] / В.В. Бартольд. – Фрунзе: Киргизское государственное издательство, 1927. – 57 с.

2. *Гавров, С.Н.* Модернизация [Текст] / С.Н. Гавров // Социокультурная антропология: история, теория, методология. Энциклопедический словарь. – М.: Академический проект: Константа, 2012. – С. 821–830. – 1000 с.

3. *Сатыбеков, С.С.* Гражданское судопроизводство в Киргизской ССР [Текст] / С.С. Сатыбеков. – Фрунзе: Илим, 1987. – 190 с.

4. Временное положение об управлении Туркестанской областью: Собрание узаконений и распоряжений правительства. Второе полугодие. – СПб., 1865. – Собр. – №77. – Ст. 497. – С. 550.

5. *Токоева Г.С.* Билим берүү философиялык маселе катары. Электрондук ресурс: https://www.elibrary.ru/download/elibrary_49389305_63748910.pdf.

## ПРАВО LAW

УДК 328.185

**Абдыгазиев Жигитбек Исабекович,**
*Ленин районунун прокурорунун башкы жардамчысы,*
*Бишкек ш.*
**Йонгжин Чанг,**
*доцент*
*Жапония Эл аралык университети*

**Абдыгазиев Жигитбек Исабекович,**
*старший помощник прокурора Ленинского района*
*г. Бишкек*
**Йонджин Чанг,**
*доцент*
*Международный университет Японии*

**Abdygaziev Zhigitbek Isabekovich,**
*senior assistant to the prosecutor of the Leninsky district,*
*Bishkek city*
**Yonjin Chang,**
*associate professor*
*International University of Japan*

# A STUDY ON DETERMINANTS OF CORRUPTION PERCEPTION IN THE POST-SOVIET STATES

**Abstract.** What are the determinants of corruption perception in former soviet countries? The current study examines determinants of corruption by using a panel dataset of 15 former Soviet Union States from 1997 to 2015. The regression analysis results suggest that rule of law, government effectiveness, political rights, and civil liberties are negatively associated with the level of corruption in the countries. Surprisingly, the gross enrollment rate of tertiary education negatively affects the level of corruption. As the enrollment rate increases, the country's corruption will likely increase. In this study, economic growth and political stability are not significant determinants of corruption, while previous scholars have argued that they are essential factors.

**Keywords:** corruption, determinant, rule of law, government, economy, education, statistics.

# ИССЛЕДОВАНИЕ ДЕТЕРМИНАНТОВ ВОСПРИЯТИЯ КОРРУПЦИИ В ПОСТСОВЕТСКИХ ГОСУДАРСТВАХ

**Аннотация.** Каковы детерминанты восприятия коррупции в бывших советских странах? В настоящем исследовании изучаются детерминанты коррупции с использованием собранных данных по 15 государствам бывшего Советского Союза с 1997 по 2015 год. Результаты регрессионного анализа показывают, что верховенство закона, эффективность правительства, политические права и гражданские свободы отрицательно связаны с уровнем коррупции в странах. Удивительно, но валовой показатель охвата высшим образованием негативно влияет на уровень коррупции. По мере увеличения числа учащихся коррупция в стране, вероятно, будет расти. В этом исследовании экономический рост и политическая стабильность не являются существенными детерминантами коррупции, в то время как предыдущие ученые утверждали, что они являются важными факторами.

**Ключевые слова:** коррупция, детерминант, верховенство права, правительство, экономика, образование, статистика.

## ПОСТСОВЕТТИК МАМЛЕКЕТТЕРДЕГИ КОРРУПЦИЯНЫ КАБЫЛДООНУН ДЕТЕРМИНАНТТАРЫН ИЗИЛДӨӨ

**Аннотация.** Мурдагы советтик өлкөлөрдөгү коррупцияны кабылдоонун аныктоочу факторлору кандай? Бул изилдөө 1997-жылдан 2015-жылга чейин мурдагы СССРдин 15 мамлекетинен чогултулган маалыматтарды колдонуу менен жемкорлуктун детерминанттарын изилдейт.

Регрессиялык анализдин жыйынтыктары көрсөткөндөй, мыйзам үстөмдүгү, Өкмөттүн натыйжалуулугу, саясий укуктар жана жарандык эркиндиктер өлкөлөрдө коррупциянын деңгээли менен терс байланышта экенин көрсөтүп турат.

Таң калыштуусу, жогорку билим менен камтуунун дүң көрсөткүчү коррупциянын деңгээлине терс таасирин тийгизет. Окуучулардын саны көбөйгөн сайын өлкөдө коррупция күчөйт. Бул изилдөөдө экономикалык өсүш жана саясий туруктуулук коррупциянын олуттуу детерминанттары эмес, ал эми мурунку окумуштуулар аларды маанилүү факторлор деп ырасташкан.

**Негизги сөздөр:** коррупция, детерминант, мыйзамдын үстөмдүгү, өкмөт, экономика, билим берүү, статистика.

## INTRODUCTION

The issue of corruption has long been considered significant because a high level of governmental corruption results in ineffective policy implementation, a hindrance to economic growth, political instability, unstable civil society, and public distrust of government. U.N. Secretary-General Kofi A. Annan points out, in the United Nations Convention against Corruption Report (UNCACR, 2004), that

«Corruption is an insidious plague with a wide range of corrosive effects on societies. It undermines democracy and the rule of law, leads to human rights violations, distorts markets, erodes the quality of life, and allows organized crime, terrorism, and other threats to human security to flourish»[1].

This study examines the determinants of corruption perception in 15 post-Soviet states. Corruption in the former Soviet States is still one of the significant issues today. For example, 67 percent of people in Moldova and 56 percent in Ukraine are likely to think that corruption is one of the top issues in their country. In Azerbaijan, the Kyrgyz Republic, Ukraine, and Moldova, around 40 percent of families used to give bribes to public officials to receive public services, reaching 50 percent in Tajikistan (Pring, 2016).

Many studies have been conducted to investigate the determinants of corruption. These include historical and cultural traditions (Treisman, 2000), religion (Treisman, 2000; ), rule of law (Elbahnasawy & Revier, 2012; Herzfeld & Weiss, 2003) , democracy (Treisman, 2000; Chowdhury, 2004), economic development (GDP) (Del Monte & Papagni, 2001; Mo, 2001; Mauro, 1995), press freedom (Freille, Haque, & Kneller, 2007; Brunetti & Weder, 2003), government effectiveness (Kapoor & Ravi, 2012; Kraay & Mastruzzi, 2010; Montes & Paschoal, 2016), political stability (Campante, Chor & Do,2009; Arriola, 2009; Damania, Fredriksson, and Mani, 2004), natural resource abundance (Kolstad & Søreide, 2009), and education (Asongu & Nwachukwu, 2015; Cheung & Chan, 2008). However, scholars have no consensus about the exact causes of corruption (Elbahnasawy & Revier, 2012).

This study will concentrate on democracy, the rule of law, government effectiveness, political stability, economic growth, and education. To test hypotheses, the current research has mainly relied on secondary sources from International Transparency, World Bank, Freedom House, and others. This has been done since one of the most significant obstacles in empirical study on corruption is the deficiency of high-quality data within the countries in question. This deficiency of information is not hard to understand because corruption occurs in secret. This makes it challenging to examine corruption empirically. Since the early 1980s, several organizations have

tried to measure corruption by conducting surveys worldwide and have published reports such as Corruption Perceptions Index from Transparency International (Elbahnasawy & Revier, 2012).

The rest of the article is organized as follows. Firstly, this study presents the literature review of previous research regarding the determinants of corruption. Secondly, it is devoted to discussing the background of the 15 post-Soviet states. Thirdly, the study presents data sources and the empirical method of research. Fourthly, the results of the analysis are described. Fifthly, it includes a discussion of the implications of the results, policy recommendations, and a conclusion.

## LITERATURE REVIEW

**Definition of Corruption.** There are several definitions of corruption that scholars have given. Shleifer & Vishny (1993) define corruption as the exploitation of state property by public officials for their benefit. Jain (2001) states that in a democratic society, three kinds of corruption can be identified based on the relationships of the population with bureaucrats, legislatures, and politicians. The first one is called «grand corruption,» which describes officials who misuse their power for their economic interests. The second is «bureaucratic corruption», which refers to corruption relating to public officials. The third corruption is «legislative corruption» [2], which refer to buying votes during elections or bribing legislators by interest groups to influence legislation to their economic advantage.

**Determinants of Corruption.** Previous literature has found several factors associated with corruption such as religion (Treisman, 2000; ), rule of law (Elbahnasawy & Revier, 2012; Herzfeld & Weiss, 2003) , education (Asongu & Nwachukwu, 2015; Cheung & Chan, 2008), press freedom (Freille, Haque, & Kneller, 2007; Brunetti & Weder, 2003), democracy (Treisman, 2000; Chowdhury, 2004), political stability (Campante, Chor & Do,2009; Arriola, 2009; Damania, Fredriksson, & Mani, 2004), economic development (GDP) (Del Monte & Papagni, 2001; Mo, 2001; Mauro, 1995), natural resource abundance(Kolstad & Søreide, 2009), historical and cultural traditions (Treisman, 2000), and government effectiveness (Kapoor & Ravi, 2012; Kraay & Mastruzzi, 2010; Montes & Paschoal, 2016). The current study will focus on the rule of law, democracy (political rights and civil liberty), economic development (GDP), press freedom, government effectiveness, political stability, and education. These causes for corruption were selected since all these factors were assumed to affect decreasing corruption positively, and these factors dramatically changed after the Soviet Union collapsed in former Soviet Union countries.

**Rule of Law.** The rule of law implies protection and respect of human rights, effective compliance and enforcement of law and order by police, and an independent judiciary. Under a strict rule of law, the citizen's property is defended from unlawful seizures and appropriation. The rule of law stimulates economic growth because it gives people the confidence to save and invest (Nwabuzor, 2005). Thereby, the rule of law may be an efficient tool against corruption because corruption will not be allowed to flourish in countries or societies where law enforcement agencies adhere to the authorities.

Numerous research studies have been conducted to examine the hypothesis about the negative influence of the rule of law on corruption. The results clearly show that the rule of law and corruption correlate negatively. In states where the rule of law is strict, the level of corruption is low, while in countries where the rule of law is weak, the corruption level is high (Elbahnasawy & Revier, 2012; Herzfeld & Weiss, 2003).

Herzfeld & Weiss (2003) conducted empirical research about the interrelations between corruption and the legal system. As a result of this empirical study, the authors found that the association between the rule of law and different degrees of corruption is significant. The data strongly suggests that public officials' corruption level increases when the legal system weakens.

Eibanhnasawy and Revier (2012) also found evidence that the perception of solid support for the rule of law is closely correlated with reduced corruption and thus suggests that a better quality of law enforcement reduces corruption.

Based on previous studies, it appears that the rule of law has the power to decrease corruption. Therefore, the current research proposes hypothesis 1 as the rule of law increases, the level of corruption decreases.

***Economic Growth.*** Many scholars have attempted to estimate the effect of economic growth on corruption (Del Monte & Papagni, 2001; Mauro, 1995; Mo, 2001). Some scholars argue that economic growth reduces corruption. In states

where investors' confidence in the government is low, the shadow economy and corruption level will be high.  On the other hand, in some states, there is no firm evidence of the impact of economic growth on corruption (Drury, Krieckhaus & Lusztig, 2006). Researchers have so far been unable to reach a consensus on this issue.

Mo (2001) found that if the economic growth level decreases by 0.72 percent, the degree of corruption grows by 1 percent. Also, Mauro (1995) found that corruption decreases private investment, thereby lowering economic growth. Because the correlation between investment and corruption is significantly negative, the same is valid with economic growth.

Based on previous research, it is clear that economic growth and corruption have an inverse correlation. Therefore, the current study proposes hypothesis 2, that economic growth negatively correlates with corruption.

***Education.*** Education can be an effective tool to decrease corruption because educated citizens are more aware of the adverse effects of corruption. Also, they may feel civic responsibility that encourages them to actively participate in anti-corruption policies, such as monitoring public officials' behavior (Cheung & Chan, 2008). To examine the positive effect of education on decreasing the level of corruption, several studies were conducted. For example, Cheung and Chan (2008) conducted an empirical study to estimate the impact of education on corruption. In this study, the authors used tertiary (higher) education levels to measure education levels. The data about overall enrolment in higher education from 1998 to 2001 was taken from United Nations Educational, Scientific, and Cultural Organization's Report for 2005. The corruption perception index (CPI) from 2002 to 2005 was obtained from Transparency International. The data for higher education and CPI included 56 countries.  Cheung and Chan (2008) found that, overall, enrolment in higher education hurts corruption. As the number of people participating in higher education rises, corruption levels decline across countries. According to the authors, the reason can be that higher education promotes an understanding of the deleterious effects of corruption on society and may increase both morality and a sense of public responsibility among students.

Началом создания новой судебной системы в России стало принятие исторического Декрета о суде №1 в 1917 году [3]. Согласно данного нормативного акта, подлежали упразднению существующие до этого окружные суды, военные и морские суды с различными названиями, судебные палаты и департаменты, коммерческие суды. Вместо существующего института мировых судей были образованы коллегиальные суды, состоящие из постоянных местных судей, которые стали избираться на основе прямых выборов и двух заседателей, приглашаемых по очереди на заседание, согласно специально составленных списков. Также на основе данного Декрета были учреждены революционные трибуналы, для рассмотрения более сложных дел.

Что же касается судебной системы Туркестанского края, то важную роль сыграло принятое 30 ноября 1917 года Постановление Совета народных комиссаров края «Об организации Временного революционного суда» [9].

Другим важным правовым актом более детально регламентирующим порядок организации и деятельности судебных органов стал Декрет о суде №2 от 1918 года [4]. В данном Декрете помимо порядка осуществления судопроизводства и подсудности дел, были закреплены важнейшие принципы судебного разбирательства, в том числе разбирательство дела с использованием местного языка, а также содержались нормы, предусматривающие участие народных заседателей, вопросы кассации, судебного контроля, исполнения вынесенных судебных актов и др. На основе данного Декрета, местные суды стали называться «местными народными судами». Также для оказания юридической помощи населению при местных Советах были созданы коллегии правозаступников.

Принятый 20 июня 1918 года Декрет о суде №3 значительно расширил подсудность местных народных судов, запретил руководство устаревшим законодательством и определил формирование единого кассационного суда по двум направлениям: по уголовным делам и по гражданским делам [5].

В 1918 году прошел 1 Съезд советов Туркестанского края, на котором было принято решение о создании в Пишпекском уезде уездного революционного трибунала и следственной комиссии, а также об утверждении мировых судей всех участков уезда.

Так как большинство населения Туркестанской Республики вело кочевой образ жизни, к концу 1921 года были учреждены передвижные камеры народных судей, которые находились в близости с кочевым населением. Постепенно были расширены полномочия народных судов, рассматривающих уголовные и гражданские дела, при обязательном участии двух народных

заседателей. Исключение составляли незначительные дела, рассматриваемые судьей единолично.

В качестве надзорного органа над судебными органами республики стал выступать Верховный суд РСФСР.

Следующей вехой в развитии судебной системы кыргызов, стало образование в 1922 году – СССР, в состав которого входили и кыргызы, находящиеся в составе Туркестанской Автономной ССР.

В 1924 году на основе Постановления «О национальном размежевании республик Средней Азии (Туркестана, Бухары и Хорезма)» [8] была образована Кара - Киргизская Автономная область в составе РСФСР, в соответствии с которой был образован областной суд Кара - Киргизской Автономной области. В составе областного суда было создано Нотариальное отделение и осуществлена значительная работа по определению количества судебных участков в пределах области.

Областной суд выступал как орган судебного управления по отношению к народным судам и являлся кассационной инстанцией в отношении дел, рассмотренных народными судами.

Также в 1924 году были упразднены, существовавшие до этого суды биев, а в 1927 году ликвидировали и суды казиев.

В дальнейшем, огромное значение для осуществления структурных изменений и дальнейшего развития судебной системы имело преобразование Киргизской автономной области в Киргизскую Автономную Советскую Социалистическую Республику, произошедшее в 1927 году. В результате были проведены изменения в нумерации участков народных судов и увеличено количество уполномоченных областного суда. Также был образован Главный суд Киргизской АССР, состоящий из председателя, двух его заместителей и пяти членов суда.

Главный суд стал высшим судебным органом в масштабе всей территории Киргизской АССР, выступал кассационной инстанцией по отношению к народным судам, был судом первой инстанции по делам, отнесенным законом к его ведению, а также выполнял надзорные функции в отношении вступивших в силу приговоров и решений народных судов. По отношению к Главному суду республики, кассационной и надзорной инстанцией выступал Верховный суд РСФСР.

Преобразование Киргизской АССР в Киргизскую ССР внесла свои коррективы и в судебную систему. Так Главный суд Киргизской АССР был переименован в Верховный суд Киргизской ССР, что повлекло за собой изменение его структуры и функций. Теперь Верховный суд стал высшим судебным органом Киргизской ССР на который возлагался надзор за судебной деятельностью всех судебных органов Киргизской ССР. Давать руководящие указания Верховному суду Киргизской ССР, по вопросам судебной практики, мог только Верховный суд СССР.

Также на законодательном уровне были закреплены основные принципы деятельности судебных органов: осуществление правосудия только судом, выборность судей на основе всеобщего, прямого и равного избирательного права при тайном голосовании, независимость судей и их подчиненность только закону, открытость ведения судебного разбирательства.

В соответствии с Конституцией Киргизской ССР 1937 года [1], наряду с Верховным судом и народными судами, предусматривались и специальные суды, создаваемые по постановлению Верховного Совета СССР. К ним относились: военные трибуналы, линейные суды железнодорожного транспорта, линейные суды водного транспорта, которые относились к системе судов СССР и действовали на основе общих для всех судов норм материального и процессуального права.

На основании Положения «О народном комиссариате юстиции Киргизской ССР» принятым в 1938 году, организация и руководство деятельностью судебных органов было возложено на Народный комиссариат юстиции.

В состав Народного комиссариата юстиции входили: управления судебных органов, секретариат, отделы: статистики, кадров, нотариата, кодификации, финансово-плановый отдел, контрольно-инспекторская группа, архив.

Большие трудности в работе судебных органов республики вызвала Великая Отечественная война. В условиях военного времени, судебные органы были вынуждены перестроиться в организационном и функциональном плане. Были значительно расширены полномочия военных трибуналов, с возложением на них задач по борьбе с наиболее тяжкими преступлениями на фронте и в тылу.

После окончания войны, преобразования в судебной системе республики были продолжены. Так, в 1956 году, в связи с упразднением Министерства юстиции СССР присущие ему функции по руководству деятельностью судов и органов юстиции союзных республик были переданы министерствам юстиции республик. В связи с этим, в Киргизской ССР функции управления Министерства юстиции Киргизской ССР были переданы областным судам, а сами они были упразднены.

Позднее были приняты ряд законодательных актов, которые оказали значительное влияние на организацию и деятельность судебных органов республики. В частности, на основе Положения о выборах народных судей Киргизской ССР, судьи избирались населением, которое проживало на территории нахождения данного суда, а выдвигать кандидатов в судьи имели право общие собрания и организации рабочих, служащих и колхозников.

В 1979 году в состав судебных органов республики вошел Фрунзенский городской суд. На основании Указа «О порядке отзыва народных судей и народных заседателей районных (городских) народных судов Киргизской ССР», принятого в 1981 году, судьи и народные заседатели районных (городских) народных судов могли быть отозваны избирателями, если они не оправдали их доверия или совершили действия, не достойные высокого звания народного судьи или народного заседателя, причем право отзыва принадлежало народу.

Таким образом судебная система республики до распада СССР, была представлена следующим образом: Верховный суд Киргизской ССР как высший судебный орган, осуществляющий надзор за судебной деятельностью всех нижестоящих судов; областные суды; Фрунзенский городской суд; военные суды; районные (городские) народные суды.

Организационное обеспечение деятельности судов было возложено на Министерство юстиции Киргизской ССР, управления юстиции исполкомов областных Советов при строгом соблюдении принципа независимости судей и подчинения их только закону.

Приобретение Кыргызстаном независимости явилось событием эпохального значения. Оно поставило нашу республику в один ряд с другими независимыми странами, дало возможность войти в мировое сообщество и развивать с ним на равных всестороннее и взаимовыгодное сотрудничество [6, с. 292], и соответственно, привело к дальнейшему развитию и преобразованиям судебной системы республики.

**Литература**

1. Конституция Киргизской ССР от 23 марта 1937 г. был утвержден Чрезвычайным 5 съездом Советов Киргизской ССР.
2. Конституция Киргизской ССР от 20 апреля 1978 года принята на Внеочередной восьмой сессии Верховного Совета Киргизской ССР девятого созыва.
3. Декрет о суде №1 от 22 ноября (5 декабря) 1917 г. Декреты Советской власти. Т.I. М., Гос.изд-во полит. литературы, 1957.
4. Декрет о суде №2 от 18 февраля 1918. Декреты Советской власти. Т.I. М., Гос.изд-во полит. литературы, 1957.
5. Декрет о суде №3 принят СНК от 20 июня 1918. История Советской Конституции. Сб. документов. 1917—1957, М., 1957.
6. *Бактыгулов Дж.С., Момбекова Ж.К.* История кыргызов и Кыр-гызстана с древнейших времен до наших дней. Б. 2001. – 344 с.
7. *Кожевников М.В.* История советского суда 1917 - 1956 гг. М.: Гос. изд. юрид. лит., 1957. – 383 с.
8. *Турсунов Х. Т.* О национально-государственном размежевании Средней Азии, Ташкент. 1957. – 23 с.
9. Этнополитические и этносоциальные процессы в центрально-азиатских окраинах России в период революций 1917 г. и первые годы советской власти. Документы и извлечения. Барнаул: АЗБУКА, 2016. – 459 с.

УДК: 341.232:004.056 (575.2) (04)

**Сейдакматов Нурман Адисович,**
*юридика илимдеринин кандидаты*
**Сейдакматов Нурман Адисович,**
*кандидат юридических наук*
**Seidakmatov Nurman Adisovich,**
*Candidate of legal sciences*

**Нармаматова Топчугүл,**
*ага окутуучу, доктор, Кыргыз-Түрк "Манас" университети, Коммуникация факультети, Журналистика бөлүмү*
**Нармаматова Топчугул,**
*старший преподаватель, доктор, Кыргызско-Турецкий университет Манас, Факультет "Коммуникации", отдел Журналистики*
**Narmamatova Topchugul,**
*Senior Lecturer, Doctor, Kyrgyz-Turkish Manas University, Faculty of communications, Department of Journalism*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА МААЛЫМАТТЫК КООПСУЗДУКТУ КАМСЫЗДООДО МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫНЫН КЭЭ БИР МАСЕЛЕЛЕРИ

**Аннотация.** Маалымат коопсуздугу бүгүнкү күндө улуттук, регионалдык жана эл аралык коопсуздуктун бирден бир компоненттеринен бири болуп саналат. Анткени жаңы маалыматтык байланыш технологияларынын өнүгүшү жана аны менен коштолгон дүйнөлүк ааламдашуу шартында кибер чабуул, контркибер чабуул, дизинформация, мизинформация, пропаганда, психологиялык согуш, маалыматтык согуш сыяктуу факторлор бир эле жергиликтүү шартта эмес, глобалдык деңгээлде дагы мамлекеттик структураларды тынчсыздандырууда. Мындай жаңы чакырыктарга жана коркунучтарга карата улуттук жана эл аралык деңгээлде маалымат мейкиндигин калыптандыруу, маалыматтык телекомуникациялык системаларды түзүү жана мамлекеттер аралык кызматташууну арттыруу замандын талабы болууда.

Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын өнүгүшү коомдун дагы структуралык жактан өзгөрүүсүн, тактап айтканда, индустриалдык коомдон маалымат коомуна өтүүсүн шарттады. Маалыматтык коомдо бардык саясий, экономикалык жана социо-маданий чөйрөлөр санариптешкен маалыматтык технологиялардын жардамы аркылуу жүргүзүлөт. Өзгөчө маалыматка жетүү же болбосо маалымат өндүрүү функциялары дагы санариптешкен маалымат каражаттарынын колдоосу аркылуу ишке ашырылат. Ошол себептен маалыматтык коомдун калыптанышында, өнүгүшүндө жана маалыматтык коопсуздуктун сакталышында санариптешкен массалык маалымат каражаттары өзгөчө роль ойнойт. Аталган илимий макалада улуттук деңгээлде маалыматтык коопсуздуктун сакталышында ММКнын орду жана ролу талкууланган.

**Негизги сөздөр:** маалыматтык коопсуздук, Кыргыз Республикасы, массалык маалымат каражаттары, маалыматтык коом.

# НЕКОТОРЫЕ ВОПРОСЫ СМИ В ОБЕСПЕЧЕНИИ ИНФОРМАЦИОННОЙ БЕЗОПАСНОСТИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Аннотация:** В настоящее время информационная безопасность является одним из важных компонентов национальной, региональной и международной безопасности. Развитие информационных технологий в условиях глобализации породило новых вызовов и угроз, которые вызывают волнение государственных структур. Поэтому восстановление мирового информационного про-

странства путем международного сотрудничества в области разработки новых телекоммуникационных систем является требованием времени.

**Ключевые слова:** информация, информационная безопасность, международное сотрудничество, телемуникационные системы, региональная безопасность.

## THE ROLE OF MASS MEDIA IN ENSURING INFORMATION SECURITY OF KYRGYZ REPUBLIC

**Abstract.** Nowadays, information security is one of the components of national, regional and international security. Because of the development of new information communication technologies and the globalization process, some factors such as cyber-attack, counter cyber-attack, disinformation, misinformation, propaganda, psychological war, information war became an important issue for state structures not only at the local but also at the global level. In relation to these new challenges and threats, shaping the national and international information space, creating information and telecommunication systems and increasing interstate cooperation is becoming the demands of the time.

In the information society, all political, economic and socio-cultural fields are carried out with the help of digitalized information technologies. In particular, information access or information production functions are also carried out with the support of digitized media. For this reason, digitalized mass media play an important role in the formation and development of the information society and in the creation of information security. In this scientific article, has been discussed the place and role of mass media in maintaining information security at the national level.

**Keywords:** Information security, Kyrgyz Republic, mass media, information society.

### Киришүү

Адамзат тарыхынын басып өткөн жолун карап көрсөк ар кайсы доорлордогу өзгөрүү жана өнүгүүлөр технологиялык ойлоп табуучулуктун таасири астында жаралганын көрөбүз. Алгачкы кылымдарда Жакынкы Чыгыштагы жашаган калктын арпа менен буудайды өндүрүүсү алардын көчмөнчүлүктөн отурукташкан калкка айлануусуна башкача айтканда феодалдык коомдун калыптанышына түрткү болгон. Ал эми жазуу жана басма станогунун (И.Гутенберг, 1450-жыл) пайда болушу индустриалдык коомдун башаты катары карала баштаган. XX кылымдын экинчи чейрегинен баштап техника жана технология тармагындагы болуп көрбөгөндөй жогорку темптеги өнүгүүлөр жаңы коомдун, маалыматка негизделген коомдун жаралышына себепкер болду.

Коомдун өнүгүү процессинде адамзат дайыма өз ара байланышка жана айланасындагы болуп жаткандардан маалымдар болууга муктаж болгон. Мындай муктаждыгы себептүү адам бул тармакта акыл-парасатынын, ой-санаасынын жана кыялдарынын негизинде улам жаңы байланыш каражаттарын өнүктүрүп отурган. Эски материк (Европа) жана Жаңы дүйнө (Америка) арасындагы соодагерлердин экономикалык маалыматтарды алуусун камсыздаган алгачкы маалымат кагаздары убакыттын өтүшү менен гезиттерге айланган (Нара, 2006:2). Гезиттердин массалык түрдө басылышын жана жайылышын ошону менен бирге эле коомдун интеллектуалдык жактан өнүгүшүн камсыз кылган басма станогунун ойлоп табылышы азыркы доордун башталышы катары эсептелет. Маалыматтын тез жана кеңири таралышынын натыйжасында пайда болгон Кайра жаралуу жана реформа кыймылдары Европанын коомдук түзүлүшүн өзгөртсө, коомдогу рационалдуулук жана аналитикалык ой жүгүртүү азыркы доордун пайдубалын түптөгөн. Аналитикалык ой жүгүртүү менен калыптана баштаган коом өтмүштү изилдеп, келечекке пландар түзө баштаган.

Коммуникация технологиялары тармагындагы өзгөрүүлөр электрондук төңкөрүштүн натыйжасында жаралды. Электрондук төңкөрүштүн таасири астында жаралган электрондук байланыш каражаттары болсо жаңы доордун эң маанилүү кабарчысы болуп калды. Жаңы доордун электрондук куралдар менен башталганын айткан Канадалык илимпоз Маршалл Маклюэн «Каражат - бул кабар» (Medium is message) теориясы аркылуу билдирүүгө/информацияга караганда маалымат каражаттарынын маани-

си чоң экендигин көрсөткөнгө аракет кылган (Кара, 2005: 118).

1940-жылдарда өндүрүлүп (алгачкы Eniac компьютери), 1950-жылдардан кийин колдонууга бериле баштаган, кийинчерээк транзистордун жана чип технологиясынын таасири астында көлөмү жана кубаттуулугу жагынан бир топ жакшырган компьютер технологиясы учурдун эң керектөөчү каражатына айланды. Ал эми компьютерге негизделген интернеттин жаралышы адамзат коомун жаңы доорго өтүшүнө тактап айтканда маалымат доорунун жаралышына алып келди. Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын таасири астында жаралган маалымат коому жөнөкөй тил менен айтканда маалыматтын өндүрүлүш, жайылтылыш жана сакталыш процесстерин коомдо эң маанилүү иш-чара катары кабыл алган коомдун түрү болуп саналат (Өзтүрк, 2013:28).

Маалымат коомунун негизги өзгөчөлүгү катары коомдогу өндүрүштүн жана иш-аракеттердин маалыматка негизделгендиги менен түшүндүрсө болот. Маалымат коомунда эң негизги продукт маалымат болуп эсептелинет. Мануэл Кастельс (2001:405) маалымат коомун маалымат тармактары, маалыматтык байланыштар, компьютердик системалар жана символикалык информациялардын негизинде түзүлгөн коом деп сыпаттайт. Тактап айтканда, маалыматтык коомдо коомдук структуралардын бардыгы электрондук башкарууга өтөт жана санариптик массалык маалымат каражаттары маалыматты өндүрүүчү, алып жүрүүчү жана таратуучу катары маанилүү роль ойнойт.

Маалымат коомунда компьютер сыяктуу каражаттардын өнүгүүсү жана азыркы учурдагы интернеттин бүткүл дүйнөнү бири-бирине байланыштыруусунун натыйжасында адамдар мындан да оперативдүү маалымат алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болду. Бул өнүгүүлөр азыркы кылымда адамдардын болуп өткөн окуяларды бир канча күндөн кийин эмес секунда секундасына билип туруу мүмкүнчүлүгүн жаратты. Ошол эле мезгилде мындай каражаттар аудиториянын пассивдүү абалдан чыгып интерактивдүү байланыш түзүүсүнө өбөлгө боло алат (Нара, 2006:2).

Бирок маалымат коомунун жаралышы жана өнүгүшү коомдо башка аспектилердин дагы алдыңкы планга чыгуусуна себепкер болду. Бүгүнкү ааламдашуу шартында маалыматтардын абдан оперативдүү түрдө дүйнөлүк деңгээлде жайылуусу көпчүлүк учурда дизинформация, мизинформация деген түшүнүктөрдүн жайылышына алып келди. Бул болсо өз кезегинде маалыматтын баалуулугун жоготуп, анын ишенимдүүлүгүнө да шек жарата баштады. Адамдар арасындагы байланышты чыңдаган жана Юрген Хабермастын теориясында айтылгандай бүгүнкү күндүн «коомдук чөйрөсү» болуп саналган социалдык тармактарда жеке адамдын аброюна шек келтирген кастык сөзү, кибербуллингдин болушу колдонуучулар арасында моралдык паниканын жаралышына себепкер болууда. Ал эми коомдо төртүнчү күч катары бarkталган маалымат каражаттары болсо пропаганданын, кибер же болбосо контркибер чабуулдун, психологиялык-маалыматтык согуштун куралы болуп калып жатат. Бул жагдай бир эле жергиликтүү шартта эмес, глобалдык деңгээлде дагы мамлекеттик структураларды тынчсыздандырууда. Ошол себептүү ар бир мамлекет маалыматтык коопсуздугун камсыздоо алкагында маалымат мейкиндигин калыптандыруусу, маалыматтык телекомуникациялык системаларды түзүүсү жана мамлекеттер аралык кызматташууну арттыруусу замандын талабы болууда.

Улуттук маалыматтык коопсуздукту камсыздоодо массалык маалымат каражаттарынын кээ бир маселелери

Мамлекеттин социо-экономикалык жана маданий структурасы анын жүргүзүп жаткан ички жана сырткы саясий стратегиялык ишмердүүлүгүнөн көз-каранды. Бул ишмердүүлүгүнүн катарында мамлекеттин ичинде маалымат коопсуздугун сактоо дагы кирет. Мамлекеттин маалымат коопсуздугу өлкөдө жашаган ар бири жарандын жеке кызыкчылыктарын жана коомдогу улуттук баалуулуктарды коргоо болуп саналат. Ошол себептүү ар бир эле унитардык, демократиялык мамлекетте маалымат коопсуздугун кепилдикке алган мыйзам-ченемдер жана маалымат коопсуздугун камсыз кылган органдар иш алып барат.

Өлкөдө маалымат коопсуздугун камсыздоочу мамлекеттин ички жана тышкы саясаты стратегиялык жана тактикалык милдеттерди ишке ашырат. Алар төрткө бөлүнөт:

– Маалымат алуу жана колдонуу чөйрөсүндө жарандардын Конституциялык укугун, эр-

киндигин сактоо, руханий жактан калыптануусун камсыздоо, өлкөнүн маданий жана илимий мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу;

– Мамлекеттик саясатты маалыматтык жактан колдоп, улуттук жана дүйнөлүк коомчулукка жеткирүү. Жарандарды мамлекеттик жана эл аралык маалымат ресурстары менен камсыздоо;

– Жаңы маалыматтык – коммуникациялык технологияларды түзүү жана өнүктүрүү;

– Маалыматтык – коммуникациялык тармактарды жана түзүлүштөрдү ички, тышкы коркунучтардан сактоо (Темирбаев ж.б., 2007:45).

Бүгүнкү күндө, Кыргызстандагы маалымат саясаты жана маалымат коопсуздугу тууралуу өлкөнүн конституциясында жана маалыматка байланыштуу 1992-жылы кабыл алынган «Массалык маалымат каражаттары жөнүндө», 1997-жылы кабыл алынган «Маалыматка жетүүнүн кепилдиктери жана эркиндиги жөнүндө», 2006-жылы кабыл алынган «Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагындагы маалыматка жетүү тууралуу» жана ошондой эле 2008-жылы кабыл алынган «Телекөрсөтүү жана радиоуктуруу жөнүндө» мыйзамдарында жана «Санарип Кыргызстан 2019–2023» концепциясында каралган. Андан сырткары бул багытта 2019–2023- жылдарга карата Кыргыз Республикасынын маалыматтык коопсуздугу боюнча концепция иштелип чыккан. Концепцияда негизги пункттар катары Кыргыз Республикасында маалымат мейкиндигинин абалын талдоо, маалымат коопсуздугунун негизги маселелери жана коркунучтары, маалымат коопсуздугун камсыз кылуунун негизги максаттары, милдеттери жана ыкмалары, маалымат коопсуздугун камсыз кылуу тармагындагы негизги багыттар, маалымат коопсуздугун камсыз кылуу тармагында мамлекеттик-менчик өнөктөштүк, маалымат коопсуздугун камсыз кылуу системалары жана принциптери, маалымат коопсуздугу жаатындагы эл аралык кызматташтык, концепцияны ишке ашыруу көрсөтүлгөн.

Аталган концепциянын маалымат мейкиндигинин абалын талдоо пунктунда *«Ата мекендик контенттин атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн жоктугу көйгөйү олуттуу коркунучтарды жаратат. Анын сапаты чет элдик маалымат продуктусу менен толук кандуу атаандаштык үчүн жетишсиз бойдон калууда. Улуттук маалымат мейкиндигинин ачыктыгынын шартында бул ата мекендик продукциянын популярдуу эместигине алып келет. Өз кезегинде популярдуулуктун төмөндүгү аны өндүрүүгө олуттуу инвестицияларды тартууга мүмкүндүк бербейт, бул ата мекендик мазмунду өндүрүүдө өтө жетишсиздикке алып келет»* деп белгиленген.

Кыргыз Республикасы Орто Азиядагы башка шериктеш өлкөлөргө салыштырмалуу сөз эркиндигинин көрсөткүчү жогору жана жарандар маалымат алуу жана таркатуу укугуна толук ээ. Reporters without Borders эл аралык уюмдун 2022-жылга карата жарыялаган отчетунан бул абалды көрсөк болот. Жалпысынан 180 өлкө катышкан изилдөөдө Кыргызстан сөз эркиндиги индекси боюнча 72-орунда көрсөтүлгөн (https://rsf.org/en/index).

**Графика 1.** *Орто Азия жана КМШ өлкөлөрүнүн «Сөз эркиндиги көрсөткүчү»*



Кыргызстанда негизги маалымат алуучу булактар катары салттуу маалымат каражаттарын (гезит, журнал, радио, телевидение) жана жаңы медиа түрлөрүн (интернет тармагына өткөн маалымат каражаттары, маалымат агенттиктери, маалымат сайттары, социалдык медиа түрлөрү) айтсак болот. Бирок тилекке каршы, өлкөдө сөз эркиндиги жогору болгону менен мамлекеттин маалымат мейкиндигин түзүүдө, маалымат коопсуздугун камсыздоодо, улуттук нарк-насил жана баалуулуктарды сактоодо, аудиториянын маалыматка жетүү жана ишенимдүү маалыматка ээ болуусун камсыздоодо жергиликтүү массалык маалымат каражаттарына жана алардын ишмердүүлүгүнө тиешелүү бир топ көйгөйлөр бар.

***– Жергиликтүү массалык маалымат каражаттарынын техникалык-инфраструктуралык жетишсиздиги***

Бул абал өлкөдө маалымат коопсуздугуна коркунуч жаратат. Анткени улуттук баалуулуктарды, улуттук кызыкчылыкты алдыңкы планга чыгарган жана мамлекеттик идеологияны колдогон маалымат каражаттарынын аймактарга жетишсиз деңгээлде иш жүргүзүүсү улуттун көрөңгөсүн алсыратат. Анын ордуна өлкөнүн аймагында берүүлөрү чыгарылып жаткан (түндүк аймакта Казахстандын Ел Арна, Хабар, КТК сыяктуу каналдары, Орусиянын келишимдик негизде трансляцияланган ОРТ, РТР, СТС, НТВ ж.б. каналдары жана акыркы жылдары Кытайдын орус тилинде эфирге чыккан CCTV телеканалы менен түштүк аймагында Өзбекистандын Ёшлар, Узбекистан 24, Узбекистан 1 каналдары) телерадиоканалдар калк тарабынан кызыгуу менен көрүлүүдө. Бул болсо өз кезегинде калктын аң-сезимине, көз-карашына жана баалуулуктарына да олуттуу таасир берүүдө. Мамлекеттин маалымат коопсуздугуна коркуныч жаратып, маданият, тил, жана башка улуттук баалуулуктарыбызды, мамлекеттин жүргүзүп жаткан саясатын ишке ашырууда терс таасирин тийгизет. Негизинен жергиликтүү массалык маалымат каражаттары ааламдашуу мезгилинде мамлекеттин, улуттук кызыкчылыктарды көздөгөн берүүлөрдү, маалыматтарды коомчулукка жеткирип, эл менен бийликтин ортосундагы ишенимдүү көпүрөгө айланышы зарыл (Джумалиева, 2019:131). Бул абал өлкөдө улуттук контентте берүү даярдаган маалымат каражаттарынын техникалык-инфраструктуралык жактан жетишсиздигин көрсөтөт.

***– Жеткиликтүү деңгээлде иштелип чыкпаган укуктук-нормативдик база***

Мамлекет ченемдик укуктук актыларды чыгаруу менен жалпы милдеттүү жүрүм-турум эрежелерин, башкача айтканда, укуктук нормаларды түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Бирок тилекке каршы, маалымат коопсуздугун камсыздоодо бул багытта чыгарылган ички мыйзамдар олуттуу толуктоолорду камсыз кылат. Тактап айтканда, маалыматты ачык же чектелген жеткиликтүүлүк категорияларын классификациялоо, маалымат ресурстарына ээлик кылуу, маалыматка жетүү механизмдери жана ыйгарым укуктары, жоопкерчилик, ошондой эле мамлекеттик органдардын чөйрөсүн жана түзүү, маалыматты коргоо чөйрөсүн жана маалыматты коргоо каражаттарын лицензиялоо, сертификациялоо жана стандартташтыруу жана купуя маалыматтын сакталышын камсыз кылуу сыяктуу маселелер курч бойдон калууда (Муратбаева, 2017:147).

Андан сырткары интернет тармагында иш алып барган маалымат каражаттарынын ишмердүүлүгүнө байланыштуу дагы конкреттүү түрдө чыгарылган мыйзам жок болуп саналат. Бирок интернет айдыңы Кыргызстандагы бир топ мыйзам жана токтомдор аркылуу көзөмөлдөнөт. Атап айтсак, 1999-жылы кабыл алынган «КР Маалымат берүү» мыйзамы, 2006-жылы кабыл алынган «КР Мамлекеттик уюм жана жергиликтүү башкаруу органдары тарабынан жүргүзүлгөн документтерге жетүү» мыйзамы, 2004-жылы чыгарылган «КР электрондук мөөр» мыйзамы, 1999-жылы кабыл алынган «электрондук төлөөлөр» мыйзамы, 1998-жылы кабыл алынган «КР автордук укуктар» мыйзамы, 2007-жылы кабыл алынган «КР мамлекеттик органдардын иштөө жана башкаруусунун электрондошуусу» мыйзамы, 1998-жылы кабыл алынган «КР реклама тууралуу» мыйзамдарынын негизинде көзөмөлдөнөт. Ал эми Кыргызстандагы электрондук форматка өткөн ЖМКлар «КР ЖМК мыйзамы», «Журналисттердин кесиптик ишмердүүлүгү» тууралуу мыйзамдын, «Теле жана радио коомдук берүүсү» тууралуу мыйзамдын жана «Маалыматка жетүү эркиндиги жана кепилдиги» тууралуу мыйзамдардын негизинде көзөмөлдөнөт (Абдуваитова, 2012: 40–54).

***– Медиа эксперттердин жетишсиздиги***

Өзгөчө мамлекеттик деңгээлде маалымат жана кибер коопсуздукту сактоо үчүн журналисттер эмнелерге көңүл бурушу керек, медиа контент жаратууда көңүл бурушу керек болгон укуктук жана этикалык принциптер боюнча иш алып барган медиа эксперттер жокко эсе. Анткени өзгөчө атуулдук журналистика багытында иштеген блогерлер үчүн кээ бир маалыматтар жеке адамдын жана мамлекеттин коопсуздугуна шек жаратышы мүмкүн. Көпчүлүк эле учурларда кандайдыр бир зомбулукка кабылган жаш балдардын сүрөттөрү ачык эле жарыяланып, же болбосо өлкөдөгү өзгөчө кырдаалдар мезгилинде каза болгон, жарадар болгон жарандар жөнүндө маалыматтар атуулдук журналисттер тарабынан ачык эле жарыяланып кетет.

Бул кесиптик этикалык принциптерге туура келбеген кадам болгондуктан маалымат каражаттарынын жана блогерлердин медиа контенттерин караган, анализдеген медиа эксперттердин болушу жана адистерди окутуунун жана даярдоонун программалары болушу керек.

***– Мамлекеттик тилде даярдалган медиа контенттин аздыгы***

Кыргыз Республикасынын массалык маалымат каражаттарына байланыштуу изилдөөгө ылайык Юстиция министрлиги тарабынан 2016-жылы алынган маалыматка таянсак өлкөдө 1496 массалык маалымат каражаты министрликтен каттоодон өткөн. Бүгүнкү күндө каттоодон өткөн ММКлардын баары обого чыкпайт. Кыргыз Республикасынын Улуттук Статистика Комитетинин 2018-жылкы берген маалыматына ылайык иш жүргүзгөн жалпы 342 ММК бар (112 гезит, 26 журнал, 5 радиоберүү, 57 телевидение, 143 реклама агенттиктери). Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн ММКлардын тилине карата классификациясы болсо төмөндө көрсөтүлдү.

*Таблица 1.*

**2002-2012 жылдар арасында өлкөдөгү ММКнын тилдерге карата бөлүнүшү**

| № | Массалык маалымат каражаты | Кыргызча | Орусча |
|---|---|---|---|
| 1 | Гезит | 346 | 491 |
| 2 | Журнал | 84 | 305 |
| 3 | Бюллетень | 1 | 30 |
| 4 | Радио | 13 | 30 |
| 5 | Телевидение | 24 | 172 |
| | Жалпы | 468 | 1028 |

Жогорудагы таблицада Юстиция министрлигине катталган жана берүү тилин кыргызча же орусча деп көрсөткөн ММКлардан басымдуу бөлүгү орусча чыгарыла турганын көрсөк болот. Мамлекеттик тилде берүүлөрдүн даярдалышы мамлекеттик тилдин дагы кадыр-баркын жогорулатат. Бирок кошуна мамлекеттерге салыштырмалуу бизге мамлекеттик тилге карата бир топ кемчиликтер бар. Маалымат саясаты боюнча политолог Наргиза Мураталиева «Cabar Asia» аналитикалык института берген маегинде *«Эгерде Борбор Азиянын башка өлкөлөрү менен абалды салыштыра турган болсок, мисалы, Өзбекстан ата мекендик телеканалдарды жана программаларды, гезиттерди, журналдарды, радио уктурууларды түзүү жана өнүктүрүү багытында өзүнүн маалыматтык саясатын алда канча жакшы калыптандырган. Ошол себептүү өзбек өндүрүшүндөгү тасмалар, музыка, ошондой эле оюн-зоок программалары калк арасында абдан популярдуу. Казакстан да бул жаатта жигердүү иштеп, керектөөчүгө субтитрлери бар казак тилиндеги телеканалдардын жана*

*берүүлөрдүн кеңири тандоосун сунуштап жатат»* деген. Биздин кыргыз телеканалдарында болсо маалымат сеткасын көбүнчө орус тилдүү сериал, кинолор жана музыка менен толтуруп жатканын көрүүгө болот.

***– Улуттук баалуулуктарга каршы келген медиа контент***

Көбүнчө башка өлкөлөр тарабынан каржыланган массалык маалымат каражаттарынын элдин моралдык-этикалык, адептик негиздерине, салттуу маданиятына карама-каршы келген жашоо образын пропагандалайт. Бул багытта жасалган изилдөөлөрдүн жыйынтыгы көрсөткөндөй биздин коомдун менталитетине ылайык келбеген бир жыныстуулук, жарандык нике жана башка улуттук баалуулуктарга каршы ой-пикирлерди коомго сунуштоодо. Ал турсун массалык маданияттын үлгүсү катары кээ бир маданият үлгүлөрүн коомдук жайларда дагы ачык түрдө акция, көргөзмө түрүндө уюштуруп келишет. Мисалы 2018-жылы 8-мартта «Лабрис» бейөкмөт уюму тарабынан «Менин денем, эмне кылсам өзүм билем» аттуу гей-парад уюштурулган болсо, 2019-жылдын 28-ноябрында Гапар Айтиев атындагы сүрөт музейинде «Медайымдар. экономикалык эркиндик. аялдар» аттуу көргөзмө уюштурулуп, ага дүйнөнүн 22 өлкөсүнөн 50 сүрөт чебери катышкан. Көргөзмөдө даниялык перфомансистка Жули Сафери жылаңач чыгып, секс-кызматчылардын укуктарын көрсөтүп, коомчулуктун нааразычылыгын жараткан. Бул абал бир эле кыргыздын эле эмес, бардык эле элдердин салттуу маданиятына карама-каршы келет. Бир жыныстуу никелерди, гендердик идентификацияны пропагандалоо, секс-кызматчылардын укуктарын коргоо сыяктуу түшүнүктөр чындыгында үй-бүлөлүк баалуулуктарга коркунуч келтирет. Бул Кыргызстандын калкына маалыматтын терс таасирине каршы туруу боюнча улуттук массалык маалымат каражаттарынын алсыз жана жетишсиз ишмердүүлүгүнүн натыйжасы болуп саналат (Алымбаева, 2021: 268-269).

***– Медиасабаттуулуктун төмөндүгү***

Өлкөдө жашаган калк жалпы жонунан алып караганда массалык маалымат каражаттарында берилип жаткан информацияларды анализдей албайт. Тактап айтканда, ал маалымат эмне үчүн берилип жатат жана кимдин кызыкчылыгы алдыңкы планда экендигине көп маани беришпейт. Өзгөчө социалдык тармактарда таралган маалыматтын туура, анык экендигине карабай туруп эле ала берет жана башкаларга дагы таратат. Ал турсун жаш балдарды деле медианын астында кооптуу жагдайда калтырып коюшат. Ютуб каналдарды көргөн бала эмнелерди көрүп жатканын көзөмөлдөшпөйт. Жогорку Кеңештин депутаты Нуржигит Кадырбеков айткандай азыркы кезде бир кыргыз дын үйүндө атасы спорт көрөт, апасы сериал көрөт, балдары болсо эмне көрүп жатканын карап деле койбойт. Бул көрсөткүч өлкөдө калктын басымдуу бөлүгүнүн медиасабаттуулугу төмөн экендигин көрсөтөт. Чынында, массалык маалымат каражаты курал болуп саналат. Аны сен башкарбасаң, ал сени башкарат. Азыркы мезгилде журналистика тармагында чыгарылган бардык эле медиаконтенттер адамды өзүнө тартуу үчүн кызыктуу баш сөздөрдү колдонот, ошентип калк арасында интрига жаратып рейтингин көтөрүүгө аракет кылышат. Мындай кызыктуу баш сөздөр сөзсүз түрдө адамды өзүнө тартпай койбойт. Бирок андагы берилип жаткан маалыматтын өзгөчө маани бербестен, ар бир колдонуучу бир катар объективдүү жана субъективдүү себептерден улам өзүнүн жеке кызыкчылыктарына шек келтирген мазмунду кабыл алат (Алымбаева, 2021:268).

***– Киберкоопсуздук тууралуу маалыматтын төмөндүгү***

Жаңы маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын өнүгүүсү жана интернеттин жаралуусу киберкоопсуздук тармагында дагы мамлекеттик деңгээлде иш-аракеттердин жасалышын талап кылууда. Анткени бүгүнкү күндө экономикалык, коомдук иш-чаралардын басымдуу бөлүгү интернет тармагында жүргүзүлөт. Өлкөдөгү жаштарга жүргүзүлгөн изилдөөлөргө караганда маалыматтык коопсуздукту камсыздоо боюнча студенттердин 47,1%ы жогорку билимге ээ, 52,9%ы орточо деңгээлге ээ экендиги, бирок, кибер кылмыштуулуктун пайда болуу жыштыгын баалоодо студенттердин 4,1%ы төмөн, 61,6%ы орточо, 34,3%ы гана жогорку жыйынтыктарды көрсөтүшкөн (Исмаилова, Мухамеджанова, 2016). Буга байланыштуу киберкоопсуздук жаатында улуттук потенциалды өнүктүрүү, алдыңкы тажрыйбалар боюнча маалымат алмашуу, жалпы коомчулукту тартуу зарыл. Андан сырткары алдыңкы тажрыйбаны жайылтуу, киберкоопсуздук маселелери боюн-

ча маалымдуулукту жогорулатуу, зарыл потенциалды түзүү, киберкоопсуздуктун инструменттерин өркүндөтүү, киберкоопсуздук чөйрөсүндөгү аракеттердин ырааттуулугун бекемдөө жана колдоо аркылуу киберкоопсуздуктун маданиятын калыптандыруу, бул багытта массалык маалымат каражаттарында дагы ырааттуу түрдө калкты маалымдар кылуучу маалыматтардын чыгарылышы зарыл иш-аракеттерден болуп саналат (Казанбаева, 2020: 497).

***– Өзгөчө кырдаалдар мезгилинде жарандарга толук маалыматтын жеткирилбегендиги***

Өлкөдө өзгөчө кырдаалдар мезгилинде (коронавирус пандемиясы, чек арага байланыштуу маселелер ж.б.) маалымттык коопсуздукту камсыз кылуунун бирден-бир принциби ачык-айкындуулукту камсыз кылуу жана ар бир кырдаал боюнча калкка толук маалыматтарды жеткирип туруу болуп саналат. Болбосо калк өзгөчө социалдык тармактардагы аныкталбаган, такталбаган ар кандай маалыматтарга ишенип, өлкөдө хаос, паника жаралышы мүмкүн. Ошол себептүү калктын жана жарандык сектордун өлкөдө жүргүзүлүп жаткан саясат жөнүндө максималдуу маалымдуулугу, коопсуздук маселелерин чагылдырууга массалык маалымат каражаттарынын кеңири катышуусу зарыл. Бул багытта массалык маалымат каражаттары маалымат чөйрөсүн улуттук коопсуздук чөйрөсүндөгү мыйзамдардын негизинде жаратуусу, калк арасында расмий булактарга таянган ишенимдүү маалыматтарды жайылтуусу, өлкөнүн бардык аймактарында жергиликтүү телерадиоберүүнүн потенциалын жогорулатуу жана кеңейтүүсү; ошону менен бирге эле бул иш-аракеттерди жүргүзүүдө өлкөнүн бийлиги жана башкаруу органдары менен координациянын камсыз кылуусу талап кылынат.

**Корутунду**

Эки блокко бөлүнгөн дүйнөлүк түзүлүштө СССРдин жоюлушу менен канчалаган жылдар бою уланган кансыз согуш аяктаган. СССРден бөлүнүп эгемендүүлүгүнө ээ болгон өлкөлөр үчүн бул абал бир тараптан жакшы болсо бир тараптан да терс таасир калтырган. Себеби узун жылдар бою коллективдик башкарууда болуп келген постсоветтик өлкөлөр административдик түзүлүшү, эл аралык байланышы жана экономикалык түзүлүшү жагынан кыйла алдастай түштү. Бул кемчиликтерди жоюу үчүн АКШ, Европа өлкөлөрү, Кытай жана Япония сыяктуу өнүккөн өлкөлөр ортого чыгып, аталган өлкөлөр менен экономикалык, саясий жана аскердик жактан байланыш түзө баштады. 1995-жылдагы шок кризисинен кийин кайра жандана баштаган Россия Федерациясынын бул эски Советтик территорияларды башка өлкөлөр менен бөлүшүүнү каалабагандыгы жана ушул себептен бул территориялар менен жаңыча ыкма менен кызматташа баштагандыгы маалым. Ошентип эски Совет территориялары өзүнүн абалын жакшыртууну каалаган дүйнөдөгү күчтүү мамлекеттер үчүн жаңы бир күрөш борборуна айланды.

Бир тараптан баалуу кен байлыктарга ээ болуусу, бир тараптан да геополитикалык жактан Евразияда стратегиялык мааниге ээ болуусу Орто Азиядагы эски постсоветтик мамлекеттердин маанисин арттырды. Бул мамлекеттер арасында орун алган Кыргызстан да кен байлыктары аз болсо да геополитикалык жактан маанилүү орунду ээлөөдө жана ушул себептен улам эл аралык аренадагы күчтүү мамлекеттердин кызыгуусун жаратууда. Өзгөчө азыркы маалымат доорунда өнүккөн өлкөлөр Кыргызстандын саясий, экономикалык ордун аныктоо менен бирге өлкөдөгү жергиликтүү массалык маалымат каражаттарынын иштешине да таасир берүүдө.

Кыргыз Республикасында өлкөнүн маалымат мейкиндигинде бир топ багытта өлкөнүн улуттук коопсуздугуна коркунуч жаралууда. Коңшу мамлекеттердин Кыргызстандын маалымат мейкиндигинде үстөмдүк кылууга умтулуусу (анын ичинде жеткиликтүүлүгү чектелген маалыматка жетүү) жана, натыйжада аны ички рыноктон сүрүп чыгаруу; алдыңкы дүйнөлүк державалардан технологиялык бөлүнүүнү күчөтүү, маанилүү улуттук маалыматтык инфраструктураларды камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасынын чет өлкөлүк жабдууларды сатып алууга көз карандылыгын жогорулатуу; башка мамлекеттердин атайын кызматтарынын, эл аралык экстремисттик, террористтик жана башка кылмыштуу жамааттардын, коомго каршы уюмдардын ишмердүүлүгү жана Кыргыз Республикасынын маалымат чөйрөсүндөгү топтор, маалыматтык куралга ээ болууга жана аларды пайдаланууга кызыкдар (Акназарова, 2015:205).

Ошол себептүү өлкөнүн маалымат мейкиндигин калыптандыруу жана маалымат коопсуздугун түзүүдө массалык маалымат каражаттарында кездешкен бир топ көйгөйлөрдүн чечилиши керек. Улуттук маалымат каражаттарында иштеген журналисттердин дагы кесиптик-этикалык принциптердин алкагында журналисттик ишмердүүлүгүн жүргүзүүсү, улуттук баалуулуктарга басым жасоосу зарыл. Өзгөчө калк арасында журналистика тармагында эмгектенген мугалимдердин дагы жигердүү эмгектенүүсү, калктын медиасабаттуулугун өнүктүрүү багытында семинар, воркшопторду уюштуруусу, ошону менен бирге эле массалык маалымат каражаттарынын ээлери дагы өлкөнүн маалымат коопсуздугун камсыздоо багытында кыргыз тилдүү медиаконтенттерин жаратууга, берүүлөрүн борбордо же белгилүү эле бир облусунда эмес, өлкөнүн бардык аймактарына жеткирүүдө кызмат кылуусу, айрыкча аймактардагы иш жүргүзгөн жергиликтүү массалык маалымат каражаттары мамлекеттик деңгээлде колдоого алынуусу жана ички структурасынын, ошондой эле медиаконтентинин байытылуусу заман талабы болуп саналат.

**Адабияттар**


1. *Абдуваитова А.* (2012), «Развитие интернет в Кыргызстане» Магистрдик диссертация, МГУ, Журналистика факультети, Санариптик меди ажана маданияттар аралык коммуникация кафедрасы, Москва.

2. *Акназарова А.,* (2015), Международная информационная безопасность Кыргызстана в условиях информационной войны, Известия вузов Кыргызстана, № 4.

3. *Алымбаева З. А., Алимахунов А.* (2021), Угрозы и вызовы информационной безопасности Кыргызстана // Бюллетень науки и практики. Т. 7. №2. https://doi.org/10.33619/2414-2948/63/28.

4. *Джумалиева Ч.,* (2019), Кыргыз Республикасынын маалымат коопсуздугун камсыздоодогу массалык маалымат каражаттарынын ролу, Вестник Бишкекского Гуманитарного Университета doi: 10.35254/bhu.2019.47.4.

5. *Исмаилова Р, Мухамеджанова Г,* (2016), (2016) Cyber crime risk awareness in Kyrgyz Republic, Information Security Journal: A Global Perspective, 25:1-3, 32-38, DOI: 10.1080/19393555.2015.1132800.

6. *Казанбаева З.Р.* Некоторые проблемы обеспечения кибербезопасности в Кыргызской Республике // Вопросы российского и международного права. 2019. Том 9. № 10А С. 493-500. DOI: 10.34670/AR.2020.91.10.062.

7. *Кара Х.,* (2005) «Bilgisayar/İnternet Teknolojisi ve Değişen Gazetecilik» IPS Коммуникация фонду басылмалары, Стамбул.

8. *Кастельс М.,* (2001:405) Информационная эпоха: Экономика, общество и культура, публикации экономической высшей школы МГУ, 1-том, Москва.

9. *Мураталиева Н.* Информационная политика как слабое звено безопасности Кыргызстана. 2016. CABAR –Central Asian Bureau for Analitical Reporting.

10. *Муратбаева К.,* (2017) О правовом содержании информационной безопасности в Кыргызской Республике, Известия ВУЗов Кыргызстана № 3.

11. *Нара Б.* (2006), «Uluslararası İletişim Düzeni Bağlamında Türk Basını ve Haber Kaynakları», Магистрдик диссертация, Анкара университетинин басылмалары, Анкара.

12. *Өзтүрк М.* (2013), «Dijital İletişim ve Yeni Medya» , Анадолу университетинин дистанциялык билим берүү факультетинин басылмалары, Эскишехир.

13. *Темирбаев К.Т., Сагынбаев А.А.,Джаркеев Р.Н., Кыдыралиев Т.Н.* (2007) Кыргыз Республикасынын маалымат коопсуздугу, Бишкек.

14. https://rsf.org/en/index.

**ПОЛИТОЛОГИЯ POLITICAL SCIENCE САЯСАТ ТААНУУ**

УДК. 324

**Шаршебаева Тынара Аманбековна,**
*Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер*
*Академиясынын, Мамлекеттик укук институту*
*Саясий изилдөөлөр жана экспертиза отделынын бөлүм башчысы*
**Шаршебаева Тынара Аманбековна,**
*Заведующий отделом*
*политологических исследований и экспертиз,*
*института государства права НАН КР*
**Sharshebaeva Tynara Amanbekovna,**
*Head of department*
*political science research and expertise,*
*Institute of State Law of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic*

**Орозалиева Мунара Муратбековна,**
*Ж.Баласагын атындагы КУУнун ага окутуучусу*
**Орозалиева Мунара Муратбековна,**
*старший преподаватель КНУ им. Ж.Баласагына*
**Orozalieva Munara Muratdekovna,**
*Kyrgyz National University named after J. Balasagyn*
*state and municipal Management department her teacher*

## ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫНДА ЛИДЕРДИН ИМИДЖДИК САПАТЫ

**Аннотация.** Макалада лидер имидждик сапаттарды пайдалануу менен шайлоо системасында өзүнүн ордун, максаттарын ишке ашыруу процесстерин колдонуу ыкмалары көрсөтүлгөн. Ошондой эле макалада имидждик сапаттардын деңгээлин көтөрүү менен шайлоо процессинде саясий лидерлердин саясий маданиятын көтөрүүнүн зарылчылыгы жана актуалдуулугу белгиленет.
**Негизги сөздөр:** шайлоо системалары, лидерлик сапат, имидж түшүнүгү.

## ИМИДЖЕВЫЕ КАЧЕСТВА ЛИДЕРА В ИЗБИРАТЕЛЬНОЙ СИСТЕМЕ

**Аннотация.** В статье отмечается, что в условиях КР имиджеология слабо развита. Даются практические рекомендации по совершенствованию имиджевых качеств политических лидеров. Рассматриваются возможные методы по развитию услуг имиджмейкеров и тем самым поднятие уровня политических лидеров, а также значение имиджевых качеств лидеров в современной избирательной системе.
**Ключевые слова:** избирательные системы, качество лидера, понятие имиджа.

## IMAGE QUALITIES OF A LEADER IN THE ELECTORAL SYSTEM

**Abstract.** The article notes that in the conditions of the Kyrgyz Republic, imageology is poorly developed. Practical recommendations are given for improving the image qualities of political leaders. Possible methods for developing the services of image-makers and thereby raising the level of political leaders, as well as the importance of image qualities of leaders in the modern electoral system are considered.
**Keywords:** Electoral systems, quality of a leader, concept of image.

Ар кандай мамлекеттин өнүгүшүн глобалдуу дүйнөлүк мейкиндиктен ажыратып кароо мүмкүн эмес. Дүйнөнүн башка өлкөлөрүндө топтолгон мамлекеттик курулуштун тажрыйбасы мамлекеттик маанилүү милдеттерди ар бир өлкөдө өз-өзүнчө заманбап шарттарда чечүү, глобалдуу демократиялык тенденцияларды ар тараптан эсепке алуу менен жүзөгө ашырылууга тийиш экендигин айгинелеп турат. Глобалдуу процесстердин натыйжасында саясий турмуш жаңы көрүнүштөр жана касиеттер, белгилер менен байытылды. Аларга: саясий мейкиндикти модернизациялоону, демократизациялоону, интеграциялык процесстерди, саясий убакыттын өзгөрүшүн, мамлекеттен жогору турган саясий түзүлүштөрдүн пайда болушун көргөзүүгө болот. Өнүккөн өлкөлөр өнүгүүнүн маалыматтык стадиясына өтөөрдүн алдында өлкөнү жана коомду натыйжалуу башкаруунун эффективдүүлүгүн массалык каалоо күчөйт. Ошол эле мезгилде элитанын кабыл алынган чечимдери үчүн саясий жана адеп-ахлактык жоопкерчилиги өсөт. Саясий аны элита кандай аткаргандыгына жараша өлкөнүн келечеги аныкталат.

Ушул мезгилде мамлекетке позитивдүү мамилени калыптандырууну камсыз кылган туура кадамдар жасала турган чечүүчү учур келип жетти. Мунун өзү чет өлкөлөрдүн айкын секторунун субъектилеринин жүрүш-турушун корректировкалоого, саясий жана экономикалык маселелерди чечүү үчүн жагымдуу эмоционалдык чөйрөнү калыптандырууга мүмкүнчүлүк берет.

Мамлекеттин иши айкын лидер инсандар менен толукталат. Саясий процесстин субъектиси лидер өзүнүн теңдешсиз сапаттары аркылуу ал өзүнүн максаттарын ишке ашыруу үчүн социалдык-саясий кыймылдардын башында турат. Ушул максатта лидер бийликтик ыйгарым укуктарга, б.а. адамдарды багыттоого жана финансылык баалуулуктарды тескөө укугуна ээ болот. Ошондуктан шайлоодо жеңишке жетүү үчүн татыктуу талапкерге, саясий лидерге кеңири белгилүүлүк керек. Ал кеңири белгилүү саясатчы болууга тийиш. Саясатчынын белгилүүлүгү – анын эл алдындагы ийгилигинин гана эмес, ошондой эле элитанын алдындагы ийгилигинин өбөлгөсү болот.[1]

Акыркы мезгилдердеги шайлоо процесстериндеги тенденциялар адамдар саясий идеяларга эмес, аларды жарыялаган адамга көбүрөөк көңүл бура баштагандыгын көрсөтүп турат. Талапкердин ачык жеке образы анын шайлоо алдындагы идеясына караганда жакшы иштеп жаткандыгы көбүрөөк байкалууда. Талапкердин ачык образы чалгынчылардын лексикасынан алынган термин менен мүнөздөлөт – талапкер шайлоочуга өзүнүн уламышы менен, өзүнүн имиджи менен чыгат.

Имиджди калыптандыруунун жолдорун жана ыкмаларын илимий изилдөөдө жаңы саясий технологияларга –PR имиджмейкингге, маркетингге, менеджментке көңүл буруу зарылдыгы жаралды. Бирок коом аны түзүү процессин камсыз кылган формалдуу принциптерди гана билүү укугуна ээ болбостон, ошондой эле шайлоодо ийгиликке жетишүүгө мүмкүнчүлүк берген девианттык технологияларга да укуктуу болот. Элди башкаруунун заманбап ыкмаларынын жана технологияларынын гипертрофиялык өсүшү үчүн жагымдуу өбөлгөлөр түзүү шарт, алар ата мекендик саясий процессте, айрыкча шайлоо алдындагы күрөш мезгилинде басымдуулук кылууда. Сунушталган теманы изилдөөнүн актуалдуулугу жалпы дүйнөлүк, ошондой эле Кыргызстанда изилдөөлөрдүн көпчүлүгү тар багыттагы мүнөздө болгондугу менен шартталган. Маданий, социалдык-саясий чөйрөлөрдөгү туруктуу өзгөрүүлөр саясий лидердин имиджин комплекстүү изилдөөнүн зарылдыгын шарттап турат.

Анткен менен саясий лидерликке арналган көптөгөн изилдөөлөр саясий технологиялардын жашыруун сырларын ачып бербейт. Саясий ишмердин имиджинин проблемаларын атайын саясат таануу илиминин алкагында изилдөөлөр абдан аз. Имиджеологияны жана анын технологияларын өнүктүрүүгө Ж.Барбер, Б.Брюс, М.Маклюэн, Р.Итвел, Д.Моррис, М.Пансер, Р.Прайс, Э.Хаффер, П.Уиляме жана башкалар чоң салым кошушту. Саясий ишмердин имиджинин маңызынын жана табиятынын пробемаларын дүйнөлүк окумуштулар ар кандай жагынан иштеп чыгууда. А.Ю.Панасгоктун изилдөөлөрү негизинен имиджди түзүүчү маалыматка тиешелүү болот. Г.Т.Почевцов өзүнүн «Имиджеология» деген эмгегинде имиджелогиянын шаймандарын карап чыгат. В. Шепелдин изилдөөлөрү имиджелогияны адамдын жеке таасири тууралуу илим катары аныктайт. Дүйнө жүзүнө көз жүгүртүп карасак, шайлоо алдында партиялардын уюштуруучулары «администра-

тивдик ресурсту», «кара PR» технологияларын улам көбүрөөк пайдаланып жатышат. Аларды пайдалануунун өзгөчөлүктөрү дүйнөлүк окумуштуулардын эмгектеринде чагылдырылган. Келечекте адам гана имиджин объектиси болбостон, ошондой эле мамлекеттеги партиялар да имиджин объектиси болуп калышы мүмкүн. Бирок, заманбап саясатчынын имиджинин феномени менен мамлекеттин, партиялардын имидждеринин ортосундагы өз ара байланыш изилдөөчүлөр тарабынан бөлүнүп көрсөтүлгөн эмес.

Кыргызстандагы саясатчынын имиджин калыптандыруу маселелери боюнча эмгектердин болбогонуна карабастан, саясий имиджди калыптандыруунун өзгөчөлүктөрүн комплекстүү карап чыгуу, зарылчылыгы турат. Алдыга коюлган максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгү изилдөө милдеттерин чечүү белгиленүүдө:

1. заманбап саясий лидердин имиджинин маңызын жана табиятын ачып берүү;

2. имиджелогиянын заманбап дүйнөдөгү саясий технологиялардын курамдык бөлүгү катары ролун көрсөтүү;

3. заманбап саясатчынын идеалдуу имиджинин доминанттык мүнөздөрүнүн системасын бөлүп көрсөтүү;

4. кыргыз коомунда трансформацияланган шарттарда саясий лидердин имиджин калыптандыруунун технологиясын карап чыгуу;

5. саясий аң-сезимдин жана лидердин жүрүш-турушунун контекстинен алганда заманбап саясатчынын имиджинин маңызын ачып берүү;

6. коммуникациялык мейкиндиктеги заманбап саясатчынын имиджинин феномени менен мамлекеттеги партиялардын имидждеринин ортосундагы өз ара байланышты иликтөө болуп саналат.

Имиджди калыптандыруу проблемалары боюнча иш жүргүзгөн чет өлкөлүк алдыңкы адистердин, окумуштуулардын иштеп чыгуулары изилдөөнүн теориялык базасын түздү. Системалуу мамиле концептуалдуу негиз болуп эсептелет, ал болсо имидждин ордун жана ролун аныктоого, идеалдуу имидждин доминанттык мүнөздөрүнүн системасын бөлүп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Институционалдык мамилени колдонуу лидерчиликти саясий институт катары кароого мүмкүнчүлүк берди. Социалдык коммуникациялар теориясы электораттык процесстин саясий имиджин калыптандыруудагы коммуникациялык процесстердин ролун кыйла натыйжалуу аныктоого жол ачат. Салыштырмалуу ыкма топтук таламдар, саясий аң-сезим жана саясий жүрүш-туруш сыяктуу көрүнүштөрдү изилдөөнү камсыз кылат, алардын контекстинде имиджди калыптандыруу боюнча иш жүргүзүлөт. Электораттык процесстерге байкоо жүргүзүү имиджди калыптандырууда дүйнөлүк саясий маданияттын өзгөчөлүктөрүн жана саясий аң-сезимин эске алуунун зарылдыгы жөнүндө маалыматты чогултууга мүмкүнчүлүк берет. [2]

Кыргызстанда лидердик сапат адам укуктары менен өзүнүн атуулдук , укук-милдеттерин билүүнүн негизинде имидждик технологияларды колдонуу процесстерин жүргүзүүгө багытталышы өзгөчө маанилүү.

Адамдын жана коомдун өзүнүн кызыкчылыгына жана максаттарына ылайык аракет кылуу мүмкүндүгү, саясий эркиндиктер мыйзам тарабынан бекитилип, атуулдардын саясий ишмердүүлүккө катышуу укугу жана мүмкүнчүгүнүн системасы катары чагылдырылат. Адамдын саясий укуктары жана эркиндиктери төмөнкүлөрдү өзүнүн кучагына алат; атуулдардын саясий партияларды жана коомдук уюмдарды түзүү укугу; чогулуу, митинг, демонстрацияларды уюштуруу эркиндиги; мамлекеттин иштерин башкарууга катышуу укугу [3].

Азыркы шарттарда саясий партиялар адам укуктары менен баалуулуктарын бийик баалоого тийиш деп эсептейбиз.

Себеби, имидж – бул заманбап саясатчынын массалык аң-сезимде калыптанып калган жана стереотип мүнөзүндө, эмоциялык түскө ээ болгон образы, анын структуралык түзүлүшүнө төмөндөгү компоненттер кирет: маданий жана социалдык типтер, субъекттин ролу, инсандын өзгөчөлүктөрү, маданият таануу жана социалдык контекст. Саясатчынын имиджи идеалга жана чыныгы күтүүлөргө ылайык келүүгө тийиш. Имидждин маңызы жана табияты лидерге, адамдарга сырттан таасир берүүнүн механизмдерине ээ болууга жардам берип, шайлоо компаниясынын жыйынтыгына таасир тийгизүүчү объективдүү факторлорду изилдөөлөр менен саясат таануу жаатындагы билимдерди байытууга көмөк көрсөтөт.

Саясий технологиялар – бул саясий дүйнөдөгү жаңы көрүнүш, ал рыноктук мамиле-

лери бар демократиялык өлкөлөргө мүнөздүү болуп эсептелет. Саясий технологиялар коомдун социалдык проблемалары, социалдык жана таптык дифференциациялоо процесстери менен байланышта болот. Имидждик технологиялар – бул саясий технологиялардын жетектөөчү бөлүгү, алар жарандарга саясий лидердин заманбап образы жөнүндө жеке түшүнүгүн калыптандырууга жардам берет. Имидждик технологиялардын ролунун өсүшүнүн себептери өзүнүн саясаттагы «күрөшүн» цивилизациялуу жүргүзүп жаткан саясатчынын шайлоо компаниясынын убагында так жана координацияланган аракеттерине көмөк көрсөтөт. [4]

Саясий имиджеология имидждердин орун алган талаасын өздөштүрүүнүн, аларды таанып-билүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрүн, илимдин айкын бутактарынын ортосундагы баяндамаларды ачып берет. Саясий имиджеология үч курамдык бөлүккө: методологиялык негизге, илимдин айкын бутактарына, саясий имидж жөнүндө билимдердин системалуу позицияларын интеграциялоого бөлүнүшү мүмкүн. Ушул өз ара байланышты төмөндөгү схема менен берүүнү туура таптык. [5]

**Саясий имидж жөнүндө билимдердин системасы**
**ИМИДЖЕОЛОГИЯНЫН илимий негиздери**

| | | |
|---|---|---|
| Дисциплиналар аралык мамиле: (илимдер менен байланыш) Саясат таануу, философия, психология, информатика, менеджмент, маркетинг ж.б. | Илимдин айкын бутактары – саясий лидерлердин, коомдук структуралардын, мамлекеттин, региондордун саясий имиджеологиясы | Илимдин жалпы системасы саясий имиджеология |

Көрүнүп тургандай саясий имиджеологияда жеке, топтук жана массалык аң-сезимдеги бардык предметтик мейкиндик жана социалдык карым-катнаш жактары, саясий имидждердин (лидердин, партиянын ж.б.) ар кандай түрлөрүнүн айкын талаасы изилдөө объектиси болуп саналат. Саясий партия тең салмактуу эмес система. Анда үч элементтин – саясий активдүүлүктүн, саясий идеологиянын жана уюштуруунун биригиши жүрөт. Ар бир аталган компонент да өзүнчө татаал динамикалуу системаны билдирет, анда көптөгөн мыйзамдар, анын ичинде өзүн-өзү уюштуруу мыйзамы колдонулат. Ошону менен бирге саясий партиялар ар дайым айкын саясий системанын элементи болуп саналат. Ошондуктан ар бир өлкөдө партиялардын жана бүткүл партиялык системанын өзгөчөлүктөрү улуттук өзгөчөлүктөрдү чагылдырып турат. Кыргызстандагы партиялык системанын дурус-буруш жактары – мунун айкын далили.

Саясатчы аялдын имиджи саясатчы эркектин имиджине салыштырганда кыйла татаал түзүмгө ээ болот. Ал өзүнүн турпатында эркектин олуттуу мүнөздөрүн жана белгилүү бир мездерде накта аялдын мүнөздөрүн айкалыштырууга тийиш. Бул ар дайым кыймылда болгон имидж ал айкын турпатка көнүүгө мүмкүнчүлүк бербейт. Аудитория аны кабыл алган учурдан тартып, ал башкача аракеттене баштайт. Натыйжада, көнүп калуунун жана алдын-ала билүүнүн зарыл деңгээли келип чыкпайт.

Саясатчынын имиджи жана мамлекеттин, региондордун, партиялардын имидждеринин ортосундагы өз ара байланыш саясатчы алардын лидеринин ролунда чыга алышын жана анын имиджи алардын таламдарынын адекваттуу чагылышы болуп эсептелээрин билдирип турат. Саясатчынын имиджине ММК тарабынан түзүлгөн коомдук пикир таасир тийгизет. Саясий маданиятты калыптандыруу шайлоочунун саясий тандап алуусун олуттуу сарамжалдаштырууга мүмкүнчүлүк берет, бирок аны сарамжал эмес башталыштардан куткара албайт. Ал эми жарандардын шайлоого катышпай коюшуна көмөк көрсөткөн негизги себептерди билүү көптөгөн күтүлбөгөн нерселерди алдын-ала көрүүгө, терс кесепеттердин келип чыгышын болтурбай коюуга мүмкүнчүлүк берет. Бул көйгөй кыргыз

коому үчүн өзгөчө актуалдуу болуп саналат. Себеби, шайлоочулардын шайлоого келүү көрсөткүчү өтө төмөн. Ушундан улам эң башкы милдет – аларды түшүүнүнүн жана өнүгүшүн болжолдоонун негизинде процесстерди башкаруу милдети келип чыгат. Саясий имиджеология – адамдардын жүрүш-турушун башкаруунун каражаттарынын бири болгондуктан, муну билимин өнүктүрүп жаткан окумуштуулар да, анын билимдерин пайдаланып жаткан саясатчылар да түшүнүүгө тийиш.

Кыргызстанда өзүнүн имиджин оңдоого өзгөртүүгө аракет кылган саясатчылар саналуу эле. Көпчүлүгү башка чөйрөдөн, бизнестен, керек болсо кылмыш дүйнөсүнөн да чоң саясатка келип саясаттын сахнасында өздөрүн татыктуу алып жүрө албай, акылга сыйбаган аракеттери, сүйлөгөн сөздөрү менен коомчулука уят болгон учурлар көп. Демек имидж, имиджеология саясий илимдин актуалдуу жана илимде эле эмес, саясатта да практикалык жактан маанилүү багыты катары актуалдашууда.

**Адабияттар**

1. *Гаджиев, К.С.* Введение в политическую науку [Текст]: пособие для преподавателей, аспирантов и студентов гуманитарных факультетов / К.С.Гаджиев. – М, 1994. 398 б.

2. *Дононбаев, А.Д.* Кыргызстан. Политическая культура. Человек и государство [Текст] / А.Д. Дононбаев. – Б., Изд-во КРСУ, 2002.

3. *Ковлер, А.И.* Избирательные технологии: Российский и зарубежный опыт [Текст] / А.И. Ковлер. – М.: РАН ИГПАН, 1995. 115 б.

4. *Марченко, Г.И.* Имидж в политике [Текст] / Г.И.Марченко, И.А.Носков. – М., 1997. 208 б.

5. *Почепцов, Г.Г.* Коммуникативные технологии XX века [Текст] / Г.Г. Почепцов. – М., 2000. 348 б.

6. Сыдыкбаев Ч.М. Саясий илимдин негиздери. – Б.:2011ж.

7. *Сыдыкбаев Ч.М, Ысырайылова Н.С.* Азыркы коомдогу массалык маалымат каражаттарынын орду. Известия Национальной Академии Наук КР, № 3, 2018 г.

8. *Артыкбаев, М.Т.* Политология (наука о политике и власть) [Текст] / М.Т. Артыкбаев. – Бишкек, 1993.

УДК 327

**Касымбекова Улара Жумашбаевна,**
*Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын*
*Мамлекет жана укук институтунун*
*Саясат таануу изилдөөлөрү жана экспертиза бөлүмүнүн илимий кызматкери, аспирант*
**Касымбекова Улара Жумашбаевна,**
*научный сотрудник,*
*аспирант Отдела политологических исследований и экспертиз*
*Института государства и права НАН КР*
**Kasymbekova Ulara Zhumashbaevna,**
*researcher, post-graduate student*
*of the Department of Political Science Research and Expertise*
*of the Institute of State and Law*
*of the National Academy of Sciences KR*

## ААЛАМДАШУУ ДООРУНДА ЕВРАЗИЯ ЧӨЛКӨМҮНДӨ ЖАМААТТЫК КООПСУЗДУКТУ ЧЫҢДОО ҮЧҮН КОНФЛИКТТЕРДИН КОРКУНУЧУ ЖАНА ИНСТРУМЕНТТЕРИ

**Аннотация.** Бул изилдөө Евразия өлкөлөрүнүн коопсуздугуна потенциалдуу коркунучтарды, ошондой эле аларды жеңе ала турган куралдарды изилдейт. Учурдагы геосаясий кырдаал эл аралык мамилелердин өнүгүшүнө да, токтоп калышына да жаңы тенденцияларды киргизип жатат. Маалым болгондой, эл аралык мамилелер мамлекеттердин, эл аралык уюмдардын жана интеграциялык бирикмелердин өз ара аракеттенүүсүнүн кеңири спектрин камтыйт жана анын маанилүү бөлүгүн коопсуздук жаатындагы кызматташуу маселеси түзөт. Потенциалдуу мүнөзгө ээ болгон тышкы жана ички коркунучтардын өсүшүн эске алуу менен аларды алдын алуу механизмдерин, өзгөчө региондор форматында иштеп чыгуу зарыл.

**Негизги сөздөр:** коопсуздук, аймак, кызматташтык, эл аралык мамилелер, геосаясат, инструменттер, жооп кайтаруу, өлкөлөр, ички жана тышкы саясат.

## УГРОЗЫ КОНФЛИКТОВ И ИНСТРУМЕНТЫ УКРЕПЛЕНИЯ КОЛЛЕКТИВНОЙ БЕЗОПАСНОСТИ В ЕВРАЗИЙСКОМ РЕГИОНЕ В ЭПОХУ ГЛОБАЛИЗАЦИИ

**Аннотация.** В данном исследовании рассматриваются вопросы потенциальных угроз для безопасности стран Евразии, а также инструментов, которые могли бы их преодолеть. Актуальная геополитическая ситуация вносит новые тенденции как для развития, так и для стагнации международных отношений. Как известно, международные отношения включают в себя широкий спектр вопросов сотрудничества между государствами, международными организациями и интеграционными объединениями, и важной ее составляющей является вопрос сотрудничества в области безопасности. Учитывая рост внешних и внутренних угроз, которые имеют потенциальный характер, необходимо заранее разрабатывать механизмы для их предотвращения, в особенности в формате регионов.

**Ключевые слова:** безопасность, регион, сотрудничество, международные отношения, геополитика, инструменты, реагирование, страны, внутренняя и внешняя политика.

# THREATS OF CONFLICTS AND INSTRUMENTS FOR STRENGTHENING COLLECTIVE SECURITY IN THE EURASIAN REGION IN THE AGE OF GLOBALIZATION

**Abstract.** This study examines potential threats to the security of Eurasian countries, as well as the tools that could overcome them. The current geopolitical situation introduces new trends for both the development and stagnation of international relations. As you know, international relations include a wide range of issues of cooperation between states, international organizations and integration associations, and an important part of it is the issue of cooperation in the field of security. Given the growth of external and internal threats, which have a potential nature, it is necessary to develop mechanisms to prevent them in advance, especially in the format of regions.

**Keywords:** security, region, cooperation, international relations, geopolitics, instruments, response, countries, internal and foreign policy.

Саясат эзелтен бери эле адамзат коомунун жашоо турмушунда ажырагыс бөлүгү болуп келген. Ал кайсы гана доордо болбосун алгачкы мамлекеттик түзүлүү башталгандан тартып, маанилүү рычагга айлана баштаган. Эволюциянын жана саясий аң-сезимдин аркасында дүйнө кылымдар бою жер жана байлык, бийлик үчүн кандуу согуштар менен коштолуп келип, акыры бизге цивилизациябызды берди, ал эми тарыхый көз караштан алганда бүткүл адамзаттын эң чоң жетишкендиктеринин бири болуп эсептелет. Учурда биз маданий интеграция, инновациялык технологияларды өнүктүрүү, маалымдуулук жана билим берүү дүйнөсүндө жашап жатабыз. Биздин муун ааламдын мейкиндиктерин тездик менен багындырууда, бирок конфликттердин тарыхы көрсөткөндөй, прецеденттер жана суроолор жүз жыл мурун да, он кылым мурда да бирдей болуп келгенине күбө болуп жатабыз, тек гана заманына жараша формасын айырмалоого болот. Албетте, ар кандай саясий инциденттерге карай чыр-чатактын келип чыгышына таасир этүү инструменттери өзгөрөт, масштабы өзгөрөт, бирок кесепеттери дайыма бирдей, кайра кайтарылгыс абалга жеткен ар кандай конфликт тирешүүнүн бардык катышуучулары үчүн кыйратуучу болуп саналат.

Конфликт деген эмне? Конфликт – бул эки тараптын бири-бирине дал келбеген жана экинчи тараптын кызыкчылыгына карама-каршы келген позицияны карманган кырдаал. Конфликт – бул адамдардын, топтордун, бирикмелердин көз караштары, позициялары жана кызыкчылыктары туура келбеген учурда пайда болуучу өзгөчө өз ара аракеттенүүсү. Конфликт деструктивдүү да, конструктивдүү да функцияларды аткарат.

Аскердик же саясий деп классификацияланган конфликт, биринчи кезекте мамлекетти ыдыратуучу жана бүлүндүрүүчү функцияларды аткарып, кырдаал курчуган шартта бийликти кетирүүгө аракет кылып жаткан ар бир өлкөдө оппозициянын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт, коомдо ички нааразылык маанайды жаратат. Баарынан маанилүүсү, аскердик чыр-чатактарда ар дайым кызыктар үчүнчү бир тараптар болуп, ага кызыктар болгон байкоочуларды табат. Мындай учурларда эл аралык коомчулуктун бул сыяктуу субъекттери колдоо, тилектештик сыяктуу бейтараптуулукту көрсөтөт же согушуп жаткан тараптардын биринин позициясын карманышат. Ошентип, ич ара ар кандай формадагы кагылышуулар болуп, анын тегерегине көрүүчүлөр чогулуп, байкоо этабы ишке ашкан «конфликт вакууму» түзүлөт. Мындай вакуумга тартылуулар да аз болбойт.

Ааламдашуу доорунда курал-жарак рыногун өнүктүрүү фактысын, ошондой эле өздөрүнүн аскердик потенциалын жигердүү жогорулатып, андан тышкары, аны өз куралы жок өлкөлөргө экспорттоо фактысын белгилей кетүү керек. Конфликт вербалдык сабырсыздык стадиясынан физикалык аракеттерге өтүп жаткан мезгилде курал-жарак боюнча сунуштар активдүү пайда болуп жатат деп айтууга болот. Ушул макалада каралып жаткан чыр-чатактын тобокелдиктери чыр-чатактын болжолдонгон катышуучуларын бардык тараптан текшерүү менен гана аныкталат.

Евразия чөлкөмү – Евразия континентинин чок ортосунда жайгашкан чоң географиялык аймак. Аймактын чөйрөсүнө Орусия жана бардык постсоветтик өлкөлөр кирет. Аймак континенттеги дээрлик бардык борбордук кубаттуу

мамлекеттер менен чектешип турат. Мындан тышкары Кыргызстан, Тажикстан, Казахстан, Өзбекстан жана Түркмөнстан Орто Азияны түзөт.

Мамлекеттердин ички жана тышкы саясатын жүргүзүүдө ишмердүүлүгүнө таасир этүүчү жана чыр-чатактарды жаратууга жөндөмдүү факторлор болуп тынчтыкта жанаша жашоого мүмкүндүк бербеген социалдык, экономикалык, экологиялык, диний, институттук өнүгүү көйгөйлөрү саналат. Бул сыяктуу көйгөйлөр:

1. Өлкөнүн ичиндеги туруксуздук, эл менен бийликтин кагылышуусу, экономикалык рыноктун токтоп калышы, калктын жашоосуна коркунуч жаратылып тургандыгында;

2. Мүмкүн болгон тышкы кийлигишүү (Балкан кризиси учурунда Косового НАТОнун гуманитардык кийлигишүүсү) [1], коңшу мамлекеттерге психологиялык, экономикалык, саясий таасир тийгизет да аймактык кризиске алып келет, согуш коркунучтарын, улутташтыруу тобокелдиктерин жаратат.

Тарыхка кайрыла турган болсок, СССР тарагандан бери Евразия чөлкөмүндө болуп келген конфликттерге кыскача токтолуп, өткөн жылдардын тажрыйбасына таянып, келечектеги чакырыктарды алдын ала айтууга, ошондой эле конфликттердин алдын алуу ыкмаларын сунуштоого аракет кылсак болот жана алдын ала кабыл алынууга тийиш болгон чараларды көрүү камы да болот.

Алсак, СССРдин кулашы жана кайра куруу мезгили бардык постсоветтик өлкөлөргө таасирин тийгизди, анда ар ким дароо эле өз жолун таап, келечекке дароо эле ишенимдүү кадам таштай албай келгенин белгилей кетсек болот.

Советтер Союзунун саясаты уникалдуу болгон жана тарыхы, идеологиясы, дини жана өнүгүү деңгээлине карабастан, азыркы эгемендүү мамлекеттердин ортосундагы тең салмактуулукту сактай алган. Мамлекеттер эгемендүүлүккө жана тандоо эркиндигине ээ болгондо, бул тарыхый ийгиликти көпчүлүк толук баалай алган жок.

Тарыхый жана маданий тамыры бекем болгон Армения менен Азербайжандын Тоолуу Карабак боюнча чатагы 2020-2021-жылдарында курчуп кеткен. Чыр-чатактын натыйжасы Арменияның Азербайжанга үч аймакты – чыгышта Агдамды, ошондой эле батышта Келбажар жана Лачинди өткөрүп берүүсүнө алып келген. Лачин району Бакунун карамагында акыркы болуп өткөн. Ошол эле маалда Ереван колдогон «НКРди» Армения менен байланыштырган, туурасы беш чакырымды түзгөн Лачин коридору Шуша шаарына таасирин тийгизбейт жана келишимдин шарттарына ылайык, орусиялык бейпилдик күчтөрү тарабынан кайтарылат. Орусия беш жылдан бери өзүнүн бейпилдик күчтөрүн жана аскер күчтөрүн жиберип, аймактын туруктуу өнүгүүсүнүн гаранты болуп калды.

Армяндар менен азербайжандардын ортосундагы этностор аралык кагылышуу тарыхый фактыларга тереңдеп кирип кетип жана дагы бир башаламандык кыйраткыч кесепеттерге алып келген согуштук аракеттердин башталышы болуп калды, учурда Армения дагы да болсо реабилитациялоо процессинде болуп келе жатат. Тоолуу Карабак боюнча башка өлкөлөрдүн жана эл аралык уюмдардын жаңжалды жөнгө салуудагы умтулууларын эске алуу зарыл. ЕККУнун Минск тобу түзүлүп, анын иш-аракеттерине баа берүү алардын түзүлүшү күтүлгөндөн ашкан жок жана узак жана кандуу тирешүүнүн натыйжасында үч тарап кол койгон тынчтык келишими түзүлүп, мында Орусия кепил катары катышкан. Эл аралык келишимдердин ченемдерин сактап, согушуп жаткандарды жараштыруу үчүн эбегейсиз аракеттерди жасап келет. Азырынча Кавказ чөлкөмүндө стабилдүүлүк сакталууда, бирок Арменияда жарандык наараазылык акцияларынын башталышы дале болсо кооптонууну жаратууда, анткени бул жаңжалда эч качан бүтпөгөн этникалык дооматтар бар.

Транспорттук коммуникациялар жана инфраструктураны түзүү үчүн кол коюлган келишимдердин негизги жоболорунун бири болуп саналат. Маселен, Сюник аймагы аркылуу өткөн негизги Нахичеван жолу, Баку менен Ереван ортосундагы тарыхый менчиктик маселесине келгенде талаштарды жаратат.

Кавказ таануучу Нурлан Гасымовдун [2] пикирине назар бурганда: «эмоцияларга көңүл бурбай койсок, анда Нахичевань кургактык жолу баарына пайдалуу. Армения үчүн транспорттук изоляция токтойт.

Ереван негизги соода өнөктөшү болгон Орусиянын базарларына эркин кире алат. Армян өндүрүүчүлөрү арзандайт. Бул товарлар-

ды Россияда гана эмес, ЕАЭБ рынокторунда да атаандаштыкка жөндөмдүү кылат»,-деп белгилегени ынанымдуу сыяктанат.

Бул талашка жана чечимге баары кызыктар, анын ичинде ЕАЭБ өлкөлөрү, Азербайжан менен тыгыз кызматташкан Түркия жана Иран бар. Ал жерде орус аскерлери турганда чыр-чатактын күчөшү мүмкүн деген маселе чечилди, андан тышкары, Орусиянын ФСБсынын чек ара кызматы транспорттук каттамдардагы коопсуздук үчүн жооп берет, бул дагы жаңылануута үмүт берет. Келишимдин чегинде бул проблемаларды тез арада чечүү зарылдыгы жок эмес. Бирок Тоолуу Карабактагы окуялардын урунттуу учурлары кандай болду? Албетте, согушуп жаткан тараптардын күчтөрү тең эмес. Армения туш болгон шарттардын чындыгы өлкөдөгү экономикалык жана саясий кырдаалга тыгыз байланыштуу, аскердик техниканын басымдуу бөлүгү Советтер Союзунан калган. Азербайжан аскердик күчүн жана ресурстарын көрсөтүп, Россиядан, Түркиядан, Израилден техника сатып алат. Тоолуу Карабактын бөлүнбөгөн аймагынан улам келип чыккан аскердик кагылышуулар мурдагыдай кайталанышы мүмкүн, бирок анын кесепети бардык өлкөлөр үчүн болот, анткени бул аймак геосаясий статуска ээ жана бул жаңжалдагы кызыкчылыктар НАТО жана ЖККУ сыяктуу аймактык коопсуздук уюмдарынын тирешүүсүнө алып келиши мүмкүн. Жалпыга маалым болгондой Азербайжан Түркиянын союздашы, алардын тыгыз карым-катнаштары жана дипломатиялык байланыштары бар, Түркия Тоолуу Карабак маселесинде Азербайжанга бир нече жолу эл аралык колдоо көрсөткөн жана бул Түркиянын НАТОдогу статусун жана Азербайжан аркылуу өзүн коргоону каалаган геосаясий тобокелдиктерди жаратууда ар түрдүү кырдаалды, Түндүк Атлантика союзунун кийлигишүүсүн туудурушу мүмкүн. Ал эми Армения Жамааттык коопсуздук келишим уюмуна мүчө.

Мындай шарттарда Евразия аймагы менен Түндүк Атлантикалык альянстын ортосунда кагылышуу болбойт деген кепилдик жок. Бирок азыркы учурда Армения жана Азербайжан. тынчтык договорду даярдоого макул болушту[3]. Бирок алдыда көп жол бар.

Эгер Евразия чөлкөмүнүн картасы боюнча чыгышка жакыныраак жүрсөк, анда чыр-чатактын чыга турган жерлери, албетте, калк жыш жайгашкан, өзүнүн ички жана тышкы коркунучтары бар Фергана өрөөнү да камтылат. Алсак, Тажикстандагы жарандык согуш, диний жана аймактык кагылышууларга негизделген, СССР түзүлгөнгө чейин эле өбөлгөлөрдү алган, расмий маалыматтар боюнча, 80 миңден ашуун адамдын өмүрүн алгандыгы маалым [4]. Бүтүндөй мамлекеттин чарчап-чаалыгышына алып келген 5 жылдык кандуу согуш алардын эгемендик тарыхынын этаптарында түбөлүккө кара так болуп калды. Чыр-чатактын назар саларлык байланыштарынын бири 1990-жылдардагы демарштар, бийликтеги аймактык карама-каршылыктар, жумуш менен байланышкан экономикалык жана социалдык кризис, жарандардын турак-жайы, диний маселелер менен байланышкан, бирок дал ушул иштин жүрүшү көйгөйлөрдүн топтолушу менен болгон узак жана азаптуу процесс аркылуу оппозициянын бийликти басып алуу аракеттерин баштоосуна салым кошкон.

Ооганстандын аймагындагы тез-тез болуп турган аскердик кагылышуулар дагы диний-оппозициялык мүнөздө болуп, Ооганстанда талибдердин күчөшү чыр-чатактын параметрлерин өзгөртүп, Орусия менен Иранды Дүйшөмбүдөгү оппозициялык күчтөргө жана бийликке таасир этүүсүнө аргасыз кылды. Учурда, жарандык согуш аяктагандан бери 23 жыл өтсө да, учурда Тажикстан экономикасы энергетикалык көз карандысыздыкты түзүүгө, азык-түлүк коопсуздугун камсыздоого жана транспорттук байланыштарды кеңейтүүгө багытталган иштерди жасоого умтулганы менен дагы эле чөлкөмдөгү өнүкпөгөн өлкөлөрдүн бири болуп саналат.

Саясий процесстерге келсек, Кыргызстан менен мамлекеттик чек араларды делимитациялоо жана демаркациялоонун чечилбеген участокторуна байланыштуу карама-каршы мүнөздөгү маселелер бар алар салыштырмалуу туруксуз жана, анда чек ара инциденттери мезгил-мезгили менен болуп турат.

Тажикстандын потенциалдуу коркунучтарынын бири – мамлекеттин ичинде талибдер менен байланышы бар жана тымызын террордук чабуулдарды уюштурууга жөндөмдүү диний күчтөрдүн сакталып калышы.

2021-жылдын 28-30-апрелинде Кыргыз Республикасы менен Тажикстан Республикасынын чек арасында аскердик жаңжал болгон.

Чыр-чатактын чыгышына эки мамлекеттин чек арасынын чечилбеген маселелери себеп болгон, атап айтканда, жаңжалдын курчушу Головной суу алуучу жайдын аймагына тажик чек арачылары тарабынан көзөмөл камераларын орнотуудан улам башталган, ал эми бул аймактар Кыргызстандын аймагында турат жана Кыргызстанга таандык.

2022-жылдын 14-17-сентябрда кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасында кайрадан жагымсыз жана трагедиялуу окуя болуп, Кыргыз Республикасынын Баткен облусуна жасалган чагымдардын жана кол салуулардын жүрүшүндө Кыргызстандын чек арага жакын шаарларынын жана айылдарынын инфраструктурасына олуттуу зыян келтирилген, жана жаңжал аскер кызматчыларынын, жөнөкөй жарандардын, анын ичинде аялдардын жана балдардын өмүрүн кыйды. Чек аранын бул тилкелеринде кызуу болуп жаткан кырдаал абдан кейиштүү. Талаштуу жерлер тыкыр изилдөөнү талап кылат жана эки өлкөнүн бийликтеринин пикирлери ар башка.

Андан сырткары АКШ Ооганстанга алып келген учактарын Өзбекстан менен Тажикстанга өткөрүп берүүнү каалайт [5]. Мындай мүмкүнчүлүк кооптонууну жаратат, анткени мындай ыкма Кыргызстан менен Тажикстандын чек ара аймактарына каршы да колдонулушу мүмкүн.

Өлкөлөр ортосундагы чек аранын ансыз да көйгөйлүү тилкелери Евразия чөлкөмүнүн аймактык коопсуздугунун реалдуу күн тартибине айланды. Кыргыз Республикасы менен Тажикстан Республикасынын чек ара сызыктары, алардын менчигинде такталбаган, ар дайым толук кандуу кызматташтыктын кудуретсиздигинин курч сынагы болуп келген, бирок бул жолу чек арага аскердик отряддар жана аскердик техника тартылды.

Кыргызстандын Баткен облусу Кыргызстандын стратегиялык жактан маанилүү аймагы болуп саналат жана Өзбекстан жана Тажикстан менен чектешет. Стратегиялык маанилүү статус чек аралардын номиналдык пункттары менен аныкталат, алар аркылуу соода жана күйүүчү-майлоочу майлардын басымдуу бөлүгү өтөт. Деңизге чыга албаган өлкө үчүн бул принципиалдуу мааниге ээ. Баткендин жолдору анклавдарга жана суу ресурстарына алып барат, анын үстүнө жердин бардык периметри боюнча тажиктер, өзбектер жана кыргыздар болуп аралаш жашайт. Чек аранын чексиз сызыгы маселеси эгемендик алгандан бери эле айтылып келет, бирок кырдаалга байланыштуу тараптар бир пикирге келе албай келет.

Чыр-чатактын факторлорунун бири болуп Согду аймагы эсепетелет, мында областын калкынын саны 2 миллион 217 миңден ашат. Ал эми Тажикстандын Ворух анклавы жайгашкан Кыргыз Республикасынын Баткен облусунун жанында 546 миң 400 гана адам жашайт. Калк үчүн так чеги белгиленген аймактын жоктугу жана талаш жараткан суу ресурстарын бөлүштүрүү менен бекемделген ыңгайлуу инфраструктуранын жоктугу да эки тараптуу мамилелерге ар дайым олуттуу коркунуч жаратып келген.

2021-жылдын башында чек арадагы окуялар Кыргызстандын жаңы шайланган өкмөтүн жараянды үзгүлтүксүз тынчтык сүйлөшүүлөрү менен жөнгө салууга түрттү жана тажик тарап колдоо көрсөтүп, айрым протоколдорго кол коюлуп, алар өз убагында аткарылбай калган.

Кечээги тажик аскерлеринин согуштук чабуулдары негизсиз жана күтүүсүз болду. Кыргызстан өз кезегинде курал колдонбой, өз аймагын гана коргогон. Чыр-чатактын күчөшү чыр-чатакты тынчтык жолу менен жөнгө салуу үмүтүн үздү, эл аралык бийлик кийлигишүүгө мүмкүнчүлүк алган жок, анткени бул эки суверендүү мамлекет, ошондой эле бирдей шарттарда бир нече эл аралык уюмдардын мүчөлөрү.

Бүгүнкү чек арада болгон окуялар мурдатан өз убагында кабыл алынбаган чечимдерден, бир пикирге келе албагандыктан, маселенин создугуп, карапайым элдин өлүмүнө алып келген.

Маалымат каналдары чыр-чатактын булактарынын бири болуу менен, окуяларды чагылдырууда такталбаган маалыматтар менен калкты көбүрөөк провокациялап, ал өз кезегинде өтө тез тарады. Аскер адамдары да, карапайым калк да Баткен окуясынын согуштук аракеттеринин курмандыгы болуп, Тажикстандын аскерлеринин кол салуулары жана андан аркы кагылышууларга айланып, Кыргызстанга карата достукка жатпаган аракеттердин терең изин калтырышты. Бул жаңжалда Кыргызстан Тажикстандын жетекчилигин Кыргызстанга таасирдүү өлчөмдө моралдык жана материалдык зыян келтирген аскердик агрессия үчүн

жоопкерчиликке тартуу үчүн эл аралык аренада колдоо издеп жатат. Өз кезегинде Тажикстандын өкмөтү чыр-чатакты өз көз карашы менен козгоп, чечмелеп жатат.

Кыргызстанда бийлик кырдаалды өз көзөмөлүнө алып, тажик кошуналар менен ар кандай деңгээлдеги узакка созулган тынчтык сүйлөшүүлөрүнүн натыйжасында жаңжалды жөнгө салууга жетишти жана чек араны делимитациялоо жана демаркациялоо боюнча протоколго кол коюлду. Бирок провокация болуп, кыргыз-тажик чек арасында адаттан тыш чыр-чатактар болболбойт деп эч ким кепилдик бере албайт.

Кыргызстандын ички саясий стабилдүүлүгүн бекемдөөдө жана аскердик потенциалды өнүктүрүүдө этникалык тең салмакты сактоодон башка аргасы жок.

Азыркы жаңжал бүт Евразия чөлкөмүн бөлүп-жарып кетүү коркунучун көрсөттү, чек ара Өзбекстанга жана Ооганстанга жакын жайгашкан. Кыргызстан тараптан дагы көбүрөөк эскалация жана жооп кайтаруу согуштук аракеттерди болжолдосо, жакынкы келечекте мүмкүн болгон үчүнчү аскердик операциялардын кийлигишүүсү менен гана жаңжалды жөнгө салуу мүмкүн болмок.

Мындай кырдаалда, коопсуздук институттарынын, атап айтканда ЖККУнун ролу такыр эле жөндөмсүз болду, анткени Тажикстан менен Кыргызстан бул уюмдун тең укуктуу мүчөлөрү. ЖККУдагы катардагы жарандар тарабынан чыр-чатакка кийлигишүүгө жана алдын алууга багытталган эмоциялардын күчөшү кыжырдануусу жана түшүнбөстүктү жаратты, бул Жамааттык Коопсуздук Келишим Уюмунун бар болушунун жана иштешинин зарылдыгын баары эле түшүнө бербестигин айгинелейт. ЖККУнун уставын жана тиешелүү жоболорун өзгөртүү менен реформалоо, балким, тезирээк жооп кайтарууга жана конфликт болгон жерге көз карандысыз комиссияны жөнөтүүгө мүмкүндүк берет, ал кырдаалга укуктук жана аскердик баа бере алат. кырдаалды тынчтык жолу менен жөнгө салууга карай өзгөртө турган эффективдүү кийлигишүү болот.

Суроолордун прецеденттери СССР ыдырап, мамлекеттер эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин тез-тез кайталана баштады, бирок Тажикстандын аскердик агрессиясы биринчи жолу колдонулганын белгилей кетүү керек.

Кыргызстандын али да болсо Өзбекстан менен, Тажикстандын Өзбекстан менен чечилбеген көйгөйлөрү бар. Таасир кылуунун эффективдүү инструменттерин колдонуу жана ыңгайлуу шарттарда коопсуздуктун жаңы институтун түзүү маанилүү.

Эки тараптуу мамилелерде ачык карама-каршылыктар болгондо аймактын аскердик интеграциясы толук мүмкүн эмес, демек, бул региондогу күч борборлорунун негизги кызыкчылыктарынын бири болгон экономикалык интеграцияга таасирин тийгизет. Борбордук Азия мамлекеттеринин энергетикалык потенциалы, Түркмөнстандын газ кендери, этникалык жана маданий тиешелүүлүгү, стратегиялык жайгашуусу Россиянын, Кытайдын, АКШнын, Ирандын, Түркиянын жана Сауд Арабиянын кызыкчылыктарынын кесилишинин борбору болуп саналат.

Аймакта Жакынкы жана Ортоңку Чыгыш өлкөлөрүнүн болушунун негизинде СССР кулагандан кийин исламдаштыруунун диний фактору тездик менен, кээде радикалдуу түрдө өнүгө баштаган. Буга донордук жардамды күчөтүү, мечиттерди куруу, салттуу эмес исламдын принциптерин жайылтуу Евразия чөлкөмүндө гана эмес, бүткүл дүйнөдө 21-кылымдын чакырыгына айландыгын алсак болот. Эл аралык интеграция процессинин ааламдашуусу жана жаратылыш байлыктарын сактап калууга болгон умтулуу, уламдан-улам мусулмандардын таасирине кабылып, террордук чабуул коркунучу менен коштолууда.

Бул Фергана өрөөнүндө кандайча чагылдырылганы жалпыга маалым. 1979-жылы азыркы бийлик менен оппозициянын тирешүүсүнүн принциптеринде башталган Ооганстандагы согуш СССР менен ооган оппозициясын түрткөн. Андан аркы согуштук аракеттер ойго келбеген көлөмгө ээ болду.

Бүгүнкү күндө Ооганстан талибдер тарабынан көзөмөлдөнгөн жарандыгы жок мамлекет жана баңгизаттарды өндүрүү, сактоо жана таратуу аянтчасына айланган. Ооганстандын ичиндеги исламдаштыруу салттуу эмес белгилерди, зордук-зомбулук маанайды алып келет, алар тездик менен жайылып кетиши мүмкүн.

Америкалык аскерлердин Ооганстандан чыгып кетиши коңшу мамлекеттер үчүн жаңы коркунучтарды жаратат. Талибан өз позициясын бекем орнотуп, эл аралык аренада алардын

болушун каржылаган өнөктөштөрүн тапты. Ооганстандын калкы улуту боюнча перстер, тажиктер, пуштундар, өзбектер, түркмөндөр, нуристандыктар, арабдар. Калктын маданий менталитети ортодоксалдык исламга негизделген, ал билим берүү жана агартуу аркылуу мамлекетти толук калыбына келтирүүгө аракет кылууга мүмкүндүк бербейт.

Кабулдан келип чыккан негизги коркунуч талибдердин жайгашкан жери жана алардын «аймактагы жүрүм-турум саясатынын» күтүүсүз болушу саналат. Бир жагынан Ооганстан Тажикстан, Өзбекстан, Түркмөнстан, Кытай, Индия жана Пакистан менен чектешет, ошону менен арам максаттарды көздөгөн төлөөгө жөндөмдүү уюмдар үчүн негизги башпаанек болуп, бүтүндөй региондун маңзат бизнесинин коридоруна жана ангарына айланууда.

Этностор аралык, саясий, террористтик жана диний коркунучтар эрте чечимдерди кабыл алууга мажбурлап, коопсуздук маселелерине көңүл бурат. Мындай абалда Евразия чөлкөмүнө ар кайсы тараптан географиялык жактан келип чыккан үч чукул коркунуч келип жатат, ал эми Казакстан, Россия жана Кытай окуялардын очогу бойдон калууда.

Ошентип, мамлекеттик чек араларды коргоону бекемдөөгө көмөктөшүүчү, биринчи кезекте, ар бир эгемен мамлекеттин ичинде коопсуздук институтун өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү негизги милдет болуп саналарын белгилесек туура. Мындан тышкары, ЖККУну реформалоо, анын функцияларын кеңейтүү менен бирге же глобалдашуу жана жаңы чакырыктар доорунда мындан ары боло албай турган орган катары жоюп, биздин талаптарга жооп берген альтернативдүү аскердик альянс түзүү мүмкүнчүлүгү каралышы керек экенине мезгил күбө.

Бирок, конфликттердин чөйрөсүндө, өнөктөштүктө континенталдык энергетикалык приоритетти түзүү, тышкы соода-экономикалык байланыштарды жакшыртуу, жол каттамдары аркылуу мамлекеттердин инфраструктурасын өнүктүрүү жана анын алкагында ыңгайлуу шарттарды жаратуу менен гана аймактагы саясий туруктуулук болушу мүмкүндүгү аз. Албетте, ЕАЭБ өлкөлөрүнүн мыйзамдарынын алкактары, алар боюнча жүрүп жаткан иштер жана ратификациялоо этаптарынан өтүп жаткандыгы аймактагы аймактык коопсуздукту бекемдейт.

Ошол эле учурда эгемендүүлүккө ээ болгонуна 30 жылдан толгон постсоветтик өлкөлөр дагы эле өз алдынча өнүгүү жолдорун чаап, бийлик жана ички бийлик институттарын калыптандыруу этаптарын басып өтүп жатышканын эстен чыгарбоо керек.

Бул этаптар дайыма эле ийгилик жана бакубатчылык менен коштолбой турганы талашсыз, бул көбүнчө экономикага, эл аралык репутацияга доо кетирет жана көбүнчө ички чыр-чатакка алып келет. Бирок, бара-бара каталар өз башатын таап, өнүгүүгө жана гүлдөп-өнүгүүгө алып баруучу жолдорду өркүндөтүү үчүн барган сайын көп иштер жасаары бышык. Евразия чөлкөмүнүн негизги максаттарынын бири жана келечек планы аймактык коопсуздукту камсыз кылууда биримдик идеясын камсыз кылуу жана бул биримдиктин курамына кирген ар бир мамлекет жеке дооматтарына карабастан бардык мүчөлөрдү урматташы керек.

Адатта аймакта үстөмдүк кылууга кызыкчылык ар кандай факторлор менен бекемделет. Маселен, Түрк дүйнөсүнүн Азербайжандын менен Түркия империалисттик амбициялары астында биригүүсүнөн, Орусиянын кадимки үстөмдүгүнөн жана тарыхый издерге байлоосунан, Сауд Аравиясы менен Ирандын исламдашуу процессинде диний байланыштын күчөшүнөн, Аймактык жакындыктан жана түзүлгөн мамилелерден улам Россия менен Кытайдын тең мүмкүнчүлүктөрү көбүрөөк болгон негизги өнөктөштүн орду үчүн АКШ, Кытай жана Россия сыяктуу чон империялардын кызыгы артып турат.

**Адабияттар**

1. Пономарева Е.Г., Фролов А.В. Агрессия НАТО против Югославии: международно-правовые, военно-стратегические и геополитические последствия. Вестник МГИМО-Университета. 2019;(2(65)):32-56. https://doi.org/10.24833/2071-8160-2019-2-65-32-56 (кайрылуу датасы 01.11.2022).

2. Армения и Азербайджан договорились о подготовке мирного договора. Но впереди долгий путь. (кайрылуу датасы 10.11.2022) //URL:https:// www.bbc.com/russian/news-61024793.

3. Дети 90-х и гражданская война в Таджикистане. (кайрылуу датасы 08.11.2022)//URL: https://longreads.cabar.asia/memories_of_civil_war.

4. Пограничное состояние: решит ли Москва главный вопрос Закавказья. (кайрылуу датасы 12.11.2022)//URL: https://sputnik abkhazia.ru/20211118/pogranichnoe-sostoyanie-reshit-li-moskva-glavnyy-vopros-zakavkazya-1036379391.html.

5. СМИ: США хотят передать Узбекистану и Таджикистану военную авиацию из Афганистана: (кайрылуу датасы 15.11.2022) //URL: https://eadaily.com/ru/ news/2022/09/20/smi-ssha-hotyat-peredat-uzbekistanu-i-tadzhikistanu-voennuyu-aviaciyu-iz-afganistana.

6. Значение слова конфликт(кайрылуу датасы 05.11.2022) //URL: https:// lexicography.online/explanatory/.

УДК: 008.316.77/930.2

**Өмүрбек кызы Асел,**
*КР УИАнын Мамлекет жана укук институтунун аспиранты*
**Омурбек кызы Асель,**
*аспирант института государства и права Национальной академии наук Кыргызской Республики*
**Omurbek kyzy Assel,**
*postgraduate student of the Institute State and Law National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic*

**Амирова Эльмира Джумабековна,**
*КЭАУнин терапия кафедрасынын башкы адиси, КРнын УИАнын аспиранты*
**Амирова Эльмира Джумабековна,**
*главный специалист кафедры терапия МУК, аспирант НАН КР*
**Amirova Elmira Dzhumabekovna,**
*chief specialist of the Department of Therapy MUK, postgraduate student of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic*

## КЫРГЫЗСТАНДЫН ЖАШТАРЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫНА СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТАРДЫН САЯСИЙ-МОДЕРНИЗАЦИЯЛЫК ТААСИРИ

**Аннотация.** Бүгүнкү күндө социалдык тармактар заманбап адамдын жашоосунда чоң роль ойнойт. Социалдык тармактар менен адамдар баарлашып гана тим болбостон, кеп-кеңештерин, профессионалдык жөндөмдөрүн бөлүшө алышат, кызматтарын алдыга жылдыра алышат, келишимдерди түзүшөт, илимий иш-аракеттерди жүргүзүшөт, соода-сатык иштерин алып барышат ж. б.у.с. Макалада интернет-ресурстары адамга кандай мүмкүнчүлүктөрдү бергендиги жана юридикалык жактан кандайча жөнгө салынгандыгы тууралуу айтылат.

**Негизги сөздөр:** социалдык тармактар, коом, укуктук жөнгө салуу, илимий ишмердүүлүк, жаштар.

## ПОЛИТИКО-МОДЕРНИЗАЦИОННОЕ ВЛИЯНИЕ СОЦИАЛЬНЫХ СЕТЕЙ НА ФОРМИРОВАНИЕ МОЛОДЕЖИ КЫРГЫЗСТАНА

**Аннотация.** Сегодня социальные сети играют важную роль в современной жизни. Люди могут не только общаться в социальных сетях, но и делиться своими советами, профессиональными навыками, продвигать свои услуги, заключать контракты, проводить исследования, вести торговлю и так далее. В статье рассказывается о том, какие возможности интернет-ресурсы дают человеку и как они регулируются законом.

**Ключевые слова:** социальные сети, общество, правовое регулирование, научная деятельность, молодые люди.

# POLITICAL MODERNIZATION EFFECT OF SOCIAL NETWORKS ON THE FORMATION OF THE YOUTH OF KYRGYZSTAN

**Abstract.** Today, social networks play an important role in modern life. People can not only communicate on social networks, but also share their advice, professional skills, promote their services, enter into contracts, conduct research, trade, and so on. The article tells about what opportunities Internet resources give to a person and how they are regulated by law.

**Keywords:** social networks, society, legal regulation, scientific activity, young people.

Акыркы беш жылдын ичинде коомубузда социалдык тармактарды колдонуу кенири тарады. Буга себептердин бири болуп коронавирустун жайылышы жана окуулардын, иштердин баардыгы онлайн режимге өткөнү менен байланыштырсак болот. Заманбап коомдо социалдык тармактардын ролу тынымсыз өсүүдө, анткени алардын негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири – интерактивдүүлүк жана эркиндик. Социалдык тармактардын аларды актуалдуу кылган маанилүү, пайдалуу өзгөчөлүктөрүнө токтоло кетели:

• кайтарым байланыш механизмдерин камтуу мүмкүнчүлүгү;

• саясий, укуктук жана үгүт иштерин жүргүзүү мүмкүнчүлүгү;

• түздөн-түз социалдык тармак аркылуу келген жарандардын суроо-талаптарына тез жооп берүү мүмкүнчүлүгү;

• коомдогу саясий жана социалдык процесстерге таасир этүү жөндөмдүүлүгү;

• саясий лидерлерди бөлүп көрсөтүү жөндөмдүүлүгү;

• коомдук-саясий материалдарга,интернет-ресурстардын беттеринде жайгашкан административдик документтерге ачык кирүү мүмкүнчүлүгү.

Статистикалык маалыматтарга ылайык, Кыргызстандын калкынын 70%ден ашыгы социалдык тармактар аркылуу баарлашат. Бүгүнкү күндө эң популярдуу, көп колдонулуучу социалдык тармактар болуп Инстаграм, Whats App, Tik Tok, В контакте, Одноклассники, Twitter, Facebook эсептелинет.

Социалдык тармактарды саясий маалыматты жайылтуу объектиси катары, ошондой эле интернет ресурстары аркылуу илимди жана коомдук билимдерди жайылтуу ыкмасы катары карагыбыз келет. Бул мүмкүнчүлүктөрдүн жардамы менен билим берүү процесстеринде мугалимдер жана окуучулар өз ара маалымат алмашуусун жеңилдете алышат [1].

2020-жылдын ортосунан баштап, мектептер, жогорку жана кесиптик окуу жайлардын баары онлайн режимге өткөндүгүнө байланыштуу, сабактардын баардыгы онлайн түрүндө болду. Башында көптөгөн ата- энелер жана окуучулар тарабынан, жаңы программаларды түшүнүү жана алып кетүү кыйын болду (Zoom, Google meet, MCteams). Бир чейректен сон, баардыгы үйрөнүп, онлайн сабактарга да көнүштү. Карантиндин башында, көптөгөн үй-бүлөлөргө кыйынчылыктар жаралды, тактап айтканда, ата- эне үйүндө канча окуучу же студент болсо баарын телефон жана интернет менен камсыздоосу керек эле.

Учурда социалдык тармактар акырындык менен бүтүндөй аймактарды, өлкөлөрдү жана континенттерди бириктирген ушул веб-сервистерге гана мүнөздүү болгон бардык өзгөчөлүктөрү жана спецификалык өзгөчөлүктөрү менен эң акыркы социалдык институтка айланып баратат. Социалдык тармактарды жаңы социалдык институтка байланыштырган себептердин арасында төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөк болот:

• Социалдык тармактардын жардамы менен бизнести өнүктүрүү жана соода-сатык кылуу;

• Тармактын белгилүү структурасынын жана уюштуруунун болушу;

• Бардык социалдык институттар үчүн бирдиктүү функциянын болушу – коомдун керектөөлөрүн канааттандыруу;

• Тармак ичинде болуп жаткан коомдук жараяндарды жөнгө салуу мүмкүнчүлүгү;

• Топтордун, инсандардын керектөөлөрүн канааттандырууга багытталган социалдык топтордун жана коомдук уюмдардын болушу;

• Тармактын ичинде чарбалык иштерди жүргүзүү мүмкүнчүлүгү; социалдык тармактарды коомдун коомдук-саясий турмушуна интеграциялоо жана тармактын ичинде иштеген инсандардын социалдашуусу;

• Билим алуу жана ар түрдүү тренинг, семинарларга узактан катышуу мүмкүнчүлүгү.

Белгилей кетчү нерсе, социалдык тармактар жыл өткөн сайын жаштар арасында гана эмес, калктын улгайган контингентинин арасында да таанылып баратат. Акыркы жылдарда интернет менен смартфондорго болгон жеткиликтүүлүктүн өсүшү менен интернеттеги жаңылыктардын мазмунунан кыргыз тилдүү калк көбүрөөк таасирленчү болду [3].

Социалдык тармактардын маанилүүлүгүн тастыктоо үчүн 2022-жылдын апрель айында Кыргызстандагы интернет колдонуучулардын арасында жүргүзүлгөн чакан изилдөөнүн көрсөткүчтөрүн келтире кетели. Бул эксперимент үчүн 300 респондент суралган. Респонденттердин жаш курагы 15 жаштан 60 жашка чейинки жана бул изилдөө көрсөткөндөй: «Колдонуунун интенсивдүүлүгү жана социалдык тармактардын маанилүүлүгү». Социалдык сайттарга катталууга мүнөздөмө берүү үчүн респонденттерге биринчи «Сиз кайсы социалдык сайттарда катталгансыз?» деген суроо берилген, жыйынтыгында төмөнкүдөй пайыздагы жооптор алынды:

- Whats App (98%)
- Instagram (80%)
- Тик Ток (40 %)
- Telegram (25%)
- Face Book (37%)
- Odnoklassniki (23,3%)
- Twitter (12%)
- Mail.ru (34%)
- Zoom (52%)

Андан кийин, ошол эле социалдык сайттардын тизмеси сунушталып, респонденттерге эң көп колдонгонун тандоо керек болчу. Жаштар көбүнчө Tik Tok, Инстаграм, Whats App жана Face Book сыяктуу социалдык тармактарды колдонушса, ал эми калктын улгайган контингенти көбүрөөк – Odnoklassniki тармагын колдонушат.

Социалдык сайттарды колдонуунун интенсивдүүлүгүн мүнөздөш үчүн респонденттерге андан сырткары үч суроо берилди: «Сиз социалдык тармактардын кызматтарын канчадан бери колдоносуз?», «Сиз социалдык тармактарга канчалык көп киресиз?» жана «Социалдык медиада болжол менен канча убакыт өткөрөсүз?»Респонденттердин көбү социалдык сайттардын кызматтарын 20 % – 2 жылдан ашык колдонушса, калган 80% – 3 жылдан ашык колдонушат, ошондой эле социалдык тармактарга респонденттердин 90% күн сайын кирет. Тармактарда жок дегенде 6 сааттай кармалышат. Ошентип, респонденттердин 90%дан ашыгы тигил же бул себептерден улам социалдык тармактарга күн сайын баш багышат деп айта алабыз.

Андан кийин респонденттерге «Социалдык тармактар сиздин башкалар менен баарлашууга кандай таасир этет?» деген суроо берилди. Сурамжылоого катышкандардын 90% социалдык тармактар башкалар менен баарлашууга таасири чоң деп эсептешет.

«Социалдык тармак жеке бош убактыңызды уюштурууга жардам береби?» деген суроого респонденттердин жарымы социалдык тармак жеке эс алуу убактысын уюштурууга жардам берет деп эсептешет. Андан ары, социалдык тармактарда баарлашуунун артыкчылыктарын мүнөздөш үчүн респонденттерге «Сизди социалдык тармактарда эмне көбүрөөк тартат?» деген суроо берилген. Тармактарды мультимедиялык маалымат алмашуу мүмкүнчүлүгү, бизнести өнүктүрүү жана блогерлик кызматтарын көрсөтүү максатында (90%) жана достор, жакын адамдар менен баарлашуу мүмкүнчүлүгү (98%) өзүнө тартып турат. Анткени, интернетти колдонуу менен сиз маалымат алмашууга жана досторуңуз менен алыстан жана бир эле учурда көптөр менен баарлашууга болот. Ошону менен бирге байланыштын бул ыкмасы убакытты жана акчаны үнөмдөөгө мүмкүндүк берет [6]. Жогорудагы фактылардан, респонденттердин көбү үчүн социалдык тармактар реалдуулукта адамдар менен баарлашууга эч кандай таасир этпейт жана ал тургай жеке эс алууну уюштурууга, ар кандай баалуу маалыматтарды алмашууга жардам берерин айта алабыз.

Андан ары социалдык тармактарды колдонуунун себептерин аныктоодо: «Сиздин оюңузча, социалдык тармактардын негизги функциясы байланыш деп ойлойсузбу?» деген суроо берилген. Бардык респонденттер социалдык тармактардын негизги функциясы бири-бири менен баарлашуу, бизнести өнүктүрүү, жеңил сатып алуулар жана сатуулар, жаштар үчүн акча табуунун бир булагы болуп эсептелинет.

«Сиздин социалдык тармактарды колдонуудагы негизги мотивиңиз эмнеде?» деген суроонун жардамы менен төмөнкүдөй маалыматтар алынды: Респонденттердин 1/3 бөлүгү социалдык тармактарды колдонуунун негизги мотивдери досторду, классташтарды, туугандары жана жакындарын табуу жана алар менен жакын мамилени сактап калуу деп эсептешет.

Алар кесиптештери менен байланыш, группа аркылуу жеңил маалыматтарды жана керектүү документтерди бөлүшө алуусун ыңгайлуу деп эсептешет. «Социалдык тармак көрсөткөн кызматтарды колдонууда сиз эмнеге артыкчылык бересиз?» деген суроого көпчүлүк социалдык тармак көрсөткөн интернет кызматтарын колдонууда акчаны жана убакытты үнөмдөөчү байланыш ыкмасынын болушу артыкчылыктуу экендигин белгилешти – 60 %. Социалдык тармактар чыныгы баарлашууну алмаштырарын билүү үчүн респонденттер социалдык тармактардагы досторунун (тааныштарынын) болжолдуу санын, эгерде алар бир нече социалдык тармактарда катталган болсо, анда алардын жалпы санын, ошондой эле алардын кайсынысы экенин көрсөтүшү керек болчу. Реалдуу жашоодо баарлашуу (болжолдуу саны), респонденттердин дээрлик 50% коомдук тармактарда 100гө чейин достору бар экенин белгилешти. Алардын ичинен алар чыныгы жашоодо «достор» тизмесиндеги колдонуучулардын 20%га жакыны менен баарлашышат. Чыныгы жашоодо достордун болушун мүнөздөш үчүн респонденттерге төмөнкүдөй эки суроо берилди: «Чыныгы жашооңдо дос деп атаган адамдар барбы?» жана «Ооба болсо, чыныгы жашоодо канча досуң бар?» Чыныгы жашоодо дээрлик бардык адамдардын досу деп атаган адамдары бар – 93%. Алардын дээрлик жарымы чыныгы жашоодо 1ден 5ке чейин достору бар экенин белгилешти. Байланыш жеке сапаттардын калыптанышына салым кошоорун билүү үчүн респонденттерге социалдык тармактардын жашоо образына, окууга жана жумушка тийгизген таасирин аныктоо сунушталган. Респонденттердин жоопторунун негизинде социалдык тармактарды колдонуу жаштардын жашоо образына таасир эткен – 77%, социалдык тармактар да алардын окуусуна жана ишине таасирин тийгизет.

Бош убактысында социалдык тармактарды колдонууну аныктоо үчүн респонденттерге «Бош убактында эмне менен алектенгенди жакшы көрөсүң?» деген ачык суроо берилди. Жаштардын 23,7%ы бош убактысында сейилдеп жүргөндү, достору жана туугандары менен баарлашканды жакшы көрүшөт, ал эми социалдык интернет ресурстарды колдонгонду жактыр багандар – 9%. Социалдык тармакта жаштардын 80% фамилиясын, атын, атасынын атын, окуган (иштеген) жерин көрсөтүп, сүрөттөрүн жүктөшөт.

Жаштардын адамдын социалдык тармактарга көз карандылыктын пайда болушуна болгон мамилеси төмөнкүчө: респонденттердин үчтөн экиси адамдын көз карандылыгынын пайда болушуна тенденция бар дегенге кошулат [4], бирок респонденттердин көбү социалдык тармактарга көз каранды эмес деп эсептешет. Респонденттердин социалдык тармактарды колдонууну токтото алар-албасын, алар акы төлөнсө дагы, ошондой эле бул тармактардын жабылышына респонденттердин мамилесин аныктоо үчүн жаштарга: *«Сиз социалдык тармактарды колдонууну токтото аласызбы? , Эгер эртең социалдык тармак акы төлөнүүчү болуп калса, аны колдоно бересизби? жана Сиз социалдык сайттардын жабылышына кандай мамиле кылат элеңиз?, Сиз өзүңүздү социалдык тармактарга көз карандымын деп эсептейсизби?»* деген суроолор берилди. Респонденттердин 50%ы алар каалаган убакта ар кандай интернет ресурстарын колдонуудан баш тарта алат деп эсептешет, ал эми социалдык тармак акы төлөнүп калса, аны колдонбойм деп эсептешет, респонденттер – 40, бир %. Респонденттердин 59,9%ы социалдык сайттарды жабууга бейтарап мамиледе.

Сурамжылоого катышкандардын көпчүлүгү социалдык медиага көз карандылык күчөп, чындыгында глобалдык көйгөйгө айланганына макул болгондугу билинди. «Сиз көз карандылык менен күрөшүүнүн кандай ыкмаларын сунуштай аласыз?» деген суроого респонденттердин 20%ы «...социалдык сайттарды өчүрүү жана жабуу көз карандылык менен күрөшүүнүн бир ыкмасы болуп саналат» деген жоопту беришти.

Ошентип, жалпысынан, илимий изилдөөлөр төмөндөгүнү көрсөттү:

1. Көпчүлүк адамдар күн сайын социалдык тармактарга кирип, аларга күнүнө 5 же7 сааттан ашык убакыт коротушат;

2. Көпчүлүк адамдар үчүн социалдык тармактар реалдуулукта адамдар менен баарлашууга оң таасирин тийгизет, ошондой эле жеке эс алууну уюштурууга жардам берет, анткени аларда көптөгөн мүмкүнчүлүктөр бар (алыстагы адамдар менен баарлашуу, мультимедиялык маалымат алмашуу ж.б.);

3. Социалдык тармактарды колдонуунун негизги себеби – достор, классташтар, кесиптештер жана башкалар менен баарлашуу;

4. Социалдык тармактардагы баарлашуу жаштардын жашоо образына жана алардын бош убактысына таасир этет, ошондой эле чыныгы баарлашууну алмаштырат.

5. Учурда көпчүлүк жаштар социалдык тармактарды колдонуудан баш тартууга даяр эмес. [7].

Жогоруда айтылгандардын бардыгына таянып, соцтармактар жана жалпысынан интернет-ресурстар акыркы убакта планетадагы дээрлик ар бир адамдын күнүмдүк жашоосуна тыгыз аралашып калган деген тыянак чыгарууга болот. Дүйнө калкынын жарымынан көбү тигил же бул социалдык тармактарда, юридикалык жана жеке жактар кандайдыр бир жол менен интернет-ресурстар аркылуу бири-бири менен байланышта, муну көпчүлүк адамдардын социалдык тармактарсыз жашоону элестете албагандыгы далилдейт. Демек, бул чөйрөнүн адамзат үчүн ролу чоң жана кээ бир окумуштуулар жана изилдөөчүлөр социалдык тармактарды бүтүндөй бир «мекеме» деп бекеринен айтышпайт [2].

Прогресс коомду өзүнүн өнүгүүсүнүн жогорку деңгээлине алып чыкты жана азыркы этапта интернет коомго сунуш кылган нерселердин баарынан баш тартуу максатка ылайыктуу эмес. [8]. Социалдык тармактар анча деле маани бербей турган нерсени, анча деле баркы жок, баасы жок нерсени, байкалбаган нерсени идеалдаштырууга алпарат, ал бизди жипсиз байлайт. Виртуалдык дүйнө чыныгы баалуулуктардын маанисин жок кылууга чейин жеткирет. Интернет колдонуучулар ар дайым өзүн башкалар менен салыштырып, же атаандашып отуруп, өзүнүн чыныгы жашоосун аз ойлоп калат [5].

Башка жагынан алганда, көптөгөн илимпоздор, анын ичинде педагогикалык психологдор, социалдык тармактар адамдардын жеке мамилелерин бузуп, сабатсыздыкка, тилдердин жабылышына, жеке баарлашууда кыйынчылыктарга туушар кылат. Юристтер социалдык тармактар аркылуу коомчулуктун жөнөкөй коммуникациясынан баштап, бүтүмдөрдү, алдамчылык фактыларын түзүүгө чейин кабыл алынган жана берилген маалыматтарды көзөмөлдөө жана жөнгө салуу дагы деле кыйын экенин белгилешет. Интернет-ресурстар аркылуу биздин өлкөнүн аймагында кылмыштар жана террордук актыларды жасоо мүмкүнчүлүгү ачылган учурлар жокко чыгарылбайт. Бул да уникалдуу көңүл бурбай коюуга мүмкүн болбогон көйгөй.

Ошондуктан, биздин доордо социалдык тармактардын ролунун жана интернет кызматтарынын ишмердүүлүгүн укуктук жөнгө салуунун маанилүүлүгү жөнүндө сөз кылуу абдан маанилүү. Аларсыз дүйнөлүк коомчулуктун өнүгүүсүн, илимий-техникалык прогрессти элестетүү мүмкүн эмес.

Бирок, мүмкүн болсо, коомдор интернет-ресурстарды колдонуу менен байланышкан көйгөйлөргө, мыйзамдардын бузулушуна чейин мониторинг жүргүзүү зарыл. Бул кээ бир жеке же юридикалык жактардын башкалардын мыйзамдуу укуктары болуп саналат.

**Адабияттар**


1. *Авашова К.* Социалдык тармактардын терс таасири.http://mediamanas.kg/764-socialdyk-tarmaktardyn-ters-taasiri.html (17.04.2022).

2. БИЛИМ БЕРҮҮДӨ СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТАРДЫ КОЛДОНУУ https://kutbilim.kg/ru/news/inner/bilim-ber-d-sotsialdyik-tarmaktardyi-koldonuu-ru/ (17.04.2022).

3. *Баялиева Г.* Социалдык тармактар аркылуу мобилизация жана Кыргызстандагы популизмдин өсүшү. https://fpc. org.uk/ (17.04.2022).

4. *Байалиева Г., Кутманалиев Дж.* Кыргызстандагы социалдык тармактардагы жек көрүү көзөмөлгө алынбай калууда, open Democracy, декабрь 2020, https://www.opendemocracy. net/en/odr/kyrgyzstan-social-media-hate-goes unchecked/ (17.04.2022).

5. *Щепилина Е. П.* Психология Интернета: интернет-зависимость. http:// vashpsixolog.ru/lectures-on-the-psychology/134-other-psychology/1855-internet-zavisimost (17.04.2022).

6. *Young K. S.* Internet Addiction: Symptoms, Evaluation, and Treatment.http:// septemberfox.ucoz.ru/biblio/kimberly.html (17.04.2022).

7. *Сыдыкбаев Ч.М.* Кыргыз жаштарынын саясий социалдашуусунун өзгөчөлүктөрү. Ж.Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. 2011-ж, № 2 233 б.(саясий-социологиялык талдоо).

8. *Сыдыкбаев Ч.М.* Билим берүү системасын талкалоо мамлекетке каршы диверция менен барабар. Известия вузов Кыргызстана, № 8 2017-ж, 140–143-беттер.

*ЮБИЛЯРЫ*
*ANNIVERSARY*

# МАМАКЕЕВ МАМБЕТ МАМАКЕЕВИЧ

## 95 ЖАШ



*Ири окумуштуу, коомдук ишмер, Кыргыз Республикасынын Баатыры, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги, Казак Республикасынын медициналык академиясынын академиги, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген врачы, Кыргыз Республикасынын илим жана техника жаатындагы мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо отличниги жана билим берүү отличниги, Кыргыз Республикасынын Хирургиялык Коомдорунун Ассоциациясынын президенти, Кыргыз Республикасынын Улуттук хирургиялык Борборунун башкы дарыгери, медицина илимдеринин доктору, профессор* **Мамакеев Мамбет Мамакеевич – 95-жашта.**

Мамакеев Мамбет Мамакеевичтин өмүр жолу Кыргызстандын ажайып кооз жерлеринин бири болгон, кереметтүү Ысык-Көлдүн Кереге-Таш айылында башталган, ал 1927-жылдын 1-октябрында Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл областынын Ак-Суу районуна караштуу Кереге-Таш айылында кедей-кембагалдын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Үй-бүлөдө ал 17 баланын туну эле. Согуштун каардуу жылдарында Сары-Камыш мектебинен билим алып, турмуштун ачуу-таттуусун бала кезден баштан өткөргөн, 1946-жылы Фрунзедеги медицина институтуна өтүп, орусча тилден кыйналып, кээде ачка, кээде ток болуп, бирок бардык кыйынчылыктарга карабай, жаш кезинен эле табияттан бүткөн талыкпаган эмгекчил, өжөр, кажыбас кайратынын аркасында зор ийгиликтерге жеткен кыргыздын жөнөкөй айылдык баласы көз алдыбызга тартылып турат.

Кыргыз Мамлекеттик медицина институтунун дарылоо факультетин ийгиликтүү аяктагандан кийин, ал өзүнүн эмгек жолун 1952-1955-жылдары Фрунзе шаарындагы КММИнин госпиталдык хирургия кафедрасында ординатор, 1972-жылдан кафедра башчы, хирургия клиникасында врач-ординатор болуп иштөө менен баштаган. Андан кийин клиникалык ординатураны, 1955-1958-жылдары аспирантураны аяктаган. 1958-жылы – «Бөйрөктү курсактын төмөнкү жагындагы кан тамырларга алмаштырып салуудагы топографоанатомиялык негиздемелер» темасы боюнча кандидаттык диссертациясын жактаган; 1958-1962-жылга чейин КММИнин госпиталдык хирургия кафедрасында ассистент болуп эмгектенген.

60-жылдардын ортосунда М. М. Мамакеев докторлук диссертациясын жазууга киришкен. Илимий жетекчиси М. Е. Фридман менен кеңешип, алар курч холециститти жана өт ташынын татаалдашкан оорусун диагностикалоо жана дарылоо маселелерин иштеп чыгуу керек деген бүтүмгө келишкен. Ошентип, 1970-жылы – «Курч холециститти жана өт ташынын татаалдашкан оорусун хирургиялык дарылоо» темасында доктордук диссертациясын ийгиликтүү коргогон. Андан бери М. М. Мамакеевдин андан аркы ишмердүүлүгүндөгү илимий кызыкчылыктары негизинен ушул оор жана актуалдуу патология менен байланышкан. Анын бул жааттагы изилдөөлөрү курч холецистит хирургиясынын жана өт ташынын өнүгүшүн дарылоого олуттуу салым кошкон – курч холецистит оорусу жана анын кабылдоолору боюнча өт жолдоруна жасалган операциялардан кийинки өлүмдү 3,2% га чейин азайтуу менен курч калькулез холецистит оорусунда жана анын кабылдоолорунда активдүү хирургиялык тактиканын зарыл экендигин далилдеген; бир канча ичке диаметрдеги микроирригатор (2-3 мм) колдонуп, аны эрте убакытта алып салуу ыкмасын иштеп чыгуу менен, холедохту сыртка дренаждоодо Вишневский ыкмасын модификациялаган.

1962-жылдан 1972-жылга чейин КММИнун госпиталдык хирургия кафедрасынын доценти болсо, 1972-1974-жылдары профессору болгон. 1974-жылдан 2003-жылга чейин КММИнун госпиталдык хирургия кафедрасын жетектеген.

1996-жылдын декабрынан азыркы учурга чейин – Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Улуттук хирургия борборунун директору; азыркы учурда Ардактуу директору; Ушул учурдан баштап Мамбет Мамакеевичтин жашоосунда гана эмес, жалпысынан Кыргызстанда кечиктирилгис хирургиянын өнүгүшүндө жаңы этап башталат. Маңызы боюнча, Кыргызстандын жалпы жана кечиктирилгис хирургдарынын мектеби түзүлө баштады. Бул мезгилде анын таланты эң айкын көрүнүп турат – мыкты окумуштуу жана хирург, уюштуруучу-педагог. Анын жетекчилиги астында педагогикалык процессти, хирургия боюнча субординатурада жана интернатурада врачтардын кадрларын даярдоону бир топ жакшырткан бир катар прогрессивдүү реформалар жүргүзүлүп, эки жылдык адистештирүү киргизилип, окуу пландары өзгөртүлүп, андан кийин Кыргызстандын жалпы жана кечиктирилгис хирургдарынын квалификациясын жогорулатуу проблемасы ийгиликтүү чечилет. Холециститти эндовидеохирургиялык жол менен операциялоо үчүн М.М. Мамакеевдин жетекчилиги астында атайын эндоскопиялык хирургия бөлүмү уюштурулган.

М.М. Мамакеевдин көп кырдуу иш-аракеттери, медицина илиминин өнүгүшүнө кошкон зор салымы үчүн муруңку СССР өлкөсүндө, азыркы Кыргызстанда жана чет өлкөлөрдө татыктуу бааланып, ал Октябрь революциясынын орденинин, Эмгек Кызыл Туу орденинин жана Элдердин достугу орденинин кавалери болуп эсептелинет. Өкмөттүк сыйлыктардын арасында: Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы, «В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгынын урматына» юбилейлик медалы менен сыйланган. Аны менен катар, 1973-жылы ал Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген дарыгери», ал эми 1987-жылы «Кыргыз ССРинин илимине эмгек сиңирген ишмер» деген жогорку наамга ээ болгон. 1989-жылы Мамбет Мамакеевич Кыргызстандын Улуттук илимдер академиясынын корреспондент-мүчөсү, ал эми 1993-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын анык мүчөсү, 1995-жылы Казакстандын медициналык илимдер академиясынын анык мүчөсү болуп шайланган. 1997-жылы КР УИАнын И.К. Ахунбаев атындагы сыйлыгынын лауреаты; 1998-жылы ага Кыргыз Республикасынын Илим жана жаңы технологиялар жаатындагы мамлекеттик сыйлыгы ыйгарылган.

2004-жылы көп жылдык үзүрлүү эмгеги, республиканын саламаттыкты сактоосун өнүктүрүүгө кошкон эбегейсиз зор салымы, жигердүү коомдук иши үчүн М.М. Мамакеев «Кыргыз Республикасынын Баатыры» эң жогорку артыкчылык даражасына татыктуу болду. 2008-жылы Хирургияны өнүктүрүүдөгү зор эмгеги жана чоң жеке салымы үчүн Россия Федерациясынын коомдук сыйлоо Улуттук комитетинин «Улуу Петр» ордени менен сыйланган. 2011-жылы Хирургия илимин өнүктүрүүдөгү эмгеги үчүн түрк тилдүү өлкөлөрдүн «Dədə Qorqud» эл аралык фондунун «Qizil Ürek» Алтын медалы менен сыйланган. 2011-жылдын Россия Табият таануу академиясынын президиумунун чечими менен «Илимий мектептин негиздөөчүсү» деген Ардак наам ыйгарылган.

М.М. Мамакеев 1976-жылдан азыркы учурга чейин өзү башында туруп уюштурулган Кыргыз Республикасынын Хирургиялык Коомдорунун Ассоциациясынын президенти; 1991-жылдан азыркы учурга чейин КР Улуттук аттестациялык комиссиясынын хирургия боюнча адистештирилген диссертациялык кеңешинин төрагасы; эмгеги дүйнө жүзү боюнча таанылып, 1993-жылдан бери – Н.И. Пирогов атындагы эл аралык хирургиялык коомдор Ассоциациясынын Президиумунун ардактуу мүчөсү; 1993-жылдан – Россия эндоскопист хирургдар ассоциациясынын мүчөсү; 1997-жылдан азыркы учурга чейин «Кыргызстандын хирургиясы» илимий-практикалык журналынын башкы редактору; 1999-жылдан баштап эл аралык хирургдар ассоциациясынын мүчөсү (Швейцария); 1999-жылдан дүйнөлүк хирургдар, гастроэнтерологдор жана онкологдор Ассоциациясынын мүчөсү (Греция) болуп келет.

М. М. Мамакеев кесиптик илимий-медициналык ишмердигинен тышкары коомдук иштерге да активдүү катышып келет: Фрунзе шаардык депутаттар кеңешинин депутаты; Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин төрт жолку чакырылышынын депутаты; Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин эки жолку чакырылышынын депутаты болуп шайланган.

М.М. Мамакеев 250 илимий эмгектин жана 9 монографиянын автору.

М.М. Мамакеевдин жетекчилиги астында медицина илимдеринин 20 доктору жана 30 кандидаты даярдалган, алардын ичинен 15и Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген дарыгер наамын алышты.

М.М. Мамакеев өзүнүн жетимиш жылдан ашуун эмгек жолунда 30 миңден ашык операция жасап, 100 миңдей хирургиялык оору менен жабыркаган сыркоолорду дарылаган жана консультация берген. Кыргызстанда хирургиялык ооруларды дарылоодо жогорку натыйжалуу ыкмаларды ойлоп тапкан жана ишке киргизген. М.М. Мамакеев Кыргызстанда улуттук хирургиялык мектепти түзгөн, ал тарбиялаган, өстүргөн хирургиялык мектеп – республиканын саламаттыкты сактоосунун чыныгы флагманы, анын тарбиялануучулары биздин республиканын бардык булуң-бурчтарында, Европада, АКШда, Израилде, Өзбекстанда, Казакстанда жана Россияда ийгиликтүү эмгектенишүүдө.

М.М. Мамакеев абдоминалдык хирургдардын кыргыз мектебинин жана республикадагы илимий, дарылоо-окутуучу, заманбап жабдыктар менен жабдылган башкы комплекс болун эсептелген Кыргыз Республикасынын Улуттук хирургия борборунун негиз салуучусу болуп эсептелет. Ал өзүнүн илимий-практикалык иш-аракеттеринин негизинде:

– КМШ өлкөлөрүндө өттүн таш оорусунда лапароскопиялык хирургияны колдонууну негиз салгандардын катарында турган жана биринчилерден болуп курч деструктивдүү холецистит оорусунда лапароскопиялык холецистэктомиянын мүмкүнчүлүктөрүн далилдеген, бул ыкма менен 3000 операция жасаган. Мында өлүүмдүүлүк 1,2%, кабылдоолор 5,1% болгон (1997-ж.);

– КМШ өлкөлөрүндө биринчилерден болуп, курч деструктивдик панкреатитти ачык дарылоо ыкмасында, операциядан кийинки мезгилде уйку безине активдүү түрдө ар кандай медикаменттик каражаттар жана хирургиялык тазалоо аркылуу таасир берүү жолун иштеп чыккан жана өркүндөткөн;

– ичегинин кескин бүтөлүшүндө ичегинин ылдыйкы бөлүктөрүн резекция кылгандан кийин, илеоасцендоанастомоз жасап, сырткы дисталдык ретрограддык илеоцекостомияны коюу ыкмасын иштеп чыккан;

– боордун эхинококкэктомиясынан кийин пайда болгон бош көңдөйдү инвагинация жолу менен бүтөө ыкмасын иштеп чыккан жана өркүндөткөн;

– он эки эли ичегинин жарасы перфорация болгондо, ашказанды сол жагынан узунунан кесип салып, пилоро- же дуоденопластика жасоо ыкмасын иштеп чыккан жана негиздеген;

– жайылып кеткен перитонитте перитонеалдык порциондуу-этаждуу диализди жасоо жолун иштеп чыккан жана негиздеген.

Зор таланттын жана эмгекчилдиктин аркасында Мамбет Мамакеевич бүгүнкү күндө да жогорку кесиптик берилүүнүн, түгөнгүс энергиянын жана турмуштук оптимизмдин үлгүсү болуп, үзүрлүү эмгектенип жатканы кубандырат. 2020 ж. – Гиннестин Дүйнөлүк Рекорддор китебине Жер шарындагы бардык хирургдардын ичинен эң узун профессионалдык карьеранын ээси катары кирген. Мамбет Мамакеевич 67 жыл 181 күн хирург болуп иштеген жана ушул күнгө чейин эмгектенип келет.

Анын жашоосундагы эң негизги нерсе хирургия болгон, болууда жана дагы боло берет, демек анын көп кырдуу иш-аракети «түбөлүктүү, ыймандуу жана аң-сезимдүү». Анын ою боюнча хирургия – илим болуудан тышкары эң рентабелдүү коомдук өндүрүштүн бөлүгү. Бул бүгүнкү күндө коомго зарыл болуп турат жана эртең да, бардык мезгилде да маанилүүлүгүн жоготпойт. Эң башкысы – анын өздүк эсебинде он миңдеген аман сактап калган өмүрлөр.

М. М. Мамакеев бактылуу үй-бүлөнүн ээси: байбичеси Чекирбаева Сокен 93 жашта; балдары: Мамакеев Бакыт 59 жашта медицина илимдеринин кандидаты, Мамакеев Канат 53 жашта, Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, медицина илимдеринин доктору, профессор.

***Урматтуу Мамбет Мамакеевич!*** *Сизди бараандуу кутман курагыңыз 95 жашка чыгышыңыз, ошондой эле илимий, коомдук, окутуучулук жана уюштуруучулук ишмердүүлүгүңүздүн 70 жылдыгы менен чын жүрөктөн куттуктап, Сизге ак дилибизден узун өмүр, бекем ден соолук, күч-кубат, ырыс-дөөлөт, бакубат турмуш каалайбыз!*

***Кыргыз Республикасынын***
***Улуттук илимдер академиясынын президиуму***

***Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын***
***химия-технологиялык, медициналык-биологиялык жана айыл чарба илимдери бөлүмү***

# ПИЩУГИН ФЕДОР ВАСИЛЬЕВИЧ



## 80 ЛЕТ

Доктор химических наук (химические науки), профессор (1996 г.), член-корреспондент Национальной академии наук Кыргызской Республики (2001 г), Академик Российской Академии Естествознания, заведующий лабораторией «Органической химии» Института химии и фитотехнологии Национальной Академии Наук Кыргызской Республики, известный ученый в области химии природных соединений, кинетики и химического катализа, отличник образования Кыргызской Республики, изобретатель СССР Пищугин Федор Васильевич родился 7 октября 1942 года г. Фрунзе.

За время работы в Институте им проведены комплексные исследования по изучению реакционной способности углеводов, полиолов, полисахаридов, витаминов и аминокислот в зависимости от их структуры и условий проведения реакций. На основе результатов исследований установлены закономерности кислотно-основного катализа; определены оптимальные условия синтеза многих биологически активных соединений, что позволяет с минимальными затратами реактивов и растворителей наладить в Республике производство ряда ценных лекарственных препаратов; разработаны методы синтеза некоторых красителей, аналитических реагентов и поверхностно – активных веществ. В настоящее время им разработаны принципиально новые подходы к синтезу ряда карбонильных, непредельных производных углеводов и полисахаридов.

Пищугин Ф.В. специалист по кинетике и катализу в области химии углеводов, полисахаридов, витаминов и аминокислот – нового направления в изучении теоретических основ этих важных классов органических соединений.

Работы вносят определенный вклад в решение глобальной проблемы: «строение – реакционная способность – химические превращения органических соединений». Результаты работ могут быть использованы в химии, биохимии, ферментативном катализе.

Результаты научных исследований Пищугина Ф.В. имеют большое практическое значение не только в республике, но и за ее пределами. Им разработаны методы получения глюкозы и фруктозы из свекловичного сахара, что позволяет наладить в Республике производство фруктового сахара, вместо дорогостоящего ввозимого за валюту из Финляндии; получены комплексные соединения глюкозы с галогенидами натрия и кальция, синтезирован ряд пролонгированных лекарственных и витаминных препаратов; путем химической модификации перевязочных материалов и тампонов получены и апробированы в стоматологической и клинической практике новые супергигроскопичные и кровеостанавливающие материалы, которые могут найти широкое применение в медицине и ветеринарии. Все практические разработки защищены 14 авторскими свидетельствами и патентами СССР, России и Кыргызской Республики. За изобретательскую деятельность Пищугин Ф.В. награжден медалью «Изобретатель СССР».

Пищугин Ф.В. автор 4 монографий и более 200 научных трудов. Результаты научных исследований опубликованы за рубежом: 3 – работы в США, 3 – в Китае, 15- в центральных журналах России, 3 авторских свидетельства в России, 11 в СССР, 2 патента в Кыргызской Республике.

Под руководством Пищугина Ф.В. защищены 3 кандидатские диссертации.

Кроме научно исследовательской работы Пищугин Ф.В. имеет большой педагогический стаж работы в подготовке высококвалифицированных специалистов, которые работают в высших учебных заведениях и научно-исследовательских организациях в Кыргызской Республике и за рубежом.

Пищугин Ф.В. с 1970 года по настоящее время член специализированного совета по защите кандидатских и докторских диссертаций, председатель экспертного совета при ИХ и ХТ НАН КР.

В 1999 г. за успешную педагогическую деятельность ему присвоено звание «Отличник образования Кыргызской Республики», в 2002 г. Ф.В. Пищугин награжден Почетной грамотой Президиума НАН КР. Он является Заслуженным деятелем науки и образования РАЕ, награжден орденом Петра Великого.

***Глубокоуважаемый Фёдор Васильевич!*** *Примите наши искренние поздравления в честь Вашего славного юбилея – 80-летия со дня рождения. Желаем Вам новых научных свершений и дальнейших творческих успехов во благо процветания нашей страны!*

***Президиум Национальной академии наук Кыргызской Республики***

***Отделение химико-технологических, медико-биологических и сельскохозяйственных наук Национальной академии наук Кыргызской Республики***



**ТОГУСАКОВ
ОСМОН АСАНКУЛОВИЧ**

Философия илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясынын академиги, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер Тогусаков Осмон Асанкулович – илимдин методологиясынын маселелери, диалектикалык логика, гносеология, социалдык-экологиялык көйгөйлөр жана саясат таануу багыты боюнча биздин республикада гана эмес, Борбордук Азияда дагы көрүнүктүү адис.

Осмон Асанкулович – 8 жеке жана 19 жамааттык монографиянын, философия жана саясат таануу боюнча 4 жамааттык окуу китебинин, 5 окуу-методикалык куралдардын, 400дөн ашык илимий жана илимий-популярдуу макалалардын автору. Осмон Асанкуловичтин “Көрөгөчтүк маселесин философиялык талдоо” (1984); “Илимдеги табигый жана жасалма түшүнүктөр” (1991); “Көрөгөчтүк илимдин функциясы катары” (2002); “Көрөгөчтүк - бул адамдын жөндөмдүүлүгү” (2000) аттуу негизги эмгектеринде философиялык ой жүгүртүү деңгээлинде көрөгөчтүк проблемасынын бирдиктүү концептуалдык талдоосу жүргүзүлүп, диалектикалык категориологиянын айрым аспектилери (метафилософиялык парадигмалар, түшүнүктөр жана принциптер) теориялык жактан жалпыланган.

Осмон Асанкуловичтин илимий макалалары “Scopus”, “Web of Science” жана “РИНЦ” сыяктуу импакт-фактору жогору престиждүү журналдарда жарыяланып келе жатат. Эл аралык “Табигый жана Гуманитардык Илимдер” (Новосибирск), “Интеграл” (Москва), “Власть” (Москва) журналдарынын редколлегиясынын мүчөсү.

Ошону менен катар “Футурологиянын сырлары” (2010); “Ислам экстремизми: өткөн жана азыркы мезгилде”, (2012); “Кыргыздардын космизм идеясы”, (2013); “Адамдын айлана чөйрөсү”, (2014); “Классикалык изилдөөлөр жана тексттер: социалдык философиянын көйгөйлөрү” (2019) аттуу илимий эмгектердин автору.

Айрым чыгармалары англис, немис, түрк, жапон, поляк жана кытай тилдеринде жарык көргөн. Эл аралык Симпозиумдарда (Анкара, Москва, Астана), Бүткүл Дүйнөлүк Философтор Конгрессинде (Пекин-2018), Уфа, Минск, Киев, Алматы, Ташкент жана КМШнын башка шаарларында илимий докладдарды жасаган. Осмон Асанкуловичтин жетекчилиги астында 47 кандидаттык, 14 доктордук диссертация корголгон. 2017-жылдан 2022-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын вице-президенти болуп иштеген. “Табият Кыргызстан” экологиялык кыймылынын вице-президенти, “Ч.Айтматов” клубунун теңтөрагасы, үч Эл аралык Академиялардын:*((АПСН РФ (2001-Москва), Коомдук социалдык илимдер Академиясы (Алматы) жана Ч.Айтматовдун Коомдук Академиясы))*анык мүчөсү. Республикада жана Эл аралык Биографиялык Институтта (АКШ) бир нече жолу “Жылдын адамы” болуп шайланып, жетишкендиги жана улуттук илимге сиңирген өзгөчө кызматы үчүн “Илимге эмгек сиңирген ишмер” наамы ыйгарылган (2003).

Кыргыз Республикасынын Илим жана техника жаатындагы Мамлекеттик сыйлыгы (2002) жана Улуттук илимдер академиясынын эң жогорку И.Ахунбаев сыйлыгы, Кыргыз Республикасынын “Даңк” медалы, “КМШ өлкөлөрүнүн билим берүүсүнүн отличниги”, III даражадагы “Манас” ордени ж.б. көптөгөн мамлекеттик жана эл аралык жогорку сыйлыктардын ээси. 1992-2017-жылдар аралыгында Осмон Асанкулович жетектеген КР УИАнын Философия, укук жана социалдык-саясий институту туруктуу натыйжаларга ээ болуп, Улуттук академиянын мыкты институттарынын бири болууга жетишкен.

***Кадырлуу Осмон Асанкулович!*** *Сиздин 70 жылдык торколуу тоюңуз куттуу болсун! Сизге жана Сиздин жакындарыңызга бекем ден соолук, узак өмүр тилейбиз! Алдыдагы аруу тилектериңиз орундалып, көңүлүңүз куунак, жашооңуз жайдары, жан дүйнөңүз тынч болсун! Жашоонун ырахатын көрүп, жүзүңүздөн жылмаюу кетпей кыргыз эли менен бирге бар болуңуз!*

***Кыргыз Республикасынын Улуттук***
***илимдер академиясынын Президиуму жана***
***Коомдук илимдер бөлүмү***



# ИСМАНОВ АКМАТБЕК

## 90 ЛЕТ

Заслуженному деятелю науки Кыргызстана, Почетному Академику и члену - корреспонденту НАН КР, Почетному профессору Международного Университета, доктору экономических наук, профессору Акматбеку Исманову исполнилось 90 лет Он принадлежит к поколению людей, чьи детские годы были омрачены тяготами Великой Отечественной войны, отягощены проблемами выживания в эти суровые годы. Как миллионы детей тех грозных военных лет он слишком рано приобщился и ощутил на себе груз и бремя физического труда, работая в 1941-1945 гг. разнорабочим фермы №1 совхоза "Шамшы", а позже совхоза "Кегеты", что в благодатной Чуйской долине.Стремительно опережая время и свой возраст, будучи еще "недоучем" сам, обучал школьников в Дон-Арыкской НСШ, некоторое время работал на номенклатурной должности ответственного секретаря Чуйского райисполкома- получив добро легендарного Государственного деятеля Кыргызстана Болота Мамбетова (1948-1949гг.).

В 1950-1954 гг. учился в Ташкентском Государственном Юридическом Институте, после окончания которого, начал свою служебную карьеру с самого низшего звена - следователя прокуратуры Сузакского района, а затем города Джалал-Абад (1954-1955 гг.).

В 1956 г. был избран членом Джалал-Абадского областного суда, в 1957 г. в возрасте 25 лет, впервые в истории судебной системы Кыргызстана был избран Верховным Советом Киргизской ССР на должность судьи высшей судебной инстанции Кыргызстана

— "Использование трудовых ресурсов в сельском хозяйстве Киргизии " ( востребована конгрессменами США и нашла постоянную прописку в книжном фонде библиотеки в Конгрессе, в одной из крупнейших библиотек мира по количеству , хранящихся редких и уникальных экземпляров мировой литературы);

—"Пути повышения эффективности использования трудовых ресурсов сельского хозяйства Киргизии";

—"Экономическая эффективность использования ресурсов в сельском хозяйстве " и другие.

А. Исманов уделяет значительное внимание подготовке научных кадров. Под его научным руководством подготовлены: 3 доктора и 10 кандидатов экономических наук.Им проведена экспертиза более 220 докторских и кандидатских диссертаций. Он являлся членом научно - методических советов АН СССР, секций по проблемам экономики труда и социального развития труда ВНИЭСХ СССР и по проблемам труда Госкомитета труда КР. А. Исманов активно участвовал в аттестации и оценке качества научных кадров, являясь членом 2 специализированных советов (по защите докторских и кандидатских диссертаций) по специальности " экономика" со дня их организации в республике в 1974., а с 2000 г. руководил экспертным Советом по экономическим наукам НАК КР.

В настоящее время является членом Межведомственного специализированного Совета по защите докторских и кандидатских диссертаций по экономике. А. Исманов - человек многогранного таланта. Он известен общественности республики как автор учебника по экономике для школьников и переводчик художественных произведений. В свободное время увлекается поэзией. Среди переведенных нескольких произведений роман известного Датского писателя Мартина Андерсена Нексе “Жаннета” (1973г.), им написано и опубликовано два поэтических произведения: “ Кыял чабыттары ” (201 Зг); “Баскан жол ” (2022г.). Его имя внесено в энциклопедию Кыргызской Республики и Чуйской области, в список видных научных деятелей КР: “Кыргызская наука в лицах ”( 2002г); “Кто есть кто в кыргызской науке ”( 1997г); “Экономическая мысль в лицах”( 2001 г).

Начиная с 1999 г. наряду с разработкой научных проблем в системе НАН республики активно участвует на педагогическом поприще по подготовке высококвалифицированных специалистов в Кыргызском экономическом университете, в КГНУ в качестве профессора и крупного экономиста , юриста с богатым опытом. Являясь мастером слова и обладая ораторской способностью, он умеет интересно выступать, притягивая внимание слушателей.Заслуги А. Исманов высоко оценены государством. Он удостоен высокого звания “Заслуженный деятель науки КР”, избран Почетным академиком, член- корреспондентом НАН КР, Почетным профессором международного университета. В свои 90 лет А. Исманов полон сил и энергии, продолжает активную педагогическую работу и научно- исследовательскую деятельность.

***Президиум Национальной академии наук***
***Кыргызской Республики***



# ТОГУСАКОВ ОСМОН АСАНКУЛОВИЧ

## 70 ЖАШ

Тогусаков Осмон Асанкулович, философия илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, Илим боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыгынын, И.Ахунбаев атындагы Улуттук илимдер академиясынын жогорку сыйлыгынын ээси, «Манас» орденинин жана «Даңк» медалынын кавалери, үч Эл аралык академиянын анык мүчөсү, анын ичинде Россия Федерациясынын Коомдук илимдер академиясынын академиги. Аны Эл аралык биографиялык Институт (АКШ) «Жылдын адамы» деп эки жолу тастыктаган, КМШ мамлекеттеринин билим берүүсүнүн отличниги.

Осмон Тогусаков 1953-жылдын январь айында Ысык-Атанын Кызыл-Арык айылында жарык дүйнөгө келген. Орто мектепти бүткөндөн кийин СССР Аскер-Деңиз флотунун Тынч океан флотилиясында суу астында сүзүүчү кемеде аскердик кызматын өтөгөн. Аскерден кийин Кыргыз мамлекеттик университетинин география факультетин аяктап, 1979-жылда Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Философия жана укук институтунда кенже илимий кызматкер катары иштеп баштайт. Ошондон тартып анын философия илими боюнча «ийне менен кудук казган» изденүүчүлүк изгилүү жолу башталат. Ошонун ичинде 25 жыл Философия жана укук институтун жетектеп, 2017-2022-жылдары КР УИАнын вице-президенти болгон.

О. А. Тогусаковдун 380ден ашык илимий эмгектери, анын ичинде 8 жеке жана 19 авторлош менен монография, жогорку окуу жайлар үчүн философия, саясат таануу боюнча 4 окуу китеби, 5 окуу-методикалык куралы, 2 брошюрасы жарык көргөн, алар республиканын илимий чөйрөсүнө кеңири белгилүү. Түйүндүү эмгектери «Scopus», «Web of Science» жана РИНЦ сыяктуу импакт фактору жогору болгон дүйнөлүк илимий журналдарда жарыяланган.

О.А.Тогусаковдун илимий ишмерүүлүгү биздин өлкөдө эле эмес, чет мамлекеттерде да белгилүү. Анын эмгектерине Россия, Польша, Япония, Казакстан, Өзбекстан ж.б. чет мамлекеттердин окумуштуулары жогору баа беришкен. Көптөгөн эл аралык, региондук жана республикалык илимий-теориялык конференциялардын, тегерек столдордун демилгечиси жана уюштуруучусу. Анкарада, Пекинде, Берлинде, Москвада, Алматыда, Ташкентте жана КМШнын башка шаарларында өткөн эл аралык философиялык конгресстерге жана симпозиумдарга резонанс жараткан илимий докладдар менен катышкан. Айрым макалалары чет тилдеринде (англис, немис, жапон, түрк жана кытай тилдеринде) жарык көргөн.

О.А.Тогусаков өзүнүн илимий ишмердүүлүгүн республикабыздын жогорку окуу жайларында окутуучулук иш менен ийгиликтүү айкалыштырды жана Кыргыз Республикасынын илим жана жогорку билим берүү системасы үчүн жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоого активдүү катышууда. Анын жетекчилиги менен илимдин 47 кандидаттары жана 14 докторлору даярдалды.

Россия Федерациясынын Санкт-Петербург мамлекеттик экономикалык университети, Иркутск техникалык университети, Новосибирск федералдык техникалык университети, Германиянын Гамбург техникалык университети, Казакстандын көптөгөн университеттери ж.б. эл аралык уни-

верситеттер менен тыгыз байланышта иштейт. Россия Федерациясынын РИНЦке кирген бир нече журналдарынын редколлегиясынын мүчөсү.

***Урматтуу Осмон Асанкулович!*** *Сизди 70 жылдык юбилейиңиз менен чын дилден куттуктайбыз! Сизге жаңы илимий жетишкендиктерди жана мындан аркы зор чыгармачылык ийгиликтерди каалайбыз!*

***Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академик А.А. Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана коомдук-саясий изилдөөлөр институту***

**УТВЕРЖДЕНО**
**Постановлением Президиума НАН КР**
**от 25 мая 2016 года № 25**
**(В редакции постановлений от 28 октября 2020 года № 43)**

## ПАМЯТКА ДЛЯ АВТОРОВ И ПРАВИЛА ОФОРМЛЕНИЯ МАТЕРИАЛОВ ДЛЯ ПУБЛИКАЦИИ

Редакция журнала «Известия НАН КР» убедительно просит авторов руководствоваться приводимыми ниже правилами и ознакомить с ними, прежде чем предоставят статьи в редакцию. Работы, оформленные без соблюдения этих правил, возвращаются без рассмотрения.

1. Журнал публикует сообщения об исследованиях в области технических, естественных и общественных наук, авторами которых являются академики, члены-корреспонденты, научные сотрудники, иностранные члены НАН КР и другие.

Статьи публикуются в электронных и бумажных вариантах. Электронная версия журнала будет размещаться на сайте **www.ilim.naskr.kg.**

2. Для опубликования статьи в журнале необходима рецензия, представленная док-тором наук по соответствующей специальности в печатном и электронном варианте.

3. Письмо в произвольной форме на имя главного редактора журнала «Известия НАН КР», Президента НАН КР Абдрахматова К.Е.

4. Авторы должны предоставить индекс по Универсальной десятичной классификации **(УДК).** К статье прилагаются фамилии авторов на трех языках **(русском, кыргызском, английском)**, а также электронные версии текста статей и рисунков.

5. В начале статьи нужно указать полное название учреждения, в котором выполнено исследование, фамилии, имена, отчества, научные звания и регалии всех авторов. В конце статьи продублировать указанные данные, добавив почтовый индекс, **номера телефонов (служебный, домашний, мобильный), факс и электронную почту, место работы, адрес (страна, город), каждого автора на трех языках (кыргызский, русский и английский).** Необходимо также указать лицо, с которым редакция будет вести переговоры и переписку.

6. Авторы в обязательном порядке прописывают названия темы статей, аннотации и ключевые слова на русском, кыргызском и английском языках. Носитель – Диск или флеш-карта.

7. Возвращение рукописи автору на доработку не означает, что она принята к печати. После получения доработанного текста рукопись вновь рассматривается редколлегией. Доработанный текст автор должен вернуть вместе с исходным экземпляром, а также с ответом на все замечания. Датой поступления считается день получения редакцией окончательного варианта.

8. Редакция журнала «Известия НАН КР» принимает сообщения объемом до **15 печатных листов, размер шрифта – 14-й через 2 интервала.** Рисунки должны быть выполнены четко, в формате, обеспечивающем ясность передачи всех деталей. Каждый рисунок должен сопровождаться подписью независимо от того, имеется ли в тексте его описание. Страницы должны быть пронумерованы. В тексте нельзя делать рукописные вставки и вклейки. Математические и химические формулы и символы в тексте должны быть набраны и вписаны крупно и четко. Следует избегать громоздких обозначений. Занумерованные формулы обязательно включаются в красную строку, номер формулы ставится у правого края. Желательно нумеровать лишь те формулы, на которые имеются ссылки.

9. Ссылки в тексте на цитированную литературу даются в квадратных скобках, например [1]. Список литературы приводится в конце статьи. **Для книг:** фамилия и инициалы автора, полное название книги, место издания, издательство, год издания, том или выпуск и общее количество страниц. **Для периодических изданий:** фамилия и инициалы автора, название журнала, год издания, том, номер, первая и последняя страницы статьи. Ссылки на книги, переведенные на русский язык, должны сопровождаться ссылками на оригинальные издания с указанием выходных данных.

10. Электронный вариант статей и предоставленных рецензий высылаются авторами на почту **ilimbasma@mail.ru.**

11. Не принятые к публикации работы авторам не высылаются.

12. Статьи и материалы, отклоненные редколлегией, повторно не рассматриваются.

13. Для покрытия расходов на публикацию материалов сумма оплаты за публикацию статьи составляет для авторов, не являющихся членами НАН КР – 1000 сомов; для авторов из стран СНГ – 50 долларов США; для авторов из стран дальнего зарубежья – 60 долларов США.

# АВТОРЛОР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ
# СВЕДЕНИЕ ОБ АВТОРАХ
# INFORMATION ABOUT THE AUTHORS


1. **Абдыгазиев Жигитбек Исабекович,** старший помощник прокурора Ленинского района г. Бишкек, тел.: +996-553-103-881, e-mail: zhigit@iuj.ac.jp.

2.**Ажыбаев Артур Шарапидинович,** старший научный сотрудник института Языка и литературы им. Ч.Айтматова при НАН КР, e-mail: ajybaev77@mail.ru.

3.**Амирова Эльмира Джумабековна,** главный специалист кафедры терапия МУК, аспирант НАН КР

4. **Анарбекова Назгуль Анарбековна,** студентка факультета частного права КНУ им.Ж.Баласагына.

5. **Арабаев Чолпонкул Исаевич,** д.ю.н., профессор, академик, вице-президент НАН КР.

6. **Бекбоев Аскарбек Абдыкадырович,** профессор, Институт философии, права и социально-политических исследований им. академика А. Алтмышбаева НАН КР.

7. **Ботоева Чынара Кычийевна,** д.ю.н., доцент, Институт государства и права Национальная академия наук Кыргызской Республики, e-mail: cbotoeva@mail.ru.

8. **Жеенкулова Лира,** ученый секретарь Института истории,Археологии и этнологии им. Б.Джамгерчинова Национальной академии наук Кыргызской Республики, e-mail: lira.jeenkulova@mail.ru.

9. **Джумагулов Токтоке,** главный научный сотрудник, кандидат философских наук, Институт философии, права и социально-политических исследований им. А.А. Алтмышбаева НАН.

10. **Йонджин Чанг,** доцент, Международный университет Японии.

11. **Ибраев Мирлан Эрмекович,** научный сотрудник, Институт философии, права и социально-политических исследований им. А.А. Алтмышбаева НАН.

12. **Исаев Ильязбек Эркинбаевич,** кандидат технических наук, доцент, Кыргызско-Узбекский международный университет им.Б.Сыдыкова.

13.**Касымбекова Улара Жумашбаевна,** научный сотрудник, аспирант Отдела политологических исследований и экспертиз Института Государства и права НАН КР, e-mail: ulara.zhumashbai|@gmail.com, тел: 0550667889.

14.**Карынов Чолпонбай Карыпбаевич,** к.ю.н., доцент.

15.**Козубаев Өскөн,** профессор, Институт философии и социально-политических исследований им. А. А. Алтмышбаева Национальной академии наук Кыргызской Республики, зав. отделом.

16.**Козубекова Гульназ Райымбековна,** научный сотрудник института Языка и литературы им.Ч.Айтматова при НАН КР, e-mail: gul230582@mail.ru.

17.**Кочкорбаева Жыпаргул Ибраимовна,** аспирантка, Институт философии, права и социально-политических исследований им. А Алтмышбаева НАН, e-mail: jipara_ibraim, тел: 0 509 17 05 69.

18.**Кыдырмамбет кызы Мээрим,** научный сотрудник, Институт государства и права НАН, e-mail: meerimnaskg@gmail.com.

19.**Лю Ижу**, к. э. н., старший преподаватель, Института Иностранных языков, Бэйханского университета.

20.**Мадымаров Таирбек Камбарович,** служащий ВС КР, полковник запаса,профессор кафедры тактической подготовки Военного института ВС КР, кандидат военных наук. тел. моб. (+996) 770 070737, e-mail: tairbek65@mail.ru.

21. **Мукасов Ысманалы Мукасович,** профессор, академик НАН КР.

22. **Нармаматова Топчугул,** старший преподаватель, доктор, Кыргызско-Турецкий университет Манас, Факультет “Коммуникации”, отдел Журналистики

23. **Розахунова Нонна Расуловна,** д.ю.н.,профессор.

24. **Сабиржанов Толибжон Мамасолиевич,** кандидат технических наук, доцент Ферганский Политехнический институт, Фергана, Uzbekistan тел:+998(90) 303-46-83; e-mail: talibjan1956@mail.ru.

25. **Сейдакматов Нурман Адисович**, кандидат юридических наук.

26. **Серикова Людмила Васильевна,** канд. хим. наук, стар, научн. сотр. лаборатории «Химии угля и природных полимеров», тел. (996-550) 329315, e-mail: luda-0729@mail.ru.

27.**Тогусаков Осмон Асанкулович**, академик НАН КР.

28. **Туратбеков Кайырбек Туратбекович,** младший научный сотрудник института Языка и литературы им. Ч.Айтматова при НАН КР, e-mail: turatbekov2020@list.ru.

29.**Тургунбаева Джамиля Мамазакировна,** соискатель,Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, г. Жалал-Абад.

30.**Турдумамбетов Акылбек Шайымкадырович,** доцент кафедры международных отношений и юриспруденции Международного Кувейтского университета.

31. **Оморов Роман Оморович,** доктор технических наук, профессор, член-корр. НАН КР, академик Международной и Национальной инженерной академии.

32. **Омурбек кызы Асель,** аспирант института Государство и право НАН.

33. **Орозалиева Мунара Муратбековна,** старший преподаватель КНУ им. Ж.Баласагына.

34. **Шаршебаева Тынара Аманбековна,** заведующий отделом политологических исследований и экспертиз, института государства права НАН КР.

Издательская группа:
*директор Шерик уулу Д. (руководитель),*
*Ж. Кочкорбаева, А. Абдыкалыкова, Табылды кызы Нурмира*

Подписано в печать 12.01.2023 г. Формат 60×84 $^1/_8$.
Печать офсетная.
Тираж 100 экз.

Издательский центр «Илим» НАН КР
720071, г. Бишкек, пр. Чуй, 265а